**Мелисбек Мырзакматов**

# МЕН ИЗДЕГЕН ЧЫНДЫК

***Ош коогасы тууралуу маектер, кайрылуулар, билдирүүлөр, документтер, фактылар***

«Турар»
Бишкек 2011

УДК 323/324
ББК 66.3 (2 Ки)
М 95

Мырзакматов Мелисбек.
М 95 **Мен издеген чындык.** Ош коогасы тууралуу маектер, кайрылуулар, билдирүүлөр, документтер, фактылар. – Б.: «Турар», 2011. – 384 б. + 24 б. вкл.

ISBN 978-9967-15-063-8

Китеп Кыргызстандын тарыхындагы эң калабалуу окуялардын бири – 2010-жылдын июнь айындагы Ош шаарын камтыган улуттар аралык араздашуунун таржымалын чагылдырууга арналган.

Автор түштүктөгү кандуу окуянын тутаныш себептерин терең анализдеп, жаңы документтерди, фактыларды, билдирүүлөрдү жарыялоо менен өз көз карашын билдирет.

М 0803010200-11

УДК 323/324
ББК 66.3 (2 Ки)

ISBN 978-9967-15-063-8

© Мырзакматов М., 2011.

*2010-жылы июнь айында*
*Кыргызстандын түштүгүндөгү*
*улуттар аралык кандуу коогаланда*
*бейкүнөө шейит кеткендердин*
*жаркын элесине арналат.*

*Автор*



# АЛГЫ СӨЗ ОРДУНА
## же жүрөктөгү чындыгым

## Урматтуу окурман!

2010-жылдын май-июнь айларында Кыргызстандын түштүгүндө болуп өткөн улуттар аралык жаңжал улуттук тарыхыбыздагы эң кайгылуу жана кандуу окуялардын бири болуп калды. Бул окуяда жүздөгөн мекендештерибиз бейкүнөө өлүмгө учурап, миңдеген жарандарыбыз жаракат алды жана үй-мүлкүнөн ажырады. Мамлекеттик масштабдан алып караганда, сай-сөөктү сыздаткан бул кандуу калаба жалпы өзбек жана кыргыз калкы үчүн чоң трагедияга айланды. Бирок Өзбекстан президенти Ислам Каримов айткандай: «Бул каргашага кыргыз эли да, ордолуу Ош жергесинде жашаган өзбек эли да себепкер эмес. Бул – четтен туруп, тымызын уюштурулган жана үчүнчү күчтөр тараптан башкарылган авантюралык акция». Кандуу калабанын башкы максаты – эзелтен Сулайман тоонун этегинде эриш-аркак чогуу жашаган, чайханасы менен базары бир биртууган эки элдин ыркын бузуп, Борбор Азияны экинчи Югославияга айлантуу болуп саналат.

> **“Кандуу калабанын максаты – Борбор Азияны экинчи Югославияга айлантуу эле”**

Жараткандын жазмышын кара, 1990-жылы 4-июнда Ош окуясынын оту тутанганда мен Ош университетинин студенти элем. Анда болгону 21 жаштагы боз улан кезим. Бала кезден «өз үй, өлөң төшөгүмө» айланган ордолуу Ош шаарындагы улуттар аралык тополоң менин жандүйнөмдү өзгөчө ооруткан эсимде. Баарыбыз үчүн ыйык саналган Сулайман тоонун этегинде дүрбөгөн калың элдин караанды, жер алабыз деп дегдеген кыргыз жаштарынын активдүү топтору жана кандуу кооганы токтотуу үчүн Москвадан учуп келген тандалма орус аскерлердин отряды көз алдымдан кете элек. Ошондо да кандуу кагылышта канчалаган адамдардын тагдыры сынып, канчалаган энелердин көз жашы төгүлгөн эле. Ошол кезде бизде, Ошто билим алган студент улан-кыздарда, окуянын чыгыш себебине жогорку мамлекеттик бийлик органдары кандай баа берет болду экен деген кызыгуу күчтүү болчу. Себеби бири-бирибиз менен Ош окуясы тууралуу талашып-тартышып, анын кесепетин талкуулаганда биздин пикирибиз бир жерден чыкчу: кандуу окуянын от алышына республиканын түштүгүндө жашаган өзбек жамаатынын сепаратисттик маанайдагы лидерлеринин Кыргызстанда өзбек автономиялуу республикасын куруу демилгеси чоң түрткү болду деген ишенимде элек. Эсимде, 1990-жылы 2-мартта Жалал-Абад шаарында жашаган согуштун жана эмгектин өзбек улутундагы ардагерлеринин СССР Жогорку Советинин алдындагы Улуттар Советинин төрагасы Рафик Нышановго (улуту өзбек, Өзбекстан компартиясынын мурдагы биринчи секретары)

> **“1990-жылдагы Ош коогасын да автономия курабыз деген сепаратисттер баштаган”**

жана Кыргызстан компартиясынын биринчи секретары Апсамат Масалиевге автономия куруу тууралуу кайрылуусу Оштогу студент жаштардын арасында кескин терс пикирди жараткан. Биз, жаштар, бул кайрылууну: «Кыргыз жерин бөлүп-жарууга багытталган сепаратизм» – деп баалаганбыз.

Анан СССР Жогорку Советинин алдындагы Улуттар Советинин 1990-жылдын 26-сентябрында кабылдаган «Кыргыз ССРинин Ош облусундагы окуялар жөнүндө» деген №1683-1 Токтому гезит беттерине жарыяланганда аны үтүр-чекитине чейин кунт коюп окуп чыккам. Ошол Токтомду азыр да маал-маалда карап коём. Анда минтип айтылган эле: «Ош облусундагы массалык башаламандык, зөөкүрдүк жана вандализм менен коштолгон, оор кесепеттерге алып келген кайгылуу окуялардын келип чыгышына улуттук кадр саясатындагы кетирилген чоң каталар, калк арасындагы түшүндүрүү, тарбия иштери жүргүзүлбөгөндүгү, ошондой эле экономикалык жана социалдык маселелердин узак убакыт бою чечилбей келиши, социалдык калыстык принциптеринен чегинүүлөр себеп болгон. Ош областынын жана Кыргыз ССРинин жетекчилери мурда болуп өткөн улут аралык тирешүүлөргө маани беришпей, жагдайга баа берүүдө кенебестикке, тоотпостукка жол коюшуп, улутчулдуктун күчөп бараткандын далилдеген маалыматтарга кайдыгерлик менен карашып, улут аралык жаңжалды болтурбай коюу максатында чечкиндүү чара көрүшкөн эмес». Окуянын чыгыш себебин СССР жетекчилиги дал ушундан көргөн. Бирок СССР

> “
> **СССР Жогорку Советинин токтомунда сепаратизм тууралуу кеп болгон эмес**
> ”

Жогорку Советинин токтомунда сепаратизм тууралуу бир ооз кеп да айтылбаганына мен сыяктуу Оштогу мекенчил жаштар абдан наараазы болгонбуз.

Ачыгын айтыш керек, 1990-жылкы Ош окуясына байланыштуу адилетсиз айыпталып, сот жообуна тартылгандардын көбү кыргыздар болгондугу айрыкча жаштар арасында кыжырланууну пайда кылганы жашыруун эмес. Эл арасында «Ош окуясына туура эмес баа берилди, чыныгы күнөөкөрлөр жазасыз калды жана өзбек жамаатынын бейформал лидерлеринин улуттук сепаратизмди күчөткөн чакырыктарына укуктук баа берилбеди» деген түшүнүк күчтүү эле. Чындап эле 1990-жылкы улуттар аралык араздашууга үстүртөн баа берилип калгандыктан туптуура жыйырма жылдан кийин, 2010-жылдын 10-июнунда, Ош коогасы кайрадан кайталанган деп парламенттик комиссия жыйынтык чыгарды. Мен буга толугу менен кошулам.

> “
> **1990-жылкы улуттар аралык араздашууга туура эмес баа берилген**
> ”

Тагдырдын жазмышы экен, 2010-жылы июндагы улуттар аралык араздашууда мен ордолуу Ош шаарынын мэри катары эл жүгүн мойнума аркалап турдум. Каршылашкан эки тарапка тең бирдей мамиле жасоо, кан төгүүгө үндөгөн «жармач патриотторго» улутуна карабай катаал чара көрүү жана дүүлүккөн элди тынчытуу үчүн баарына мыйзам чегинде калыс кеп айтуу зарыл эле. Калыстык болбосо эл мага ишеним артпасын илгиртпей аңдадым. Кан кечип жүргөндө да, бир-бирине ок аткан каршылашкан тараптарга арачы болуп, аларды мунасага чакырып чыркырап жүргөндө да калыстыктан тайбоого ара-

кеттендим. Кудайга шүгүр, шаар башчысы катары мен бүгүн элимдин көзүнө тик багып карай алам. Адилетти туу тутканым үчүн кыргыздар да, өзбек жамааты да бүгүн мага сый-урмат менен мамиле жасашат. Ошол үчүн 2010-жылы августта Убактылуу Өкмөт мени кызматтан алууга далалат жасаганда, ордолуу Оштун көп улуттуу эли борбордук бийликтин аракетине кескин каршы туруп, мени жапырт колдоп беришти. Бул калабада карапайым кыргыз менен өзбекти курал катары өз кызыкчылыгы үчүн колдонгусу келген авантюристтерге каршы туруп, алардын чыныгы жүзүн ачып бергеним үчүн улутчул сепаратисттердин мени каралоо аракети суу кечпей калды. «Ак ийилет, бирок сынбайт» – деп элибиз бекер айтпаптыр. Ош коогасынын агы менен карасын айрый билген акылман элиме мен терең ыраазымын! Элим үчүн, журтум үчүн каруумду казык, башымды токмок кылып ак кызмат кылууга даярмын!

**“20 жылдан кийин Ош окуясы кайрадан кайталанып отурат”**

Ооба, түштүк коогасынын чыгыш себептерин Улуттук, Парламенттик жана Эл аралык комиссиялар иликтеп чыгышты. Алар кандуу окуянын өнүгүү тарыхын, башкы себептерин жана негизги күнөөкөрлөрдү аташты. Улуттук жана парламенттик комиссиялар кандуу калабага өзбек жамаатынын лидерлеринин сепаратизмди күчөткөн иш-аракеттери негизги себеп болгон деген тыянакка келишти. Мен да 2010-жылы апрель-май айларында Кадыржан Батыров менен Иномжан Абдурасулов өз улутташтарын жыйып, чоң-чоң митингдерди уюштуруп: «Биз бул күндү жыйырма жыл күткөнбүз» – деп кыйкырып чык-

канда түштүктө сепаратизмдин коркунучтуу желеси кайрадан жайылып баратканына коңгуроо кагып Убактылуу Өкмөт башчысы Роза Отунбаевага билдиргем. Тилекке каршы, ал катыма эч кандай жооп болгон жок. Тескерисинче, жогорку бийлик тараптагылар шайлоодо өзбектердин добушун алуу үчүн өзбек жамаатынын лидерлери К.Батыров, И.Абдурасулов, Ж.Салахутдинов, К.Абдуллаева ж.б. менен саясый соодалашуу жүргүзүп, аларга көмүскө колдоо көрсөтүп туруп алышты. Убактылуу бийликтин кемчилигин айткандарга «бакиевчил» деген жарлык тагып, алар мамлекеттин коопсуздугуна чоң коркунуч келтирип жаткандай адилетсиз мамиле жасашты. Ошол үчүн кечээги «ыңкылапчы» жетекчилердин аброю жалпы түштүк жергесинде абдан төмөн түшүп кетти. Ордолуу Оштун көп улуттуу калкы Убактылуу Өкмөттүн сепаратизмге жол берген калпыс улуттук саясатын катуу сынга алды.

> “
> **Убактылуу өкмөт К.Батыров, И.Абдурасулов, Ж.Салахутдинов, К.Абдуллаева менен саясий соода жүргүзгөн**
> ”

Ал эми Киммо Килльюнен жетектеген Эл аралык комиссия «окуяга кыргыздардын этноулутчулдугу себеп болгон» деген тыянак чыгарды. Мен кандуу окуянын чордонунда жүргөн тикелей күбө катары мындай бүтүмгө караманча каршымын. Кыргыз улутчулдугу өзбек жамаатынын лидерлеринин сепаратисттик чакырыктарына, алардын Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүнө шек келтирген коркунучтуу аракетине каршы жаралган реакция болду. Менин жеке баамдоомдо, 1990-жылкы жана 2010-жылдагы улуттар аралык араздашуунун башкы себеби борбордук бийликтин улут саясатын жетки-

ликтүү жүргүзө албаганында, улуттук идеология-нын өксүктүгүндө жана эң башкысы өзбек жамаатынын лидерлеринин сепаратисттик иш-аракеттерине каршы татыктуу жооп болбогонунда жатууда. Эки учурда тең өзбек жамаатынын лидерлери Кыргыз мамлекети оор кырдаалды баштан кечирип, саясый элитанын ыркы ыдырап турган кезде өзбек тилине мамлекеттик статус берүү жана өзбек улутундагы кадрларды жогорку бийлик тепкичине тартуу маселесин көтөрүп чыгышты. Анын артында автономия алуунун кулагы оркоюп көрүнүп турганы кашкайган чындык. Ошол үчүн Кадыржан Батыров: «Биз бул күндү жыйырма жыл күткөнбүз» дегенде ири алды 1990-жылы 2-мартта Кыргызстандагы өзбек жамаатынын СССР жетекчилигине автономия сураган кайрылуусу эске түшөт. 1990-жылы да, андан жыйырма жыл өткөн соң да улутчул сепаратисттер мамлекетибиздин башына кыйынчылык түшүп турганда абдан активдешип, өлкөдөгү улуттар аралык мамилеге доо кетиришти жана кандуу калабага от бүркүштү. Бул менин атуулдук көз карашым жана жүрөктүн тереңинде уялаган чындыгым. Мына ушул оттун учкунун тутанткан Кадыржан Батыров, Иномжан Абдурасулов сыяктуу сепаратисттер 2010-жылдын апрелинде Убактылуу Өкмөттүн таянычы болгону өкүнүчтү гана жаратат.

**“ Сепаратист Кадыржан Батыров: «Биз бул күндү жыйырма жыл күткөнбүз» ”**

Мен ар дайым айтып, жүрөгүмдө бапестеп келген бир чындык бар: Ош шаары Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түркүгү! Бул түркүк Кыргыз Республикасынын түндүгүн көтөрүп, керегесин кынап турары кандуу калабада ачык көрүндү.

Ош шаарынын мэри катары кайра-кайра кайталагым келет: кандуу жаңжалдын чыгышына ордолуу Ошту өз үй, өлөң төшөгүндөй көргөн кыргыз менен өзбек элинин эч бир тиешеси жок. Акылман калкыбыз колу канга боёлгон сепаратисттерге өзүнүн татыктуу баасын берди. Алардын күнөөсү тарых алдында кечирилгис. Келечекте түштүк коогасына адилет баа берилип, күнөөлүүлөр өз жазасын алат деп ишенем. Алардын жасаган кылмышын ордолуу Оштун эли эч качан кечирбейт! Бийлик башында тургандар кандуу окуядан туура жыйынтык чыгарып, этностук саясатты акыйкат жүргүзгөндө гана жергебизде тынчтыктын пайдубалы бекем орнойт. 1990-жылы Кыргыз мамлекетинин жетекчилери улутчул сепаратизмди жаап-жашырганы үчүн кандуу калаба жыйырма жылдан кийин кайра кайталанып отурат. Биз улуттар аралык араздашууну экинчи болтурбайлы десек, анда «оорунун диагнозун» туура аныктаганыбыз оң. Ал диагноз – Кыргыз мамлекетинин аймактык бүтүндүгүнө, улуттук коопсуздугуна жана улуттар аралык ынтымагына шек келтирген сепаратизм!

“

**Алардын жасаган кылмышын ордолуу Оштун эли эч качан кечирбейт!**

”

Сепаратизмдин ачуу чакырыктары дагы деле токтобой жатканы, эми ал Батыштагы өзбек бозгундарынын оозу менен айтыла баштаганы Ош шаарынын мэри катары мени терең кооптондурат. 2010-жылкы июндагы улуттар аралык кандуу кагылыштын авторлору, авантюрист сепаратисттер К.Батыров жана И.Абдурасулов баштаган топ кылган күнөөлөрү үчүн саясый жана укуктук жоопкерчиликтен качып, өлкөнү таш-

тап чыгып кеткени менен алар Кыргызстанды бөлүп-жаруу идеясынан дагы деле баш тартыша элек. Кыргызстандагы өзбектерге автономия берүү талабы эми бозгундагы Өзбекстандык оппозициячыл саясатчылардын оозунан чыга баштаганы кызык. Айталы, Өзбекстандын президенти Ислам Каримовдун бийлигине оппозиция болгон жана Батышта бозгунда жүргөн «Бирлик» партиясы 2010-жылы 24-июнда Оштогу өзбектерге автономия берүү зарылдыгын көтөрүп чыкты. Ой тобо, Ошто биз кандуу калабанын жарасын айыктыралы деп жүгүрүп жүрсөк, бул партия сепаратизм желегин тескерисинче желбирете баштаганы кызык! Же ага акыркы жыйырма жылда сепаратисттердин айынан ордолуу Ош жеринде эки ирет болуп өткөн улуттар аралык жаңжал аз көрүнүп жатабы? Балким, бул уюм Кадыржан Батыровдун «Ватан» партиясындай бейкүнөө элдин колтугуна суу бүркүп, дагы бир жыландын башын кылтыйтып жаткан жокпу? Өзбек жамаатына автономия сурап, эгемендүү Кыргызстандын ички ишине кийлигишкенге ага ким укук берди? Кандуу калабада кабыргасы кайышкан Оштогу менин өзбек туугандарым менен кыргыз улутташтарым учурда бейпил турмушка бел байлап, ынтымак-ырашкерликтин чыныгы баасын билип калышты. Оштун бир өңүрүн айрып, автономия курабыз деген сепаратисттердин айынан элибиз кан жутуп, жер муштап калганын алар жакшы билет. Ошол үчүн шаардын өзбек жамааты Батышта жарык көрүп, кыргыздарды каралаган «Чөөлөрдүн сааты» китебин 2011-жылы майда жалпы журт алдында

> **“Өзбекстандык «Бирлик» партиясы 2010-жылы 24-июнда Оштогу өзбектерге автономия берүү зарылдыгын көтөрүп чыкты”**

наалат айтып өрттөштү. Ага удаа өзбек туугандар улутчул сепаратисттерге каргыш айткан атайын кайрылуу кабыл алышты. Учурда шаар башчысы катары мен үчүн жаатташкан эки тарапты жараштырып, карттанган жараны айыктыруудан өткөн улуу вазыйпа жок. Андыктан автономияны эңсеген сырттагы сепаратисттерге айткым келет: Оштун бүтүндүгүн кайрадан бузууга аракет кылсаңар силерди карт тарых жазалайт, ыйык Сулайман тоонун кусуру урат жана улуу жаңгер Захриддин Мухаммед Бабур могол бабанын каргышы тиет! Узак тарыхый жолду басып өткөн акылман өзбек калкы сепаратисттерди экинчи ээрчибейт!

> "Сепаратизмди жеңүү үчүн «Улуттук биримдиктин концепциясы» бизге абадай зарыл"

Сепаратизмди жеңүү үчүн «Улуттук биримдиктин концепциясы» бизге абадай зарыл болуп турат. Улуттук биримдикти чындоо кыргыз элинин улуттук аң-сезимине байланыштуу экенин унутпайлы! Улуттук аң-сезим ашкере улутчулдукту эмес, этностор аралык толеранттуулукту жана биримдикти чыңдоого багытталганда гана Кыргызстанда стабилдүүлүк болот. Ошол эле учурда биздин өлкөдө жашаган башка улуттар, анын ичинде өзбек туугандар да, Кыргыз Республикасынын кызыкчылыгын биринчи планга коюп, ажайып Ала-Тоону: «Өз үйүм, өлөң төшөгүм» – деп түшүнгөндө жана түпкү улуттун, кыргыздардын тегерегине баш кошкондо гана улуттар аралык ынтымак орнойт!

**Кадырлуу окурман!**

Сиздерге сунушталып жаткан колуңуздардагы бул китепке Ош шаардык мэриясы тарабынан кандуу калабаны алдын алуу боюнча көргөн иш-чаралары, коогалаң мезгилинде калкка көрсөткөн социалдык-экономикалык көмөктөр, тополоңдо шаардын бүлүнгөн чарбасын кайра калыбына келтирүүдөгү иш-аракеттер жана Ош шаардык мэриясынын Убактылуу Өкмөт менен болгон алака-катышы конкреттүү документтердин негизинде ачып көрсөтүлгөн. Бул китеп аркылуу мен Оштогу улуттар аралык араздашуунун күңгөйү менен тескейин, анын негизги акторлорун (катышуучуларын) жана кан төгүүгө алып келген татаал саясый оюндардын табышмагын жандырууга аракет жасадым. Бул мен издеген чындык болду!

> “
> **Алымбек датка: «Элге адилет амирлик кылам десең, ар дайым чындык изде, журтка калыс бол!»**
> ”

Атактуу түрк акыны Назым Хикмет: «Эгерде мен күйүп жанбасам, эгерде сен күйүп жанбасаң, анда ким түнгө жарык чачат?» – деп жазгандай, аталган жыйнак Оштогу улуттар аралык чыр-чатак тууралуу жазылган алгачкы китептерден болду. Анда мен жүрөк түпкүрүндө уялаган чындыкты айтууга аракет жасадым. Кечээ, 19-кылымда Кокон хандарын кол каптай алмаштырып, улут деп ураан чакырган Алымбек датка атабыз: «Элге адилет амирлик кылам десең, чындык изде!» – деп бекеринен айтпаган чыгар. Чындыкты элге жеткирүү кээде кайраткерлик менен эр жүрөктүүлүктү талап кыларын өз башыман өткөн Ош окуясындаң ынандым.

Менин терең ишенимимде, 2010-жылы май-июнь айларында Кыргызстандын түштүгүндө

болуп өткөн улуттар аралык кандуу калаба тууралуу дагы далай чындык кептер айтылат, илимий изилдөөлөр жүргүзүлөт, документалдуу китептер жазылат жана тасмалар тартылат. Азыр ээлеген мамлекеттик кызматына байланыштуу, же жеке коопсуздугунан улам жүрөгүндө уялаган чындыгын айта албаган инсандар келечекте Ош коогасы тууралуу ой-пикирин ачык айтып чыгышат деп үмүттөнөм. Каргашалуу окуяга от койгондордун жана аларга көмүскө дем бергендердин аты-жөнү ачык аталышы зарыл, сепаратизм тууралуу өзөктү куйкалаган карандай чындык айтылышы керек. Кээ бир саясый топтордун жана бийликтеги жетекчилердин Ош коогасы тууралуу акыйкатты будамайлап, жаап-жашыргысы келип жатканы айдан ачык көрүнүп калды. Бирок биз белгилүү авар акыны Расул Гамзатовдун акылман кебин эстен чыгарбайлы: «Өткөн тарыхты тапанча менен атсаң, келечек сени замбирек менен атат!»

> “
> **Кээ бир саясый топтор жана бийликтеги жетекчилер Ош коогасы тууралуу акыйкатты будамайлап, жаап-жашыргысы келип жатат**
> ”

Байыркы Айкөл Манас баянына байланыштуу: «Сөз атасы өлбөсүн!» – деп айтылгандай, ылайым адилеттиктин атасы өлбөсүн! Ар бирибиз жүрөгүбүздөгү чындыкты издөөдөн талбайлы! Ошол үчүн бул китеп: «Мен издеген чындык» – деп аталды.

Жараткан бизди чындыктан айырбасын!

*Мелисбек* ***МЫРЗАКМАТОВ,***
*Ош шаарынын мэри*

# КАНДУУ КАЛАБА ТУУРАЛУУ КАРАНДАЙ ЧЫНДЫК

**(Ош шаарынын мэри Мелисбек Мырзакматов менен маек)**

# БОРБОР АЗИЯНЫ СЕЛТ ЭТТИРГЕН КАРАН ТҮН

**– Мелисбек мырза, кыргыз-өзбек улуттар аралык кандуу калабанын башталганы тууралуу кабарды биринчи кимден уктуңуз жана укканда кандай акыбалда болдуңуз?**

– 10-июнда түнкү саат 23:30да кыргыз-өзбек улуттар аралык араздашуунун учкуну тутанганы жана зордук-зомбулук жүрүп жатканы тууралуу биринчи маалыматты Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын башчысынан уктум. Полковник Болот Нышанов телефон чалып, «Алай» мейманканасынын жанында кишилер оголе көп топтолуп, ээ-жаа бербей аткандыгын айтты. «Өтө агрессивдүү маанайдагы караламан топ чогулду, жарактуу!» – деп эскертти Болот Нышанов. Каңырыгым түтөгөнүн айтпа: «Бузукулар акыры ушуну кылышмак, башташты!» – дедим да, шашылыш мэрияга жөнөдүм. Жолдо баратып орун басарларымды (бирөө Бишкекте жүргөн), биринчи кезекте улуту өзбек орун басарым Ш.Сабировду мэрияга чакырттым.

Чынын айтсам, мен уруштун башталышына психологиялык жактан даяр элем. Токсонунчу жылдар али эстен чыга элек, анын үстүнө чагымчылардын 7-апрелден 10-июнга чейинки аралыктагы тынымсыз бузуку аракеттери мени «бышырып» салган. Жол бербейин дедим эле, болуп кетти, эми биягы мамлекеттин бүтүндүгүн кандай гана болбосун коргоо жана сактоо вазыйпасын аркалоонун, карапайым кишилердин амандыгын камсыздоонун жоопкерчилигин туйдум.

Биринчи реакциямбы? Канча бөгөт койсом болбой, карасанатай күчтөрдүн үстөмдүк кылып кеткенине күйбөгөн жерим күл болду. Эгерде Убактылуу Өкмөт 8-апрелден тарта мени душмансыгандан көрө, Кыргызстандын бүтүндүгүнө коркунуч туудурган күчтөрдү айра тааныганда, Жалал-Абад менен Оштогу жаңжал болмок эмес. Тетирисинче, кыргызын да, өзбегин да мага каршы тукуруп: «Мырзакматов Бакиевдин кишиси, ал – наркобарон, аны жакында каматабыз, жоготобуз!» – деп опурулуп жатышып, соңунда теңирден тескери натыйжага жетишти.

Жардамга колун сунгандын ордуна, Убактылуу Өкмөттүн буга чейинки эскертүүлөрүмдү таңазар албай, коркунуч жакындап келаткандыгы тууралуу байма-бай маалыматтарды төгүнгө чыгарганы, тетирисинче, бузукуларды колдоп жаткандай түр көрсөткөнү: «Аттиң!» – деп эрдимди кесе тиштөөгө мажбурлады. Канткенде Кыргызстанды сактап калабыз? Канткенде улутту сактап калабыз? Канткенде ата-бабадан калган ордолуу Ошту сактап калабыз? Ушундай уйгу-туйгу ойлор басты. Ата-бабалардын сурагы келди эсиме. «Кылымдардан бери көздүн карегиндей сактаган ыйык шаарды сактай албадыңар» деген сурагы болоору келди. Жашырганда эмне, бийликтеги мурдунан алысты көрө албаган жана утурумдук кызыкчылыкты көздөгөн «убактылуу» жетекчилердин айынан ушул күн башыбызга түшкөнүнө кыжырым кайнады.

10-июндан 11-июнга караган түнү «Алай» мейманканасындагы тополоңго удаа Абдыкадыров, Навои, Мамыров көчөлөрүндөгү махаллалардын тургундары жана «Туран», «Амир-Темур», «Шейит-Дөбө» кичирайондорундагы жашоочулар ынтымактуу түрдө теректерди жыгып, баррикадаларды уюштурууга киришкени маалым болду. Түнкү саат он экилер чамасында шаардын Шейит-Дөбө кичирайонунда жаштар бийликке наразылык билдирүү максатында чогулгандыгы мага мурдараак жеткен. Бирок көп өтпөй, бар болгону жарым саат

убакыттын ичинде куралдуу (!) кагылышуу башталып отурат. Катары төрт жарым миң - беш миңден ашуун куралдуу жаштар топтолуп, ооздорунан ак көбүк атканча «Аллоху акбарлап!» кыйкырып, «кыргыздар Ошту таштап кетишсин!», «шаарды азыр бошотуп коюшсун!», «өзбектер калгыла!» деген талаптарды койгондугу белгилүү да болду. Ал жерге дароо өзүмдүн орун басарым Ш.Сабировду жана шаардык кеңештин өзбек улутундагы депутаттарын жөнөттүм эле, алар мага кырдаал көзөмөлдөн чыгып баратканын телефон аркылуу билдиришти. Эки-үч унаа өрттөлүп, теги кыргыз машина ээлери токмок жешкен экен.

**– Ушул жагдайды ачыктай кетсек. Чатакты өзбектер баштаганбы?**

– Карапайым өзбектер баштаган жок, сепаратисттер жана алардын тилине азгырылган элементтер баштады. Тынч жаткан эки элдин ынтымагын бузууну көздөгөн бузукулардын улуту өзбек экени анык.

Так ошол мүнөттөрдө Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн башчысын кууп жибергени тууралуу кабарды уктум. Мынакей Болот Нышановдун ошол мүнөттөрдү эскерген сөзү: *«10-июнь күнү саат 22:45те мага күзөт бөлүмүнөн телефон чалышып, «Алай» мейманканасынын алдына келишимди сураишты. Ал жерде өзбек улутундагы миңден ашуун жаран чогулуп, тополоң чыгарып жатышат деген маалымат келди. Анан мен орун басарларымды алып, ошол жерге чыктым. Барсам бир-бир жарым миңдей өзбек жаштары топтолуп алыптыр. Аябай агрессивдүү болуп алышкан. Мен сүйлөшкөнү бардым. Бирок кыргыз экенимди билип калып, өзбек жигиттер кол салышты. Бирөө бычагын көтөрүп жүгүрдү. Анан менин орун басарларым (өзбек) сиз алыс эле туруңуз, биз өзүбүз сүйлөшөбүз деди. Ошондо эки-үч саат сүйлөшүү жүргүздүк. Бирок өзбек жигиттер кепке келбей, агрессивдүү боло беришти. Кыйкырып-өкүрүп, чабуул жасап жатышты. Колдорунда арматура,*

*союлдар, бычактар бар эле. Биз барганга чейин эле «Алай» мейманканасынын тегерегиндеги имараттарды өрттөп жиберишкен. Биз студенттердин баарын чыгарып кеттик. Ошол күнү болгон окуяга кыргыз жигиттердин эч кандай тиешеси жок. Кечинде болгон окуяны угуп алып, анан чыгышты алар. «Алай» мейманканасынын айланасында эмне күйгөн болсо, баарын өзбек жигиттер өрттөгөн».*

«Кыргыздарга кол салууну биринчи өзбектер баштагандыгын» шаардык ички иштер башкармалыгынын начальнигинин орун басары, улуту өзбек Ш.Зулумов кийин улуттук комиссиянын мүчөсү Ж. Жолдошевага айтып берди.

Вице-мэр Ш.Сабиров, шаардык кеңештин өзбек улутундагы депутаттары да окуя болгон жерге жетип барышкан. Алардын айтуусунда беш миңге жуук өзбек чогулган. Элди тынч тарап кетүүгө чакырыктарынан майнап чыккан эмес. Тынчтанмак тургай, кайра милицияга кол салып: «Кыргыздар кеткиле!» – деп бакырган бойдон «Алай» мейманканасынын жанындагы жатаканалардын, көп кабаттуу үйлөрдүн, дүкөндөрдүн терезелерин таш барaңга алышкан.

Ага удаа Оштун өзбектери Навои, Мамыров, Абдыкадыров көчөлөрүнө, «Туран», «Амир Темур», «Шейит-Дөбө» кичирайондоруна шашылыш топтолуп, кыргыз аттууну ур-токмокко алган. Жака-белдеги имараттарга өрт коюшкан.

Болжолу саат 23:30да «Шейит-Дөбө», «Амир Темур», «Черемушки» райондорунда түнкү асманга ракета атылган.

**– Чатактын башталаарына психологиялык жактан даяр болчумун дедиңиз. Дароо кандай иш- чараларга кириштиңиз?**

– Мен дароо тийиштүү чаралардан баштадым. Элди тынчтыкка, коопсуздукту сактоого үндөп, 11-июнга оогон түнү жергиликтүү «Мезон ТВ» каналы аркылуу элге кайрылдым. Ал ортодо, алеки заматта филармонияга өрт коюлуп, кезек ОшМУнун филология факультетинин жатаканасына келгенин жетки-

ришти. Саат 23:30 – 24:00 чамасы, жыйындар залына чукул жыйналыш чакырдым. Кандай гана болбосун өзбек улутундагы жаалданган жаштардын жүрүшүн токтотуу, шаарда канавайранга жол бербөө башкы максат эле. Ири алды жатаканадагы 900 студенттин тагдыры ойлондурду, студент кыздарга массалык түрдө кол тийсе, эмне кесепетке кептелээрин элестетип, үрөйүм учту. Тез арада университеттин жетекчилигин чакырдым да, профессорлор М.Орозбековго, Т.Жоробековго жана Улуттук Коопсуздук кызматынын Ош облусу боюнча башчысынын орун басары К. Бокоевге сакчыларымдан кошуп, студент кыздардын өмүрүн сактап калууну, зордуктоого жол бербөөнү буюрдум. Бактыга жараша куткаруучу топ убагында жетип, жатаканадагы кыздардын бир тал чачын түшүртпөстөн, кайтаруунун астында түз эле мэриянын жыйындар залына алып келишти. Акыбалдары өтө оор эле. Айрымдары эстен танып жыгылып, биринчи медициналык жардам көрсөтүлдү. «Айланайын карындаштарым! Айланайын кыздарым! Биз силерди кордоого, мамлекетибизди улутчул-сепаратисттерге тепселетүүгө жол бербейбиз, Ош шаарын сактап калабыз» – деп кайрылганым чын. Ошол мезгилде залда куралдуу күчтөрдүн түштүк аймагы боюнча башчысы, полковник Искендер Икрамов баш болгон аскер адамдары турушкан эле. Кыздарды эки автобуска салып, бир БТРдин коштоосунда аскер бөлүгүнүн аймагына эвакуациялашты.

Аңгычакты ОшМУнун «Привокзальный» жактагы жатаканасына чабуул коюлгандыгы тууралуу дагы бир суук кабар келди. Маалыматыбызда ал жерде 600дөй элеттик кыз жашачу. Чукулунан ал жатаканадагы кыздарды эвакуациялоону колго алдык. Унаанын жоктугуна байланыштуу аларды түштүк-чыгыш шаарчасына жөө-жалаңдатып алып чыгарууга мажбур болдук. Андан соң, болжолу бир саат убакыттын ичинде, куралдуу сепаратисттердин шаардык администрацияны басып алууга бет алганы, аларга кошумча күчтөр көмөккө келээри тууралуу маа-

лымат алынды. Чындыгында алардын негизги максаты – шаардык администрацияны басып алуу экен.

Эскертилгендей эле сепаратисттердин таасирине кирген куралдуу жаштар маалкатышкан жок, мен коргонуу чарасын көргөнчө алар Ош областтык администрациясынын жана Ош шаардык мэриясынын имаратына 300 метрге чукул кирип келишти. 2010-жылдын 11-июну, саат түнкү бирге чукулдап калса керек эле. Чукул чаранын натыйжасында администрацияны эвакуациялаганга үлгүрүп калганбыз. Жаалданган топ чуркап келаткан бойдон мэрияга чабуул койгонго аракет жасашты. Бирок полковник Искендер Икрамов уюштурган иш-чаралардын натыйжасында администрацияга болгон чабуул таш капты.

Ал ортодо качкындардын алгачкы агымы келе баштады, анткени сепаратисттер шаардын түндүк тарабын кыргыздардан дээрлик бошотушкан болчу. Түнкү саат он экиге карата өлгөндөрдун саны 40ка жетти.

Түн бир оокумда Шейит-Төбөнүн үстүндө ракета атылганын айттым, саат экилер чамасында беймаал азан чакырылды. Бул «Уруш башталды!» деген сигнал эле. Буга удаа өзбектер жапырт көтөрүлүп: «Кыргыздарга каршы уруш башталды, өзбектер чыккыла!» деген чакырыктар күчөдү.

Чукул жыйын өткөрүп, шаардын өзгөчө маанилүү объектилерин коргоону уюштурууга кириштик. Алгачкы мүнөттөрдө бийлик өкүлдөрү – Т. Сариев, А.Бекназаров, Б.Шер жана башкалар менен байланышып, Курсан Асановду шашылыш Ош шаардык ички иштер башкармалыгына кайтарып берүүсүн сурандым. Убактылуу өкмөт мүчөлөрү И.Исаковду, А.Бекназаровду, Ө.Текебаевди түштүккө жиберүү тууралуу чечим кабылдангандыгын да уктум. Бирок алар негедир кечигип, сегиз жарым сааттан кийин учуп келишти! Убактылуу өкмөттүн оперативдүүлүгү ушубу!? Өлкө жетекчилигинин жооптуу адамдары түз эле куралдуу күчтөрдүн түштүк группасынын штабына,

анан биздин администрацияга келишти. Кашаңдаганын карабайсыңбы, алардын биринчи чечими эки жарым сааттан кийин кабыл алынды, андан эки сааттан кийин Исмаил Исаков келди. Мен ал кишиге кырдаалдын мүнөт, саат сайын өнүгүүсү – хронологиясы боюнча түшүндүрмө берип, курман болгондордун тизмесин тапшырдым.

Дүрбөлөң түшкөн элдин агымын токтотуу кыйынга турду. Азык-түлүк тартыштыгы байкалып, ичүүчү суу уулandырылган деген ушак тарады. Биринчи кезекте элди нан, суу, май сыяктуу тамак-аш продуктулары, аскер техникаларын күйүүчү май менен камсыздоону үзгүлтүккө учуратпоого умтулдук. Жумушчу топторун, алардын башчыларын түзүп, ун кампаларын ревизиялоону колго алдык.

Кандуу калабанын алгачкы күнү шаардын аймагындагы май куюучу станциялар иштебей калгандыгына байланыштуу тез жардам, өрт өчүрүүчү жана кызматтык автоунааларга май куюуну мэрия өз колуна алды. Маселе оперативдүү түрдө чечилип, ага кеткен 500 миң сом акча каражаты кийин мэриянын эсебинен төлөнүп берилди.

Улуттар аралык араздашуунун алгачкы күндөрү шаар бийлиги 3500 чет өлкөлүк жана 1500 кыргызстандык жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу менен атайын автобустар аркылуу аларды коопсуз жайларга жана аэропортко жеткирүү ишин уюштурду.

**– Алгачкы сааттардагы өлгөндөрдүн улуту ким эле?**

– Көпчүлүгү кыргыз. Мен өлгөндөрдүн ар биринин улутун, жынысын эсепке алып, жазып койгон элем. Тополонду мындан да тагыраак айта турган болсок, кыргыз мамлекеттүүлүгүнө кара санаган сепаратисттердин капылет козголоңуна кыргыздар даяр эмес болчу. Ант ургурлар куралчан келишип, күтүүсүз чабуулга өтүп атпайбы! Ошол себептүү алгачкы саттарда кыргыздар көбүрөөк жабыр тарткан.

**– Чынында эле, фактылар кан төгүүнү чагымчылардын тилине азгырылган өзбектер баштагандыгын бышыктайт экен. Бирок кыргыздар момунсунуп отурушпаса керек?**

– Кеп ошондо. Так 10-июнга чейин, каргашалуу 10-июндун күндүзү да шаардын ар кайсы жерлеринде кыргыз-өзбек болуп мушташуу, дароо улутуна жараша топтоло калуу окуялары күчөп, аларды жөнгө салабыз деп жатып шаар бийликтери да суй жыгылган элек. Каңшаар кеп чагылгандай тез тараган заман азыр. Мобилдик телефондун доорунда каңшаар дегениң убакытты күндүзү-түнкүсү деп ылгабайт тура. «Алай» мейманканасынын жанына бир нече миң өзбек топтолуп, өткөн-кеткенди уруп атса, филармониянын имараты, башка жайлар өрттөнүп атса, түн бакырда Ош университетинин жатаканаларынан жүздөгөн кыздарды жөө-жалаңдатып көчүрүп атсак, кимдин оозун тыясың.

Айтпадымбы, «Алай» мейманканасынын жанындагы окуядан кийин шаардын бир нече жеринде өзбектер тездик менен чогулганын уккан кыргыздар адегенде шаардын борбордук аянтына, «Манас-Ата», Кулатов, Фуркат, Түштүк-Чыгыш райондоруна топтолуп, эмне болуп кеткенин оңдуу түшүнө албай, сактанууга даярданышты. Ал ортодо «Алай» мейманканасынын жанындагы өзбектердин саны 10 миңге чамалап баргандыгын ички иштер башкармалыгынан билдик.

# СЕПАРАТИСТТЕР ИРИ АЛДЫ МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕЛЕРДИ БУТАГА АЛЫШТЫ

**– «Алай» мейманканасынын жанында тополоңду баштагандардын планы кандай болгон?**

– Улут аралык жаңжалдын башталышында өзбек жамааты түштүк аймактагы мамлекеттик бийликтин символу болгон Ош шаардык мэриясынын жана Ош областтык администрациясынын имаратын басып алууну көздөп жатышканын коопсуздук күчтөрү мага кабарлашты. Сепаратисттик күчтөрдүн лидерлеринин планы боюнча, алар жергиликтүү бийлик, коопсуздук күчтөрү жана кыргыз улутундагылар жаңжалдан эс-учун жыя электе чагылгандай тездик менен мамлекеттик имараттарды басып алып, дүйнөлүк коомчулукка өз автономиясын жана өкмөт түзүмүн жарыялап жиберишмек. Кооганын алгачкы сааттарын анализдеп көргөндө, окуянын өнүгүү нугу дал ушул өңүттө баратканын байкоого болот эле.

Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүн канавайран кылчу сепаратисттердин мындай планына бөгөт коюу максатында мен кооганын алгачкы сааттарында стратегиялык мааниси зор мамлекеттик имараттарды, областтык жана шаардык күч структуралары жайгашкан жайларды, фискалдык органдарынын кеңселерин, бала бакчаларды, мектептерди жана жатаканаларды коргоону күчөтүү боюнча өзгөчө тапшырма бердим.

Кандуу коогаланда баарын алдын-алууга мүмкүн болбоду. Ага күч структураларынын чукул кырдаалга даярсыздыгы, жоокерлерди башкарууда жогорку тепкичтеги жетекчилердин тажрыйбасыздыгы жана борбордук бийлик өкүлдөрүнүн жергиликтүү

жагдайды жакшы билбегендиги, натыйжада аскердик комендатуралардын координацияланбаган иш-аракеттери себеп болду. Ушундай алешемдиктердин айынан кандуу окуя чагылгандай тездик менен байыркы Ош шаарын каптап баратты. Натыйжада калаа аймагындагы көптөгөн мамлекеттик мекеме-ишканалар кол салууга учурап, өрттөнүп, таланып-тонолуп жатты.

Айрыкча 10-июнда түнкү саат 23:30да шаардын көркүнө көрк кошкон Рыспай Абдыкадыров атындагы Улуттук филармониянын 2-кабатынын өрттөлүп жатканын укканда кыргыз маданиятынын ордосу кулап, уугу урагандай жандүйнөм тарып кетти. Аттиң-ай, канчалаган асыл таланттарды бапестеп өстүргөн ыйык маданий үйүбүздүн күлү көккө сапырылып калабы? «Кыргыз музасынын атасы» Рыспай Абдыкадыровдун мукам үнү эчен жыл жаңырган маданий очогубуздун оту өчүп калабы? Коогалаңын алгачкы ошол оор учурунда жүрөк тилген кайгылуу ушундай уйгу-туйгу ойлорго чөмүлүп, бир нече мүнөт турдум. Селт этип, өзүмдү өзүм колго алдым. Чыйралдым. Кайгырганга убакыт жок. Ордолуу Ошумду, көп улуттуу калкымды сактоо керек. Дароо орун басарым Алымжан Байгазаковго жана шаардык милициянын жетекчиси Болот Нышановго кандай гана болбосун Улуттук филармонияны тезинен өрттөн сактап калуу боюнча тапшырма бердим. Тилекке каршы, колдоруна курал кармаган жаалданган өзбек жаштары филармонияга кетчү жолдорду тосуп, өрт өчүрчү машинелерди өткөзбөй коюшту. Ошондо Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын кызматкерлери майор Нурбаев Таалай, ага лейтенант Эргеш уулу Жоодар жана лейтенант Сарыков Залкар аттуу жигиттер коогалуу тосмолорду кыйгап өтүп, филармониянын терезесин сындырып ичкери кирип барышты. Ошол мезгилде өрт өчүрүүчү машинелер филармонияга жете албагандыктан жалбырттаган жалынды өчүрүүгө суу жок, үч жигит жерге төшөлгөн килемдер менен ургулап жатып өрттү өз убагында өчүрүп калышты. Өрт менен алпурушуп жатып түтүнгө ууккан Эргеш уулу Жоодар эсинен танып жыгылганда, аны жолдош-

тору имараттан сүйрөп чыгышкан. Катардагы карапайым кыргыз милиционерлердин жасаган иши чоң эрдикке тете экенин өздөрү деле анчалык аңдабаса керек...

Удулу келгенде дагы бир окуяны айта кетпесем болбос. 2010-жылдын 11-июнунда саат 16:00дө Ош шаардык мэриясына караштуу муниципалдык автобазага өзбек сепаратисттери чабуул баштаганын кабарлашты. Андан алты саат илгери мен автобазанын жетекчиси Ражапов Ильязга бардык автобустарды тезинен чыгарып кетүү тууралуу тапшырма берген элем. Анткени ал автобустар менен Бишкектен учуп келген аскерлерди аэропорттон ташуу керек болчу. Алты саат аралыгында болгону 15 гана айдоочуну чогултушуптур. Калгандары коркуп ишке чыкпай коюшкан тура. Алардын басымдуу бөлүгү өзбек улутундагылар эле. Топтолгон айдоочуларды БТР менен автобазага жеткирдик. Автобустарды от алдырып, жолго жаңыдан чыгар алдында куралданган өзбек улутундагы жаалданган жаштар автобазага чабуул жасай башташты. «Кошумча аскер күчтөрүн жөнөтөлү, БТР бергиле» – деп Ош облусунун коменданты Бакыт Алымбековго, Убактылуу Өкмөттүн түштүктөгү өкүлү Исмаил Исаковго кирдим. «БТР жок, бералбайбыз», – дешти. Автобазанын имараты күйүп, куралчан өзбектер ичкери кирип барганда Ильяз Зундуевич Ражапов мага телефон чалып калды. Үнү кооптуу, өрөпкүп араң сүйлөйт. Ары жактан атылган автоматтын добушу жаңырат. «Мелис Жоошбаевич, курчоодо калдык, эгерде кокустан ок жаңылып мерт болсом мен сизге эки дүйнөдө ыраазымын. Кош болуңуз, акыреттен жолугабыз», – деди телефондон И.Ражапов. Ага кайрат айтып, акырына чейин сабырдуу болууга үндөдүм. Аңгыча кошумча аскер топтору жетишип келип калды. Ок атышуу көпкө созулду, өзбек жаштары аскерлердин чабуулунун мизин майтарууга аракет кылып, автомат менен атып жатышты. БТРдин коштоосундагы аскер күчтөрү эки ирет чабуул коюп жатып, автобаза жетекчисин жана айдоочуларды арандан куткарып чыгышты.

Өзбек сепаратисттеринин ушундай күжүм чабуулуна Ош шаардык МАИ, МАИнин курулуш боюнча башкармалыгы, транспорттук инспекция, муниципалдык автобаза, жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорттук агенттик, муниципалдык суу чарба башкармалыгы, муниципалдык турак жай башкармалыгы, Ош электр тармактар ишканасы, электр энергиясын сатуу ишканасы, жолдор башкармалыгы, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү комбинаты, «Атайын автобаза» муниципалдык мекемеси, жарыктандыруу мекемеси, шаардык газ чарба башкармалыгы, жылуулук менен камсыздоо мамлекеттик ишканасы, борбордук базардын дирекциясы кабылышты. Алардын жана башка калкты тейлөөчү коммуналдык кызматтардын кеңселери, имараттары, өндүрүштүк базалары өрттөлүп кетти. Кийин эсептеп көрсөк, шаардык мамлекеттик ишканалар 1,61 млрд. сомдук чыгымга дуушар болуптур. Мындан көрүнүп тургандай, өзбек сепаратисттери ири алды мамлекеттик мекемелерди бутага алганы байкалат. Демек, алар биринчи кезекте кыргыз мамлекеттүүлүгүн кыйратууну көздөгөнү көрүнүп турат.

**– Чукул кырдаал жарыяланып, мэрдин ыйгарым укуктары комендантка өткөрүлдү. Бирок Сиз жагдайдын оңолушуна кол кабыш этүүгө умтулдуңузбу же кол куушуруп отуруп калдыңызбы?**

– 2010-жылдын 11-июнунда саат 02:00де Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү Ош, Өзгөн шаарларына, Кара-Суу жана Араван райондоруна коменданттык саат киргизди. Декретке ылайык, Ош шаарына өзгөчө кырдаал киргизилип, комендатура түзүлдү. Кыргыз Республикасынын «Өзгөчө кырдаалдар жөнүндө» мыйзамына ылайык, өзгөчө кырдаал киргизилип, комендант дайындалган соң, Ош шаарынын мэринин ыйгарым укуктары комендантка өткөзүлүп берилди.

11-июнь күнү таңга жуук өлүм-житимдин опсуз көбөйгөндүгү билинди. Шаардын бир нече жеринде, кыргыз-

дар азчылыкты түзгөн бөлүктөрүндө улутташтарыбыз куулуп, качкындардын саны арбыды. Өзбек махаллалары уюшкандык менен текши баррикадаларды орнотуп, күнү-түнү иштеп, күндүзү да, түнкүсүн да көзгө көрүнүүчү атайын боёк-сырлар менен өз чектерин «SOS», «Uzbek Zone» деген белги менен ажыратып чыгышканын билгенимде чатактын масштабы чоң болоорун түшүндүм. Жанагы боёк-сырлар Кыргызстанда жок боёк-сырлар, анын бир нече тоннасын сырттан алдын-ала алып келишкен. Көз ачып-жумганча 8056 чарчы метр жерди (!) жанагы белгилер менен ажыратып чыгышканы таң калтырат.

Саат жетиден беш мүнөт өткөндө мен Роза Исаковнага телефон чалдым, ал киши саат сегизде Улуттук телевидение аркылуу калың журтка кайрылуу жасоого камданып турган учуру экен. Ошондогу менин биринчи сунушум төмөндөгүдөй болду: Кыргызстанга кирчү журналисттердин баары акредитациядан өткөрүлсүн, каршы-терши тебелеп тайраңдагандарын койсун, темир жол, аба каттамдарына посттор уюштурулсун жана өзүм тарабынан көрүлчү чараларды санадым. Өзүңөр текшерип көрсөңөр болот, облустук ооруканада жаткан жарадарларга, моргдорго бир дагы чет өлкөлүк репортерлерду киргизбөөнү буюрдум, атайын постторду уюштурдум. Менин биринчи кадамым ошол – информациялык согушка даярдык көрдүм.

Роза Исаковнага дагы төмөнкүлөрдү сунуштадым: «Ноокат, Араван, Кара-Суу, Кара-Кулжа, Өзгөн, Алай, Чоң-Алайдагы ички иштер бөлүмдөрүндөгү курал-жарактарды топтотуп, Куралдуу күчтөрдүн түштүк группасынын көзөмөлүндө бекем сактоо зарыл. Абал жакшы эмес нукка бурулууда» – дедим. Ал кишиден алган жообум бул: «Биздин тийиштүү өкүлүбүз бар. Ал – Исмаил Исаков. Аны менен бул суроолорду чечиңиз». Тилекке каршы, мен Исмаил Исаков менен дароо байланыша алган жокмун, бирок президентке айтчу сунуштарымды айтып калдым. Мен Убактылуу өкмөт менен мыйзамдын алкагында гана байланыштым. Бирок алар мени өгөйсүнтүп четтетип,

ишенбөөчүлүк, керек болсо жек көрүүчүлүк менен мамиле жасоону уланта беришти.

11-июнь күнү эртең менен Алай жана Ноокат тараптан миңдеген кыргыздар Оштогу тууган-уругуна көмөккө келатканы угулду. Бул илгерки көчмөндүк заманда каныбызга сиңген адат болсо керек, өлкөгө коркунуч туулганда өлүмдөн таймanбаган азамат жигиттер кара баштын кайгысын унутуп, дүпүрөгөн аттар менен жакага түшүшөт. Бул ирет да калкыбыздын канындагы өткүрлүк дүрт этип ойгонуп кетти. Байыркы Кокондун чаңын асманга чыгарып, элди эзип ийген хандарды алекизаматта алмаштырчудан бетер Алай, Кара-Кулжа, Ноокат тараптан кызуу кандуу топтор Ошту көздөй агыла баштады. Шаар башчысы катары мен алардын жолун тороп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү орун басарларыма тапшырдым. Ноокат тараптын жолуна өзүм бармай болдум.

Саат 10:00 – 11:00дин ортосу, губернатор С.Жээнбеков Ош облустук ички иштер башкармалыгынын имаратына чукул чогулуу керектигин, борбордон бийлик өкүлдөрү келгенин кабарлады. Барсак Убактылуу өкмөттүн өкүлдөрү И.Исаков, А. Бекназаров, Ө. Текебаев баш болуп, көп киши келген экен. Жыйналышта четтеги кыргыз айылдардан Ошко кирүүгө умтулган адамдардын агымын кантип шаарга киргизбей токтотуп калышты талкууладык. Бул иштин жалпы жоопкерчилиги губернатор С. Жээнбековго жүктөлүп, Ошко жаалданган элди киргизбөө катуу табышталды.

Мен жыйналышта талкууга көз салып отургам. Бир кезде чөнтөк телефонума СМС кабар келди. Мазмуну мындай: «Алайдан Ошту карай агылган албуут топ Убактылуу өкмөт мүчөсү Ө.Текебаевди барымтага алууну көздөп жатат». СМС кабарды элди тынчытуу үчүн мен жолдогон ишенимдүү адам (өзү мэрияда иштейт) жөнөтүптүр.

Түшкө жуук жыйналыш аяктады. Убактылуу Өкмөттүн өкүлдөрү вертолет менен Алайдын жолуна жетип, жаалданган

топту тосуп сүйлөшмөй болушту да, ордуларынан тура жөнөштү. Карасам, Өмүрбек Текебаев кошо баратат. Жанында бел туткан жигити – Дүйшөн Чотонову бар. Мен эшикке туураман туруп, Ө. Текебаевдин жолун тородум. «Сизден инилик сураныч, алайлыктар менен жолугушууга барбай эле коюңуз» деген ишаараны жасадым. «Эмнеге?» – дейт. «Так надо» – дедим. Ошентип аны алып калгам.

Кийин парламенттик угуулардын алдында Өмүрбек Текебаев: «Менин жолумду эмнеге торогонуңду эми сурайм, ачык айтып бересиң» – деп кадалса болобу. «Сурабай эле коюңуз» – дедим. «Эмнеге?» – дейт дагеле. «Өмүке, иниңиз болом, калганын сурабай эле коюңуз» – дейм. «Депутаттардын көзүнчө сурап алайын» – дейт. «Кой дегенге көнбөй атасыз. Мейли, сураңыз сураңыз. Кадыржан Батыровдун досу, өнөгү деп сизди алайлыктар ошол жерден баса калып, көк бөрү тартмак. Алар ошого даярданып жаткан. Мага бул маалыматты жаалданган топтун арасында жүргөн жакын адамым жеткирген. Тоодон түшкөндөр мертинтип койсо, бир өлүм ашыкча болмок. Ушуну айтам» – дедим. Ө. Текебаевдин жаагы жап болду.

Ал эми 11-июнда Алайдын жолундагы Фуркатка баргандардын акыбети эмне менен бүттү? И. Исаковду, А. Бекназаровду эл укпай таш бараңга алып, аз жерден вертолетту оодарып коё жаздашты.

Алар Алайдын жолун тосуп жүргөндө мен Ноокаттын жолуна баргам. Жалгыз бардым. Үч-төрт миңдей киши жаалданып келатыптыр. Арасында алагүү мастары бар. Максаттары – шаардын түштүк өңүрүн өзбектерден тазалоо, алардын там-ташын талкалоо. «Туугандарым! Ошко барбагыла, абал силерсиз деле оор! Кан төгүүнү токтотолу, бейажал киши өлбөсүн десеңер – барбагыла!» – дегем. Бир лидери бар экен, мага опурулуп, элди тукурду. Урабыз деп жүрүшөт. Башчысын катуу зекидим: «Эй, чаарбаш! Сен эле патриот болуп, мен текей терип жүрүпмүнбү!? Элди өлүмгө айдап атканыңды билесиңби? Колуңан ошончолук эле келет экен, алоолонуп аткан өрттү өчүргөнгө жардам бер!»

Иши кылса элди ынандырдым. Натыйжада Оштун түштүк райондорунда жайгашкан өзбек туугандардын там-ташы кыйроого учураган жок, көптөгөн адамдар бейкүнөө өлүмдөн аман калды. Азыр кээ бир өзбек кесиптештерим менен бул райондон чогуу өтүп калганда чын көңүлдөн ыраазычылык билдиришет. Кийин алар ыраазычылык кат да жолдошуптур. Мен да аларга жүрөк түпкүрүнөн чыккан рахматымды айттым! «Сыйга – сый, сыр аякка – бал» – дейт ата-бабалар.

Убактылуу Өкмөттүн кишилери Фуркаттан бозала болуп, өң-алеттен кетип, Ошко кирип келишкенин уккан соң (ошондой болоорун билгем), саат 15:00 чамасында аларга бардым. «Абалды турукташтыруунун өзүм иштеп чыккан схемасын сунуш кылам» – дедим. «Ии» – деди Исмаил Исаков баш болуп. Адегенде картаны алдыга жайып койдум. Мерчемдүү жерлерге – Алай, Ноокат, Кара-Суу, Араван багыттарына күчөтүлгөн блокпостторду коюуну сунуштадым. «Анан мага бир эле БТР бергиле. Өзбектер жыш жашаган Он-Адыр, Шейит-Дөбө райондоруна барып, сүйлөшүп келейин. Эртең, 12-июнда, түшкү саат 12:00дө араздашкандарды жарашуу боюнча сүйлөшүүлөр башталат, кепилдигин беремин» – дедим.

Унчукпай калышты. Тобо, он минут унчукпай мелтиреп отурушту. Жообун күтүп мен деле отура бердим. «БТР бересиңерби?» – дедим акырында. «Болуптур, берели» – дешти. Ошол жерден Убактылуу Өкмөттүн башчысы Роза Отунбаевага телефон чалып: «Эртең саат 12:00дө кыргыз-өзбектин жарашуусу башталат» – дедим. «Ошентсе кана! Дай Бог!» – деди Роза Исаковна. Жарашуу башталаарына кепилдик берээримди прессага да айтып ийгем. Тилекке каршы, БТР беришкен жок. Түнкү саат 12:00гө чейин күттүм, беришкен жок. Эмне оюн болуп кеткенин билбей калдым.

Аңгычакты, Улуттук Коопсуздук кызматынын Ош облустук бөлүмүнүн жетекчиси, полковник Аким Эшматов мени

өзүмчө бөлүп: «Сөз бар» – деди. Экөөбүз имараттын бурчунда, элден бөлүнүп маңдай-тескей турабыз. «Мелисбек Жоошбаевич! Өлкөнүн жогорку жетекчилиги Сизге аймактагы аскердик жана граждандык бийликтин жоопкерчилигин тапшырууну каалайт, андыктан Сиздин макулдугуңузду сурайт» – деди. Мен саамга ойлонуп: «Макулмун, бирок бир шартым бар. Борбордук бийлик менин аракеттериме жана кадрдык маселелерге кийлигишпей турсун» – дедим. «Жарайт. Жогору жакка билдирейин» – деди А. Эшматов.

Борбордук бийлик кайра байланышка чыккан жок. Кыязы, Мелис Мырзакматовдун авторитетинин өсүшүнө өз колдору менен салым кошкондон чоочулашса керек.

Ал ортодо өлкө жетекчилиги Россия лидерлеринин тынчын койбой, жардам сурагандан тажаган жок. В. Путин менен Д.Медведевден жооп болбогондо, Кремль администрациясынын башчысы Сергей Нарышкинге эле беш ирет чалып, көшөрө көмөк сураган.

**– 12-июнда кыргыз-өзбекти жараштыруунун ишеничи эмнеге негизделген эле?**

– Биринчиден, «Силер чагымчылардын куралы болсоңор, эми курмандыгы болдуңар» – деп айтмакмын өзбектерге. Мактанбайын, бирок авторитетиме салмакмын. 3-май күнү амир-темурлуктардын алдында чыгып сүйлөп, какшап эскертпедим беле. Бузук чыкса, карапайым калк азабын тартаарын айтпадым беле. Ошону эстерине салат элем. Ушуну кыргыздарга да айтмакмын. 11-июнь күнү Ноокат багытынан агылып келаткан калкты токтоттум го. Алай тараптан келаткандарды деле токтотууга чамам жетмек. Ошол максатта шаардык кеңештин депутаты Аскар Шакировду кыргыз-өзбектин арасына ортомчу түшүүгө жөнөткөмүн. Бирок снайпердин огу кайран жигитке изги тилегин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бербеди. Ал азаматыбыз 11-июнь күнү элди тынч-

тандыруу, шаардын аймактарында топтолгон эки улуттун тобун бири-бирине жакындатпоо боюнча түшүндүрүү иштерди жүргүзүп жатып, баатырларча курман болду. Ордолуу Ошум дегенде оозундагы ашын жерге койчу, кайран кесиптешим.

**– Кечиресиз, чагымчылардын 7-апрелден тарта тынбаган бузуку аракеттери дегенди чечмелеп берсеңиз?**

– Июнь коогалаңынын себептерин мен 7-апрелдеги жана андан кийинки окуялардан көрөм. Ушул окуяларга кошул-ташыл сепаратисттик маанайдагы саясатчылар дароо жандана баштагандыгын өзгөчө белгилегим келет.

Керек болсо, «бул учурду 20 жылдан бери зарыга күткөнбүз» деген чакырыктар жаралып, эл арасын терең бушайманга салды. «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө» – дейт элибизде. Жалпы мамлекетибиздин башына оор күн түшкөн кырдаалда К. Батыровдун басса-турса эле «бул күнду 20 жыл күткөнбүз» дегенин «чагымчылык», «сепаратисттик мүдөөнү тымызын үгүттөө» деп атагандан башкага ооз барбайт. Мамлекеттин бүтүндүгүнө, конституциялык түзүлүшкө каршы келген, Оштогу карапайым элдин бейпилдигин бузууга багытталган сепаратисттик маанай, саясий жүрүштөр күчөдү. Ошол учурдагы бийликтин – Убактылуу өкмөттүн Жалал-Абад жана Ошто сепаратисттик маанайдын уусу жайылып бараткан менен иштери болгон жок. «Бишкекти билсек болду» дегенчелик бейкапар отурушкандай, сыягы. Ал эми сепаратисттердин анабашылары миңдеген адамдар астында айбыгып этпей эле өз мүдөөлөрүн жарыялап: «Жаңы бийлик бизди колдойт, баары колго алынган, сүйлөшүлгөн» – деп элди козутуп жатышты. Ооба, алардын айткандарында калет жок эле. Маселен, Кадыржан Батыров апрель окуяларынын себептерин иликтөө комиссиясынын мүчөлүгүнө дайындалган. Кадыржан Батыровдун штаб жетекчиси Давран Сабиров Конституциялык реформа боюнча комиссиянын мүчөсү болчу. Кыскасы, борбордук бийликтин буларды колдоп атканынан калың элдин кабары бар. Сепаратисттердин жетекчилери эл

алдына чыгып сүйлөгөндө күндөн-күнгө чамынып, агытылган балтектей тилдерин салаңдатып, ооздоруна ээ болбой калышкан. Сөздөрүнүн агрессиялык мүнөзү күчөп, ашынып баратышкан. Согушка үндөшкөнсүп, журт бүтүндүгүнө, эл ынтымагына доо кетирчү чакырыктар ачык байкала баштаган. Алардын үгүт иштеринин негизги жоболору мындай эле: мамлекеттик жетекчи кызматтарга өзбектерди дайындоо, өзбек тилине мамлекеттик статус ыйгаруу ж. б. Бирок алардын жашыруун жана түпкү максаты – өзбек автономиясын жарыялоо эле.

Сепаратисттердин көздөгөн саясатын жергиликтүү телевидение толук бойдон элге жайылтуунун үстүндө алектенди. 47 адамдын каны бейкүнөө төгүлгөн 13–16-май күндөрүндөгү Жалал-Абаддагы окуяны алалы. Ок атуучу куралдан жарадар болгондордун төртөө өлдү. Кырдаал оорлошуп баратканына бийлик кенебес мамиле кылгандай сезилди мага. Кол куушуруп отура алган эмесмин, Убактылуу Өкмөттүн жетекчиси Роза Отунбаевага чалып, кээ бир райондордун ички иштер бөлүмдөрүндөгү ок атуучу куралдарды жашыра туруунун зарылдыгын билдиргемин. Убактылуу өкмөттүн башчысы тарабынан тыңгылыктуу жооп болгон жок. «Бул маселени Исмаил Исаков чечет» деген жоопту алдым. Дароо эле баса белгилеп коёюн, Жалал-Абаддагы окуялардан соң түштүктөгү абал кескин өзгөрдү. Кадыржан Батыров баштаган топтун кыргыздын боз үйүн өрттөгөнү, ошол жердеги Кыргыз Республикасынын желегин сындырып, отко ыргытышканы кыргыз элинин ызасын келтирди. Боз үйдү өрттөтүү кыргыздын чамгарагын түшүрө чаап, кызыл уук кылганга тең эле. Күлүн сапырып, ар-намысын тебелегенге барабар эле.

Жалал-Абаддагы окуянын эпкини илгиртпей Ош шаарына тие баштады. Сепаратисттерге суук караган, өкмөт башчысына ичи толбогон жаштардын наразылыгын айтпа. Бир тарап наразы болсо, колтугуна суу бүркүп койгондон кийин экинчи тараптын жаштары да карап турган жок. Абдан агрессиялык мүнөздөгү чыгуулардын толкуну жаралды.

Кыргыз-өзбек чатагынын тутанышына массалык маалымат каражаттары да май тамызып турду. Өзбек тилдүү ОшТВ, МезонТВ телеканалдары кыргыз-өзбекти кайраштырган, провокациялык маанайдагы программаларды обого чыгарып турду. Ушул телеканалдардын такай кызматынан пайдаланган К. Батыров, Д. Сабиров, И. Абдурасулов жана башкалар түз эфир аркылуу расмий бийликке тил, кадр, автономия маселелерин козгоп, өзбек жамаатын чоң-чоң митингдерди уюштурууга үндөгөн. К. Батыровдун: «Эгерде Убактылуу Өкмөт өлкөдө тартипти камсыз кыла албаса, анда биз аны кыйратабыз. Кыргыздардын колунан келбесе, өзбектер карап турушу керекпи?» деген мазмундагы чагымчыл сөздөрү элдин кыжырын келтирген. Мен аталган телеканалдардын ээлерине бир нече ирет кайрылып, улуттар аралык мамилеге доо кетирген сөздөрдү кыскартууну сурангам. «Туугандар! Силер эмне, согушту, кан төгүүнү көксөп атасыңарбы?» – деп эскерткеним эстеринде болсо керек.

Кыргыз тилдүү басылмалар да эки элди кайраштырган материалдарды жарыялоодон четте калган жок. Улуттук телерадио компаниясы 2010-жылдын 18-апрелинде коомдук ишмер Д. Сарыгуловдун «өзбектер Кыргызстандын коноктору» деген пикирин обого чыгарса, «Асман» гезити М. Итибаевдин өзбектердин улуттук абийирине шек келтирген макаласын жарыялады. Улуттук араздашууга үндөгөн маалымат каражаттарына чара көрүү өтүнүчү менен 24-апрелде Убактылуу Өкмөттүн жетекчиси Роза Отунбаевага да кайрылгам.

**– Окуя боло электен мурда, сепаратисттердин күч алышы тууралуу президентке тынымсыз кат жолдогом дебедиңерби, ошондо кандай жооп болгон?**

– Эч кандай жооп болгон жок. Кийин Роза Исаковна өзүнүн маектеринин биринде: «10-июнда баары чагылгандай тез башталды» дебедиби. Жалган. «Революционерлерге» таянган сепаратисттердин экстремисттик чакырыктарына шыктанган

өзбек жамаатынын өкүлдөрү кудайдын куттуу күнү кыргыз жаштарын да, өзбек жаштарын да провокацияга түртүп, анын айынан ар кандай мушташтар болгондугу ички иштер башкармалыгында да, мэрияда да катталуу. 7-апрелден 18-майга чейин эле Ошто өзбек менен кыргыздардын 106 жолу мушташуусу катталып, шаар коомчулугун кооптондурган. Шаар депутаттары, мэриянын алдындагы байкоочу кеңештин мүчөлөрү эки элди кайраштыруунун пропагандасы кычагандыгына кабатырланып, КТРдин, ЭлТРдин, ОшТВнын, МезонТВнын жетекчилерине бир эле маалда кайрылуу жолдошкон. Биз борборду такай эскертип турганыбызды айттым.

**– Убактылуу Өкмөт эскертүүлөрүңөргө маани бербесе, шаардык администрация кандай чара көрүп атты?**

– 8-апрель күнү эле Ош шаардык администрациясы коомдук коопсуздукту камсыздоонун, анын ичинде улут аралык жаңжалга жол бербөөнүн чараларын иштеп чыгып, жарандардын коопсуздугун камсыздоо жана террордук актыларды болтурбоо максатында бардык мекеме-ишканалардын жетекчилерине күнү-түнү күзөт уюштурууну тапшыргам. Биздин иш-чараларда төмөнкү аракеттер да камтылган болчу:

– турмуш-тиричиликти камсыз кылуучу негизги объектилерди, Ош шаарында жайгашкан чет мамлекеттердин консулдуктарын жана өкүлчүлүктөрүн коргоону уюштуруу;

– шаарга пиротехникалык жана жарылуучу заттардын, ок атуучу куралдардын, уулуу дары-дармектердин киргизилишин, алардын сакталышын катуу көзөмөлгө алуу;

– Ош шаарында убактылуу жашаган чет элдик жарандардын паспорттук-визалык режимин өзгөчө көзөмөлдөө;

– участкалык инспекторлордун аймактык кеңештер менен биргеликтеги иштерин күчөтүү;

– «Правопорядок» коомдук фондусу менен биргеликте элдик кошуундарды уюштуруу».

Ош шаарынын активинин жыйынында ар кандай провокациялардын алдын-алуу максатында мечиттерге баруунун, элди сабырдуулукка, улут аралык ынтымакка чакыруунун зарылдыгы белгиленип, бул мүдөөнү аткарууну А. Казиевге, Т. Айтматовага, А. Маасалиевге, Рахматулло хажы Касымовго тапшыргамын.

Мен 1-майдан тартып эле ат тезегин кургатпай Ошту тынымсыз аралап, кыргыз-өзбек дебей бүтүндөй кварталдарды кыдырып, эл менен жолугушуп жүрдүм. Анткени турмуш-тиричилик мүнөзүндөгү майда-барат чыр-чатактарга саясий боёктор сүртүлө баштаганы тереӊ кабатырлантты. 3-майда Амир-Тимур кичирайонуна барып, эл менен жолуктум. Ошол жерде элди чагымчыларга ишенбөөгө, сабыр кутүүгө үндөдүм.

Аталган жыйынга Ош шаардык кеӊешинин депутаттары, мекеме-ишканалардын, укук коргоо органдарынын жетекчилери, өзбек жамаатынын лидерлери Даврон Сабиров, Жалалиддин Салахутдинов баш болуп, жалпысынан 10 000 адам катышкан.

Өзбек мекендештерим менен жолугушууда калаада улуттар аралык маселени курчутууну көздөгөн саясый күчтөр пайда болгондугун эскертип, элди аларды ээрчибөөгө чакырдым. Соӊку убакта шаардагы тартип бузуу фактыларына улуттук (кыргыз, өзбек) түс берүүнү каалагандар чыгып жатканын маалымдадым. Кыргызстандын түштүгүндө автономиялуу облус түзүүгө жол берилбестигин, мамлекеттин бүтүндүгү жана эгемендигинин ыйыктыгын белгилеп, андыктан бардык улуттардын ынтымагы учурда абадай зарыл деп айткамын. Чогулуштун соӊунда жыйындын катышуучуларын саясый экстремизм менен терроризмге каршы биргелешип күрөшүүгө үндөгөм.

Чогулуштун протоколу менен стенограммасы азыр дагы сакталуу, таанышып көрсөӊүздөр болот. Ооба, өзбек улуттук-маданий борборунун жетекчиси Ж.Салахутдинов, коомдук ишмер Д.Сабиров, милициянын кызматкери И.Салиев көнүмүш адаттарына салып, өзбек улутундагыларды мамлекеттик кыз-

матка кеңири тартуу маселесин козгошту. Ош шаарынын вице-мэри, улуту өзбек Шухрат Сабиров да жыйынга катышып жаткан, мэрияда жана башка мамлекеттик мекемелерде иштеген өзбектердин саны мурунку жылдарга салыштырганда алда канча көбөйгөндүгүн акыйкаттык үчүн айтып кетти.

Амир-Тимур кичирайонундагы жыйындын соңунда шаардагы улуттар аралык тынчтыкты сактоону, кварталдык комитеттин төрагалары, айыл аксакалдары, жаштар уюмдары менен биргеликте элдик кошуундарды (ДНД) түзүүнү, номери жок, терезеси караңгыланган (тонировкаланган) автоунааларды өзгөчө көзөмөлгө алууну, паспорттук режимди сактоону макулдашканбыз.

Аны менен эле токтолуп калбастан, эртесинде, 4-майда шаардын активи катышкан аппараттык кеңешме өткөргөнүм эсимде. Кеңешменин протоколу сакталуу турат. Биз шаардагы бала бакчаларда, мектептерде, жогорку окуу жайларында улуттар аралык ынтымакты жана шаардагы стабилдүүлүктү сактоого багытталган үгүт-насыят иштерин, маселен, ачык сааттарды уюштуруунун тартибин белгилегенбиз. «Ачык саат» десем эскиче угулушу ыктымал, бирок биз бардык каражаттарды колдонууга умтулганбыз. Муну шаардын белдүү активдери Л. Шериева, Г. Эркулова, А. Балтабаев жана башкалар жакшы билишет. Мектептерге, университеттерге кандай маани берсек, шаардык мечиттердин ролуна да ошондой эле маани бергенбиз. Ошондуктан имамдардан шаар элин ынтымакка, биримдикке чакырууну өтүнгөнбүз.

Май айындагы кооптуу мезгилде Ошто жогорку кызматта иштеген өзбек улутундагы кээ бир жетекчилер улутчулдукту күчөтүп, мамлекеттик саясатка каршы келген иш-аракеттери үчүн кызматтан четтетилишти. Маселен, Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 17-майындагы буйругунун негизинде ашынган улутчулдугу жана мыйзамсыз иштери учун Сабиров Давран Ош шаарынын мэринин отун-энергетика комплекси

боюнча кеңешчиси кызматынан бошотулду. Учурда Д. Сабировго каршы улуттар аралык конфликтинин негизги күнөөкөрү катары укук коргоо органдары тарабынан кылмыш иши козголгон жана ага издөө салынган.

Мындай жолугушууларды канчасын уюштурдум! Бирок байкаганым, эл абдан азгырылып алган экен. Сөзүмдүн төркүнүн, түпкү маңызын түшүнө алышпады. Кырдаал күн санап курчуп, эки ортодогу карама-каршылык күчөй берди. Ушунун баарын биз борборго жазуу жүзүндө да, оозеки жүзүндө да билдирип тургранбыз.

Кыргыз-өзбек болуп чатакташуунун ондогон фактылары катталып аткан. Токсонунчу жылкы каргаша көрсөткөндөй жөнөкөй эле мушташтан чоң чатак ырбап кетиши мүмкүн эле. Маселен, 1-май күнү эртең мененки саат 11:30да Оштун Мажүрүм-Тал районундагы «Сузак» чайканасында өзбек жамаатынын 300 өкүлү бирдеменин ичинен чыкчудан бетер чогулуп алгандыгын айтайын. Түшүндүрүү иштеринин натыйжасында гана аларды үй-жайларына тарата алдык. Кечки саат тогуздарда «Мырзалим» чайканасынын жанына кайрадан 500–800 өзбек чогулду. Эки өзбекти төрт кыргыз сабап кеткендигине датташышты. Милиция күнөөлүүлөрдү издеп-табуу ишин уюштурду. Бирок бир жарым сааттан кийин, 22:30да өзбектер кайрадан шаардын бир нече жеринде – Амир-Темур, Шейит-Дөбө жана башка райондорго чогулушту.

Дал ошол чакта Мады кыштагы жакта 50 – 60тай кыргыздын чогулганын тактадык. Кырдаалды көзөмөлдөө максатында дароо шаардын чыга бериштерине милициянын, атайын кызматтардын 10 блокпосту, 8 көчмө посту жайгаштырылды.

16-май күнү саат он жарымдарда «Южный» кичирайонунда 100 чакты өзбек чогулду, көрсө, тополоң башталганы турат деген каңшаар таратылган экен. Аларга түшүндүрүү иштери менен алпурушуп жатсак түштөн кийинки саат төрт жарымдарда Раззаков көчөсүндө кыргыздар менен өзбектердин топ-

топ болуп мушташууга камданганы кабарланды. Эки тараптан тең 70 – 80дин тегерегинде адам чогулган экен. Аларды араң тараттык. Дегенче болбой эле кечки саат жетилерде – кыргыз-өзбекти бир-бирине каршы тукурган кишилер жүргөнү кабарланды. Ага удаа өзбектин жоон топ жаштары (бир кабарда 30дай киши, экинчи кабарда 50 чакты киши) «Тынчтык» көчөсүндө: «Машинеде кыргыздар отурат!» – деп бакырып, байкоостон бир өзбектин унаасына чабуул коюшкан. Улут аралык мамиле көз көрүнөө эле бузулуп бараткандыктан шаардык ички иштер башкармалыгынын башчысы Курсан Асанов өзбек улуттук-маданий борборунун жетекчиси Ж. Салахутдинов, мурдагы депутат И. Абдурасулов жана башкалар менен жолугуп, чогуу-чаран түшүндүрүү иштерин алып баруунун чараларын, өзбек лидерлеринин медиа аркылуу улут аралык мамилеге байланыштуу чыгып сүйлөөлөрүн чектөөнүн зарылдыгын макулдашкан. Курсан Асанов бул маселени «ОшТВнын» жана «МезонТВнын» жетекчилери менен да талкуулаган. Анткени жергиликтүү телеканалдар кан кызыткан митинг-чогулуштарды комментарийсиз, түз чагылдыруунун адатын таап алган эле.

Жагдай оңолдубу? Жок. 17-май күнү да, 18-май күнү да, 19-май күнү да, 20-май күнү да шаардын ар кайсы жерлеринде кыргыз менен өзбектердин топ-топ болуп мушташуусу, кырды бычак тирешүүсү улана берди.

2010-жылдын 19-майында Ош шаарынын мэри катары мен демилге көтөрүп, Кыргызстандагы өзбек улуттук-маданий борборунун жетекчиси Жалалуддин Салахутдинов менен көзмө-көз жолуктум. Калаадагы татаалдап бараткан улуттар аралык тирешүүнү алдын-алуунун чараларын талкууладык, өзбек жаштарына чогуу түшүндүрүү иштерин жүргүзөлү деп макулдаштык. «Эгерде Ошто өрт чыгып кетсе Кадыржан Батыров менен Иномжон Абдурасулов сыяктуу авантюристтер качып кетет, сиз экөөбүз калабыз, эки элдин ортосундагы маселени экөөбүз чечебиз» – деп ага эскерттим. Мен аны сепаратист К.Батыров-

дун таасиринен чыгарууну көздөп айттым. Ошол учурда ал окуя өтө тереңдеп кеткенин түшүнгөндөй таасир калтырды. «Мелис Жоошбаевич, кыргыздар менен өзбектер ортосундагы оор абалды турукташтыруу боюнча сиздин демилгеңизди колдойбуз, эң башкысы тынчтыкты сактап калуу» – деди ал кооптонгонун жашырбай.

Эртеси күнү 20-майда кечинде курал ташып баратат деген оперативдик маалыматтардын негизинде экс-депутат И. Абдурасулов кармалды. Анын ишин териштиргичекти жарым сааттын аралыгында 500гө жуук тарапкери Ош облустук ички иштер башкармалыгынын имаратынын алдына топтолуп, И.Абдурасуловдун токтоосуз бошотулушун талап кылышты. Дагы 200гө жакыны Привокзальная көчөсүнө топтолушту. Аларды көргөн кыргыздар (100 чамалуу киши) кыргый кабактанып, «Ак Шумкар» ресторанына чогулган. Мен И.Абдурасулов менен «Интурист» мейманканасында жолуктум. Катуу эскерттим. Ооба, кашайган жаным катуу айттым. Торпок сатып байыган жайы бар эле: «Эй, торпокчу! Сен көчөгө киши чыгарган даражага жетип калдыңбы? От менен ойнобогун! Жүр, сенин кишилериң менен сүйлөшөлү» – дедим. Адегенде мен анын токтоосуз камакка алынышын талап кылгам. Курсан Асанов дагы ушундай позицияда эле. Бирок Улуттук Коопсуздук кызматынын кишилери караманча каршы чыгып: «Коё бербесеңер болбойт, коопсуздукка биз жооп беребиз» – деп каадаланышты. Мен аларды да эскерткем: «Шаардын коопсуздугуна силер эмес, мен жооп берем» – деп. Же бир ыйгарым укугум болбосо, же бир Убактылуу Өкмөт дурустап сүйлөшпөсө, кайра сепаратисттердин мыйзамсыз иштерине көз жумуп атса, эмне кыласың?

**– Өзбек жамаатынын ичинен чагымчылыктын арааны ачылганын туйган кыраакы күчтөр болдубу?**

– Болду. Кыраакы күчтөр азыр да бар. Кыргыз эли ич ара тирешкен сыңары эле, өзбектер дагы ич ара тирешти. Ынты-

макты каалаган, чагымчылардын аракети кандай кесепеттерге алып келээрин алдын-ала көргөн даанышман, Сиз айткандай кыраакы өкүлдөрү өзбек мекендештерибизди гана эмес, Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрүнө, өкмөттүн башчысы Р. Отунбаевага да бир нече мертебе кайрылышкан. «Эсиңер барда этегиңерди жапкыла» – деп эскертишкен. Алсак, өзбек жамаатынын жоон топ өкүлдөрү 23-майда суранып атып, Роза Отунбаеванын кабыл алуусунда болушкан. Угушумда, генерал Алишер Сабиров кырдаалдын кооптуу нукка бурулганын бетине айткан, шаар кеңешинин депутаты А. Иминов улуттар аралык тынчтыктын урматы, адамдардын өмүрүнүн коопсуздугу үчүн К. Батыровду камакка алууну талап кылган. Кыраакылык деп ушуну айт! Эл-журту үчүн күйүү деп мен мына ушуну түшүнөм.

Андай кыраакы кишилер менин жанымда да жүрүшкөн. Алардын бир даарын – өзбек мекендештерибизден чыккан белгилүү жазуучу Абдугани Абдугафуровду, коомдук ишмер Худайберди Азимовду 17-май күнү өзүмө кеңешчиликке дайындагам.

**– Ош коогасы учурунда Сиздин Убактылуу Өкмөт менен алакаңыз кандай болуп жатты?**

– Кеп менин алар менен болгон оң, терс мамилемде эмес. Кеп Убактылуу Өкмөт жетекчилеринин түштүк коогасына болгон кайдыгер мамилесинде болууда. Сепаратисттик маанайдагы өзбек жамаатынын лидерлери менен мышык-чычкан ойнойбуз деп, кандуу калабага от чачып жибергендер ошолор болуп жатпайбы. Чындыкка тике карап айтсак, түштүктө кан төгүлүп, эл муңкүрөп, мамлекеттин тагдыры кыл учунда турганда Убактылуу Өкмөттүн жетекчилиги, күч структураларынын тийиштүү башчылары, коопсуздук тармагын тейлеген чоңдор Ошко келбей коюшпадыбы. Улуттар аралык жаңжалдын жалыны жалбырттап жатканда түштүктө алардын орун басарлары жүрдү. Коогага байланыштуу аскерий чечимдер алардын орун басарлары деңгээлинде чечилип жатты. Улуттук Курал-

дуу күчтөрдүн жетекчилиги өзүнүн компетентсиздигин, чечкинсиздигин, саясый тажрыйбасыздыгын көрсөттү.

Мага белгисиз кайсы бир саясый топ кандуу калаба үчүн мени «садага» чабууга абдан аракеттенди. Бардык күнөөнү мага оодарып, мени кандуу окуялардын негизги себепкери катары көрсөтүү үчүн активдүү аракеттер жүрдү. Окуяга катышы бар жаш кыргыз жигиттерин кармап, аларды топ-тобу менен камап, мага каршы көрсөтмө берүүгө басым жасап жатты. «Мэр курал-жарак тараткан, акча берген, кыргыз жигиттерин топтогон, өзбектерге каршы тукурган» деген суу кечпеген ушак сөздөрдү сурактагылардын оозу менен айттыргылары келишти. Кыргыздын жаш жигиттерин суракта уруп-сабап, аларга басым болгону тууралуу бизде жетиштүү далилдер, видеоматериалдар бар. Сурактан бошогон жигиттер өздөрү келип, мага болгонун болгондой айтып жатышпадыбы? Массалык маалымат каражаттары аркылуу мени кандуу коогалаңдын негизги уюштуруучусу катары көрсөтүүгө аракет жасашты. Бардык күнөөнү мага оодаруу боюнча аракеттер болгондугу тууралуу менде айныксыз далилдер бар. Мен ошондо бийликтеги кыргыз улутташтарымдын бул кылыгына абдан таң калдым. Илгери ыраматылык Салижан Жигитов айткан эле: «Кыргыздын кыргыздан башка душманы болбойт, даракты курт жейт, кыргызды кыргыз жейт» – деп. Аргасыздан ошол кеп эске түшөт. Бирок «досторумдун» андай аракети майнапсыз болуп, мага жабылган жалаалар далилденген жок. Кудайга шүгүр, акыйкатты туу туткан элим бар экен, журтум бар экен, ички душмандардын мени көөлөгөн иш-аракетин таш каптырды. Себеби менин мэр катары улуттар аралык жаңжалды алдын алуу боюнча жасаган иш-аракетимди, тынчтыкты орнотууга багытталган демилгемди адилет таразалаган элим акыйкат ким тарапта экенин өз көзү менен көрдү. Батыштын жана борбордун массалык маалымат каражаттары мени каралап жатканда касиеттүү калкым мени колдоп берди. Мен аларга

түбөлүк ыраазымын! Бийликтегилер ушул нерседен чочушту деп ойлойм.

**– Эгерде сиз кыргыз элинин биримдиги, өлкөнүн бүтүндүгү үчүн башыңызды баталгага коюп, кара жанды тобокелге салып, мурдагы бийликти кайра келтирбей, азыркы бийлик менен алакаңыз келишпей жатса, эмне үчүн артыңыздан «бакиевчил», «реваншист» деген кептер ээрчип жүрөт?**

– Менимче, бүгүнкү кыргыз саясатында мекенчил, улутчул жаштардын калың катмары жаралууда. Ошондой таза адамдарды кээ бирөөлөр «акаевчил», «бакиевчил» деп бөлүп, алакандай кыргыздын ынтымагын ыдыратууну көздөгөн саясатчылар бар. Мындай саясат Убактылуу Өкмөттүн өзөгүн түзгөнү жашыруун эмес. Бирок «акаевчил», «бакиевчил» деп кыйкыргандар Убактылуу Өкмөттүн өзүндө отурбадыбы. Мисалы, 2005-жылы Курманбек Бакиевди мен бийликке апкелген эмесмин. Аны ошол Р.Отунбаева, А.Бекназаров, А.Атамбаевдер такка отургузган. Биз эмне, ак жүрөгүбүз менен Ата Мекенибизге кызмат кылганыбыз үчүн «бакиевчи» болуп калабызбы? Бул туура эмес көз караш деп ойлойм. Бир жыл эки ай аткаруу бийлигинде иштегени үчүн Мелис Мырзакматов «бакиевчи» болуп калабы? Андай аксиома менен карасак, анда азыркы убактылуу президент Роза Отунбаева накта «бакиевчи» болуп саналат, себеби Бакиевдин өкмөтүндө тышкы иштер министри болчу. Алмазбек Атамбаев анын колунда министр, премьер-министр болуп иштеди, эмгеги сиңсе керек, «Даңк» медалын алды. Учурда аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинде иштеген Акылбек Жапаров, Бакыт Төрөбаев, Ибрагим Жунусов, Элмира Ибраимова, Өмүрбек Бабанов жана башкалар К.Бакиев менен бир командада болушкан.

Эгерде, учурунда К. Бакиев менен иштешип калгандын баарын текши «бакиевчи» дей турган болсок, «бакиевчи» эмес киши барбы? Ошол эле Роза Отунбаева кийин парламент аркы-

луу министрликке өтпөй калганда гана оппозицияга өтпөдүбү. Эгерде, министрликке өтүп кеткенде, К. Бакиевге каршы чыкмак эмес экен да! А. Бекназаров оппозицияга өтөөрдөн мурун баш прокурор, Элмира Ибраимова «Ак жолдун» лидери эмес беле? Ж. Сааданбеков элчи болчу, Ф. Кулов «тандемдеши» болчу. Кыскасы, ободу «Акаевчи эмес», анан «Бакиевчи эмес» болуп чыга келгендердин тизмесин чоё берсең кагаз түт келбейт.

Мен К. Бакиев менен бар болгону бир жыл эки ай иштештим. Анан эле ондогон жылдар бою К. Бакиев менен иштешкендер «бакиевчи» болбой, мен «бакиевчи» бекемин? Менин тигилерден айырмам – кызмат үчүн бийликти сатып, экинчи тарапка өтө качпаганымда.

Бүгүнкү күнгө чейин кыргыз коомчулугунда ошол Бакиевдин убагында иштеген, азыр да ошол саясатты колдогон, «айткандары туура болчу, инсан катары ал жакшы адам эле» дегендердин катмары да бар. Мына бүгүн да түштүк элинин кыйласы Бакиевди колдойт. Бул – чындык. Ондогон жылдар бою иштешкендер, Бакиевчи болбой атпайбы. Алардын менден айырмасы, убагында бийликти сатып, экинчи тарапка өтө качкандыгында. Мына менин эң негизги айырмам. 7-апрель күндөрү тайсалдабай, соңку мүнөттөргө чейин өз милдетимди аткарууга бел байлаганым.

## 2010-ЖЫЛДЫН 7-АПРЕЛИ: КЫРГЫЗСТАНДЫН БИРИМДИГИ УСТАРАНЫН МИЗИНДЕ

**– К. Бакиев менен 7-апрелден кийинки мамилеңиз кандай мүнөздө болду?**

– Ош шаарынын мэри кызматындагы ишмердигимди өз алдымча отуруп, оош-кыйышын калчап калган мүнөттөрдө 7-апрель окуялары утур-утур эсиме келет. Саясий турмуштагы көп көрүнүш-кубулуштардын учугу, республиканы титиреткен кийинки окуялардын жандырмагы ушул күндүн уңгусуна барып такалып жатканын баамдайм. 7-апрель Кыргызстаныбыздын, кыргыз элинин турмушун кескин өзгөрткөн көрүнүштөргө башат болгон сыңары эле менин дагы башыма оор сыноолорду салган баскычтын башталышы болуптур.

Кудая тобо, тагдырдын тамашасын кара! 2010-жылдын 6-апрелинен 7-апрелине оогон түнү төрт жүз жыл тынч жаткан Тилеке баатырдын көрү козголгонун айтып келишти алайлык аксакалдар. Мен аксакалдарга: «Көрдү казып, элде мурда сөөктү сактап калгыла. Камылгасын жейли, оңдоп кайра коёлу» – дедим. Көңүлүмдүн баары өлкөнүн түндүк бөлүгүндөгү саясий процесстерге кадалып турган эле, аңгыча дал ошол күнү Бишкекте кан төгүлүү менен коштолгон окуялар – 7-апрель окуясы башталды. Эмне үчүн ушундай болуп кетти? Эмне үчүн кан төгүлдү? Болтурбай коюуга болот беле? Бул суроолор менин каңырыгымды түтөтүп, кабыргамды кайыштырат. Кээде түн уйкумдан ойготот. Ошончого – окко каршы жалтанбай чуркап, жанын берүүгө барган жигиттер кыргыздын кыйын жигиттери экен деп калам.

Азыр болжосом, кечки саат 20:00 – 20:30 чамасы болсо керек, Курманбек Бакиевдин Ошту көздөй жол тарткандыгын кабарлашты.

7-апрель, саат 21:00ден өткөн мезгил. Ал учурду эч качан эстен чыгарбайм. Бишкекте митингге чыккан ондогон азаматтар ок жеп, каза болгону кабыргамды кайыштырып, татаал сезимдердин туткунунда аэропортко келдим. Келсем аэропорт жабык, чырактары өчүк. Күн бүркөө, жамгыр жаап турат. Президенттин самолету аэропортко келип конду. Мен барып тосуп алдым. Губернатор Мамасадык Бакиров негедир тоскону келген жок. Президент шашкалактап калган, машинага чогуу отурдук. Адегенде эле: «Эл кандай?» – деп сурады. «Жакшы» – деп жооп бердим. «Силер баарын жакшы деп жүрүп, мына ушуга жеттик» – деди.

Түз эле резиденцияга келдик, губернатор тосуп туруптур. Ошол жерде өлкөнүн экиге бөлүнүшүнө жол бербей, кырдаалдан чыгууну акылдаштык. Президент оңгулуктуу эч нерсе айта алган жок. Ал ортодо мамлекеттик күзөт кызматынын башчысынын биринчи орун басары Нурлан Темирбаев, президенттик аппараттын башчысы Каныбек Жороев келишти. Президент К.Бакиев: «Эртең эл чогулса, кан төгүүгө алып барбагыла. Алардын айтканындай болгула» деген соңку сөзүн айтты. Так ошол учурда революциячылардын атынан бизге парламентарийлер келгендигин кабарлашты. Саат 22:00 – 22:30 чамасы болчу. Губернатор Мамасадык Бакиров менен чогуу аларга бардык. 16–17 киши экен, арасынан эсимде калганы Асылбек Жээнбеков, ыңкылапчы губернатор Сооронбай Жээнбековдун иниси. Кызуу талаш-тартыш болуп, кызмат орундарын өткөрүү маселеси талкууланды. Ар бири өз оюн айтты. Губернатордон ордун бошотууну талап этишти. Мэрдин кызматтык милдетин аркалоону улантуусун оң табышты. Анда мен: «Эгер керек болсо губернатор да, мен да ордубузду бошотолу, бирок элдин талабын угалы» – дедим. Эртеси саат 09:00га элди топтомой болдук.

Ушундан кийин кайра резиденцияга барып, президентке иштин чоо-жайын түшүндүрдүк. Президент Жалал-Абадга, туугандарыныкына бармай болду. Муну баарыбыз эп көрүп, аны кичи мекенине узаттык. Ага удаа президенттик аппараттын башчысы Каныбек Жороевдин катышуусунда чакан кеңешме өттү. Мындан ары кан төгүүгө жол бербөөнүн манилүүлүгү бек айтылды.

Эртеси күнү, 2010-жылдын 8-апрелинде, эртең менен аянтка эл жык чогулду. Миңге жуук киши келип: «Бакиев кетсин! Бакиев – канкор! Бакиевдин «куйруктары» кетсин»! Бакиров кошо кетсин!» – деп, ураан таштап, толкуп туруптур. Мен губернатор М.Бакировдун бөлмөсүнө барып: «Эл алдына чыгалы, күнөөбүз болсо, жазасын тарталы» – дедим. Бирок губернатор эмнегедир кечеңдетип жатты. Менин да сабырым түгөндү, элдин да чыдамы кетти. Аянтка басып баратканда эле байкаганым, эл муштумун кезеп, бизди канкорлордун катарына кошуп койгону. Биз трибунага чыкканда микрофонду сунушту. Губернатор Бакиров: «Сен сүйлө» – деп мага узатканынан маалкатып турганым жок. «Урматтуу эл-журтум! Биз эмне Кудайдын курутун уурдаптырбызбы? Чагымчылыкка алдырбайлы, эч ким эч кандай кан төкпөйт. «Кет!» – десеңер кетейли, «Кал!» – десеңер, калып иштеп берейли. Биз бөтөн элден келген жокпуз. Ушул убакка чейин адал иштеп, ак кызмат көрсөттүм» – деп айтып келип, элге суроо таштадым: «Мен иштен кетейинби же калайынбы? «Калсын» дегениңер колуңарды көтөргүлө». Котологон эл жапырт колун көтөрүп, жактап берди. Үч мертебе суроо таштадым, эл үч мертебе кол көтөрүп жактады. Мен эзели көрбөгөн элеттик жигиттер, кыязы, ыңкылапчылар болсо керек, топту жарып түз келишти да, мени колдон-буттан алып, жогору көтөрүп кыйкыра башташты: «Мелис элдик жигит! Мелис элдик мэр! Мелис чыныгы мэр!» Жерге түшүп, аяк-башымды түзөп жатсам, аянттагы караламан калк да: «Мелис! Мелис! Мелис!» – деп кыйкы-

рып жатыптыр. Микрофонду кайра колуна берип, кезекти Мамасадык Бакировго узаттым. Ал да ушул суроо менен кайрылды эле, эл аны колдогон жок. Калың элдин батасын алып, кайра иш ордума кайтканым ушундайча болгон.

**– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өлкө түштүгүндөгү коогаланды изилдеген парламенттик комиссиянын жыйынтыгын талкуулап жатканда депутат Каныбек Осмоналиев Өткөөл мезгилдин президенти Роза Отунбаевага эмне үчүн учурунда Ош шаарынын мэри Мелис Мырзакматовдун улуттар аралык жаңжалды алдын-алуу боюнча жазган катына жооп берген эмессиз? – деп суроо узатты. Эмне үчүн Сиз каккан коңгуроого Бишкектеги расмий бийлик көңүл бөлбөй койду? Тескерисинче, Сизге «бакиевчил», «наркобарон», «улутчул» деген жарлык тагылып отурат. Мунун себеби кайда жатат?**

– Туура, парламенттин сессиясында кээ бир депутаттар, анын ичинде Каныбек Осмоналиев да бар, эмне үчүн Оштун мэринин 2010-жылдын 14-майында оор кырдаалды алдын-алуу боюнча Сизге жолдогон атайын катына чара көргөн эмессиз деп Р.Отунбаевага кайрылышты. Анда өлкө башчысы мындай мааниде айтып жатпайбы: «Эмне болгон кат деп биз кийин издештирдик, таппай жатып араң таптык, чындап эле Убактылуу Өкмөттүн башчысы катары мага жолдонуптур. Эки бет кат экен, ошо кезде курчуп бараткан улуттар аралык мамилеге чара көрүү чакырыгы айтылыптыр. Арадай кепти чарадай кылып, алакандай катыма жооп болбоду, – деп ал Эл аралык комиссияга да айткан тура. Ошо кезде М.Мырзакматовдун өзү бирде оңду карап, бирде солду карап, күч кайда экенин билгенден кийин гана кыймылдап иштей баштады».

Мен Р. Отунбаеванын бул пикирине макул эмесмин, ага карата аргументтерим бар. Биринчиден, кат алакандай болобу, же жалаяктай болобу, эң башкысы ага оролгон ой маанилүү. Катта апрель-май айларында Ошто курчуп бараткан улуттар

аралык мамилени жөнгө салуу, Убактылуу Өкмөттүн кээ бир мүчөлөрүнө таянып алып ашкере активдүүлүк көрсөткөн өзбек жамаатынын лидерлерине чара көрүү сунушу айтылган. Экинчиден, көрсө менин ал катымды Бишкекте эч ким деле кунт коюп окубаптыр. Бул Убактылуу Өкмөттүн аппаратынын алешемдигинен кабар берет. Ал кезде алар бийлик бөлүштүрүү менен гана алектенип, мага «бакиевчил» деп ишенбей, мен каккан коңгуроону кулак сыртынан кетирип, кантип менден кутулуунун айласын издеп жатышкан. Үчүнчүдөн, убактылуу бийлик Ошто курчуп бараткан улуттар аралык тирешүү тууралуу менин маалыматыма ишенбей, өзбек жамаатынын лидерлерин байма-бай кабыл алып, ошолордун айтканына ынанып туруп алды. Анын аягы минтип кайгылуу аяктады.

Эгерде мен алар айткандай «бакиевчил» болсом, анда кулаган бийликтин устунун кайра тургузууга далалат кылбайт белем. Бирок мындай калпыс кадам өлкөнү түндүк-түштүккө бөлүп, мамлекеттин бүтүндүгүнө доо кетирмек. Ал жараканы бүтөө оңойго турбасын алдын-ала сездим. Ошол үчүн өлкө биримдигин сактоо максатында башымды тобокелге салып, келген да, кеткен да бийликтин колуна суу куйбай, элимдин кызыкчылыгын баарынан бийик койдум.

Эстеп көрсөңөр, 2010-жылдын 7-апрелинде К.Бакиев Ошко учуп келип, андан ары Жалал-Абадга жол тартты. Ачыгын айтыш керек, ал жактан ал ар кандай билдирүүлөрдү таратып, өлкө бүтүндүгүнө доо кетирчү иш-аракеттерди жасай баштады. Анын бир мисалы, ал апрель айынын 10–15де Ошко келип, өзүнүн бийлигин бүт түштүк аймагына орнотоюн деп активдүү аракетке өтө баштаганы. Ошондо Оштун ыңкылапчыл жаңы губернатору С.Жээнбеков баш болгон бир топ адамдар кантип Бакиевди Ошко келтирбей, убактылуу бийликтин амирин кантип коргоп калуунун амалын издеп жатты. Бакиевдин адамдары менин да колдоомду алуу үчүн аракет жасашканы чындык. Эмне кылуу керек? Бийлигин тарттырып жиберип, 87 адамдын

өлүмү үчүн күнөөлөнүп жаткан, Бишкектен кичи мекенине колдоо издеп келген Бакиевди колдоо керекпи, же түштүктө элдин ишеними менен сый-урматына арзый албаган алсыз Убактылуу Өкмөттү колдоо керекпи? Ортодо кан төгүлүп, өлкөдө карама-каршылык күчөп кетүү коркунучу даана көрүнүп калды. Бул карама-каршылык мамлекетти экиге бөлүп коёрун мен илгиртпей түшүнүп турдум. Ушундай оор кырдаалда мен ордолуу Ош шаарымдын, аны байырлаган көп улуттуу калкымдын тынчтыгын жана мамлекеттин бүтүндүгүн тандап алдым. Андан башка менде жол жок эле. Өлкөнүн түндүгү менен түштүгү кырды бычак болуп экиге бөлүнүп, ортодо кан төгүлүп кетсе мен өзүмдү өмүр бою кечире албайт элем. Анда баарыбызды Айкөл Манас атабыздын, Барсбек менен Ажыке бийдин, Адигине-Тагайдын, Тилеке баатыр менен Алымбек датканын арбагы урмак.

14-апрелде мага жаңы бийлик өкүлдөрү чыгып К.Бакиев менен сүйлөшүүнү, Ошко келтирбей коюунун жолун издөөмдү сунуш кылышты. Мен макул болдум, өлкө бүтүндүгү үчүн бул оор вазыйпаны өз мойнума алдым. Телефон чалып, Курманбек Бакиев менен сүйлөштүм. Ага кырдаалды туура түшүндүрүүгө аракет кылдым. Мен ага: «Курманбек Салиевич, эртең Ошко келем деп жатыпсыз, бирок бүгүн кырдаал опурталдуу болуп турат. Сиз 50 миң адамды митингге чыгарып, бийликти кайрып берем дегендерге ишенбеңиз. Ал мезгил өтүп кетти. Ортодо кан төгүлүп, өлкө экиге бөлүнүп калышы толук мүмкүн. Мен Ош шаарынын мэри катары шаардагы башаламандыкка жана карапайым калктын кан төгүлүшүнө жол бере албайм», - деп айттым. Курманбек Салиевич унчукпай укту. Кайра менден: «Эгерде «паланча» кишини (анын атын айтпай эле коёюн) Ошко губернатор кылып дайындасак эл аны колдойбу» – деп сурады. Ал киши даяр турганын кошумчалады. Мен ага: «Эртең митингге 50 миң киши топтоп берем деген ал эргулга ишенбеңиз, эл аны колдобойт, эгерде Ошко келсеңиз бөөдө кан төгүлөт»,

– деп айттым. Курманбек Бакиев менен сүйлөшүп бүткөн соң түз эле мэрияга келип, Оштогу жергиликтүү жана эл аралык басма сөз өкүлдөрүн чогултуп, пресс-конференция бердим. Журналисттерге ыймандай сырымды айттым. Аларга: «Мен Бакиев менен байланыштым. Абал оор. Кан төгүлүп кетиши толук мүмкүн. Бирок мен шаар башчысы катары ордолуу Ошту сактап калам (!). Кайрадан кан төгүүгө жол бербеймин» – деп сөз бердим. Эгерде пресс-конференция берип, ар бир кадамымды айкындап турбасам Убактылуу Өкмөттөгү кээ бир «досторум» «учкан самандан Самарканды сел алгандай» менин үстүмөн ушак-айыңды көбүртө беришмек. Атаганат, алардын утурумдук дөөлөт үчүн өлкө бүтүндүгүн садага чабууга даяр экенин кийин июндагы кандуу каргашада өз көзүм менен көрүп, аргасыздан баш чайкабадымбы. Бирок ага чейин алдыда эки ай убакыт бар эле...

Ошентип, Курманбек Бакиев менин айтканыма ынабай койду. Ал эл мени колдойт деп туруп алды. 15-апрелде ал тарапкерлерин чогултуп, митинг өткөзүү үчүн Ошко келди. Бирок жергиликтүү күчтөр ага каршы чыгып, аны кууп жиберишти. Ал кайра Жалал-Абадга кайтып, андан соң коңшу мамлекеттердин башчыларынын ортомчулугу менен Кыргызстандан чыгып кетүүгө мажбур болду.

Мен бул жерде мекенчил жана улутчул позицияны ээледим. Эгерде мен кичине эле Бакиевди колдоп койгондо таразанын ташы ал тарапка ооп кетмек, ал Ошко отуруп алып, бүт түштүккө өз бийлигин орнотот эле. Бирок мен өлкөнүн түндүктүштүк болуп бөлүнүшүнө, аймактык карама-каршылыктын күчөшүнө жана улутташтарымдын бейкүнөө канынын төгүлүшүнө жол бергеним жок. Ошол үчүн кээ бир күчтөр мени төңкөрүшчүлөрдүн тегирмен ташынын айланышына көмөк көрсөттү дегендей наараазы болуп жүрүшпөйбү. Бирок менин ал кездеги кадамым өлкө бүтүндүгүн сактоого багытталганынан азыр да эч бир шегим жок. Бир адамдын тагдырынан мамле-

кеттин тагдыры бийик экенин жонтерим менен билип турдум. Дагы кайталап коёюн, мен ошондо бир аз бейтарап болуп койгонумда К.Бакиев Ошто калып калмак, бийлигин кайра калыбына келтирмек. Анда тарыхтын жүрүшү башка нук менен өнүкмөк...

Ал эми «наркобарон», «бандит» деген кээ бир жарлыктардын тагылышына Убактылуу Өкмөттөгү менин кээ бир «досторумдун» салымы зор. Эми бул менин саясий оппоненттеримдин ойлоп тапканы. Мен беш баланын атасымын, таап жеген наным ак, ичкен суум таза. Өмүрүмдө чоңдорго пара берип, же кол алдымда иштегендерден пара алган жан эмесмин. Өзүмдү ишкерликтин алчы-таасын жеген, улутумдун жаңы муунунун өкүлүмүн деп эсептейм. Ошондуктан мындай жарлыктарды бирөөнүн ийгилигин көрө албаган, кыргыздын кыраан жигиттерин чөгөлөткүсү келген, өлкөнү экиге бөлүп, чыр-чатактын чырагына май тамызууну көздөгөн, апрель-июнь окуяларында менин элим үчүн аткарган ак кызматымды каралоого аракеттенген, тарыхтын өнүгүү нугун башка тарапка бургусу келген карасанатай күчтөр чыгарууда. Орустар айткандай, «ит үрө берет, кербен жүрө берет». Менин мекенчил жана улутчул позициямдан эч кандай күч тайдыра албайт. Улуу акын Байдылда жазгандай: «Кыргыз деп келип дүйнөгө, кыргыз деп өтөм дүйнөдөн!» Ошол себептен: «Алдыма алтын чачсаңар дагы түштүктү бөлүүгө жол бербейм» – деп ант бергемин өзүмө. Анткени антип да көрүшкөн.

# ЧАГЫМЧЫЛАРДЫН ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАН ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕСПУБЛИКАСЫН ТҮЗҮҮ АРАКЕТИ

**– Кандайча? Мындай кара ниет идеяны кимдер, качан сунушташты эле?**

– 2010-жылы апрель-май айларында Кыргызстанды түндүк менен түштүккө бөлүү аракети абдан күч алды. Бир мисал келтирейин, ошо жылы 10-апрелде Россия Федерациясынан бир телеграмма келди. Анын мазмуну төмөндөгүдөй: «Сиздер Ош Республикасын түзүшүңүздөр керек. Ташматов Хамидге кайрылсаңыздар жардам берет». Бул телеграмманын көчүрмөсү бизде сакталуу, ал китепке тиркелген. Мен мамлекеттин бүтүндүгүн сактоо максатында шаардын милиция жана коопсуздук кызматтарынын башчыларын чакырып, бул телеграмманы дыкат изилдеп, кескин чара көрүүсүн буюрдум. Оштогу саясый күчтөрдү чогултуп, өлкөнү бөлүп-жарган азгырыкка алдырбоону сурандым. Кийин май айларында Түштүк Кыргызстан Демократиялык Республикасын түзүү идеясын көмүскө күчтөр шаарда көтөрө баштады деген кеп тарады. Бул максатты ишке ашыруу үчүн белгисиз бирөөлөр төрт жүз миллион доллар акчаны сунушташты. Көмүскө күчтөр: «Түштүк Кыргызстан Демократиялык Республикасы түзүлдү деп жарыя кыл да, өзүң четке чыга бер, калганы биздин иш» – дешти. Алар Кыргызстанды Түштүк менен Түндүккө бөлүүнү менин колум менен турмушка ашыргысы келишти. Анткени жикчилдер өлкөнүн түштүгүндө Убактылуу Өкмөт менен теңата тирешкен менден башка саясый күчтөрдү көрө албай жатышты. Бирок мен акча-

га азгырылганым жок, жылтыр тыйындын айынан мамлекетимдин бүтүндүгүнө шек келтирүү оюма да келбеди. Менде бир гана максат, бир гана багыт бар эле: ал элибиз эзелтен эңсеп жеткен эгемендигибизди, Айкөл Манас атабыз мурас кылган кыргыз мамлекеттүүлүгүн көздүн карегиндей сактоо болчу!

Биз ошол оор кырдаалда тескери күчтөрдүн авантюрасына алынбай, кыргыз калкын экиге бөлүүнү каалаган жикчилдерге татыктуу жооп бердик, аларга баш көтөргүс сокку урдук! Ойлогон ою, тилеген максаты ишке ашпай калган соң ал жикчилдер мени: «Бакиевди сатып кетти» – деп ушак чыгарышса, Убактылуу Өкмөт тараптагы «досторум», тескерисинче, «бакиевчил» деген жарлык тагып жатышты. Бирок мен суу кечпеген бул кептерге терикпейм. Анткени эл алдында жүзүм жарык, абалтан Ошту бийлеп келишкен Ажы бий менен Алымбек датка атабыз, Абдылда бек менен Курманжан датка энебиз чыйыр салган улуу салтты татыктуу уланттым десем мактангандык болбос!

Ошол асыл инсандар башкарып турганда бөлүнбөгөн ордолуу Ош шаары алардын жетинчи урпагы саналып, алардын тарыхый эрдигине эрдемсип жүргөн менин мезгилимде бөлүнүп кетсе, Ошту реванш алууну эңсеген саясый жикчилдердин ордосуна айлантып ийсем мени касиеттүү кыргыз калкым эч качан кечирмек эмес. Бул тарыхый оор сыноодон мен татыктуу чыктым деп ойлойм. Тар жол, тайгак кечүүдө мени колдоп, ошол коогалуу күндөрү мамлекет бүтүндүгүн сактоого багытталган иш-аракетимди алга сүрөп бергени үчүн акылман элиме терең ыраазымын!

**– Убактылуу Өкмөт сизди өгөйсүнтүп атканда абалдын туруктaшуусуна кандай салым кошо алдыңыз?**

– Ошол маалда кырдаалдын мүнөт санап курчуй баштаган кези эле. Бишкекте 87 адам каза таап, 1000ден ашууну жарадар болсо, ондогон имараттар өрттөлүп, талоонго учураса, эпкини Ошко тийбей коймок эмес. Дароо ошол күнү – 8-апрелде шаардагы абалды турукташтыруунун, улуттар аралык ынтымакты сактоонун чаралары көрсөтүлгөн буйрукка кол койгом. Шаардык кызматтын бардык башчылары, анын ичинде тартип коргоо органдары дыкат иштөөгө милдеттендирилген. Бирок

айта кетейин, Таластагы окуялардан кийин тартип коргоо органдарынын негизги бөлүктөрү Чүй облусуна жайгаштырылган болчу. Ош шаарында милициянын, улуттук коопсуздук кызматынын бир ууч эле кызматкерлери калган. Чүйгө көчүрүлгөн күчтөр үч-төрт күндөн кийин гана кайтып келе башташты. Ал ортодо шаардагы бардык спорт клубдарынын катышуучуларын ошол күнү кечке жуук топтоп, «шаардын бир дүкөнү талкаланса, силер жооптуусуңар» дедим. Айтайын дегеним, алардан элдик кошуундарды курап, шаар ичин түрө кыдырып, тынчтыкты сактап турууга аракеттендик. Үч-төрт күн өткөндөн кийин гана милиция кызматкерлери менен байланышып, моралдык жана материалдык жаткан жардам бердим.

7-апрелден кийин жердин баарында бийлик өкүлдөрүн туташ алмаштыруу жайылып кетпедиби. Жетекчилерди омуроолоп барышып эле, ой-боюна койбой: «Сен – бакиевчисиң» – деп жакалап, кадрларды алмаштыруунун арааны өкүм сүрдү. Кудай бетин салбасын, улут биримдиги маселеси ансыз да устаранын мизинде турган элибизде түштүк-түндүк болуп бөлүнүү көрүнөө курчуду. Байкасам, кырдаал андан да татаалдаша турган өңдөндү. Сөзүм куру болбосун, бир-эки мисал тарта кетейин. 10-апрелде Оштогу кыргыз-өзбек университетинин ректору, өзбек жамаатынын абдан бир интеллигент өкүлү Анвар Исманжановду коркутуп-үркүтүшүп, эч кандай буйругу жок эле, жол-жобосун сактабастан кызмат ордунан мыйзамсыз бошотушту. Эртесинде жетип барсам, кара-кулжалык Чаткал аттуу жигитти ректордун креслосуна отургузуп коюшуптур койкойтуп. «Туугандарым! Ош жергесиндеги, Бишкектеги кырдаалды байкабай турасыңарбы? От менен ойногон адатыңарды койбойсуңарбы! Же силерге кресло эле керекпи? Алды-артыңарды баамдасаңар боло!» – деп катуу айттым. Ошондо Анвар Исманжановду кайра ордуна койдургам. Революциянын атына жамынып алышкандар Ош мамлекеттик университети, «Ошэлектро» сындуу маанилүү мекемеишканалардагы жетекчи кызматтарды басып алууга аракет жасашты. Бирок мен ага жол берген жокмун.

## ОРДОЛУУ ОШТУН БАШЫНА КЕЛҮҮ

**– Сиз К. Бакиевдин учурунда Кыргызстандын түштүк борборуна мэр болуп келдиңиз. Оштун маанисин көтөрүүдө кандай пландарыңыз бар эле?**

– Жашырганда эмне, ачыгын айтуу керек, Улуу Жибек жолунун тоомунда жайгашкан, 3000 жылдык тарыхы бар, ондогон улуттун өкүлдөрү жашаган Ош шаары диний экстремизм дейбизби же радикалдык ислам дейбизби, айтор, дин менен байланышкан терс тенденциялардын чордону, наркотикалык жолдордун түйүнү, дагы ушу сыяктуу негативдүү көрүнүштөр чырмалышкан аймак. Эгемендүүлүк доорунан бери Ош шаарына анча көңүл бурулган эмес. Ошту провинция катары кабылдашып, «түштүк борбору» деген номиналдуу аты болгону менен илимий-маданий борборго айландыруунун аракети өтө солгун жүрдү.

Туура, бул жерде «Ак жол» партиясы түптөлгөн, Кыргызстанды ак жолго түшүрөлү деген жакшы ниет менен түзүлгөн партия болчу. Анын жаман жолго баштаарын ким билиптир!? Биз да ошол партияга кошулдук, алыбыздын жетишинче салым коштук, өлкөнүн өнүгүү багытын оң нукка бурууга аракет жасадык. «Ак жол» партиясынын атынан депутаттыкка шайланып, бир жылдан ашуун иштедим. Жогорку Кеңеште жүргөнүмдө Ошко барып иштөө тууралуу президент тарабынан сунуш түштү. Мени чакырышып, Ошто коопсуздукту сактоонун маанилүүлүгүн, тартипти камсыздоонун зарылдыгын түшүндүрүштү. Шаарда мыйзамдуулуктун сакталышы бар болгону 30 гана пайызды түзгөн шартта жашап калган экен. Мына, чыныгы акыбал. Шаардын тагдырына кайдыгер карабай, эли-жеримдин гүлдөп өнүгүшүнө салым кошуу максатында келип иштөөгө макулдугум бердим.

Ош шаарына мэр болууга макулдук беришимдин дагы бир өңүтү бар эле. Билсеңиздер керек, чоң атабыз Алымбек датка Анжиян вилайетин бийлеп турганда Ошто бир өнүгүү жаратып, шаардын көркүнө көрк кошкон медресе курдуруп, сугат каналдарын салдырган, мектептерди куруу тууурасындагы мүдөөсү да болгонун кулагым чалган. Арадан ушунча жыл өткөн соң Ошту кайра куруу вазыйпасы менин үлүшүмө туура келгендиги мени бир эсе суктандырса, бир эсе сыймыктандырды.

Өзүңүздөр билесиздер, талапкер Ош шаарынын мэрлигине дайындоо жолу менен эмес, шайлоо жолу менен өтөт. Киндик каным тамып, өскөн шаарымдын эли мени жылуу кабыл алды. 2009-жылы 28-январда Ош шаардык кеңешинин көп улуттуу 30 депутаты тарыхта биринчи жолу улутуна, саясий абалына карабай мэрди шайлап, менин талапкерлигимди бир добуштан колдоп беришти. Ошол эле күнү Кыргыз Республикасынын президенти К.Бакиевдин мени Ош шаарына мэр кылып дайындоо тууралуу №83-жарлыгы чыкты.

Мэрлик кызматты аткарууга киришкен биринчи эле күндөрүмдө шаардагы жагдайдын өтө татаалдыгын түшүндүм, ал турсун тоскоолдуктарга туш келдим десем да болот. Мыйзамды сактоонун өтө төмөн деңгээли, мыйзам тууралуу элдин түшүнүгүнүн чар-жайыттуулугу, ар түрдүү диний агымдардын таасириндеги жаштар, жума күндөрү мектептин ордуна жапырт мечитке барууну өнөр көргөн окуучулар – Ош шаарындагы кадыресе турмуштун бир эле үзүмү. Мен мокогон жокмун, чар-жайыт ойго да алдырган жокмун. Мамлекетибиздин кендирин кесип аткан ушундай оор көрүнүштөргө күбө болгон соң кыргыз мамлекетинин келечеги, ири алды аймактык бүтүндүгү үчүн жан-дилимден кызмат өтөөгө бел байлап койгом. Бир-эки ай иштеген соң кырдаалдын өтө оордугун айтып, мамлекеттүүлүккө доо кетирчү көрүнүштөрдү атап, анын ичинде кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптаныш процесси, катышы Ош шаарын кыйгап өтүп жатканын, Ош шаары кайсы бир даражада унутта калганын жүйө келтирип, абалды оңдоо боюнча сунуштарымды президентке тапшыр-

дым. Натыйжада Ош шаарын өнүктүрүүнүн, жаңыланган шаар программасын сунуш кылдым. Аны президент кабыл алды. Ал турсун ушул программаны ийне-жибине чейин иштеп, негиздеп чыгуу боюнча атайын жумушчу тобу түзүлдү. Биз Кыргызстандык көрүнүктүү эксперттердин, алдыңкы окумуштуулардын катышуусу менен бир жарым ай бел чечпей, билек түрүнө иштегенбиз.

2010-жылы 20-мартта «Жаңыланган Ош» программасы шаардык депутаттар, президенттин катышуусу астында талкууланып жактырылган. Программа тууралуу кыскача түшүнүк бере кетейин. Жылдан-жылга көркү качып, өңү оңуп, дүпүйгөн чоң кыштакка айланып бараткан шаарыбыз бир калыпта өнүкпөй, инфраструктурасы артта калып, калк жыштыгы жыл санап жогорулап, элди турак жай менен камсыздоо оор эле. «Социалдык жарылуунун ирегеси» деп аталып жүргөн жагдайга кептелип калганбыз. Курч абалды түп-тамыры менен чечүүнүн рычагдары камтылган программанын өзөккү жоболору төмөндөгүдөй эле: мамлекеттин катышуусун жогорулатуу, бир канча министрликтердин, анын ичинде коргоо министрлигинин, миграция иштери боюнча мекемелердин Ош шаарына көчүп келүүсүнө шарт түзүү, бийликтин бир бутагын, маселен, парламентти түштүккө жайгаштыруу, моноэтностук кварталдык аймактардагы мамлекеттин катышуусун көтөрүү, элди жер менен камсыздоо, улуттук генофонд тууралуу кам көрүү ж.б. Ушул иш-чараларды аткарууга жарым жылдык убакыт ичинде 50 миллион долларга жакын акча каражатын сарптоо каралган болчу! Илгери үмүт менен жашап атканбыз, программаны турмушка ашыруунун алгачкы этаптары башталган болчу. Биринчи эле презентацияда журтчулук жалпы колдоп: «Белди бекем буу, биз сага жардам беребиз» – деп бата беришкени мени шыктандырган эле. Ушундай кыйын кырдаалда, Апрель окуясынын капшабы тийген шартта да коомчулуктун жардамына таянып, бир да талап-тоноочулукка, өзүм билемдикке, мыйзамсыздыкка жол бербестен, Ош шаарындагы туруктуулукту революцияга чейинки учурдагыдай сактап кала алдым. Бирок биздин илгери ой-тилекти улутчулдардын жүрүштөрү, улутчул чакырыктары бузуп жатты.

# КООГА АЛДЫНДАГЫ КАДРДЫК БАШАЛАМАНДЫКТАР

**– 7-апрелден кийин Убактылуу Өкмөт жер-жерлерге өз кишилерин дайындоо менен алектенди. Кызмат талашуу кычады. Оштогу жагдайга токтолсоңуз?**

– Ошол эле К.Батыровдун, И.Абдурасуловдун мезгил-мезгили менен Ош шаарынын тургундарынын тынчын кетирип, жолугушууларда ээн ооздонуп элди козуткан, дүрбөткөн ар кандай чакырыктарга жол бериши мени кооптондурду. Экинчи жагынан, алардын кырдаалды курчуткан иш-аракеттерине Убактылуу Өкмөт тарабынан бөгөт коюлбай, чара көрүлбөй жаткандыгы абдан ардантты. Ошого карабастан биз борбордук бийликти тынымсыз эскертип, жагдайды маалымдап жаттык. Жан алакетке түшкөн жаным коомчулукка бир катар кайрылууларды жолдодум. «Окуялар мындай нукта уланса, жаза тайып кырдаал көзөмөлдөн чыгып кетсе, эч кандай курал, эч кандай танк бизди сактап кала албайт» – деп эскерткенимди замандаштарым танбаса керек. Ал ортодо кадрларды туш келди алмаштыруу тажрыйбасына, билимине карабай маанилүү кызматтарга дайындоо улантылып жаткан. Мына ушул коогалаңдуу окуялардан мурда, 7-июнь күнү мага билдирилбестен, эскертилбестен туруп Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын башчысынын алмаштырылганы, шаардагы оперативдик жагдайды жакшы билген Курсан Асановдун ордуна тажрыйбасы азыраак Болот Нышановдун Убактылуу Өкмөттүн мүчөсү И. Исаковдун талабы менен дайындалганы мени өкүндүрдү. Абал ушунчалык курчуп турганда, анан да менин макулдугум-

суз алмаштырылганы андан бетер өкүндүрдү. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн өзү башкаруу жөнүндөгү жобосуна ылайык мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери, анын ичинде ички иштер башкармалыгынын начальниги мэрдин макулдугу менен дайындалып, мэрдин макулдугу менен бошотулушу керек эле (Жобонун N1 жана N8 беренелерин караңыз). Эмне дейбиз, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, мамлекеттүүлүктүн эрежелери көз көрүнөө тебеленип, тепселип жатты.

Жогоруда айткандай, Ош шаарында турмуш-тиричилик деңгээлиндеги майда-барат чыр-чатактар боло берет. Бирок акыркы мезгилдерде ушундай ар бир окуянын саясат менен байланыштырылышы, саясий боёктун сүртүлө берилиши баарынан чоочутканын да айттым. Себеби мындай окуялар чагымчылар тынбай аракеттенип жаткандыгынан кабар берип жатты. Ушундай окуялардын биринде, 7-июндан 8-июнга оогон түнү Ош шаарынын «Фуркат» чайканасынын жанында эки кыргыз баланы бир өзбек бычактап кетиптир. Ички иштер министрлигинин жетекчисинин, ички иштер бөлүмүнүн жетекчилеринин тажрыйбасыздыгы да, жаңы дайындалган жетекчи Болот Нышанов Бишкек шаарына жыйынга кетип жатпайбы! Кийинки күндөрү, айрыкча 10-июнь күнү да кырдаал оор бойдон калгандыктан мен Болот Нышановдун тез арада Ош шаарына келүүсүн талап кылдым. Дал ошол күнү кечинде, компьютердик оюн залында өзбек бала менен кыргыз баланын кайым айтыша кетип, чатакташканы тууралуу кабар мага жетти. Ошол түнү ички иштер башкармалыгынын башчысы Болот Нышанов да Бишкектен учуп келди. Бирок кайсы мүнөттө, кайсы көз ирмемде болбосун чатак чыгып кетчүдөй туюлуп, кырдаал терең бушайманга салды. Жаңылбаптырмын.

**— Коогандын алгачкы күндөрүндө өзүңүздүн эки орун басарыңызды — Тимур Камчыбековду жана Бакыт Аманбаевди**

**алмаштырдыңыз. Мындай кадамга барууга эмне себеп болду эле?**

– 2010-жылы 11-июнда түнкү саат экиде Ош шаарынын мэринин, облус губернаторунун ыйгарым укуктарын комендантка өткөрүп берүү тууралуу Убактылуу өкмөт башчысынын декрети чыкты, анын номери белгилүү. Кийин мен эки орун басарымды иштен бошоттум. Эми орун басарларымдын икаясын айта кетпесем болбостур.

Мага «Бакиевчи» деп жалаа жапкан Убактылуу Өкмөт жер-жерлерде кадрларды туш келди алмаштырып, «Апрель революциясынын мектебинде такшалган» ишенимдүү кишилерин маанилүү орундарга отургузууга ынтаалык менен киришкен эле. Менин эки орун басарым революциялык толкунда көтөрүлгөн кадрлар болчу. Апрель окуяларынан кийин Убактылуу өкмөттүн башчысы Р. Отунбаеванын декрети менен мэрдин биринчи орун басарлыгына Тимур Камчыбеков дайындалган. Убактылуу өкмөттүн мүчөсү Исмаил Исаковдун талабы менен Бакыт Аманбаев да мэрдин социалдык маселелер боюнча орун басарлык кызматына келген.

Бул «баатырлар» эмне шык-жөндөмү, билим көрөңгөсү менен Убактылуу Өкмөт мүчөлөрүнүн көзүнө илингендигине алигиче таңмын. Кыйчалышта кыйналып атсак Бакыт Аманбаев 9-июндан тарта жумушка чыкпай койду. Шаардык мэриянын ишинин социалдык тармагына жооптуу кишинин дарексиз кетип калгандыгын, эң оор мезгилдерде жумушка чыкпай, кара башынын амандыгын ойлогондугун эмне деп аташ керек? «Жоо кеткен соң кылычыңды ташка чап» деген макал бар. Анын сыңарындай Б. Аманбаев: «Ошко баргам, бирок кире албай койдум» – дептир кийин соңунда. Өзүнүн суу жүрөктүгүн жаап-жашыруу максатында айткан сөзү. 9–11-июнь күндөрү мен ага телефон кагып, жумушка тез чыгуусун талап кылдым. Мен Ош үчүн туруп берүүгө дилгир кызматкерлеримдин келиши үчүн керек болсо бир БТРди дайындап, адамдарымды жиберүүгө даяр элем.

Тимур Камчыбековду мамлекеттик маанилүү кызматка таптаган Убактылуу Өкмөттүн жоругу жолдо калсын. Т. Камчыбеков көп жылдардан бери психикалык жактан оорулуу адам катары Ош облустук психикалык ден соолук борборунда каттоодо турат. Амбулатордук картасынын номери: 2633. Ал жигит мурда да мамлекеттик маанилүү кызматтарга илинүүгө умтулган бейм, Улуттук Коопсуздук кызматынын Ош облусу боюнча башкармалыгы 2007-жылы эле кызматтык зарылдыкка байланыштуу анын психикалык каттоодо турган-турбагандыгын текшерткен экен. Т. Камчыбеков өзү да көзүнө көрүнчү көрүнө берээрине даттанып, врачтын такай көзөмөлүнө муктаж. Анын 2007-жылы врач-психиатрга тамганы жаңы үйрөнгөн окуучунукундай тайраландаган кол менен жазган арызын үтүр-чекитине чейин бузбай келтирейин: «Менин арыз берүүмдүн себеби төмөнкүчө: мени акыркы 2 жылдан бери көзүмө ар нерсе көрүнүп, жиним тез келип, башым көп ооручу болду. Сизден сураныч ООИПЗге жаткырып дарылаңыз».

Убактылуу Өкмөттүн мына ушундай кадрларга таянып, Ошто кадыр-барк күткүсү келгендиги күйгүзөт. Депутат кезинде Роза Отунбаева Тимур Камчыбековдун Оштогу лагманканасына келип, сый көрүп жүргөнүн билчү элем, бирок аны мага каршы тукурат деп күткөн эмесмин. Колдоочулары сыртыман тон бычып атышса, балээни баш иеби тигилер. «Ошол жерде отура берсеңер, жакында Мелисти кетиребиз, акыры ордун ээлейсиңер» – деп коюшкан экен, тигил экөө буйруктарымды ыргылжың аткарып, мага кыйла моюн толгошту. Айлам кеткенде аларды чакырып алып, минтип айтышка туура келди: «Кыргыздын макалы бар: «Бирөөгө ор казба, ор казсаң терең каз, өзүң түшүп калба».(!) Акыры алар өздөрү казган орго өздөрү түшүштү...

Тимур Камчыбековго олуттуу тапшырма берүүнүн өзү опурталдуу болчу. Коркоктук кылып ишке чыкпай койгон же деникарды соо эместигин тастыктаган документи бар адамдарга кайрыла албасымды, ишене албасымды түшүнүп, ордуларына дароо башка адамдарды дайындоого аргасыз болгонум ошондон.

## КАНДУУ КАЛАБАДАГЫ УШАК. БЕТПАРДАСЫ СЫЙРЫЛГАН ГЕНЕРАЛДАР. КЫЛЫМГА ТЕТЕ МҮНӨТТӨР

**– Ош коогасында өзбек сепаратисттери Өзбекстандан жардам күткөн деген божомолдор айтылды эле. Кээ бир маалымат каражаттары, серепчилер кычуулары канбай калгансып, эмне себептен Өзбекстан жардамга келген жок деген суроону азыр да козгошууда. Ошондой болушу мүмкүн беле?**

– 2010-жылдын 12-июнунан 13-июнга караган түнү Убактылуу Өкмөттүн түштүк аймактагы өкүлү, генерал Исмаил Исаков түнкү 24:00дө шаар жана облус жетекчилигин, ички иштер жана коопсуздук башкармалыктарынын башчыларын чукул жыйналышка чакырып калды. Барсак, Коргоо министрлигинин Башкы чалгындоо башкармалыгынын (ГРУ) жетекчилери, Куралдуу күчтөрдүн түштүк группасынын башчылары, шаардын жана облустун комендаӊты, айтор, бир топ генералдар топтолуптур. Генерал И.Исаков кыскача сөз сүйлөдү. Чалгындоо кызматынын маалыматына караганда, күндүзү Өзбекстандын Анжиян шаарына 20 атайын рейс менен самолетто тандалма жоокерлерди түшүрүптүр. Алардын максаты – Ош шаарына чабуул коюп, областтык жана шаардык жетекчилердин көзүн тазалоо, ички иштер жана коопсуздук башкармалыктарын талкалоо, негизги коммуникациялык түйүндөрдү иштен чыгаруу, шаардын инфраструктурасын тыптыйпылын чыгаруу жана аймактагы аскер күчтөрүн сүрүп салуу. Өзбекстан тараптан кол салчу тандалма жоокерлердин саны 5000 адамдын

тегерегинде болушу мүмкүн экендигин кыргыз чалгындоо кызматынын жетекчилери билдиришти. Алдын-ала маалымат боюнча, операция беш саатка созулат жана анын башталышынын белгиси катары таңкы саат төрттө азан айтылат.

Жыйналышта бир гана маселе талкууланды: мамлекеттик чек араны бекемдөө, аскер техникаларын согушка даярдоо, шаардын кварталдарында элдик коргонуу кошуундарын уюштуруу. Генерал И.Исаков жыйналышта: «Ош шаарында мэр Мелис Мырзакматов калат, сени менен шаардын коменданты Курсан Асанов болот. Сенин милдетиң Өзбекстан тараптан кол салчу тандалма жоокерлерге каршы туруп, шаарда жарандык коргонууну уюштуруу жана аялдар менен балдарды эвакуациялоо», – деди. Ортодо саамга жымжырттык өкүм сүрдү. Бир аздан соң генерал И.Исаков: «Бизге кол салышы күтүлүп жаткан тандалма аскерлер кезегинде Тажикстандын Ленинабад шаарын, Өзбекстандын Анжиян шаарын бошотушкан. Аёо дегенди эгерим билбеген башкесерлер. Андыктан катуу даярданып, аларга татыктуу жооп беришибиз зарыл» – деп кошумчалады. Мен: «Шаар тургундарын дүрбөлөңгө түшүрүп албайлы, анда душман менен күрөшүү абдан кыйындайт», – дедим. «Сен тополоңго алдырбай жарандык коргонуу уюштурасың» – деди мага жооп иретинде И.Исаков. Макул болдум. Аскер адамы эмеспи, К.Асанов да макулмун дегендей баш ийкеди.

Бирок жүрөктө кандайдыр бир түпөйүл сезим жандүйнөмө тынчтык бербей турду. Себеби шаарда коменданттык саат өкүм сүрүп жаткан. Мыйзам боюнча менин ыйгарым укуктарым комендантка берилген. Бирок шаардагы жарандык коргонууну мага тапшырды. Шаарда жалгыз өзүм калдым, аябай ачуум келди. Коркунучсуз бейгам күндөрү Ошто күтүрөп жүрчү Бишкектен келген чоңдор, аскер армиясынын башчылары жана областтын коменданты кайда кетти?

Кандай гана болбосун шаарды коргоо боюнча берилген буйрукту аткарышым керек эле. Чукул түрдө мэриянын кызмат-

керлерин, шаардык депутаттарды топтоп, Ошто жарандык коргонууну уюштуруу боюнча тапшырма бердим. Орун басарларымдын бирине абал оорлошсо аял жана жаш балдарды эвакуациялоону буйрудум. Экинчи орун басарыма шаардын көчөлөрүнө баррикадаларды уюштуруп, ыктыярдуу куралдуу топторду түзүүнү тапшырдым. Айтор, жарандык коргонуу боюнча зарыл болгон чараларды көрдүк. Калаанын кире бериш дарбазаларына блокпостторду койдуруп, шаардан эркек кишилердин чыкпашын буйрудум. Бирок шаар калкы дүрбөлөңгө түшүп, колунан келгени үй-бүлөсүн алып Ошту тезирээк таштап кетүүгө ашыгып жатышты. Азыр айтсам боло берет, дүйнө топтогон киши коркок болот экен. Көбүнчө бардар турмуштагы байлар качып, оокаты орто же турмушу жакырыраак карапайым кишилер шаарды коргоочулардын алдыңкы сабында болушту. Аларга өмүр бою ыраазымын. Ата Мекен үчүн опурталдуу ошол оор сааттарда мен карапайым калкка таянып, алардан кайрат-күч алып жаттым...

Шаарды жарандык коргоо боюнча тийиштүү тапшырманы берген соң стратегиялык объектилерге коюлган блокпостторду түрө кыдырып чыктым. Күзөттө турган аскерлерди текшерип, дем берүү максатында алар менен эки ооз кеп алыштым. Андан соң жанымда күзөттө жүрчү беш-алты жигитти ээрчитип, шаардык мэрияга келдим. Шаардык кеңсенин ар бир кабатына жигиттерди күзөткө коюп болгон соң эшиктин алдындагы тепкичке көчүк бастым. Саатты карасам таңкы саат 03:20 экен. Сырткы күчтөрдүн болжолдонгон чабуулуна дагы жарым сааттай убакыт калыптыр. Чылым тутантып, мэрияга кирчү таш тепкичте ойлуу отурдум. Мезгил токтоп калгандай туюлат. Шаарда тунжураган жымжырттык өкүм сүрүүдө. Жада калса иттин үргөнү, короздун кыйкырганы угулбайт. Көчөдө жылт эткен машиненин жарыгы эмес, өйдө-төмөн өткөн адамдын караан көрүнбөйт. Мамлекеттин бүтүндүгү үчүн тагдырды тобокелге салчу учур келгенин, керек болсо кара башты баталгага коюу зарылдыгын түшүндүм.

Күнгө 13-июнь эле. Тапанчамды кабынан чыгарып карасам 13 огу бар экен. Бир окту чыгарып, чөнтөгүмө салып койдум. Эгерде душмандар менен атышып жатып тапанчамдагы огум ада болсо акыркысын өзүмө колдоноюн деген ой менен. Ошо кезде мага жарандык коргонуу боюнча көрүлгөн чараларды маалымдоо максатында комендант Курсан Асанов телефон чалып калды. Андан аскерлердин күжүрмөн духун сурадым. «Шаардагы бардык стратегиялык объектилерге коргонуу коюлду. Аскерлердин духу бийик. «Ким мени менен калып, шаарды коргогусу келет? Калгысы келгендер бир кадам алга» десем, аскерлердин баары алдыга чыгышты. Кашык каныбыз калганча ордолуу Ошубузду, ыйык Ата Мекенибизди коргойбуз» – деди ал. Сөзүнүн акырында мени менен коштошконсуп мындай деди: «Меке, балдарым жаш эле, эгерде согушуп жатып о дүйнө кетсем, ошолорго көз сала жүр, досум». Экөөбүз акыретте бир болууга макулдаштык.

Ошол учурда ушундай маанидеги «акыркы сөзүн» айтып калуу үчүн Ички иштер министрлигине караштуу «Шер» тандалма жоокерлер отрядынын командири, подполковник Бакыт Айыпов чалып калды. Ал мага жакын тууган болуп кетет. «Мелис аке, Сиздин өмүрүңүзгө коркунуч туулуп жатканын уктук. Ошон үчүн суранып жатып, отрядым менен шаарды коргоого чыктым. Биринчи чабуулду биз каршы тособуз. Мамлекетибиз чоң коркунучта. Бирок биз аны душманга тепсеттпейбиз. Эгерде шейит кетсем туугандардын баарына айтып коюңуз, мен аларга эки дүйнөдө ыраазымын. Сөөгүмдү өз колуңуз менен аруулап жерге бериңиз. Мен Сиз менен сыймыктанам, Мелис аке» – деди ал.

Кыйын кырдаалда чогуу иштеген досуң менен жакын тууганыңдын коштошор керезин угуу абдан оор экен. Башыма ордолуу Оштун эртеңки келечеги кандай болот деген суроо келип жатты. Эгерде Ошту алдырып ийсек, анда Кыргыз мамлекеттүүлүгүнө доо кетип, улуттун туусу жыгылары анык. «Ба-

ланча Ошту башкарып турганда сырткы душмандар шаарды тебелеп, кыргыздын кызын күң, уулун кул кылган» – деп, тарыхта жаманатты сөз каларын ойлогондо жигиттик намысым ойгонуп кетти. Жүрөк дүкүлдөйт. Кандай гана болбосун кыргыздын намысын алдырбоонун айла-амалын ойлоп жаттым. Айкөл Манас атабыздын арбагына сыйындым. Капыстан көз алдыма Ошту эчен жыл бийлеген чоң аталарым Тилеке баатыр менен Алымбек датканын сүрдүү караган элеси тартылды. Алар мага: «Кайраттуу бол, уулум, алакандай элиңди кандуу калабадан аман-эсен алып кал. Касиеттүү Ошту биз душманга эч качан тепсеткен эмеспиз, сен да тепсетпе (!)» дегендей ишарат бергенсиди. Селт этим. Саатты карасам таңкы 03:40 экен.

Кайрадан ойго чөмүлөм. Сепаратисттердин жана алардын Бишкектеги «демөөрчүлөрүнүн» айынан эки бир тууган эл кандуу калабага кабылганы аз келгенсип, эми эки коңшу мамлекет араздашканы калдыбы? Кантип эле Өзбекстан Республикасынын президенти, дүйнөлүк деңгээлдеги тажрыйбалуу саясатчы Ислам Каримов куралдуу кагылышууга жол берсин? Мындай нук менен кетсек Борбор Азия мамлекеттеринин келечеги эмне болот? Биз улуттар аралык жаңжалдын отун өчүрө албай жатканда аны жөнгө салуунун башка айла-амалы бар беле? Абалтан ирегелеш жашаган Кыргызстан менен Өзбекстанды сактай көр деп, Жаратканга жалбардым...

Жанымда бир гана куралчан сакчы жүрөт. Калгандарын жарандык коргонууну уюштуруу үчүн шаарга о мурда эле жөнөткөнүмдү эстедим. Иш бөлмөмө кирип, орун басарларымдын коргонуу даярдыгын бир сыйра телефон аркалуу текшерип чыктым. Сааттын чыкылдаган жебесин карайм. Убакыт токтоп калган сыяктуу сезилет. Ар бир мүнөт кылымга тете болуп чыкылдап жатты. Көз алдыма 78 жашында дүйнө салган ыраматылык атам Жоошбай тартылат. Ал мага: «Өз камыңды эмес, эл камын ойло, элден өткөн улуу сынчы жок, уулум, ар дайым эл менен бол, эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң

кийиксиң» – деп көп айтчу эле. Атамдын керээзин аткарууга аракет кылып келем. Кечеги Апрель окуяларында да, бүгүнкү Ош коогаларында да элим менен бирге болдум. Атамдын атына эч качан акаарат кеп келтирбейм деп сөз бердим, сааттын жебесин карап жатып. Негедир акыретти эстейм. Анткени мен да Курсан Асанов менен Бакыт Айыпов сымал эле Мекеним үчүн өлүмгө даяр болчумун. Кайрадан саатты карайм, сааттын жебеси токтоп калгандай туюлат...

Оштогу абалды ошол саамдарда бир дагы жогорку даражалуу жетекчи сурап койбоду. Мага жарандык коргонуу уюштур деп тапшырма бергендер ал иштин даярдыгы кандай жүрүп жатканынан кабар да алышкан жок. Кумга сиңгендей өздөрүнүн дабышы билинбейт. Өкмөттүк телефондор унчукпайт. Убактылуу Өкмөттүн бир мүчөсүнө шаардагы абал тууралуу маалымат берейин деп телефон чалсам жооп болгон жок. Кыязы, терең уйкуда жатса керек...

Күткөн мезгил келип, таңкы саат 04:00 болду. Шаардагы мечиттерден азан айтыла баштады. Ордолуу Оштун биз күткөн тагдыр чечер мүнөтү келди. Атышуу качан башталат деп айланага кулак түрөм. Жанымдагы жансакчым автоматын колго алып, атышуу үчүн ыңгайлуу жай даярдап жүрөт. Дароо Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын башчысынын орун басары Рыспек Мырзаматовго телефон чалып, кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасындагы кырдаалды сурадым. «Чек ара тынч, кол салган эч ким жок» – деди Р.Мырзаматов. Беш мүнөттөн соң ага кайра телефон чалдым. Дагы тынч. Ошентип таңкы саат 5ке чейин телефон менен байланышып турдум. Чек араны бузган душмандын караанды көрүнбөйт. Саат 5те айланага жарык толук түштү. Айкөл Манас атабыздын руху колдодубу, же Тилеке баатыр менен Алымбек датканын улуу деми болдубу, айтор, ал күнү Ошко эч ким бастырып келген жок. Кийин билсем, бул Өзбекстан президенти Ислам Каримовдун акылдуу саясатынын жемиши экен. Ордолуу Ош элинин аты-

нан ага чоң ыраазычылык билдиргим келет. Дагы бир жолу айтайын, көсөм чечими менен Борбор Азияны чоң апааттан сактап калды!

Сырттан душман келбесе да оор учурда жумуш ордумду таштап кетпей, аскерлер менен аралашып жүрүп өз шаарымды сактап калдым деп эсептейм. Кыйын кырдаалда элимдин алдыңкы сабында болуп, душман менен кашык каным калганча кармашууга даяр элем. Таң супа салганда: «Элиме «каруумду казык, башымды токмок» кылып кызмат кылам» – деп дагы бир ирет Жаратканды алдында сөз бердим. Ошол оор мүнөттөрдө Мекен чегин коргоо үчүн башын саюуга, жанын кыюуга даярдыгын билдирген кыргыздын эр жүрөк азаматтарына таазим этем. Бирок кийин Ош коогасынан пайда издеген жасалма «баатырлар» чыкты. Ой-тобо, алардын ошо түнү жасаган «эрдигин» укканда аргасыздан жакамды карманам.

## КАНДУУ КООГАГА БАКИЕВДИН КАТЫШЫ БАРБЫ?

**– Коогалаӊ маалында Убактылуу Өкмөт «үчүнчү күчтөр», «бакиевчилер» аралашкандыгын көп оозанды. Бакиевдин ролу канчалык, кайсы «үчүнчү күчтөр» жөнүндө сөз жүрүп жатат?**

– «Бакиевчилер» деген кеп суу кечпейт. Болбогон бир шылтоо. Баята айтканымдай, Убактылуу Өкмөт түштүк аймактарын дурус көзөмөлдөй албай, улуттук биримдиктин үгүтүн жүргүзө албай, регионалдык тирешүү курчуган кезеӊ болчу. Түштүктөгү карапайым калктын түшүнүгүндө Курманбек Бакиев жөн жерден жабыр тартып калган. Элдин карапайым түшүнүгүн кантип оодаруу керек эле? Убактылуу Өкмөттүн көктөн издегени жерден табылып, калкты алдоонун мүмкүнчүлүгүн илгиртпей колдонду. «Бакиев уюштурду», «бакиевчилердин жүрүшү» деген түшүнүктөрдү ишке киргизүүгө жан үрөдү. Бирок мурдунан алысты көрө албаган шоркелдейлер элди кайрадан кайраштырып, ошол кылыгы менен өздөрү түштүк элинен ого бетер алыстап атканын аӊдаган жок. Демек, алардын жаман оюнда Кыргызстан калкынын жарымы «бакиевчилер» турбайбы? Көрсө, Кыргызстандын аймактык бүтүндүгүн көксөгөндөр Кыргызстанга душман турбайбы?

Албетте, мурдагы эки президенттин маалында улуттук саясаттын оош-кыйыштары болгон, бирок алар теӊ салмактуулукту сактай алышкан. Ал эми Убактылуу Өкмөт таразанын мелт-калт эткен көзүндөгү теӊ салмактуулукту жоготту, сепаратисттер менен коюн-колтук алышып, ымала күттү. Ас-

кар Акаев менен Курманбек Бакиевдин учурунда мындай болгон эмес. Айрандай төгүлгөн абийирин жабуу максатында күнөөнү К. Бакиевге оодара салуу жакшы эмес, кандуу окуялардын тамыры Аскар Акаевдин дооруна такалат деп ырастоо да чындыкка коошпойт.

Эл аралык комиссия дагы Бакиевдин тиешеси жоктугун ырастады. Эгерде эл аралык комиссия бирдемени туура баамдаган болсо, анда ушуну туура баамдаган.

**– Конфликт учурунда жалданган адамдардын кармалгандыгы айтылды эле?**

– Жалданма адамдар кармалды дегендер тирүү. Ош шаарында, арабызда эле жүрүшөт. Жалданмалардын колго түшүрүлгөндүгүн жөнөкөй адамдар эмес, аскер адамдары, Кубатбек Байболов, Азимбек Бекназаров баш болуп борбордук телеканалдардан айтышкан. Жалданмалардын ок атуучу куралдары тууралуу да маалыматтар таратылган. Бирок бул маалыматтардын аягы жабылып калды. Бул табышмактуу маалыматтар эмнеге аягына чейин изилденбей калды, аны коопсуздук күчтөрүнөн жана Убактылуу Өкмөттөн сураш керек.

# ИСПАНИЯЛЫК «ЭЛЬ ПАИС» ГЕЗИТИНИН ТООДОН ЖИНДЕНГЕН ЖАШТАРДЫН ТҮШКӨНҮ ТУУРАЛУУ ЖАЗГАНЫ

**– Эл аралык билдирүүлөрдө, кээ бир маалымат каражаттарында тынч жаткан Ошко тоодон түшкөн кыргыздар капылет кол салып, чатак ошондон тутанганы айтылат.**

– Караандай калп. Шаардык администрациянын документтери, ички иштер жана коопсуздук кызматтарынын маалыматтары чатакты сепаратисттердин тилине кирген өзбек жамаатынын айрым деструктивдүү күчтөрү капыстан баштагандыгын ырастаарын айтпадымбы. Анын далилдерин тийиштүү комиссияларга бергенбиз.

Ал эми «чатакты тоодон түшкөндөр баштаганы» тууралуу сөздүн жайылышына дале болсо кырдаалды жеткилең түшүнбөгөн өлкө жетекчилиги күнөөлүү. Кайра эле элди кайраштырып, өлкөнү өз колдору менен бөлүүгө умтулуп атышканын байкабай жатышат!

Өткөөл мезгилдин президенти Р. Отунбаева 2010-жылдын 30-июнунда Испаниянын «Эль Паис» гезитине маегинде: «Эртең менен тоодон жинденген жаштар түшө баштады. Алар өкмөт мүчөлөрүн өзбектерди коргоп жатасыңар деп тик учагын ташбараңга алышты. Ошто адамдар аскер техникасын басып алып, тынч элге ок ата башташты», – деп айтып жатса, көктөн издегени жерден табылган чагымчыларга дагы эмне керек?

Ошко сырттан келгендерди киргизбөөнүн кандай чараларын сунуштаганымды, өзүм Ноокат багытында эмне жасага-

нымды айттым. Эгер Ошко тоодон түшкөндөр кирип кеткен болсо, ал кайсы бир даражада Убактылуу Өкмөттүн шалаакылыгынан деп санайм.

Р. Отунбаеванын жогорудагы айткандары Ошто ошондо кан кечип жүргөн кыргыз жаштарынын жана жакындарынан ажырагандардын кыжырын кайнаткан.

**– Парламентте кандуу кооганын жыйынтыгы талкууланып жатканда Убактылуу Өкмөт башчылары биз согушту экиүч күндө токтото алдык дешти. Мунун канчалык чындыгы бар?**

– Улуттар аралык кандуу калаба Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрүнүн эмес, коомчулуктун күчү менен токтоду. Тескерисинче, Убактылуу Өкмөт шыктандырган сепаратисттер Кадыржан Батыров, Иномжан Абдурасулов, Карамат Абдуллаевага алданып калганын түшүнгөн кээ бир өзбек улутундагы туугандарым азыр: «Аттиң» – деп арман кылышууда. Сепаратисттердин лидерлерин кармап, бизге соттоп бергиле дешүүдө.

Албетте, кооганы токтотууда укук коргоо органдарынын үлүшү аз деп айта албайм. Колдон келген аракетти жасашты. Бирок жарашуу жараянында башкы ролду коомчулук өзү ойноду. Кыргыз менен өзбек калкы бул провокация экенин илгиртпей түшүндү. Ошол үчүн кандуу калаба токтоду. Тополоңдун тез токтоп, бейпил замандын өз нугуна түшүшү бул эки бир тууган элдин тамырында душмандыктын угуту жоктугун далилдейт.

## ТАЛАШКА ТҮШКӨН МЭРЛИК ТАК

**– Сиздин кандайдыр бир нейтралдуу позицияңыздын аркасында Убактылуу Өкмөт түштүктө өз таасирин арттырган экен. Анда эмнеге 2010-жылдын июль-август айларында Убактылуу Өкмөт Сизди кызматтан четтетүүгө аракеттенди?**

– Туура, Кыргызстандын бүтүндүгүн сактайм, кыргызды түндүк менен түштүккө бөлбөйм, кан төгүүгө жол бербейм деген аракетимдин аркасында Убактылуу Өкмөттүн түштүктөгү алсыз позициясы бир топ чыңалганын мойнума алам.

Анда эмне үчүн алар мени кызматтан кетирүүгө аракеттеништи? Себеби мен алардын тамагына тыгылгын кылкан болуп турдум, агын ак, көгүн көк деп, кетирген каталарын көзүнө сайып көргөзүп жаттым. Тигил, же бул кылган иштери карапайым элдин кызыкчылыгына туура келбесе – бул бийлик өз элине каршы иш жасап жатат дедим. Жыйналыштарда, калың элдин арасында аларды ачык сындап жаттым. Ушундан-улам Өткөөл мезгилдин президенти, Өкмөт мени кызматтан четтетүүнүн түрдүү амалдарын колдонушту. Бирок алардын чечимине ордолуу Оштун эли караманча каршы чыкты.

Мени кызматтан четтетүү аракети 7-апрель окуяларынан соң абдан күч алды. Ордума кимди гана «кудалашкан» жок. Убактылуу Өкмөт Бишкектен бир топ «десантты» Ошко түшүрүүгө аракет жасады. Алар кандай гана болбосун мени кызматтан алып, «бакиевчил» деген жаман атка кондуруп, моралдык жактан тебелеп-тепсегилери келишти. Бир курдай Президенттик аппараттын башчысы Эмилбек Каптагаев менин биринчи орун басарым Таалай Сабировго: «Биз сага «ставка» жасап жатабыз. Ары-бери ойнобой, Мелис Мырзакматовду чаап

түшүшүң керек. Аны кетирип, ордуна сени коёбуз» – деп айтканын Т.Сабиров мага билдирди. Анткени Ошто Убактылуу бийликтин айтканын эки дебей аткарган, лепилдеп алардын колуна жылуу суу куйган адам керек эле. Баамдап байкасам, алар койгон адам ким гана болбосун шаар калкы кабыл албачудай. Мени колдогон эл күнүгө иш кеңсеме батпай кетет. 17-апрелде жүздөй адам келип, мэриядан чыкпай коюшту. Карасам арасында кыргызы да, өзбеги да, орусу да бар. «Эмне болду?» – деп сурадым. «Балам, Отунбаева сени кызматтан алат деп эшиттик. Биз мындайга макул эмеспиз. Бул оор күндөрдө бизди таштап кетпе» – дешти ак сакал карыялар менен чачы буурул энелер. Ошондо: «Өз каалоом менен кызматтан кетпейм, билекте каруум, башта акылым турганда ордолуу Ошум үчүн ак кызмат кылам» – деп аларга убада бердим.

Оштуктарга берген ошол убадамдын айынан Убактылуу Өкмөттүн өкүлдөрү менен далай ирет тирештим, ачуу айтышканга чейин барган кезеңдер болду. Бирок элимдин келечеги, шаардын коопсуздугу үчүн дипломатиянын терең сырларын да өздөштүргөнгө туура келди. Эсимде, апрелдеги бийлик алмашкандан кийин Ошко Убактылуу Өкмөттүн белдүү мүчөсү Азимбек Бекназаров келип калды. Баарыбыз губернатордун кабинетинде жыйналып отурган элек. Чогулуштун башында А.Бекназаров «Мелис иним, жүр тиякка, көзмө-көз сүйлөшөлү» – деп калды. Экөөбүз ичкери кирдик. А.Бекназаров өткөндү кечиришип, мындан ары элибиз үчүн чогуу иштешели деген сунуш айтты. Жигитче кол алыштык...

2010-жылдын августунун башында Бишкекке чукул чакырып калышты. Башкы прокурор Кубатбек Байболов жана Улуттук Коопсуздук кызматынын жетекчиси Кеңешбек Дүйшөбаев менен жолуктум. Алар өз арызым менен кызматтан кетишимди талап кылышты. «Кызматтан кетүү боюнча атайын арыз жазбайм. Бирок менин кетишим мамлекет үчүн зарыл болсо, кызматка тырмышпайм. Өткөөл мезгилдин президентинин Указы менен кызматтан алсаңар ала бергиле» – дедим.

К.Дүйшөбаевден чыксам Роза Отунбаева чакырып жатат дешти. Ага кирдим. Аппаратынын башчысы Эмилбек Каптагаев үчөөбүз сүйлөштүк. Кеп баягы эле мени кызматтан алуу жөнүндө баратты. Мага бир нече элчиликти, Жаратылыш байлыктары министрлигин, Токой чарба агенттигин же Мамлекеттик материалдык резервдер дирекциясын жетектеп берүү сунушу түштү. «Каалаганыңды тандап ал» – дешти. Көрдүйнөгө кызыккан башка бирөө болгондо асмандан издегени жерден табылгансып, дароо макул болмок. Ордолуу Оштогу касиеттүү калкыма берген убадамды эстедим. Жигит деп мага үмүт артып отурса, мансап издеп оор күндө аларды таштап кеткеним оң болбос. Алардын ишенимин актабасам жигиттик намысым өлбөйбү. Кызматсыз болсом да калкым менен Ошто чогуу болоюн деген чечимге келдим өзүмчө. «Роза Исаковна, сөөк ыргытса баса калган, жугунду куйса ошого ыраазы болгон көрпенде эмесмин. Каалasаңыз кызматтан азыр алыңыз. Сизге капа болбойм. Сунуштаган кызматыңызга да барбайм, кызматсыз карапайым калкым менен Оштун ысыгына бирге күйүп, суугуна бирге тоңуп жүргөнүм жакшы» – дедим.

Акыры айласы кеткенде Роза Отунбаева: «Сиздин кетишиңизди Өзбекстандын президенти Ислам Каримов талап кылып жатат», – деди. Мен: «Макул, элимдин тынчтыгы үчүн, коңшу мамлекет менен туугандык алаканы сактоо үчүн кетсе кетейин. Бирок кызматтан кетем деп өзүм арыз жазбайм, мындай кадам кандуу калабадан кийин көп улуттуу оштуктарды сатканга тете», – дедим. Р.Отунбаева кандай гана болбосун мени кызматтан кетирерин билдирди. Ортодо сөз андан ары уланбай үзүлүп калды. Коштошуп, Ошко учуп келе бердим...

Үйдө Р.Отунбаеванын мени кызматтан алуу тууралуу указын күтүп жаткам. Кызматтан кетеримди эч бир жанга айткан эмесмин. Анан эле Оштун борбордук аянтына калк топтолуп жатат деген кабар мага жетти. Сураштырсам, борбордон Оштогу милицияга, коопсуздук кызматына жана жергиликтүү жетекчилерге мэрди кызматтан алганда нааразы болгон элге түшүндүрүү иштерин жүргүзгүлө, эгерде тополоң чыгып кетсе – ага да даяр болгула деген кабар болуптур. Аны уккан мили-

ционерлер, тескерисинче, Бишкектеги бийликке наразы болуп, Кара-Суу, Ноокат, Араван, Өзгөн, Кара-Кулжадагы элге кабар жеткизген экен. Айтор, мени кызматтан алуу боюнча өткөөл мезгилдин президентинин чечимине нааразы болгон миңдеген эл 2010-жылдын 20-августунда, Орозонун улуу күнүндө мээ кайнаткан аптапка карабай шаардын борбордук аянтына тынчтык митингине чыкты. Арасында кыргызы да, өзбеги да бар. Аларды эч ким атайын уюштурган эмес. Ошол митингде борбордук бийликтин дарегине да ачуу кептер айтылып кетти. Эл менин аянтка чыгышымды талап кылып жатты. Үйүмө чабармандарын жөнөтүп, келбесем кескин чараларга барарын, керек болсо Бишкекти көздөй аттанарын, андагы убактылуу бийликтин амирин канавайран кылууга да даяр экендигин билдиришти. Дагы бир шойком болуп, ортодо отко май тамызгандар элди опуртал ишке айдап ийбесин деп калктын алдына чыктым. Элдин жаалынан корккон Р.Отунбаева өз чечимин өзгөртүүгө мажбур болду. Муну мен эмес, ордолуу Оштун кыргыз-өзбек калкы талап кылганына убактылуу бийликтин көздөй болгон өкүлү Азимбек Бекназаров күбө болду.

Элдин алдына чыгып: «Бири ойду караган, бири тоону караган ушул Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү менен Өзбекстан президенти Ислам Каримов сүйлөшпөсө деле керек. Ал өтө кыраакы, дүйнөлүк деңгээлдеги саясатчы. Кечеги коогаланда акылгөй иши аркылуу улуттар аралык жаңжалдын тереңдешине жол берген жок, Орто Азияны чоң апааттан сактап калды. Ошондуктан Отунбаеванын Ислам Каримовдун мени кызматтан кетирүү талабын койду деген кебине ишенбейм», – дедим. Бул кебимди Оштогу өзбек туугандарым кол чабуу менен кабыл алышты. Ошентип, кетейин десем да эл мени кетирбей койду. Бул шаардыктардын мага көрсөткөн дагы бир чоң ишеними болуп калды. Алдымда бир гана максат бар эле. Бул ордолуу Оштун коопсуздугун сактоо жана калкымдын бейпилдигин камсыздоо. Жетекчи үчүн мындан өткөн ыйык милдет жок болсо керек. Билесизби, мекенчил позициямдан тайбашымды көргөн кээ бир саясый күчтөр мени акча менен сатып алууга да аракет жасашты.

# ИСЛАМ КАРИМОВ ЖАНА РОЗА ОТУНБАЕВА: КИМДИН СӨЗҮ ӨТҮМДҮҮ?

**– Кыргызстандын түштүгүндө тынчтыкты калыбына келтирүүдө коңшу Өзбекстан президенти И.Каримовдун ролу кандай болду?**

– Баштагы сөзүмдө айтып кеттим, Ислам Абдуганиевич Каримовдун кыраакы саясатынын көмөгү менен Борбор Азиядагы коңшу мамлекеттер чоң апааттан аман калды. Эгерде 13-июнда Өзбекстан тараптан тандалма жоокерлердин отряды Ошко киргенде трагедиянын жалыны ондогон жылдарды камтымак. Анда партизандык согуштун оту тутанмак. Коңшу тажик, казак калкы да бул апааттан сыртта калмак эмес. Каршылашкан тараптын бирине көмөк көрсөтөбүз деген кызыл кандуу жаштардын толкуну жаралмак. «Канга-кан» деген принцип сабырдуулуктун жана ынтымактын күлүн көккө сапырып таштамак. Анда Борбор Азиядагы бир тууган мамлекеттер экинчи Югославияга айланмак. Мына ошол үчүн биз Ислам Каримовдун тынчтыкка багытталган саясатына терең ыраазыбыз.

Айрыкча Өзбекстан президенти И.Каримовдун 2010-жылдын 18-июнунда Бухарада жасаган билдирүүсү Ош тургундары тарабынан абдан жылуу кабыл алынды. Бул билдирүү эки бир тууган элдин бир-бирине болгон ишенимин бекемдеди. «Бул каргашага кыргыз эли да, ошол жерде жашап жаткан өзбек эли да себепкер эмес. Бул – четтен туруп, тымызын уюштурулган жана башкарылган акция. Ачыгын айтканда, биздин мамлекетти бузуп-тазалоону каалагандардын аракети» – деп акылман сөзүн айтты өзбек журт башчысы.

Ошондой эле ал жакындарын жоготкондорду өч алуудан оолак болууга чакырды: «Эгерде кимде-ким канга-кан деп, өч алууга кадам коё турган болсо, же элди мына ушул багытка үндөсө, мен мындай аракетке карамaнча каршымын. Каршы гана болуп тим болбостон, буларды элибиздин душманы деп эсептеймин. Анткени мындай аракет жана чакырык дагы да кан төгүүгө, бейкүнөө элдин жабыркашына алып келет». Ачыгын айтыш керек, Кыргызстанда жашаган өзбек туугандар Ислам Каримовдун айткан кебин өтө жогору баалашты. Анын жүрөк түпкүрүнөн чыккан кайрылуусу жалпы кыргыз-өзбек элдеринин жүрөгүнөн түнөк таап, акыйкатты аңдап таанууга жол ачты десем аша чапкандык болбос.

**– Кыргызстан менен байланышы жок, негизинен, Өзбекстандын аймагынан кеткен бозгун өзбек ишмерлери, ар түрдүү кыймылдары чет жерде туруп алып, башка иши жок калгансып Ош маселесине кадалышты да калышты. Бул билерман сөрөйлөр тарыхтан бери козгоп, дале элдин бүйрүн кызытып, эми өңгөсү калгансып, «автономиялык республика» маселесин көтөрүшүүдө. Ушундан кабарыңыз барбы?**

– Ошто дагы бир ирет чатак баштоо аракети байкалса, мен ага таң калбаймын. Анткени силер айтып аткан материалдардан, аракеттерден кабарым бар. «Бирлик - сирлик» сыяктуу провокаторлор азыр толтура. 1990-жылкы араздашуу дагы, 2010-жылкы араздашуу дагы дал ошол «Бирлик» сыяктуу чагымчылардын ойлонбостон «автономияны» оозанганынан тутанганы белгилүү. Алардын аракеттери элдердин ынтымагынын ширелишине салым кошпойт. Андыктан аларды азыртан эскертем: «Эсиңер барда этегиңерди жыйгыла, Кыргызстандын ички иштерине кийлигишпегиле. Кыргызстандын өзбек тилдүү калкынын күйүп алары силер эмессиңер».

Ош шаарынын калкы да ушул ойдо. Улут аралык араздашууга чакырыктардан чарчаган Оштун эли жакында сепаратист-

тердин лидерлери К. Батыровдун, И. Абдурасуловдун, Х. Худайбердиевдин жана башкалардын ишмердигин айыптап, дүйнөлүк коомчулукка кайрылган. Ушул кайрылууда чет жердеги айрым саясий партиялардын, кыймылдардын эки элди кайраштырууга багытталган чагымчылдыгы белгиленген.

Балким, бузуку күчтөр ар кандай баракчаларды, китептерди, дисктерди таратуу аркылуу эл арасына бүлүк салууга умүттөнүп аткандыр. Андан да майнап чыкпайт. Өткөндө чагымчылардын ишмердигине кыжыры кайнаган өзбектер «Чөөлөрдүн сааты» аттуу китепти тонналап өрттөшкөнү анын далили.

**– Ош коогасынан соң Өткөөл президент Роза Отунбаева менен жеке жолугуп, июнь жаңжалы тууралуу пикир алыштыңызбы? Ал өзүнүн Сиз тууралуу тескери пикирин өзгөрттүбү?**

– Жок, аны менен кеңири сүйлөшө албадым. Анын мен тууралуу пикири өзгөрдүбү, жокпу, мен аны биле албадым. Эң башкысы кимдин улут үчүн күйгөнүн элибиз көрүп турат. Карама-каршылыктын тамыры тээ теренде жатканын эл-журт жакшы билет. Себеби апрелдеги төңкөрүштөн соң Р.Отунбаева жетектеген Убактылуу Өкмөт өзбек жамаатынын сепаратисттик маанайдагы лидерлери менен саясый соодалашуу жүргүзгөнү баарына белгилүү. Айрыкча Давран Сабиров, Кадыржан Батыров, Иномжон Абдурасулов, Карамат Абдуллаева жана башка сепаратисттик маанайдагы саясатчылар Убактылуу Өкмөт тараптан дем-күч албаса кыргыз мамлекетине, элине карата мынчалык кутумдукка барбайт эле.

2010-жылы майда Кадыржан Батыров миңдеген улутташтарынын алдында минтип айтып жатпайбы: «Жогор жак менен баары макулдашылган. Бул сапар биз бийликке келебиз. Биз бул учурду 20 жыл күткөнбүз». Анысы аз келгенсип, Убактылуу өкмөт К.Батыровду 7-апрелдеги окуяларды изилдөө боюнча мамлекеттик комиссияга да мүчө кылып жатпайбы. Ал

6 *

эми Ош коогасына аз эмес салымы бар Давран Сабиров конституцияны иштеп чыгуу боюнча комиссияга мүчө болгон. Кимдин колдоосу менен алар мындай жогорку даражалуу мамлекеттик комиссиялардын курамына киришкен?

**– Парламенттик комиссия Ош коогасын талкуулап жатканда Убактылуу бийлик башкы сепаратист Кадыржан Батыровго дипломатиялык паспорт берүүгө аракет кылган деген кеп болду. Анын канчалык чындыгы бар?**

– Бул чын. Мындай маалыматтын жүйөсү бар. 2010-жылы 7-апрелде өлкөдө бийлик алмашты. Бишкектеги аянтта курман болгондордун топурагы кургай электе – 2010-жылдын 9-апрелинде – Убактылуу Өкмөттүн аппаратынын жетекчиси Эдил Байсалов Тышкы иштер министри Руслан Казакбаевдин атына кат жазып (чыгыш №15), Эл достугу университетинин президенти Кадыржан Батыровго дипломатиялык паспорт берүүнү тапшырып жатат. К.Батыров дипломатиялык паспорт алдыбы, жокпу, андан кабарым жок. Бирок ага дипломатиялык паспорт алып берүүгө болгон аракеттин өзү Убактылуу Өкмөттүн сепаратисттерге ачыктан-ачык колдоо көрсөткөнүн кáңкуулап турат.

К.Батыров мамлекеттик бийик кызматты ээлебесе да эмне үчүн Убактылуу Өкмөт ага 2010-жылдын апрелинде Кыргыз Республикасынын дипломатиялык паспортун берүүгө ашыгат? Же ал мамлекетибиз үчүн атан-төөдөй кызмат кылдыбы? Июнь окуяларынын жыйынтыгы парламентте талкууланып жатканда Убактылуу Өкмөттүн мурдагы мүчөлөрү кандуу калабага Кадыржан Батыров күнөөлүү деп ачык айта алдыбы? Жок. Айта албайт. Себеби ага учурунда ачык колдоо көрсөтүп келген, керек кезде табакташ да болушкан. Ошол айыбыбыз ачылып калбасын дешет. Алар жабылуу аяктын жабылуу бойдон калганыны үчүн күч үрөшөт.

Улуттук, парламенттик жана эл аралык комиссиялар Кадыржан Батыров башында турган сепаратисттерди күнөөлүү

деп тапты. Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгү үчүн күрөшөм деген Роза Отунбаева негизги сепаратистти күнөөлүү деп анын ысмын алиге чейин ачык айта албайт. Анткени антип айтуудан коркот. Буга эл күбө, буга карт тарых күбө. Ар бирибиздин элге кылган кызматыбызга карата калк баа берет. Мен тарых сотунан коркпойм. Себеби эл алдында жүзүм жарык.

**– Улуттук комиссия, акыркы болуп парламенттик комиссия өз жыйынтыктарын жарыялады. Ошол жыйынтыктар менен макулсузбу?**

– Толук макул эмесмин. Үч комиссия иштеп, үчөө тең окуянын себептерин, кантип башталгандыгын үстүртөн изилдеди. Айрымдары жөн гана жогорку бирөөлөрдүн талабын аткарды. Ошол себептүү күнөөлүүлөр толук аталбай, башка бирөөгө оодармай ыкмасы колдонулду. Бүгүн партиялык кызыкчылыктар, регионалдык, анан кландык кызыкчылыктар сакталып туру. Ал эми түштүк эли бул комиссиялардын биринин да жыйынтыгына канааттанган жок. Ошолордун ичинде мен да бармын.

**– Оштогу окуяларга кайсы бир мезгилде акыйкат баа берилет деп ишенесизби?**

– Сөзсүз. Анткени ушунча төгүлгөн кан, ушунча энелердин көз жашы, жетим калган наристелердин зары эч качан жөн жаткырбайт. Кайсы бир күнү күнөөкөрлөр жазасын тартат деп ишенем.

**– Коогаланды тыюудагы Сиздин салымыңыз баасын алдыбы?**

– Элим тынч, ынтымакта жашаса ошол менин ишмердигимдин баасы. Албетте, баары эле Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү жана алардын белимчилери сындуу эки жүздүү эмес экен. Россиянын Ош шаарындагы баш консулунун мага жөнөткөн катын мисалга тартсам дейм. «Оор күндөрдө шаардыктарды жана

алардын мүлкүн коргоодогу Сиздин чечкиндүү кадамдарыңызга өз көзүбүз менен күбө болуп, жогору баалайбыз» деген каты менин бөлмөмдө аруу буюмдай сакталып турат.

Коогалаң басылгандан көп өтпөй, 30-июлда Ош шаардык кеңеши өзүнүн кезексиз сессиясында чатакты жөнгө салуудагы менин ролумду кенен-чонон талкуулады. Өзбеги да, кыргызы да бир оздон «чыр-чатакты кыска мөөнөттө токтотуудагы, күнү-түнү чаалыкпай иштеп, шаардагы тынчтыкты орнотуудагы зор салымын эске алып» мэр Мелис Мырзакматовду өлкөнүн эң жогорку сыйлыгы – Кыргыз Республикасынын Баатыры наамына көрсөттү. Айтпайын дедим эле, айтууга туура келип атат. Депутаттар шаардык кеңештин токтомун өткөөл мезгилдин президентине жөнөткөнү калышыптыр. «Койгула» дедим аларды. Ал аңгыча Кара-Суу райондук Кеңеши да мени Эл баатырлыгына көрсөтүп ийди. Ыраазычылык айтып атып, аларды да араң тыйдым. «Биринчиден, маалымат согушунда уттуруп койсок, түшүнгөнү, түшүнбөгөнү деле арамзаланып кыргыз элине жалаа жаап атканда, Мырзакматовду «мокочо» кылып, наркобарон атыктырып, капкайдагы Караджичке салыштырып атканда мени баатыр наамына көрсөтүү туура болобу? Экинчиден, ошону эле Отунбаева күтүп аткансып, эми сыйлык талашканым уят» – дедим. Берсе да албайт болчумун.

Айрым чет элдик жана жергиликтүү маалымат каражаттарынын мага каршы багытталган асылуусу Кыргызстан элдеринин ассамблеясынын Ош бөлүмүнүн да кабатырлануусун жараткан. Анткени андай пропаганда Кыргызстанда этностор аралык ынтымактын орношуна кымындай да салымын кошпойт. «Биз, Ош шаарындагы түрдүү улуттук-маданий борборлордун өкүлдөрү мэр Мелисбек Мырзакматовдун улуттар аралык чыр-чатактын алдын-алууга жана болтурбоого багытталган кужурмөн ишмердигине күбө болгонбуз. Оор кайгылуу күндөрү ал эрки күчтүү, кайраттуу жетекчи катары таанылды. Мезгил көрсөткөндөй массалык башаламандыктын баштоочулары жергиликтүү бий-

лик эмес, сепаратисттик маанайдагы лидерлер болуп чыкты. Июнь чатагын баштагандар азыр дагы М. Мырзакматовду каралоону улантууда» – деп айтылат Кыргызстан элдери ассамблеясынын Ош облустук бөлүмүнүн кайрылуусунда. Ага шаардын өзбек, татар-башкыр, тажик улуттук-маданий борборлорунун жетекчилери Р. Ходжаев, Р. Ахмерова, Х. Алиназаров ж.б кол койгон.

**– Эл аралык комиссиянын пикиринде өзбек калкы жашаган жерлерде өзбек тили расмий тил болуп кабыл алыныш керек экен. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын ордуна Кыргызстан Республикасы деп атоо тууралуу сунуштар бар. Сиз буга кандай карайсыз?**

– Кыргызстанда өзбектер жашаган жерлерде өзбек тили кысымга алынды беле? Кыргыз бийликтери өзбек тилинин камын жегени үчүн мектептерди айтпай эле коёюн, Ошто эки өзбек университетинин, Жалал-Абадда бир университеттин ачылышына шарт түзгөн. Ондогон массалык маалымат каражаттары, теле жана радиоканалдар иштеп турду. Менчик жана мамлекеттик телерадио каналдардан сырткары өзбек тилинде маалымат тараткан чет элдик телерадиоканалдарга жол ачылды. Маселен, «Азаттык», БиБиСи компанияларынын өзбек программалары Кыргызстан аркылуу обого чыгарылчу. Борбордук бийликтердин айтуусунда БиБиСи компаниясы Фергана өрөөнүнө чыгуу үчүн Ташкенттен уруксат алалбай, Кыргызстандан уруксат алган. Натыйжада эки жерге атайын станцияларды орнотуп, бүтүндөй Ферганаы камтып турган. Расмий Бишкек Өзбекстандан окуу куралдарынын үзгүлтүксүз алынышын жактады. Демек, кыргыз бийликтери өзбек тилин кысымга алыптырбы же кам көрүптүрбү?

Кадр саясатын сынга алып жүрүшөт. Ушул эле К. Бакиевдин тушунда өзбек жамаатынын парламенттеги өкүлдөрүнүн саны онго жеткен. Башкасын айтпайын, К. Бакиев өзбектерден үч генерал чыгарды.

Суроонуздун экинчи бөлүгүнө келейин. Биринчиден, Кыргыз Республикасы Борбордук Азиядагы башка республикалардай эле адеп түптөлгөндөн бери түпкүлүктүү жана негизги улуттун бирден бир мамлекеттүүлүгү катары калыптанып келген. Кыргыз Автоном облусу, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы деп аталып аткан күндөрү деле Москва «кыргыз» атына акаарат келтирген эмес. Экинчиден, биздин өлкөбүздүн кандай аталаарын Кыргызстандын жарандары гана чечет.

**– Ош окуясынан кийин өзбектер өздөрүн өгөй сезип, Россияга жабыла көчүүдө деп калышат.**

– Эми андай көрүнүштү танып болбойт. Биздин укук коргоо органдары, сот, милиция, бийликтин башка бутактары тарабынан адам укуктары болуп көрбөгөндөй тепселенди. Аны моюнга алышыбыз керек. Ал эми өзбек калкы гана өгөйлөнүп кетип жатат дегенге кошулбайм. Кыргыз калкы да өзүн дал ошондой сезүүдө. Башына мүшкүл түшүп, мамлекеттин тагдыры чечилип жаткан күндөрү бийлик төбөлдөрүнүн кайдыгер көз карашына иренжип, кыргыздын бүтүндүгү эч кимге кереги жок тура дегендей ойлор аралады. Оор күндөрү республика жетекчилеринин басып келбегени, чечкиндүү чараларды көрүшпөгөнү ушуга себеп болду окшойт. Ооба, өзбек жамаатынын өкүлдөрү коопсуздугуна кабатырланып, өгөйлөнгөндөн көчүп кетишти. Ошол эле учурда кыргыздар да шаарды таштап кетип жатышкан.

# ШААРДЫ КАЙРА КУРУУДАГЫ «БАРМАК БАСТЫ, КӨЗ КЫСТЫЛАР»

**– Байыркы Ош өрткө чулганып, опсуз зыян тартты. Ондогон мамлекеттик мекемелердин, миңдеген үй-жайлардын, коммерциялык менчиктердин күлү сапырылды. Кайра куруу иштери кандай жүрүүдө?**

– Туура, конфликттин айынан «Жаңыланган Ош» программасын ишке ашырмак тургай (бир жарым жылдын ичинде 50 миллион доллар өздөштүрмөкпүз), бүтүн шаарыбызды талкалап алдык.

Бир жагдайга токтоло кетейин, чатак маалында шаардын моно-улуттуу бөлүктөрү көбүнчө зыян тартты. Улуттар аралаш жашаган маалелер эчтеме болгону жок.

Эми шаарды кайра куруу иштери өкмөт тарабынан бекитилген генералдык планга ылайык ишке ашырылышы шарт эле. Андай болгон жок. Ансыз да баш-аягыбызды жыя албай жатканда, кайсы бир күчтөр ички иштерибизге кийлигишип, шаарды өз билгендериндей, башаламан калыбына келтирүүнү колго алышты. Курулуш иштеринин нормативдерин бузуп аткандарды тыяйын десең, мага такчу жалаасы да даяр экен. «Улутчул Мырзакматов эл аралык донорлорго бөгөт коюуда» дегендерин кантесиң.

Бир эле афераны айтып берейин. Техникалык кызматташтык жана өнүгүү боюнча агенттик – Актед деген уюм бар. Ушул уюмдун каржылоосуна таянган фирмалар курулуш иштерин аткарууга уруксатсыз эле Ооштун бир нече жеринде турак жайларды тургузуу менен алек. Мыйзамдарды бузууга, шаар-

дын генералдык планын көзгө илбестикке жол берилгендигин көрсөтүп, надзор органдарына, өкмөткө чейин кайрылдык.

Актед уюму гуманитардык жардам иретинде христиан динине үгүттөгөн китептерди кошо таратканы мындай турсун, документтерди бурмалап, жалган мөөр, жасалма кол менен тийиштүү кагаздарды толтурган. Бириккен Улуттар Уюмунун Качкындар агенттиги менен биргелешип иш алып барган Актед уюму Кыргызстандын архитектура жана мамлекеттик курулуш агенттигинин башчысынын атынан жасалма кол коюп, мөөрүн басып, тендерлерди уюштурууда.

Агенттиктин жетекчиси К. Нарбаевге кайрылганыбызда, менчик үйлөрдү калыбына келтирүү боюнча Актед уюму менен келишим түзүлбөгөндүгүн, документтерге кол койбогондугун ырастады. Ошту каалаганындай тебелеп атышкан эл аралык уюмдардын кылыгы мына! Тартипке чакырсаң: «Сен – улутчулсуң» – деп беттен алат. Бул уюмдарды ким киргизген? Кимдин колдоосуна таянып тайраңдап атышат?

# НООКАТ ОКУЯСЫ МЕНЕН ОШ КООГАСЫНЫН БАЙЛАНЫШЫ

**– Мелис мырза, Убактылуу Өкмөт бийликке келери менен Ноокат окуясы боюнча соттолгондорго амнистия жарыялап, аларды боштондукка чыгарып жиберди. Ушуга байланыштуу Убактылуу Өкмөттүн Кыргызстандын түштүгүндөгү коопсуздук маселесине, айрыкча диний экстремизмди алдын-алууга жасаган аракетин кандай баалайсыз?**

– Жакшы билесиздер, Ош жергеси абалтан ислам маданиятынын ири борбору болуп келген. Бул жерден дүйнөгө белгилүү исламий аалымдар чыгып, диний салттын өсүп-өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген. Кезегинде Аль-Бухари, Термизи сыяктуу диний аалымдар ордолуу Оштун ислам дүйнөсүндөгү өзгөчө орду жөнүндө жакшы кабардар болгону тууралуу маалыматтар бар. Эл-журтту короо-короо кылып атеисттердин сабына тизип турган кийинки Совет доорунда да Ош шаары өзүнүн диний салты менен диний мектептерин аман-эсен асырай алган. Айрыкча Сулайман тоонун тегерегинде жайгашкан байыркы мечиттер менен Бабурдун үжүрөсү дүйнө жүзүндөгү жалпы мусулмандар үчүн экинчи Мекеге айланганы белгилүү.

Бирок Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон соң байыркы Ош жергесинде экстремисттик «Хизб ут-Тахрир» партиясы, Акромия, Салафия жана Ваххабизм өңдүү исламий радикалдык топтор өз ишмердүүлүгүн активдүү жүргүзө баштады. Жумушсуздук күч алып, билим алуунун сапаты начарлаган сайын диний радикалдардын позициясы ошончолук күч алды. Айрыкча мамлекеттик идеологиянын өксүктүгү, бийлик орган-

дарынын чабалдыгы жана сот, прокуратура тармагында коррупциянын гүлдөшү «хизбутчулардын» карапайым калк арасындагы аброюнун өсүшүнө алып келди. Бул болсо Фергана өрөөнүндө Халифат курууну көздөгөн диний экстремисттердин бийликти алуу мүдөөсүн күчөтүп жиберди. 2008-жылы Ноокат районунда «Хизб ут-Тахрир» партиясынын активисттери ачыктан-ачык эле мамлекеттик бийлик түзүмдөрүнө кол салып, акимиаттын имаратын талкалап салышкан эле. Сотто алардын күнөөсү толук далилденген болчу. Хизбутчулар өздөрү деле Ноокат окуясындагы максатын жашырган эмес, бийликти өзгөртүп, Халифат курабыз деп чуркап жүрүшкөн. Ошол үчүн алардын 32 мүчөсү соттолуп, 10 адам 20 жылга эркинен ажыратылган эле.

Бирок Убактылуу Өкмөт бийликке келери менен Ноокат окуясы боюнча соттолгондордун күнөөсү бары-жогун териштирбей эле текши бошотуп жиберди. Бул, албетте, саясый чечим болду. Муну менен Убактылуу Өкмөт Ноокат окуясында бел чечпей иштеген коопсуздук күчтөрүнүн аракетин жокко чыгарды, аларды «хизбутчуларга» моралдык жактан жыгып берди. Мындан «Хизб ут-Тахрир» партиясынын таасири артканы анык. 2010-жылы майда «Хизб ут-Тахрирдин» өкүлү Убактылуу Өкмөттү колдоо керектигин билдирип, бардык «хизбутчуларга» кайрылуу жолдогон. Менин жеке баамымда, Ноокат окуясындагыларды актап, андан саясый упай топтойм деп жатып, Убактылуу Өкмөт түштүктө исламий радикализмдин күчөшүнө себепчи болду. Маселен, 2010-жылы 29-ноябрда Оштогу Мажүрүм-Тал районунда жардыруу жасашкан үч диний экстремисттин бири Ноокат окуясына катышы бар болуп чыкты. Ошондуктан мен диний радикализм менен күрөшүүдө утурумдук саясый кызыкчылыкты көздөбөй, мамлекеттин кызыкчылыгын жогору коюуну туура деп эсептейм.

## АТА-ТЕГИМ ТУУРАЛУУ АЗЫНООЛАК КЕП

**– Маегиңизде баштан-аяк ата-бабаларыңыздын рухуна сыйынып, бир нече тарыхый инсандын атын атап отурдуңуз. Маегибиздин ушул жеринде кенен-чонон токтоло кетсеңиз.**

– Биздин тектин ичинде муундан-муунга айтылып келаткан санжырабыз бар. Бала кезимде аксакалдардын оозунан далай угуп, аябай таасирленчү элем. Ал уламыш Тилеке баатыр тууралуу. Эми азыркы чакта ата-тегин баатыр кылып көрсөтүү өнөкөт болбодубу, анын сыңары Мелис Мырзакматов дагы ата-бабасынан баатыр тапкан тура дечүлөр четтен чыгар. Бирок Тилеке баатыр кадимки Ажы бийдин, XVIII кылымдын ичинде адигине кыргыздарын бийлеп, Ферганыны Эрдене бийден талашканы, Коконго бир катар жортуул жасаганы менен тарыхта калган Ажы бийдин атасы. Тарыхый булактарда Ажы бий Тилеке бий уулу деп айтылат эмеспи. Мына ошол Тилеке атабыз болжолдо мындан үч-төрт кылым илгери, кыргыз-калмак чабыштарынын доорунда жашап өткөн.

Ошол калмакка бастырып турган мезгилде бир уруу журттун жоого минер карагер аргымагы болуптур. Бир курдай казганактаган журт эртең менен эрте туруп караса, карагер тулпардын куйрук-жалын шайтан өрүп, ушуну жандыра турган акылман, чече турган бүбү-бакшы табылбайт. Нече жүз жылдык чынар теректин түбүндө жылкы тердеп, кыйналып калат. Ошондо токсон жаштагы Ашырбай деген сынчы: «Муну чечсе бир Тилеке чечет. Андыктан тулпарды Тилекеге ыйгаралы. Тилеке кыргызды кытайдан, калмактан сактап калат» – деп акыл айтат. Көпчүлүк анын акылы менен болуп, Тилеке баа-

тырга барышат. Ошол мезгилде Тилеке баатырдын жашы он төрттө экен, сынчы айтканындай эле шайтан орогон тулпардын куйрук-жалын бошотуп, өзүнө алган экен. Бүтүн Анжиян аймагын, касиеттүү Ош өрөөнүн калмактар басып, кыргыздын эркек аттуусун кул, кыздарын күң кылмакчы болушат. Мына ошондо Тилеке баатыр жанагы карагер тулпарды минип, кырк жигитти коштотуп: «Кыргыздын жерин калмактан бошотом» – деп ураан таштап чыгат. Айтканындай эле, Анжиян, Ош жергесин жоодон бошотуп, калмактарды Чыйырчыктын белинен ары кууйт.

Бир жолку жортуулда – Кабылан-Көл деген жерде согушкан деп айтылат санжырада – тулпардын белин бошотуп, терин бир кургатып алмакка жер издеп, айланасын караса, камыштуу өндүрдөн жылжып аккан булакты көрөт. Бети-башын чайынып, даарат алмакка өргүү жасайт. Соот кийимин чечинип, колун булактын көзүнө жаңы узатканда камыштын арасында жаралуу жаткан калмактын жигити Тилеке баатырды уулуу жебе менен жүрөк тушка атып, жарадар кылат. Тилеке баатыр жер чапчып жыгылып, дарыга көнбөй, жан берет экен. Кийин Тилеке баатырды дал ошол жан берген жеринде көмүшкөн. «Чыйырчыктын бели» – деп коёт ошол жерлерди. Тилеке баатырдын ишин уулу Ажы бий улантkandыгы жакшы маалым. Ажы бийдин урпактарынын бири – айтылуу Алымбек датка. Заманында Кокон хандыгындагы белдүү төбөлдөрдөн саналып, Анжиян вилайетин бийлеп турган. Ал киши Ошту өзүнүн ордосу санап, Оштун маанисин арттырууга көп күч үрөгөн. Анын саясий ишмердигинин эң урунттуу учуру – кыргыздын башын бириктирүү мүдөөсү эмеспи. Кокон хандыгы түштүк кыргыздарынын мамлекеттүүлүгүнүн бир формасы болуп саналганы менен, ушул себептен түштүк кыргыздары канчалаган азаматтарынын өмүрүн тобокелге салып, Кокон хандыгынын өз алдынчалыгын бир нече ирет калыбына келтирип турганы менен, Алымбек датка өмүрүнүн кайсы бир баскычында нукура кыргыз мамлекетин куруууну кыялданган. Ал атабыз дал ошол мүдөөсүн ишке ашырууга өмүрүн саймакчы болгондо душмандын колунан казасы жетип, о дүйнө салган.

Жаңы тарыхка кайрылалы. Тилеке баатырдын тукумдары Октябрь революциясынан кийин да кыргызга кызмат кылууга, орус көсөмдөрүнүн тилин таап дегендей, элди-журтту бүтүн сактап калууга аракет кылышкан экен. Тилеке баатырдын көптөгөн урпактарынын бири Турдубек миңбашынын окуясын келтире кетейин. Журтунун кайгысын тарткан, андыктан басмачынын да, орустун да тилин табууга умтулган азамат болуптур кайран киши. Бир жолу жигиттери менен келе жатса астынан орустун жоокерлери кабылат. Орустар куралдуу, ал эми Турдубек миң башыда курал жок. Аңгыча орус отрядынын командири алдыга суурулуп, ногойдон тилмечи бар экен, ошол аркылуу айттырат. «Алдыңдагы атыңды бер, бербесең жаныңдан кеч» – дейт. Атты кармата берүү жанын берүүгө барабар саналган заман, анын үстүнө Турдубек миң башынын тораты чабары эп келишсе түлкүнү кууп жеткирген сайкүлүк экен. «Бербейм!» – дейт дароо эле. «Маузер» мылтыгын сундурган орустун командири Турдубек миң башыны кулак түпкө атып жыгып, тулпарын тартып алат. Мылтыктын огу жаакты аралап, кулактын бир учун тепчип өтүптүр, Турдубек миң башы жараатынан көптө барып тыңыйт. Бирок күлүк атын кайтарууну эзели унутпайт. Сакайган маалында Алымбек датканын небереси Кадырбекке барат. Кадырбектин орустар менен кызматташып жүргөн кези. Ал бир тууганынан иштин чоо-жайын уккан соң, орустардын Оштогу токтогон үйүнө алып барат. Ал имаратты бир кезде Камчыбек салдырган экен, азыр анда Оштун СИЗОсу жайгашкан. Камчыбек болгон окуяны командирге түшүндүрөт. Ошондо орус Турдубек миң башыга шарт коёт: «Эгер тулпарыңды тартып алган адамды тааанысаң, атыңды алып кетесиң. Эгерде тааныбасаң, оруска жалаа жапкан адам катары дарга асыласың». Бүтүндөй полкту тизет да: «Тааны!» – дейт. Бирок орустун баары окшош, өңү сары, көзү көк, Турдубек миң башы кайдан ажыратып таанысын. Айласы куруйт. «Жок, мен андан көрө атты табам» – дейт. Камчыбектин түрмөсү ошол кезде аткана экен, ал жерди түрө кыдырып да таппайт атын.

«Мейли, өлүмгө баш ием» – деп турганында, аткананын жабык бурчунан торат кишенеп жиберет. Ошол эшикти ачтырса, боор эти менен тең болгон күлүгү турат! Мына ушундай санжыргалуу окуяны аксакалдар азыркыга чейин айтышат. Кийин Турдубек миң башы Совет бийлигин орнотууга, элди сактап калууга кол кабыш кылган. Ошого карабай, аягында Тилекенин тукуму деп сүргүнгө айдалган. Ал кайран киши сүргүндө Самарада жүрүп, ошол жактан акыретке аттаныптыр. Сөөгү ошол жакта калган, арман дүйнө.

Ата-бабамдын санжырасындагы көңүлүмдү куштарланткан эки учурду өзгөчө бөлүп айткым келет. Ажы бий атабыз XVIII кылымда Кокондун бийлөөчүсү Эрдене бийден Ош шаарын далай талашып, бир нече ирет Коконго каршы жортуулга аттанган эмеспи. Ушундай жүрүштөрдүн бирине даярданган Ажы бий душмандын күчтөрүнө каршы биргелешкен кол куроо өтүнүчү менен ошол мезгилдеги Арка кыргыздарынын жол башчысы, сарыбагыш урууcунун бийи Маматкулга, анын жакындары Черикчи, Темиржанга кайрылат. Кыязы, Ажы бий атам Адыгине-Тагайдын, Анжыян-Арканын ынтымагын калыбына келтирүүгө умтулган.

Кокон хандыгын солкулдатып, так ээлерин чулгоодой алмаштырган Алымбек датка деген атабыздын 1860-жылдардагы саясий жүрүшү мени дайым суктантып келет. Кокондогу интригалардан тажаган Анжыяндын акими Алымбек датканын өз алдынча кыргыз хандыгын орнотуу мүдөөсүн аркалап, Нарын дарыясынын башында сарыбагыш кыргыздарынын манаптары Үмөтаалы Ормон хан уулу, Төрөгелди баатыр, Ажы баатыр, Адыл баатыр ж.б менен жолукканы Ажы бийдин саясий кредосун жүзөгө ашыруу аракетиндей туюлат.

Арбагы бийик Тилеке бабамдын урпактарынын кыргыз элинин тарыхында калтырган изин толук ачып берүү бул китепчеде мүмкүн эмес, анын оңтою дагы болоор, бирок биздин ата-тектин кыскача таржымалы ушундай.

# УЛУТТУК БИРИМДИКТИН ЖОЛУН ИЗДЕП...

**– Кээ бир саясатчылар, анын ичинде Сиз мамлекеттүүлүктү, улут биримдигин чыңдоонун үстүндө толгонуп жатканда, айрым саясатчылар түндүк-түштүк маселесин көбүртүп-жабыртуу, трайбализмди бекемдөө менен алек. Муну кантип жоюуга болот?**

– Түндүк-түштүк маселеси географиялык эле бөлүнүү эмес. Тээ эгемендик алгандан бери эле саясатчылардын негизги куралына, так талашуунун, бак талашуунун рычагына айланды да калды. Ушинтип отуруп кыргыз саясатынын ажырагыс реалдуулугу деңгээлине жеткиришти. Аскар Акаевдин учурунда өнүп, гүлдөй баштаган бул көрүнүш Курманбек Бакиевдин, соңунда Убактылуу Өкмөттүн, анан азыркы бийликтин тушунда кадимки күчүнө кирип, эми калктын бардык катмарын арбады. Мамлекеттик кызматкерлерден тартып, кетменчи менен малчыга чейин түндүк-түштүккө, уруучулукка бөлүнүүнүн идеологиясына суугарылууда. Кедерибизден кетип отуруп, мына ушул даражага жетиштик.

Улуттук биримдикке доо кетирген дагы бир көрүнүшкө токтолоюн. Түндүктүн баатыры бул жерде кылмышкер, түштүктүн азаматы ал жакта кылмышкер. Буга өзүбүз жол берип жатабыз. Ага Кыргызстандын медиасы, жалаяк гезиттер, интернет баш болуп, отко май тамызып, күнү-түнү трайбализмди үгүттөө менен алек. Улуттук элитанын чабалдыгы, кемчонтойлугу ушуга алып келди.

Ош коогасынын келип чыгыш себептеринин тамыры да регионалдык бөлүнүүгө барып такалат. Себеби мамлекеттин

алсырап, экиге бөлүнүү перспективасы кас элементтер, анын ичинде сепаратисттер, экстремисттер үчүн жагымдуу шарт түзөт. Ар кандай саясий оюндар башталат. Кайсы бир саясий күчтөр үчүнчү бир тараптын колдоосуна жетишүү максатында Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарынын эсебинен «уступкаларга» барууга даяр болгонуна күбө болбодукпу. Айрыкча шайлоолор учурунда андай күчтөрдүн арааны жүрөт. Кыргызстанда стабилдүүлүктү орнотуунун урматы үчүн деген ураан астында ушундай схемаларды колдонуу өнөкөткө айланууда.

Кыргызстанда стабилдүүлүктү орнотуунун, улуттук биримдикти чыңдоонун, улуттар аралык ынтымакты калыптандыруунун тизгини кыргыздардын өзүнүн колунда болушу шарт.

Эми, түндүк-түштүк маселеси тууралуу суроо берилип аткан соң, ушуга токтолоюн. Мен тез арада «Улуттук биримдиктин» концепциясын иштеп чыгууну, ошонун негизинде үгүтнасыят иштерин жүргүзүүнү сунуштаар элем. Өткөнгө саресеп салсак, түндүк-түштүк маселеси кийин эле, мына бул алтымышынчы-жетимишинчи жылдары ойлоп табылган кубулуш экен. Кыргыз улутунун маданиятындагы аймактык айырмачылыктар, тилдеги аймактык болор-болбос өзгөчөлүктөр, бирдиктүү улуттук аң-сезимге чейинки деңгээлдеги аймактык, уруулук ан-сезим жалпы биримдиктин ичиндеги көп түрдүүлүк катары кабыл алынышы зарыл. Андай жүрүм-турумдун үлгүсүн улуттук элита гана көрсөтө алаарын чоң улуттардын мисалында көрүп атабыз. Тилекке каршы, бизде ошол катмар жокко эсе. Интеллигенциянын улуу муунунан үмүт аз, балким, жаш кыргыздардын, саясий аныктаманын тили менен айтканда «младокыргыздардын» мууну жаралып, ушул вазыйпаны көтөрөөр.

Мен дагы бир чараны – өлкөнүн борборун Ошко көчүрүүнү сунуштап келем. Жок дегенде бийлик бутактарынын бири Ошко жайгашуусу зарыл. Бирок элибиздин түркөйлүгү ушунчалык ашынып кеткен экен, талкуулоонун ордуна, бул идеяны

көтөрүүгө эмне түрткү болгондугун аңдоого аракеттенгендин ордуна түндүк эли дароо чыккынчылык катары кабылдады. Эгерде Кыргызстандын келечеги үчүн ошол эле зарыл болуп атса, борборду Ат-Башыга болсо да көчүрүшүбүз керек. Кеп ушунда.

Илгери, Кыргыз автоном облусу түзүлүп аткан учурда Жусуп Абдыракманов деген кеменгер борборду Жалал-Абадга жайгаштыруунун да мүмкүнчүлүгүн караган экен. Ал киши түндүккө кара санаганы үчүн эмес, геосаясий жагдайды эске тутканы үчүн ушул варианттын үстүнөн баш катырып, ой калчаган эмеспи. Азыркы шоркелдей саясатчылар үч класс билими бар Жусуп Абдыракмановдун деңгээлине жете албай элдин шорун кайнатууда.

Жусуп Абдыракманов чыккан соң, анын көз карашындагы, ошол кишинин духундагы саясатчылардын мууну кыргыздан чыгат деп ишенем. Демек, мекенчил муун, кайсы бир саясий режимге эмес, мамлекетке кызмат кылууга талаптанган мекенчилдердин катмары бийликке келгенде гана түндүк-түштүк маселесине чекит коюлат.

**– Эмне үчүн саясатчылардын азыркы катмарынын колунан улуттук биримдикти чыңдоо келбейт деп эсептейсиз?**

– Көпчүлүк саясатчылар өздөрүн жаманатты кылып алышты. Алардын алеки заматта аң-сезимдеринин түпкүрүндө отурган «анти-түштүкчүл», айланып келип «анти-кыргызчыл» ураандардан айыгып кетээрине көзүм жетпейт. Маселен, Курманбек Бакиевдин саясатынын кемчиликтерин ашкерелөөдө анын оппоненттери түндүк-түштүк маселесин козгошту. Табият берген акыл-көрөңгөлөрү «сартты кууйбуз», «оштуктарды Төө-Ашуудан ары кууйлу» деген ураанды көтөрүүгө жетти. Антишсе, түштүк саясатчылары «аркалыктарды айдайлы» дегенге өттү. Бөлүнүүчүлүктү карапайым элдин мээсине ого бетер сиңирди. Алардын жеткен дараметі, парасаты ушул. Кыргызга кара

санаган, элдин шоруна туулган жармач саясатчылардын гана колунан келет мындай иш. Натыйжада Бакиевге каршы козголоң, андан кийинки куугунтуктар түштүккө каршы багытталган иш-чаралар катары кабылданып калды. Ошол эле кезде түштүктө «бийликти аркалыктар тартып алды» деген көчө деңгээлиндеги ушактар каңгып жүрөт. Бул менин эле сөзүм эмес, карапайым калктын оозундагы чындык. Эгер муну бирөө жарым айтпаса, мен да айтпасам, баарыбыз кооз сүйлөп жүрө берсек, андан жүгүбүз жеңилдеп кетпейт. Канчалык ачуу болбосун бул чындыкты айтуубуз кажет.

Экинчиден, түндүк-түштүк маселесинде саясий интригаларды токуп, ошонун эсесинен парламенттен орун алууга жетишкен саясатчылар ушундайда эсине келишип, тизгиндерин тартыш керек. Мына маселен, менин «Ош биздики» деп койгонума бөйрөктөн шыйрак чыгарышып канча асылышты. Түндүктүн айрым саясатчылары, аларга белимчи болгон серепчилер «Мырзакматов эмнеге ушинтип айтты» дешип туталанып, безгек тийгендей калчылдашты. Мен эмне алар ардана турган, кыжырдана турган сөз айттымбы? «Биздики» дегенимде мен калкты эске алдым, «Ош – Кыргызстандын ажырагыс аймагы» дегенди туюнткум келген. Ошол сөздүн артындагы маани жалпы кыргыз журтуна жетсе деп самагам. Тетирисинче, аны регионализмге, трайбализмге такашты. Парламенттеги эле партиялардын составын терең иликтеп көрөлүчү, мамлекеттин экиге бөлүнгөнү ошол жерден даана көрүнөт. СДПК партиясы кайсы жерден көп добуш топтоду да, кайсыл жерден аз алды. Же болбосо, «Ата Журттун», «Бүтүн Кыргызстандын» мисалын карап көрүңүз. Демек, мамлекет экиге ажырап атат, бул кубулушту жүзөгө тезирээк ашыруу үчүн атайын адамдар түнү-күнү иштеп, жанталашып атышат. Саясатчылардын азыркы мууну жыдыды дегенимдин бир себеби ошондон.

**– Мелис мырза, бүгүнкү күндө Сизди «улутчул» деп атыктырууда. Ушуга кандай жообуңуз бар?**

– Мени Мекенимди сүйгөнүм үчүн антип атыктырышса кайылмын. Ал түгүл сыймыктанам. Мени ошол сөзүмдөн кармап жатышпайбы! Бирок мен өзүмдү улуттук кызыкчылыкты коргогон жетекчимин деп эсептейм. Жетекчи катары мен улуттук саясатты жүргүзөм, жүргүзүп келгем. Бирок мыйзам чегинде. Демек, мыйзам мейкиндигиндеги улутчулмун. Биздин эски да, жаңы да конституцияда жазылгандай, Кыргыз мамлекетинин жарандары бир элди түзөт. Ал эми этно-улутчулдук же радикал улутчулдук тууралуу кеп башка. Шаар калкы көп улуттуу, алардын ар биринин келечеги мени кайдыгер калтырбашы керек. Эл аралык комиссиянын жыйынтыгында кыргыз улутчулдугу ушул согуштун чыгышына себеп болду деген шилтемелер жүрөт. Бечаралар! Улуттук-мамлекеттик калыптануу процесси улутчулдук менен коштолоорун атайылап түшүнгүлөрү келбей, бизге табигый нуктан тайдыруунун жолун таңуулагысы келгендерин кара. Кыргыз элинин тарыхы байыртадан башталганы менен улутчулдугу жаш. Ирегелеш, алакалаш чоң коңшуларыбыздын улутчулдугуна салыштыргылачы. Топурагыбыз жеңил, айкөл элбиз да. Кыргыз улутчулдугунун бул сапар сөзгө алынып калышынын себеби башка улуттук жамааттардын сепаратисттик, экстремисттик мүдөөлөрүнө, Кыргызстанды бөлүп-жарууга багытталган чагымчыл аракеттерине чапчаң жооп берип, каршы тургандыгында. Мындан да кесе айта турган болсом, кыргыз улутчулдугу Кыргызстанга, кыргыз мамлекеттүүлүгүнө каршы багытталган улутчулдукка жооп болуп саналат.

**– Сөзүңүздүн бир жеринде биринчи президент Аскар Акаевди учкай эскере кеттиңиз. Анын мамлекетти түзүүдөгү ролуна кандай баа бересиз?**

– Төгөрөгү төп келген адам болуу татаал окшобойбу. Анын сыңары Аскар Акаевдин изги иштери менен катар ийри иште-

ри да болду, албетте. Бирок ал кишинин эмгегин таптакыр сызып салуу мүмкүн эмес деп эсептейм. Анын президенттиги эң оор мезгилге туш келип, эгемендүүлүктүн биринчи жылдарындагы мамлекеттүүлүктүн негиздерин түптөөдө, экономикалык жана саясий багытын аныктоодо опол-тоодой иш аткарды. Анын жетеги астындагы экономикалык реформаларды элибиздин тарыхынан чийип салууга болбос.

Ымандай сырымды айтсам, Аскар Акаевди кайтарып келүү зарыл деп эсептейм. Мамлекетибиздеги бийликти өткөрүү салтынын калыптанбай жатышы Аскар Акаевди президенттиктен кулатуу менен байланыштуу. А.Акаевди бийликтен кулаткандар кийин К. Бакиевди кулатышып, бийликти мыйзамсыз алмаштыруунун салтына негиз салышты.

Биз мамлекеттүүлүгүбүздүн башаттарын сыйлоону үйрөнүшүбүз зарыл.

*Маектешкендер*
***Арслан Капай уулу КОЙЧИЕВ,***
***Уран БОТОБЕКОВ***

---

# Ош коогасы тууралуу документтер жана фактылар

# Ош шаардык мэриясынын улут аралык араздашууну болтурбоого жана жөнгө салууга багытталган иш-чаралары

(2010-жыл, 7-апрель – 2010-жыл, 10-июнь)

# КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК УЛУТТАР АРАЛЫК ЖАҢЖАЛДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ ТАРАБЫНАН ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ИШТЕР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

**1. Апрелдеги бийлик алмашуудан соң Ош шаарындагы улуттар аралык мамилени турукташтыруу боюнча көрүлгөн иш-чаралар тууралуу.**

2010-жылдын 7-апрелинде Кыргызстанда элдик нааразычылыктын натыйжасында бийлик мөөнөтүнөн мурда алмашылган соң республикабыздын түштүк аймактарында коомдук-саясый абал кескин курчуп кетти. Талас жана Бишкекте 6–7-апрелде элдин колуна көптөгөн курал-жарактар өтүп кеткени белгилүү эле. Натыйжада өлкөдө кооптуу кырдаал түзүлүп, жарандык согуш чыгып кетүү коркунучу пайда болгон.

Мамлекет тагдыры кылыч мизинде кылтылдап турган дал ушундай кооптуу мезгилде Ош шаарынын мэриясы өлкөнү экиге – түндүк менен түштүккө бөлүүгө жол бербей, калаадагы коомдук-саясый абалды туруктуу кармоо максатында кескин чараларды көрдү.

Маселен, Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов 2010-жылдын **8-апрелинде «Өлкөдө коомдук-саясый абалдын турукташуусуна чейин Ош шаарынын аймагында коомдук коопсуздукту камсыздоо тууралуу» атайын буйрукка кол койду (№88-6) (№1 ТИРКЕМЕ).**

Ал буйруктун 1-пунктуна ылайык, «жарандардын коопсуздугун камсыздоо жана террордук актыларды болтурбоо мак-

сатында Ош шаарынын аймагында жайгашкан бардык мекеме-ишканалардын, аймактык башкармалыктардын жетекчилерине суткалык (круглосуточный) нөөмөттөрдү уюштуруу» милдети жүктөлгөн.

Аталган буйруктун 2-пунктунда Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын башчысы А.А.Тешебаевге төмөндөгүдөй тапшырма берилген:

– «өлкөдө коомдук-саясый абалдын турукташуусуна чейин Ош шаарынын аймагында коомдук коопсуздукту камсыздоо боюнча атайын иш-план иштеп чыгуу;

– турмуш тиричиликти камсыз кылуучу негизги объектилерди, Ош шаарында жайгашкан чет мамлекеттердин консулдуктарын жана өкүлчүлүктөрүн коргоону уюштуруу;

– шаарга пиротехникалык жана жарылуучу заттардын, ок атуучу куралдардын, уулуу дары-дармектердин киргизилишин, алардын сакталышын катуу көзөмөлгө алуу;

– Ош шаарында убактылуу жашаган чет элдик жарандардын паспорттук-визалык режимин өзгөчө көзөмөлдөө;

– участкалык инспекторлордун аймактык кеңештер менен биргеликтеги иштерин күчөтүү;

– «Правопорядок» коомдук фондусу менен биргеликте элдик кошуундарды уюштуруу».

Ошондой эле аталган буйрукка ылайык, Ош шаардык өрт өчүрүү кызматына (башчысы Э.М.Мейманалиев), өзгөчө кырдаалдар боюнча башкармалыгына (башчысы А.Сулайманов), билим берүү башкармалыгына (жетекчиси А.Ж.Балтабаев), жогорку жана орто окуу жайларынын, коммуналдык кызматтардын жетекчилерине «өрт коопсуздук кызматынын ишин күчөтүү, элдин турмуш-тиричилигине керектүү багыттагы иштерди (газ, суу, электр энергиясы, байланыш, транспорт ж.б.) үзгүлтүккө учуратпоо, окуу жайлардын имараттарын жана жатаканаларды көзөмөлдөө милдети тапшырылган.

Буйрукта «шаардык мэриянын бөлүмдөрүнө, аймактык кеңештин жетекчилерине тийиштүү мекемелер менен бирдикте иш алып барып, улут аралык жаңжалга жол бербөө милдети жүктөлгөн».

Аталган токтомдун аткарылышын камсыздоо максатында 2010-жылдын 9-апрелиндеги №90-6 буйругу менен курамы 11 кишиден турган штаб түзүлгөн жана анын ишин Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов өзү жетектей турган болгон. Натыйжада, өз мезгилинде көрүлгөн чаралардын негизинде шаардын аймагында стабилдүүлүк сакталып, элге бейпил турмушун улантууга мүмкүнчүлүктүр түзүлдү. Ош шаардык мэриясынын аталган буйругунун натыйжасында, Бишкектегидей мамлекеттик жана жеке менчик мүлккө зыян келтирүү, дүкөндөрдү талап-тоноо сыяктуу мыйзамсыз иштерге жол берилген жок.

Апрель окуяларынан соң Ош шаардык бийлигинин алдында улуттар аралык ынтымакты сактоо милдети турган эле. Бул багытта Ош шаардык мэриясы бир катар жыйындарды өткөрүп, тийиштүү тапшырмаларды жооптуу жетекчилерге берип турду. Маселен, 2010-жылдын 12-апрелинде Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун төрагалыгында шаардын активи менен кеңейтилген жыйын өткөрүлгөн. Жыйындын протоколу тиркелет **(№2 ТИРКЕМЕ).**

Жыйынга мэриянын бөлүм башчылары, муниципалдык кызматтардын, мамлекеттик башкаруу жана укук коргоо органдарынын жетекчилери, шаардык кеңештин депутаттары, аймактык кенештердин жана билим берүү, саламаттыкты сактоо тармактарынын башчылары, аксакалдар сотторунун төрагалары, дин жана ММК өкүлдөрү катышкан.

Жыйында өлкөдөгү оор кырдаал кеңири талкууланып, Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 8-апрелиндеги «өлкөдө коомдук-саясый абалдын туруктаашуусуна чейин Ош шаарынын аймагында коомдук коопсуздукту камсыздоо тууралуу» №88-6 буйругунун аткарылышы каралды. Жыйындын соңун-

да протокол кабыл алынып, Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов төмөнкүдөй тапшырмаларды берди:

«1. А.Казиевге, Т.Айтматовага, А.Маасалиевге, Рахматулло хажы Касымовго:

– ар кандай провокацияларга берилбестен, мечиттерде элди тынчтыкка, сабырдуулукка, улут аралык ынтымакка чакыруу боюнча багыт берилсин.

2. Л.Шериевага, А.Балтабаевге: шаардык билим берүү тармагында окуу процесси үзгүлтүккө учурабай, толук кандуу жүрүүсү көзөмөлгө алынсын...»

Ага удаа эле, 2010-жылдын 21-апрелинде Ош шаарынын мэриясынын шаардык актив менен биргеликтеги апараттык кеңешмеси өткөрүлгөн. Кеңешменин протоколу тиркелет **(№3 ТИРКЕМЕ).**

Жыйындын күн тартибинин 1-пунктуна ылайык, **«Ош шаарында стабилдүүлүктү сактоодо, шаардын турмушун камсыз кылууда тиешелүү кызматтар, мекеме-ишканалар тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштери жөнүндө Ош шаарынын вице-мэрлеринин отчеттору угулду».** Жыйындын соңунда кеңешменин төрагасы, Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов тарабынан **мекеме-ишканалардын жетекчилерине, шаардык активдин мүчөлөрүнө, шаардык депутаттарга улуттар аралык ынтымакты сактоо боюнча конкреттүү тапшырмалар берилди.**

Коогалаңдуу апрель күндөрү Талас менен Бишкекте митингчилер тарабынан сабалган милиция кызматкерлери деморализацияга учурап, анын таасири Ошко да тийди. Натыйжада милиция кызматкерлеринин иш-аракеттеринен эч кандай майнап чыкпай калган мезгилде Ош шаарында коомдук-саясый кырдаалды туруктуу кармап калуу максатында мэрия тараптан демилгелүү жаштар, аксакалдар соттору, айылдар кеңештери, аймактык кеңештердин төрагалары менен биргеликте атайын топтор уюштурулуп, эл арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Шаарда улуттар аралык мамилени көзөмөлдөө, коомдук-саясый кырдаалды турукташтыруу үчүн эң оболу жер-жерлердеги милиция кызматкерлерине моралдык дем берип, материалдык камкордук көрүү зарыл эле. Ушул максатта 2010-жылдын 6–7-апрелинде коомдук коопсуздукту камсыздоо максатында Бишкек жана Талас шаарларына барган Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын тогуз кызматкеринин ар бирине 5000 сомдон акча каражаты бөлүнүп берилди. Бирок Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын чечими менен Ош шаарынын мэриясы тарабынан бөлүнгөн акча каражаттары башкармалыктын 50 кызматкеринин ар бирине 1000 сомдон бөлүнүп берилиди. Ош шаарынын мэринин буйругунун көчүрмөсү тиркелет **(№4 ТИРКЕМЕ).**

Андан сырткары Ош шаарынын мэриясы апрелдеги коогаландуу окуяларда аткарган ак эмгектери үчүн Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын 10 кызматкерине жеке менчик үй салуу үчүн жер тилкелерин бөлүп берди. Ички иштер башкармалыгынын имаратынын курулуш иштерин аягына чыгарууга 200 миң сом, нөөмөттө тургандарга автоунааларын күйүүчү май менен камсыз кылууга жана алардын тамак-ашына 200 миң сом акча каражаттары жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилди. Буйруктун көчүрмөсү тиркелет **(№5 ТИРКЕМЕ).**

Жогорудагы жыйындардын протоколдорунан көрүнүп тургандай, өлкөдө элдик толкундоолордон улам ишке ашкан бийлик алмашуудан соң Ош шаардык мэриясы шаарда улут аралык араздашууну алдын алууга жетишти. Бул жетишкендик 7-апрелден кийин ыкчам жүргүзүлгөн конкреттүү иш-чаралардын негизинде камсыз кылынды.

**II. Өзбек жамаатынын лидерлеринин улутчулдукту козутуп, автономиялуу облус түзүү тууралуу чакырыктарына каршы көрүлгөн иш-чаралар тууралуу.**

Тилекке каршы, апрель-май айларында өлкөдөгү коомдук-саясый абал улам курчуй берди. Айрыкча, Жалал-Абад областындагы жалпы саясый абал кооптонууну жаратып жатты. Анын

негизги себеби, өлкөдөгү өзбек жамаатынын лидерлери Батыров Кадыржан, Абдурасулов Иномжан, Абдуллаева Караматхан жана башкалар 7-апрелден кийинки мамлекеттеги оор коомдук-саясый кырдаалдан пайдаланып, сепаратисттик ишмердиктерин активдештирүүгө багыт алышты. Алар өз улутташтары топтолгон чоң-чоң жыйындарда төмөндөгүдөй суроолорду ачык талкууга ала баштаашты:

– Кыргызстандын түштүгүндө өзбек автономиялуу облусун түзүү;

– мамлекеттик жетекчи кызматтарга өзбектерди дайындоо;

– өзбек тилине мамлекеттик статус берүү;

– мамлекеттик мекемелерде иш-кагаздарын кыргыз тили менен катар өзбек тилинде жүргүзүү;

– укук коргоо органдарына өзбек улутундагыларды дайындоо;

– орто мектептердин окуу программаларына өзбек тилин окутууну киргизүү.

Өзбек жамаатынын лидерлери Жалал-Абад областында ар кандай митингдерди, жыйындарды активдүү уюштуруп, калкты улуттар аралык араздашууга ачыктан-ачык үндөй башташты. Өзгөчө К.Батыров менен И.Абдурасулов 50 миң киши катышкан митинг уюштуруп, мамлекет башчыларына саясый талап коюу менен «өзбек улутунун чыныгы ролун көрсөтүү мезгили келгендигин» айтып чыгышты.

Алардын мындай сепаратисттик маанайдагы чакырыктары **Ош шаарында жашаган өзбектердин да бүйүрүн кызытып жатты. Ош шаардык мэриясы улуттар аралык маселени туура түшүндүрүү максатында өзбектер жашаган аймактарда жолугушууларды өткөрүп, өзбек маданий борбордун лидерлери менен иштешүүнү колго алды.** Маселен, 2010-жылдын 3-майында Ош шаарынын өзбектер жыш отурукташкан «Амир-Темур» аймактык кеңешинде мэр М.Мырзакматовдун шаардыктар менен жолугушуусу болуп өттү. Жыйындын протоколу тиркелет **(№ 6**

**ТИРКЕМЕ).** Аталган жыйынга Ош шаардык депутаттары, мекеме-ишканалардын, укук коргоо органдарынын жетекчилери, өзбек жамаатынын лидерлери (Сабиров Давран, Салахутдинов Жалалиддин) болуп, жалпысынан эки жарым миң адам катышкан.

Өзбек мекендештер менен жолугушууда **М.Мырзакматов калаада улуттар аралык маселени курчутууну көздөгөн саясый күчтөр пайда болгондугун эскертип, элди аларды ээрчибөөгө чакырды. Ал сөзүндө акыркы убакта шаардагы тартип бузуу фактыларына улуттук (кыргыз, өзбек) түс берүүнү каалагандар чыгып жатканын маалымдады. Мэр Кыргызстандын түштүгүндө автономиялуу область түзүүгө жол берилбестигин, мамлекеттин бүтүндүгү жана эгемендиги кол тийгис ыйык экендигин, андыктан бардык улуттар араздашпай ынтымакта жашоо учурда өтө зарыл болуп турганын айтты. Акырында М.Мырзакматов чогулуштун катышуучуларын саясый экстремизм менен терроризмге каршы биргелешип күрөшүүгө үндөдү.**

Чогулуштун протоколунда жазылгандай, чыгып сүйлөгөн өзбек улуттук маданий борборунун жетекчиси Ж.Салахутдиновдун, коомдук ишмер Д.Сабировдун, милиция кызматкери И.Салиевдин сөздөрүндө өзбек улутундагыларды мамлекеттик кызматка кеңири тартуу маселеси көтөрүлдү. Буга жооп иретинде улуту өзбек, Ош шаарынын вице-мэри Шухрат Сабиров мэрияда жана башка мамлекеттик мекемелерде иштеген өзбектердин саны мурунку жылдарга салыштырганда алда канча көбөйгөндүгүн айтып кетти.

Жыйындын соңунда чогулуштун катышуучулары бир добуштан токтом кабыл алышты. Токтомдо төмөндөгү тапшырмалар берилди:

– Ош шаарында улуттар аралык тынчтыкты, достукту, биримдикти сактоо;

– кварталдык комитеттин төрагалары, айыл аксакалдары, жаштар уюмдары биргелешип, Элдик кошуундарды (ДНД) түзүп, аймактарды кайтарууга алуу;

– номери жок жана терезеси караңгыланган (тонировкаланган) автоунааларды көзөмөлгө алуу;

– паспорттук режимди сактоо».

Жыйындын эртеси күнү, 2010-жылдын 4-майында, мэр М.Мырзакматовдун төрагалыгында шаардын активи катышкан аппараттык кеңешме өткөрүлгөн. Кеңешменин протоколу тиркелет **(№7 ТИРКЕМЕ).**

Протоколдо төмөндөгүдөй тапшырма берилген:

4.«... Б.Аманбаевге, Л.Шериевага, Г.Эркуловага, А.Балтабаевге:

– Ош шаарындагы бала бакчаларда, билим берүү мекемелеринде (мектептерде, ЖОЖдордо) улуттар аралык ынтымак жана шаардагы стабилдүүлүк жөнүндө ачык сааттар өткөрүлүп, окуучулар менен ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн;

5. Аймактык Кеңештердин төрагаларына:

– учурдагы кырдаалга ылайык шаардын стабилдүүлүгүн сактоо максатында шаар тургундарына улуттар аралык ынтымак жана биримдик жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн;

6. Шаардык мечиттердин имамдарына:

– мечиттерде ар бир маселе айтууда Ош шаарынын элин ынтымакка, биримдикке чакыруу боюнча иштер жүргүзүлсүн».

Май айындагы кооптуу мезгилде Ошто жогорку кызматта иштеген өзбек улутундагы кээ бир жетекчилер улутчулдукту күчөтүп, мамлекеттик саясатка каршы келген иш-аракеттери үчүн кызматтан четтетилишти. Маселен, Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 17-майындагы №120-К буйругунун негизинде ашынган улутчулдугу жана мыйзамсыз иштери үчүн Сабиров Давран Ош шаарынын мэринин отун-энергетика комплекси боюнча кеңешчиси кызматынан бошотулду. Буйруктун көчүрмөсү тиркелет **(№8 ТИРКЕМЕ).**

Учурда Д.Сабировго карата улуттар аралык жаңжалдын негизги күнөөкөрү катары укук коргоо органдары тарабынан кылмыш иши козголгон жана ага издөө салынган.

Улуттар аралык ынтымакты чыңдоо максатында Ош шаарынын мэринин коомдук башталыштагы кеңешчилери болуп өзбек улутунун белгилүү жазуучусу Абдугафуров Абдугани (17.05.2010-ж., №121-К) жана коомдук ишмер Азимов Худайберди (17.05.2010-ж., №122-К) дайындалышты. Буйруктун көчүрмөлөрү тиркелет **(№9, №10 ТИРКЕМЕ).**

Тилекке каршы, өзбек жамаатынын сепаратисттик маанайдагы жетекчилеринин Кыргызстандын түштүгүндө автономиялуу облус куруу, өзбек тилине мамлекеттик статус берүү, өзбектерди жогорку даражалуу кызматтарга дайындоо тууралуу саясий талаптары Ош шаарындагы коомдук-саясый абалга терс таасирин тийгизди. Өзгөчө 9–16-майда Сузактын Тейит айылында, Жалал-Абад шаарында болгон кандуу окуялар Оштогу абалды өзгөчө чыңалтты. Шаарда кыргыздар менен өзбектердин ортосунда психологиялык тирешүү пайда болуп, криминалдык абал күндөн-күнгө курчуп баратты. 16–20-май күндөрү эки улуттун өкүлдөрү шаардын ар кайсы жерлерине топтолушуп, бир-бирине тап берген фактылар учурады. Көчөдөгү, базардагы, коомдук жайлардагы кадыресе хулигандык окуяларга улут аралык боёк берген күчтөр пайда болду. Милициянын мыйзам бузгандарды кармоого болгон аракети ошол аймакта жашаган өзбектердин каршылыгына кабылды. Айрыкча «кыргыздар кол салат экен» деген ушакты сепаратисттик маанайдагы адамдар таратып жүрүштү. Алар менен күрөшүүдө укук коргоо органдарынын иш-аракети да кээде жетишсиз болуп жатты.

Ошондуктан Ош шаардык мэриясы курамына түрдүү улуттун өкүлдөрү кирип, 26 уюмдун башын кошкон «Ак кызмат кыймылы» коомдук бирикмеси менен бирдикте 2010-жылдын 27-май күнү «Достук жүрүшү» акциясын уюштурду. Акциянын максаты кыргыз менен өзбек калкын биримдикке чакыруу, шаардыктарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү эле. Ага Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов катышып, сөз сүйлөдү.

«Ак кызмат кыймылы» коомдук бирикмесине өз ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн Ош шаарынын мэриясы 184 200 сом бөлүп берди. Буйруктун көчүрмөсү тиркелет **(№11 ТИРКЕМЕ).**

Мындан сырткары шаардык бийликтин көрсөтмөсү менен милиция кызматкерлерине жардам катары атайын дружиналар түзүлүп, аймактык кеңештерде, кварталдарда, коомдук жайларда коопсуздукту сактоо боюнча күзөттөр уюштурулду. Шаар жетекчилиги кооптуу бул күндөрү жергиликтүү телеканалдар аркылуу түз эфирге байма-бай чыгып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, жарандардын суроо-талаптарына жооп берип турду.

**III. Өзбек тилиндеги жалпыга маалымдоо каражаттарынын мыйзамсыз иш аракетине карата көрүлгөн иш-чаралар тууралуу.**

Кыргыз-өзбек улуттар аралык конфликтинин от алышына Ош шаарындагы өзбек тилдүү ОшТВ, МезонТВ телеканалдары өзгөчө салым кошту. Апрель окуяларынан соң аталган телеканалдар өзбек жамаатынын сепаратисттик маанайдагы лидерлери К.Батыровдун, Д.Сабировдун, И.Абдурасуловдун жана башкалардын Жалал-Абаддагы, Оштогу митингдерде сүйлөгөн сөздөрүн байма-бай чагылдырып турду. Алар түз эфирге чыгып, өзбек калкын чоң-чоң митинг уюштурууга, расмий бийликке автономия, тил жана кадр боюнча саясый талаптарды коюуга чакырып жатышты. ОшТВ жана МезонТВнын кээ бир телеберүүлөрүндө өзбектерди кыргыздарга каршы кайраштырган провокациялык маанайдагы көрсөтүүлөр берилип кетти.

Ош шаардык мэриясы мындай кооптуу кырдаалда улуттар аралык мамилеге от салган өзбек тилдүү телеканалдардын жетекчилигине чагымчылдыкка алдырбоо тууралуу бир нече ирет расмий да, бейрасмий да кайрылды. Мэр М.Мырзакматов телеканалдын жетекчилери менен жолугуп, телеканалдар аркылуу чыгышкан айрым адамдардын сөздөрүндөгү улуттар аралык мамилеге доо кетирген сөздөрдү кыскартууну суранган. Бирок

ага карабастан, ОшТВ жана МезонТВ өзбек улутундагы сепаратисттик маанайдагы саясатчылардын сөздөрүн «коментарийсиз» обого чыгарууну уланта беришти. Бул өз кезегинде Оштогу кыргыздардын кыжырдануусун жаратты.

Аны менен катар кээ бир кыргыз тилдүү басылмалар да эки элди кайраштырган материалдарга кеңири орун бере баштады. Маселен, 2010-жылдын 18-апрелинде УТРК каналында коомдук ишмер Д.Сарыгулов «өзбектерди Кыргызстандын коноктору» десе, «Асман» гезити М.Итибаевдин өзбектердин улуттук абийирине шек келтирген макаласын жарыялады. Бул Оштогу өзбектердин наразычылыгын жаратты.

Ушундан-улам Ош шаарындагы коомдук-саясый кырдаалды жогорку жетекчиликке туура маалымдоо жана улуттук каршылашууга үндөгөн басылмаларга чара көрүү өтүнүчү менен Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн төрайымы Р.Отунбаевага кат менен кайрылды (№147/08-16, 26.04.2010-ж.). Каттын көчүрмөсү тиркелет **(№12 ТИРКЕМЕ).**

Тилекке каршы, ал катка Убактылуу Өкмөт тарабынан эч кандай жооп болгон жок. Курчуп бараткан улуттар аралык араздашууну токтотуу максатында Ош шаарынын мэриясы 2010-жылдын 18-майында шаардын активи менен чукул жыйын өткөрдү. Жыйындын протоколу тиркелет **(№13 ТИРКЕМЕ).**

Жыйында **улуттар аралык стабилдүүлүктү сактоо боюнча** УКК-нын Ош облусу боюнча жетекчисинин орун басары К.Н.Бокоевдин, Ош шаарынын прокурору Л.П.Жумабаевдин, Ош шаарынын ички иштер башкармалыгынын жетекчисинин орун басары М.Т.Орозбаевдин баяндамалары угулду. Жыйында сүйлөгөн Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов **улуттар аралык араздашууга үндөгөн сепаратисттер мыйзам алдында жооп берерин эскертип, ОшТВ менен МезонТВ жетекчилерин эки элди бири-бирине кайраштырган берүүлөргө бөгөт коюусун суранды.**

2010-жылдын 20-майында Ош шаарынын мэриясынын демилгеси менен улуттар аралык араздашууга бөгөт коюу максатында кыргыз-өзбек мамилесине от салган телеберүүлөрдү эфирден кетирбөө өтүнүчү менен Ош шаардык кеңешинин депутаттары жана Ош шаарынын мэриясынын алдындагы Көзөмөлдөө кеңешинин мүчөлөрү УТРК, ЭлТР, ОшТВ, МезонТВ телерадиокомпанияларынын жетекчилерине атайын кайрылуу жолдошкон (№184/08-6). Кайрылуу тиркелет **(№14 ТИРКЕМЕ).**

**Кайрылууда өзбек жамаатынын радикалдуу маанайдагы лидерлери К.Батыров, К.Абдуллаева, И.Абдурасулов ОшТВ жана МезонТВ аркылуу кыргыздар менен өзбектерди ачык конфронтацияга үндөп жатканы айыпталган.** Ошондой эле акыркы айда улут аралык 106 майда конфликттер катталганы айтылып, эки элди согушка үндөгөн чакырыктарды телевидение аркалуу жайылтпоону талап кылышкан. Кайрылуу ээлери бул талап эркин басма сөздү ооздуктоо же демократиялык принциптерден баш тартуу эмес, убактылуу чара экенин эскертишкен. Бирок буга карабай ОшТВ менен МезонТВ сепаратисттик маанайдагы телеберүүлөрүн уланта беришти.

Ушундан-улам Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун буйругу менен 2010-жылдын 2-июнунда Ош шаарынын мэриясынын алдында жергиликтүү массалык-маалымат каражаттарынын маалыматтарын анализдөөчү Байкоочу уюм түзүлдү. Буйрук тиркелет **(№15 ТИРКЕМЕ).**

Байкоочу уюмдун негизги максаты улуттар аралык мамилеге от жагууга багытталган телеберүүлөрдү, гезит макалаларын анализдеп, алдын-ала иштерди жүргүзүү эле. Байкоочу уюмдун курамы 5 кишиден туруп, аны белгилүү өзбек жазуучусу А.Абдугафуров жетектеди. Улуттар аралык араздашуунун учкуну жаңыдан түтөп, коомдук жайларда өз ара наразычылыктар айтыла баштаганда Ош шаарынын мэриясынын демилгеси менен 2010-жылдын 8-майында «Ош шамы» газетасына (№21) эки элди ынтымакка чакырган ураандар кыргыз жана өзбек тилдеринде басылып чыгарылды. «Ош шамы» газетасы тиркелет **(№16 ТИРКЕМЕ).**

Андан сырткары, Ош шаарынын мэриясы улут аралык конфликтти алдын-алуу максатында 75 миң сомго элди ынтымак-ырашкерликке чакырган элүүдөн ашык лозунгдарды жана билборддорду шаардагы көрүнүктүү жерлерге илип чыкты. Бул тууралуу Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын маалыматы тиркелет **(№17 ТИРКЕМЕ).**

Ош шаарынын мэриясы апрель, май, июнь айларында улуттар аралык араздашууну алдын-алуу боюнча укук коргоо органдары, жарандык коомдун өкүлдөрү, шаар тургундары менен бирдикте өз алдынча иш алып барды. **Бирок 2010-жылдын 7-апрелинен 10-июнга чейин Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнөн, Президенттик Администрациядан Ош шаарынын мэриясынын адресине улуттар аралык конфликтти алдын-алуу, жарандардын диний коопсуздугун камсыздоо боюнча бир дагы кат, же көрсөтмө келип түшкөн эмес. Тескерисинче, мэрия жөнөткөн каттарга Бишкектеги жогорку бийлик тараптан жооп болгон жок.** Бул тууралуу Ош шаарынын мэриясынын аппаратынын башчысынын каты тиркелет **(№18 ТИРКЕМЕ).**

**IV. Кыргыз-өзбек улуттар аралык жаңжалында Ош шаардык мэриясынын аткарган иштери тууралуу.**

Тилекке каршы, Ош шаарынын мэриясы алдын алган чараларга карабай 2010-жылдын 10–11-июнунда шаарда улуттар аралык башаламандыктар башталып кетти. Башаламандыктарды жөнгө салуу боюнча Ош шаарынын мэриясы бир топ аракеттерди жасап, конкреттүү шитерди жүргүзө баштады.

2010-жылдын 10-июнда түнкү саат 24.00дө «Алай» мейманканасынын аймагында өзбек улутундагы жарандар топтолду деген кабардан улам Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын тергөө-оперативдүү жана ыкчам тобу, милициянын «Сулайман-Тоо» бөлүмү, «Беркут» мобилдүү группасы токтоосуз түрдө аталган аймакка жөнөтүлдү. Ички иштер башкармалыгынын жеке курамы тревога боюнча көтөрүлдү.

Мэр М.Мырзакматовдун тапшырмасына ылайык, вице-мэр Ш.Сабиров өзбек улутундагы шаардык кеңештин депутаттары менен аталган аймакка жөнөтүлдү. Бирок башаламандыктарды токтотуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар өз жыйынтыгын берген жок. Топтолгон жарандар милиция кызматкерлерине каршы иш аракеттерди баштаашты. Ош шаарынын вице-мэри Ш.Сабировдун каты тиркелет **(№19 ТИРКЕМЕ).**

2010-жылдын 11-июнунда саат 00:30да өзбек улутундагылар жыш отурукташкан шаардын Шейит-Дөбө, Амир-Темур кичи райондору тараптан эки кызыл ракета атылып, мечиттерден үн күчөткүчтөр аркылуу беймаал учурда азан айтыла баштаган. Түнкү саат 02-00де МезонТВ телевидениесинин операторлору Ош шаардык мэриясынын имаратына алынып келинип, мэр М.Мырзакматов шаардын элине кайрылуу жасады жана ал кайрылуу түнкү саат 03-00дөн баштап, эфирге чыга баштады. Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын башчысы Б.Ж.Нишановдун профессионалдык деңгээлинин төмөндүгүнөн улам шаардагы акыбал көзөмөлдөн чыгып бараткандыгын байкап, мэр М.Мырзакматов анын ордуна милициянын полковниги Асанов Курсан Сатаровичти дайындоо сунушу менен жогорку жетекчиликке кайрылды. Белгилей кетүүчү жагдай, Б.Ж.Нишановду Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын башчысы кылып дайындоодо борбордук бийлик «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» мыйзамынын «Кыргыз Республикасынын региондорунда кадр саясатын ишке ашырууда жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун күчөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жарлыгынын жоболорун бузуп, аталган маселени жергиликтүү бийлик менен макулдашпай туруп чечишкен. Андыктан башаламандык башталган биринчи күнү профессионалдык деңгээли төмөн Б.Ж.Нишановду кызматтан алуу тууралуу мэр М.Мырзакматовдун кайрылуусу орундалды.

Мэр М.Мырзакматовдун башчылыгында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министринин орун басары М.Турганбаев, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Ички аскер тобунун командири С.Арабаев, Түштүк аскерлер тобунун командири И.Икрамов, УКНнын Ош областы боюнча жетекчисинин орун басары К.Н.Бокоев менен биргеликте чукул кеңешме өткөрүлдү.

Мэр М.Мырзакматов Ош шаарындагы саламаттыкты сактоо боюнча координатору А.Нуралиевге шаардын аймагындагы бардык ооруканаларды, саламаттыкты сактоо кызматкерлерин күчөтүлгөн режимде иштетүү боюнча тапшырма берди. 10-июнда түнкү саат 23-30да «Алай» мейманканасынын жанында башаламандык башталган. Башаламандык күч ала баштаганда мейманкананын жанындагы Ош мамлекеттик университетинин жатаканаларынан бир миң үч жүздөй кыргыз улутундагы студенттер Ош шаарынын мэриясынын чоң залына алынып келинди. Аларга биринчи медициналык жардамдар көргөзүлүп, тез жардам кызматы үзгүлтүксүз иштеп турду. Алар Ош шаарынын мэриясы тарабынан азык-түлүк продуктулары, суусундуктар менен камсыздалды.

Калган студенттер 11-июнда таң эртеңден баштап окуу жайдын жетекчилиги менен биргеликте коопсуз жайларга, тагыраак айтканда, Түштүк аскерлер тобу жайгашкан аймакка чыгарылды, шаар бийлиги алардын тамак-аш маселесин чечип берди.

11-июнь күнү Бишкектен атайын аскер тобу (спецназ) келгенге чейин Ош шаарынын мэриясы борбордук аянтка топтолгон элди тынчтандыруу, шаардын аймактарында топтолгон эки улуттун тобун бири-бирине жакындатпоо боюнча иштерди алып барды. Ушундай түшүндүрүү иштерин жүргүзүү мезгилинде Ош шаардык кеңештин депутаты Шакиров Аскар Абидинович каза болду.

Шаардын аймагындагы май куюучу станциялар иштебей калгандыгына байланыштуу тез жардам, өрт өчүрүүчү жана

кызматтык автоунааларга күйүүчү май куюуну мэрия өз колуна алды. Маселе оперативдүү түрдө чечилип, ага кеткен 500 миң сом акча каражаты кийин мэриянын эсебинен төлөнүп берилди.

Башаламандыктын алгачкы күндөрүнөн баштап эле мэрия атайын автобустарды даярдап, коопсуздукту камсыздоо менен, жалгыз бой кары-картаңдарды, жаш балалуу аялдарды, жатаканалардагы студенттерди коопсуз жайларга алып чыгууну, туруктуу жашаган аймакка жеткирүүнү, алардын тамак-ашын уюштурууну өз колуна алды. Аны менен катар шаардык ооруканаларга, балдар үйлөрүнө да азык-түлүк продуктулары жеткирилип турулду. 12-июндан баштап, Ош шаарынын мэриясы жарандарга гуманитардык жардам көрсөтө баштады. Биринчи вице-мэр Т.Сабировдун кызматтык каты тиркелет **(№20 ТИРКЕМЕ)**

Улуттар аралык араздашуунун алгачкы күндөрү шаар бийлиги чет өлкөлүк 3500 жана кыргызстандык 1500 жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу менен атайын автобустар аркылуу аларды коопсуз жайларга жана аэропортко жеткирүү ишин уюштурду.

2010-жылдын 11-июнунда саат 02-00де Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү Ош, Өзгөн шаарларына, Кара-Суу жана Араван райондоруна коменданттык саат киргизди. Убактылуу Өкмөттүн Декрети тиркелет **(№21 ТИРКЕМЕ)**.

Декретке ылайык, Ош шаарына өзгөчө кырдаал киргизилип, комендатура түзүлдү. Кыргыз Республикасынын «Өзгөчө кырдаалдар жөнүндө» мыйзамына ылайык, өзгөчө кырдаал киргизилип, комендант дайындалган соң, Ош шаарынын мэринин ыйгарым укуктары комендантка өткөзүлүп берилди. Ош шаарынын мэриясы комендант Б.М.Алымбековго массалык башаламандыктарды токтотуу, алдын-алуу жана жоюу максатында колдо болгон бардык күч жана каражаттар тарабынан көмөк көрсөтүп турду.

Ош шаарынын мэриясында түз телефон байланыштары (горячая линия) уюштурулуп, келип түшкөн ар бир маалымат комендатурага оперативдүү түрдө жеткирилип турду. Түз байланыштагы телефон номерлер СМС аркылуу МэгаКом компаниясы жана УТРК, ЭлТР жана 5-телеканалдар аркылуу берилип жатты.

Түштүк жергесине гуманитардык жардам келгенге чейин Ош шаарынын мэриясынын демилгеси менен 4 жерде нан бышыруучу цехтер уюштурулуп, Ош шаарынын эли нан менен камсыздалып турду. Бул тууралуу Ош шаарынын вице-мэри А.Жолдошалиевдин каты тиркелет **(№22 ТИРКЕМЕ).**

2010-жылдын 13-июнунда Ош шаарынын мэриясы шаардык мекеме-ишканалардын жетекчилери менен бирдикте чукул жыйын өткөрдү. Жыйындын протоколу тиркелет **(№23 ТИРКЕМЕ).**

Аталган жыйында Ошко келген гуманитардык жардамдарды бөлүштүрүү боюнча вице-мэр А.Байгазаков башындагы комиссия түзүлдү. Аталган комиссия аймактык кеңештердин төрагалары менен биргеликте гуманитардык жардамдарды элге жеткирип турду.

Аны менен катар **«улуттар аралык мамилени турукташтыруу боюнча эл арасында түшүндүрүү иштерин уюштуруу, коммуналдык чарба кызматтарынын ишин үзгүлтүксүз улантуу, шаар калкын таза суу, электр энергия, азык-түлүк менен камсыздоо боюнча»** тиешелүү кызматтарга протоколдук тапшырмалар берилди.

Ош шаарында улут аралык араздашуунун оту алоолоп күйүп жатканда Ош шаарынын мэринин буйругу менен биринчи вице-мэр Т.Камчыбеков жана вице-мэр Б.Аманбаев жумуштан бошотулду. Анын себеби алардын жумушта кетирген орчундуу кемчиликтер болду. Мэрдин буйругу тиркелет **(№24 ТИРКЕМЕ).**

Ош шаардык мэриясы 11-июндан баштап, коопсуздукту камсыз кылууга катышкан жарандардын, ички иштер кызмат-

керлеринин тамактануусу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 100 миң сом акча каражатын бөлүп берип, өз мезгилинде тамактанууларды уюштурду. Мэр М.Мырзакматовдун буйругу тиркелет **(№25 ТИРКЕМЕ).**

Коменданттык саат мезгилинде аскер, ички иштер кызматкерлерин тамактандыруу максатында атайын акча каражаттары каралып (1 млн. 400 миң сом), талаа кухнясы уюштурулуп, алар ысык тамак менен камсыз болуп турушту. Улуттар аралык башаламандыкты токтотууда күжүрмөн кызмат өтөгөн Ош шаардык, облустук ички иштер башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын коргоо министрлигинин кызматкерлерине, киши колдуу болгон Кара-Суу районунун ички иштер башкармалыгынын башчысы Султанов Адылдын жана анын айдоочусу Шамырзаев Урандын үй-бүлөлөрүнө финансылык колдоо көрсөтүү максатында жалпы суммасы 1 млн. 240 миң сомдук акчалай жардамдар берилди.

Шаардык бийлик өз алдынча коргонуу боюнча аймактык кеңештерде, кварталдарда атайын элдик кошуундарды уюштуруп, коменданттык сааттын талаптарын жарандарга жеткирүү боюнча жер-жерлерде түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Ошондой эле шаар бийлиги дайынсыз жоголгон жарандарды издөө максатында «Ак-Буура» дарыясын токтотуп, бул иштерге мамлекеттик, муниципалдык мекеме-ишканалардын кызматкерлери, шаардын тургундары тартылды. Жыйынтыгында суунун ичинен бир канча жарандардын өлүк денелери табылды. Дайынсыз жоголгондордун жакындарына 305 миң сом өлчөмүндөгү көмөк жана гуманитардык жардамдар көрсөтүлдү. Мэр М.Мырзакматовдун буйругу тиркелет **(№26 ТИРКЕМЕ).**

Аны менен катар шаардын көчөлөрүнөн күйүп кеткен автомашиналардын калдыктары жана башка инерттик материалдар толугу менен чыгарылды, таштандыларды тазалоо иштери уюштурулду. Жалпысынан шаарды тазалоо, атайын техникаларды алуу жана коммуналдык кызматтардын жабыркаган иматта-

рын, атайын техникаларды калыбына келтирүү максатында республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттын эсебинен 1 млн 493,1 миң сом, шаардын жолдорун ремонттоого 1 млн 506,9 миң сом, Ош шаардык жашылдандыруу жана көрктөндүрүү комбинатына атайын техникаларды алуу үчүн 1 млн 500 миң сом, шаардын чоң көчөлөрүндө жабыркаган, күйүп өрттөнгөн автоунааларды таштанды жайларга ташуу үчүн 200 миң сом, Ош шаардык аймактык ооруканасына дары-дармек менен камсыз кылуу үчүн 500 миң сом, борбордук базар дирекциясынын аймагындагы соода түйүндөрүн тазалоо үчүн 500 миң сом, суу чарба ишканасы үчүн 2 млн сом, атайын адистештирилген автобазага 2 млн сом, дезинфекциялоо жумуштарын тез аранын ичинде аткаруу үчүн 1 млн сом бөлүнүп берилди. Мэр М.Мырзакматовдун буйругу тиркелет **(№ 27 ТИРКЕМЕ).**

Шаардык бийлик Ысык-Көлгө 705 баланы тарбиячылары менен биргеликте эс алууга жөнөттү. Ошондой эле Ош шаардык билим берүү башкармалыгына караштуу «Жаштык» лагеринде көзү азиз адамдар, турак жайга муктаж жапа чеккен жарандар үчүн керектүү шарттар түзүлүп, бүгүнкү күнгө чейин аларга ар тараптуу колдоолор көрсөтүлүүдө.

Күйүп жана тонолуп кеткен 5 троллейбусту, 20 автобусту калыбына келтирүү, күйүүчү майларды, автомобиль тетиктерин сатып алууга ж.б. максаттарга 6 млн сом акча каражаты бөлүндү.

Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын мамлекеттик автоинспекция бөлүмүнүн (МАИ) өрттөнүп кеткен административдик имаратын калыбына келтирүүгө 1 млн сом бөлүндү.

Өздүгү аныкталбаган өлүктөрдү көмүүгө атайын каптарды тиктирүүгө 27,3 миң сом, борбордук базардын аймагын дезинфекциялоо максатына 420 миң сом акча каражаттары бөлүнүп берилди. Мэр М.Мырзакматовдун буйругу тиркелет.

Өзбекстан Республикасынын Президенти И.Каримовдун Кыргызстандын түштүгүндө болгон окуялар жөнүндө сүйлөгөн

сөзү жана ага карата Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун макаласы «Ош шамы» гезитине кыргыз жана өзбек тилдеринде жарыяланып, жалпы элге таркатылды. Аталган газеталар тиркелет **(№28 ТИРКЕМЕ).**

2010-жылдын 30-июлунда депутаттардын Ош шаардык кеңешинин сессиясында Ош шаарынын башкы планы талкууланып бекитилди. Ага ылайык, Ош шаарында көп кабаттуу үйлөрдү куруу, шаардык базарды башка жайга көчүрүү иши колго алынды.

Кыргызстандын түштүгүндө болуп өткөн улуттар аралык конфликт кээ бир министрликтердин, күч органдарынын жана жергиликтүү бийлик бутактарынын мындай кризистик кырдаалга даяр эмес экендигин аныктады. Шаарда башаламандык жаңыдан башталганда Ички иштер, өзгөчө кырдаалдар жана Коргоо министрликтеринин шаардагы башкармалыктары ортосундагы координациялык иштер солгун тартып, кээ бир кризистик чакырыктарга карата ыкчам аракеттенүү начар болду. Анткени 7-апрелдеги окуядан соң борбордук бийлик тарабынан жер-жерлердеги башкармалыктарына так, максаттуу тапшырмалар берилбей, алардын ортосундагы байланыш бир кыйла начарлап кеткен эле. Андыктан келечекте улуттар аралык араздашууну экинчи кайталабоо үчүн өлкөнүн социалдык-экономикалык абалын көтөрүү, идеологиялык иш-чараларды күчөтүү жана борбордук бийлик менен жергиликтүү бийлик ортосундагы өз ара байланышты өркүндөтүү зарыл. Бул мезгил талабы.

***М.МЫРЗАКМАТОВ,***
***Ош шаарынын мэри***

# ТИРКЕМЕЛЕР

**№ 1 ТИРКЕМЕ**

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 8-апрелиндеги №88-б БУЙРУГУ

**Өлкөдөгү коомдук-саясий абалдын туруктапуусуна чейин Ош шаарынын аймагында коомдук тартипти камсыз кылуу жөнүндө**

Өлкөдөгү коомдук-саясий абалдын туруктапуусуна чейин Ош шаарында террористтик актыларды жана башка коомчулукка каршы аракеттерди болтурбоо жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында

## Милдеттендиремин:

1.Бардык мекеме-ишканалардын, уюмдардын жетекчилерине жана Ош шаарынын Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын башчысына өлкөдөгү коомдук-саясий абалдын туруктапуусуна чейин, жетектөөчү курамдардан сутка бою нөөмөттөр уюштурулсун, нөөмөттүн графигин жана нөөмөтчүнүн телефонун Ош шаарынын мэриясынын тиешелүү бөлүмдөрүнө беришсин.

2.Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын башчысына (А. Тешебаев):

– өлкөдөгү коомдук-саясий абалдын турукташуусуна чейин Ош шаарынын аймагында коомдук коопсуздукту камсыз кылуу планын иштеп чыксын;

– Ош шаарынын аймагында жайгашкан турмуш-тиричиликти камсыз кылуучу өзгөчө объектилерди, консульстволорду жана чет мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүн коргоо күчөтүлсүн;

– курал-жарактардын, ок-дарылардын, пиротехникалык жарылуучу жана катуу таасир берүүчү уулуу заттардын Ош шаарынын аймагына ташылып келиши катуу көзөмөлгө алынсын;

– шаардын аймагына кирүүчү чет элдик жарандар тарабынан паспорт-визалык көзөмөлдөө тартибинин сакталышын көзөмөлдөө күчөтүлсүн;

– аймактык тескөөчүлөрдүн мекемелер, ишканалар жана аймактык кеңештер, элдик ыктыярдуу кошундар менен биргеликте иш алып баруусу күчөтүлсүн;

3.Ош шаарынын өрткө каршы кызматынын башчысына (Э. Мейманалиев):

– бардык өрт эсептеринин даярдыгы текшерилип чыгылсын, алар күйүүчү, майлоочу майлар менен керектүү материалдык жабдыктар менен камсыздалсын.

4. Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Ош шаары боюнча башкармалыгынын башчысына (А. Сулайманов):

– өзгөчө кырдаалдар учурунда сактоо кызматынын жумушка даярдыгы камсыз кылынсын.

5. Шаардын турмуш-тиричилигин камсыз кылуучу объектилердин жетекчилерине (А. Аттокуров, Н. Садыков, Э. Ысманов, Д. Кокочоров, А. Муминов, К. Алишеров, А. Түгөлбаев, Ж. Маматов, Б. Кудайбердиев, М. Мамасодиков, Б. Хамдамов):

– ведомстволук объектилерди коргоону күчөтүшсүн;

– Ош шаарынын калкынын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу багытындагы иштердин токтоосуз жүргүзүлүүсү камсыздалсын:

– кошумча резервдик авариялык-техникалык каражаттарды уюштуруу жана авариялык ондоп-түзөтүү иштерин жүргүзүү

максатында күйүүчү, майлоочу майлардын жана башка керектүү материалдык-техникалык заттардын резерви камсыз кылынсын.

6. Ош шаардык транспорт инспекциясынын башчысына (А. Орозалиев), Ош шаарынын жүргүнчүлүк транспорт агенттигинин башчысына (Ш. Молдалиев), Ош шаардык муниципалдык автотранспорттук ишкананын башчысына (И. Ражапов);

– өлкөдөгү коомдук-саясий абал калыптанганга чейин белгиленген графикке ылайык калктын каттоосун үзгүлтүксүз уюштуруу;

– жүргүнчүлөрдү ташуучу автоунаалардын күйүүчү, майлоочу майлардын жана башка материалдык-техникалык каражаттардын жетиштүү резерви менен камсыз кылынсын.

7. Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын башчысына (А. Балтабаев):

– Ош шаардык ички иштер башкармалыгы менен макулдашуунун негизинде өлкөдөгү коомдук-саясий абал турукташуусуна чейин мектептерде, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы мекемелерде коопсуздукту камсыз кылуу планы иштелип чыгылсын.

8. Жогорку жана атайын орто окуу жайларынын жетекчилерине окуу корпустарда жана жатаканаларда ыктыярдуу элдик кошундарды тартуу менен суткалык нөөмөттөр уюштурсун.

9. Ош шаардык аймактык ооруканын директоруна (А. Абдуллаева):

– тез жардам медициналык бригада уюштурулсун жана шаардагы медициналык мекемелер медикаменттер жана күйүүчү, майлоочу майлар менен жетиштүү түрдө камсыз кылынсын.

10.Бардык мекемелердин, ишканалардын, уюмдардын жана Ош шаарынын Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын жетекчилери Ош шаарынын мэриясынын бул буйругунун аткарылышы боюнча күн сайын кат жүзүндө саат 17:00дө маалымат берип турсун.

11.Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын биринчи вице-мэри Т. Камчыбековго жүктөлсүн.

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов***

# Ош шаарынын мэринин Ош шаарынын аймагында тартипти сактоого жана элдин бейпилдигин камсыздоого багытталган штаб түзүү жөнүндө 2010-жылдын 9-апрелиндеги № 90-б БУЙРУГУ

Республиканын аймагында болуп өткөн өзгөчө абалдан кийинки турукташуу мезгилинде Ош шаарынын аймагында жалпы тартипти сактоо, элдин бейпилдигин жана шаар турмушун белгиленген тартипте камсыз кылуу максатында

## Буйрук кылам:

1. Төмөндөгүдөй штабдын курамы бекитилсин:

– Мырзакматов М.Ж., Ош шаарынын мэри, штабдын жетекчиси;

– Сабиров Ш.М., Ош шаарынын вице-мэри;

– Асанов К.С., Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын башчысы, штабдын жетекчисинин орун басары.

Штабдын мүчөлөрү:

– Байгазаков А.Т., Эркулова Г.К., Казиев А.К., Сабиров Т.Н., Иминов А.Р., Ташмаматов А.П., Омурзаков М.Т., Маасалиев А.К.

2. Штабга Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 8-апрелиндеги № 88-б «Өлкөдө коомдук-саясий абалдын калыптануусуна чейин Ош шаарынын аймагында коомдук тартипти камсыз кылуу жөнүндө» буйругунун аткарылышын иш жүзүнө ашыруу, жалпы тартипти сактоо, элдин бейпилдигин жана шаар турмушун жеткиликтүү деңгээлде аткаруу багытындагы иштердин аткарылышын камсыз кылсын.

3.Бул буйруктун аткарылышын жеке көзөмөлүмө аламын.

*Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов*

**№ 2 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын активи менен биргеликте 2010-жылдын 12-апрелинде өткөрүлгөн аппараттык кеңешменин №7 ПРОТОКОЛУ

**Кеңешменин төрагасы:** Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов

**Катышкандар:** Аппараттык кеңешмеге туруктуу катышкан Ош шаарынын мэриясынын бөлүм башчылары, Ош шаарынын муниципалдык кызматтарынын, мамлекеттик башкаруу органдарынын, укук коргоо органдарынын жетекчилери, шаардык Кеңештин депутаттары, билим берүү, саламаттыкты сактоо тармактарынын жетекчилери, Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын айыл башчылары, аймактык Кеңештердин, аксакал сотторунун төрагалары, дин өкүлдөрү жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү.

**Жалпысынан тизме менен** 285 адам катышты.

Жыйында Кеңешменин төрагасы, Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов төмөндөгүлөргө токтолуп кетти:

*Урматтуу жыйындын катышуучулары!*

*Бүгүнкү жыйында Ош шаарынын муниципалдык кызматтарынын, мамлекеттик башкаруу органдарынын, укук коргоо органдарынын жетекчилери, шаардык Кеңештин депутаттары, билим берүү, саламаттыкты сактоо тармактарынын жетекчилери, Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын айыл башчылары, аймактык Кеңештердин, аксакалдар сотторунун төрагалары, дин өкүлдөрү жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышып олтурушат. Жыйынды баштоодон мурда 6–7-апрель күнү Бишкек шаары-*

*нын борбордук аянтында болуп өткөн каршылык акциясында бир топ мекендештерибиз кайтыш болушту, алардын жаркын элесине бир мүнөт эскерүү жарыялайм.*

*Рахмат, олтуруңуздар.*

*Урматтуу актив, 10-апрель күнү Ата-Бейитке маркумдарды акыркы сапарга узатып жатып, келе жаткан жума күн «эскерүү күнү» деп жарыяланды. Жогоруда айтып кеткендей, бүгүнкү жыйында дин өкүлдөрү, аксакалдар отурасыздар, шаарыбыздын аймагындагы бардык мечиттерде кайтыш болгон мекендештерибизди эскерип куран окулуусу абзел.*

*...Урматтуу жетекчилер!*

*Республикабыздын аймагында болуп өткөн өзгөчө кырдаал учурунда жана бүгүнкү күндө өзүңүздөр иштеген эмгек жамааттарда, жер-жерлерде учурда мамлекетибиздеги кооптуу абалды жөнгө салуу максатында шаарыбыздын элин ынтымакка, бейпилдикке чакыруу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзсөңүздөр.*

*Ошондой эле Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 8-апрелиндеги №88-б буйругунун негизинде шаар тургундарынын коопсуздугун жана маанилүү объекттерди сактоо максатында ар бир мекеме-ишканаларда атайын нөөмөттөр уюштурулуусун камсыз кылышсын жана 2010-жылдын 9-апрелиндеги №90-б буйруктун негизинде түзүлгөн штабдын курамы коомдук саясий абалдын калыптануусуна чейин Ош шаарынын аймагында коомдук тартипти камсыз кылуу жөнүндөгү буйруктун аткарылышын иш жүзүнө ашыруу, жалпы тартипти сактоо, элдин бейпилдигин жана шаар турмушун жеткиликтүү деңгээлде аткаруу багытындагы иштердин аткарылышын көзөмөлгө алсын.*

*Өзүңүздөргө белгилүү болгондой Убактылуу элдик Өкмөт түзүлдү.*

*Убактылуу элдик өкмөт тарабынан декрет кабыл алынды. Кабыл алынган Декреттин негизинде өкмөттүк органдардын учурдагы структурасы убактылуу сакталат. Ошон-*

*дуктан жамаатыңыздарда иш токтоп калбашы керек, шаардык жолдор башкармалыгы, газдаштыруу тармагынын Оштогу башкармалыгы, жолдорду пайдалануу ишканалары толугу менен жыл башында бекитилген пландын негизинде иш алып баруулары керек.*

*Ошондуктан шаардагы бардык мекеме-ишканалар, башкармалыктар толук кандуу өз ишин улантышып, иштей беришсин. Ал эми билим берүү тармагында үзгүлтүксүз окуу процесси жүргүзүлсүн.*

Жыйындын жүрүшүндө күн тартибинде каралган маселелерди талкуулоонун жыйынтыгы боюнча Ош шаарынын мэри, кеңешменин төрагасы М.Мырзакматов төмөндөгүдөй тапшырмаларды берди:

**1. А.Казиевге, Т.Айтматовага, А.Маасалиевге, Рахматулло хажы Касымовго:** 2010-жылдын 16-апрелинде өтүүчү маркумдарды «эскерүү күнүнүн» өтүшү көзөмөлгө алынып, аткарылышы камсыз кылынсын; Ар кандай провокацияга берилбестен, мечиттерде элди тынчтыкка, сабырдуулукка, стабилдүүлүккө, ынтымакка чакыруу боюнча багыт берилсин.

**2. Л.Шериевага, А.Балтабаевге:** Шаардык билим берүү тармагында окуу процесси үзгүлтүккө учурабай толук кандуу жүрүүсү көзөмөлгө алынсын.

***Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов***

**№ 3 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын активи менен биргеликте 2010-жылдын 21-апрелинде өткөрүлгөн аппараттык кеңешменин №8 ПРОТОКОЛУ

**Кеңешменин төрагасы:** Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов.

**Катышкандар:** Аппараттык кеңешмеге туруктуу катышкан Ош шаарынын мэриясынын бөлүм башчылары, Ош шаарынын муниципалдык кызматтарынын, мамлекеттик башкаруу органдарынын, укук коргоо органдарынын жетекчилери, шаардык Кеңештин депутаттары, билим берүү, саламаттыкты сактоо тармактарынын жетекчилери, Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын айыл башчылары, аймактык Кеңештердин, аксакал сотторунун төрагалары, дин өкүлдөрү жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү.

**Жалпысынан тизме менен** 280 адам катышты.

Жыйынды Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов кадрдык жана дайындоолордон баштады.

Андан соң күн тартибиндеги төмөнкү маселелерди кароого өттү.

1. Ош шаарында стабилдүүлүктү сактоодо, шаардын турмушун камсыз кылууда тиешелүү кызматтар, мекеме-ишканалар тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштери жөнүндө Ош шаарынын вице-мэрлеринин отчеттору угулду.

Жыйындын жүрүшүндө күн тартибинде каралган маселелерди талкуулоонун жыйынтыгы боюнча Ош шаарынын мэри, кеңешменин төрагасы М.Мырзакматов төмөндөгүдөй тапшырмаларды берди:

**– А.Байгазаковго, Д.Аракуловага, А.Жунусовго:** шаарыбызда тамак-аш азыктарынын бааларынын негизсиз өсүп кетүүсүнө жол бербөө жагы көзөмөлгө алынып, жума сайын маалымат берилип турсун.

**– А.Байгазаковго, У.Примовго (макулдашуу менен), Ж.Тургунбаевге:** Салык жана жыйымдарды чогултуу жана башка төлөмдөрдүн өз мөөнөтүндө шаардык бюджетке түшүүсү камсыз болуп, көзөмөлгө алынсын.

**– Ш.Сабировго, А.Ташмаматовго, М.Аматовго:** жаратылыш газына болгон дебитордук карыздарды топтоо чараларын көзөмөлгө алып, аткарылышын камсыздасын.

***Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов***

**№ 4 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 16-апрелиндеги №97-б БУЙРУГУ

**Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын кызматкерлерин акчалай сыйлоо жөнүндө**

Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын №739 катынын негизинде, КыргызРеспубликасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын № 8,10,11 беренелерин жетекчиликке алып,

## Буйрук кылам:

1. Ош шаарынын каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) 2010-жылдын 6-апрель жана 7-апрелинде Ош шаардык ИИБнын кызматкерлери Кыргыз Республикасынын ИИМнин жетекчилигинин көрсөтмөсү менен коомдук коопсуздукту камсыз кылуу максатында Бишкек жана Талас шаарларына барган тогуз кызматкерге Ош шаарынын мэриясынын акчалай сыйлыктары менен сыйлоо үчүн ар бирине 5000 (беш миң) сомдон акча каражатын Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунун эсебинен бөлүп берсин.

2. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын вице-мэри А. Байгазаковго жүктөлсүн.

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов***

**№ 5 ТИРКЕМЕ**

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 29-апрединдеги №114-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын**
**бөлүү жөнүндө**

Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын 2010-жылдын 17-апрелиндеги катынын негизинде Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын № 8,10,11- беренелерине таянып,

### Буйрук кылам:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарынын ички иштер башкармалыгынын имаратынын курулуш иштерин бүтүрүүгө финансылык жактан жардам көрсөтүү максатында 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражатын Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунан бөлүп берсин.

*Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов*

**№ 6 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарындагы А.П.Федченко атындагы №1 орто мектебинде 2010-жылдын 3-майында болуп өткөн жыйындын ПРОТОКОЛУ

**Жыйынга катышкандар:**

1. Ош шаарынын мэри Мелисбек Мырзакматов;
2. Ош шаардык мекеме-ишканалардын башчылары;
3. №9 «Амир-Темур» аймактык кеңешинин 2235 жашоочусу.

## Күн тартиби:

### № 9 «Амир-Темур» аймактык кеңешиндеги көйгөйлүү маселелерди чечүү жөнүндө

Ош шаарынын вице-мэри Сабиров Шухрат Маматалиевич жыйынды ачып, келген меймандар менен тааныштырып, сөздү Ош шаарынын мэри Мелисбек Мырзакматовго берди.

Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов Амир-Темур шаарчасынын тургундарынын жашоо шарт маселелери боюнча сөз сүйлөп, Привокзальныйдагы окуя боюнча токтолуп, аларды уюштургандар жазасын алганын, Жороев Искендер Ош шаарынын тургундарына провокация жүргүзгөндүгүн жана ал да жаза алгандыгын айтып өттү. Эл арасында жүрүп жаткан улутчулдук (кыргыз, өзбек) маселелерине токтолуп, эл арасынан чыккан тартип бузуучулар, ичкиликтин айынан болгон түшүнүксүздүктөр жөнүндө да айтты. Шаарда болуп жаткан терроризм жөнүндө айтып, ага мисалдарды да келтирип өттү. Элге түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

Калинин массивинин тургуну, адам укугун коргоочу И.Юнусов өз сөзүндө улутчулдук жөнүндө сөз болгон жок, бул жерде мафия өздөрүнүн пайдасы үчүн эки улутту уруштуруу максатында провокация иштерин жүргүзүп жатат деди.

Мелисбек Мырзакматов ГКНБнын төрагасы менен ИИМдин төрагасына провокация уюштургандарды 15 күндүн ичинде жазага тартылуусун талап кылды.

«Амир-Темур» шаарчасынын тургуну Шакиров сөз сүйлөп, таможня, салык жана медицина тармагындагы болуп жаткан туура эмес иштерди карап берүүнү сунуштады.

Мелисбек Мырзакматов салык, таможня, медицина тармагында болуп жаткан коррупцияларга каршы көзөмөл жүргүзүү үчүн тийиштүү органдарга тапшырды.

«Амир-Темур» шаарчасынын тургуну Мирабдуллаев Давранбек газ, суу жөнүндө эмес, болуп жаткан улутчулдукту карайлы деп маселе койду. Юсупов Дилмурод аттуу тургун өз сөзүндө, шаар ичиндеги талап-тоноо, налогдорду, Амир-Темур шаарчасындагы ич ара көйгөйлөрдү жөнгө салуу талабын койду.

ИИМдин башчысы Курсан Асанов сөзүндө тартип бузгандар, талап-тоногон адамдардын табылгандыгын жана алар өз жазасын алгандыгын айтып, милицияга улутуна карабай ишке алуусун жана дагы калкты биргеликте иштөөгө чакырып кетти.

Мелисбек Мырзакматов жыйындын акырында «Амир-Темур» шаарчасынын элине кайрылып, провокациялык иштерге ишенбей, улуттар аралык достукту, тынчтыкты сактоо менен, шаар тургундарын, жаштарды ынтымакка, биримдикке чакырып кетти.

## № 9 «Амир-Темур» аймактык кеңешиндеги маселелерди чечүү жыйыны
## Токтом кылат:

1. Улуттар аралык тынчтыкты, достукту жана биримдикти сактоо күчөтүлсүн;

2. Кварталдык комитеттин төрагалары, айыл аксакалдары, ДНД жана жаштар менен биргеликте нөөмөтчүлүктү саат 20:00дөн 24:00гө чейин уюштурсун;

3. Номери жок жана тонировкаланган автоунаалар көзөмөлгө алынсын;

4. Паспорттук режим сакталсын.

***Жыйындын жооптуу катчысы Х.Мадаминова***

**№ 7 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын активи менен 2010-жылдын 4-май күнү өткөрүлгөн аппараттык кеңешменин №9 ПРОТОКОЛУ

**Кеңешменин төрагасы:** Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов

**Катышкандар:** Аппараттык кеңешмеге туруктуу катышкан Ош шаарынын мэриясынын бөлүм башчылары, облустук мекеме-башкармалыктардын жетекчилери, Ош шаарынын муниципалдык кызматтарынын, мамлекеттик башкаруу органдарынын, укук коргоо органдарынын жетекчилери, шаардык Кеңештин депутаттары, билим берүү, саламаттыкты сактоо тармактарынын жетекчилери, Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын айыл башчылары, аймактык Кеңештердин, аксакал сотторунун төрагалары, дин өкүлдөрү жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү.

**Жалпысынан тизме менен** – 156 адам катышты.

Жыйынды Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов шаардагы бүгүнкү күндөгү кырдаал жөнүндө сөздөн баштады.

*Урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары!*

*Өзүңүздөргө маалым болгондой, учурда Ош шаарынын аймагында коомдук-саясий кырдаал стабилдүү болушу үчүн улуттар аралык мамилелердин курчушун көздөгөн кээ бир провокациялык күчтөрдүн жүргүзүп жаткан иштерине бөгөт коюп, провокаторлордун тийиштүү органдардын алдында жооп берүүсүнө көмөк көрсөтүүбүз керек. Ошондуктан урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары, бала бакчалардан баштап, мектептерде, жогорку окуу жайларында, аймактык кеңештин төрагаларына, кварталдык комитеттердин төрага-*

*ларына чейин, баарыңыздар өзүңүздөр иштеген мекемелерде, аймактарда, жашаган жерлериңиздерде туура түшүндүрүү иштерин жүргүзсөңүздөр. Бүгүнкү күндө шаардын бюджеттик киреше бөлүгүн толтуруу, пенсия, пособие жана айлык акыларды убагында берүү, шаар элинин жашоо турмушун жөнгө салуу да негизги ролду ойнойт.*

*Биздин салымыбыз, жогоруда айткандай шаардын экономикасын жогорулатууга, стабилдүүлүктү сактоого багытталышы керек. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Декретинин негизинде 2010-жылдын 27-июнунда Кыргыз Республикасынын референдуму (жалпы элдик добуш берүү) өтө турган болду. Алдыдагы референдумдун, шайлоолордун өтүшүнө көптөгөн Эл аралык байкоочулардын катышуулары күтүлүүдө. Ошондуктан, референдумду уюшкандыкта өткөрүүнү жалпы коомчулук колго алышыбыз керек.*

2010-жылдын 27-июнунда өлкөбүздө өтүүчү референдум боюнча Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы М.Пайзилдаевдин маалыматы угулду.

Андан соң күн тартибиндеги маселелерди кароого өттү.

**Жыйындын жүрүшүндө күн тартибинде каралган маселелерди талкуулоонун жыйынтыгы боюнча Ош шаарынын мэри, кеңешменин төрагасы М.Мырзакматов төмөндөгүдөй тапшырмаларды берди:**

– **А.Казиевге:** Ош шаарындагы бардык мекеме-ишканалар жеке менчигинин түрүнө карабастан, шаарыбыздагы коомдук-саясий кырдаалды түшүндүрүп, аткарып жаткан ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат беришсин; Кезектеги аппараттык кеңешмеде «Ош шаар сууканал» муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүктөрүн кароо маселелери күн тартибине киргизилсин; Ош шаарынын мэриясынын коргонуу жана укук коргоо бөлүмүн башкы адиси А.Маасалиевге өзүнүн функционалдык милдетин

так аткарбагандыгы жана Улуу Жеңиштин 65 жылдык салтанатын өткөрүү үчүн даярдык көрүүгө тоскоол болгондугу үчүн сөгүш жарыялансын.

**– Б.Аманбаевге, Л.Шериевага, Г.Эркуловага, А.Балтабаевге:** Ош шаарындагы бала бакчаларда, билим берүү мекемелеринде (мектептерде, жогорку окуу жайларында) улуттар аралык ынтымак жана шаарыбыздагы стабилдүүлүк жөнүндө ачык сааттар өткөрүлүп, окуучулар менен ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн;

**– Б.Аманбаевге, Л.Шериевага:** мектептин ремонтуна ата-энелерден акча топтолуп жаткандыгы тууралуу маалымат текшерилип, кийинки аппараттык жыйынга так маалымат берилсин;

**– Аймактык Кеңештердин төрагаларына:** Учурдагы кырдаалга ылайык шаардын стабилдүүлүгүн сактоо максатында шаарыбыздын тургундарына улуттар аралык ынтымак жана биримдик жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн;

**– Ош шаарынын мечиттеринин имамдарына:** мечиттерде ар бир маселе айтууда Ош шаарынын элин ынтымакка, биримдүүлүккө чакыруу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

**– М.Омурзаковго:** №1 Туран аймактык кеңешинин төрагасы М.Ходжиахуновдун бүгүнкү кырдаалда жогорку деңгээлде жүргүзгөн иш-аракеттерин эске алып, сыйлыкка көрсөтүү боюнча сунуш киргизилсин.

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов***

**№ 8 ТИРКЕМЕ**

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 17-майындагы №120-к БУЙРУГУ

**Д.Сабиров жөнүндө**

Сабиров Даврон Муратович Ош шаарынын мэринин отун-энергетика комплекси боюнча кеңешчиси кызматынан бошотулсун.

***Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов***

**№ 9 ТИРКЕМЕ**

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 17-майындагы №121-к БУЙРУГУ

**А.Абдугафуров жөнүндө**

Абдугафуров Абдугани коомдук башталыштарда Ош шаарынын мэринин кеңешчиси болуп дайындалсын.

*Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов*

**№ 10 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 17-майындагы №122-к БУЙРУГУ

**Х.Азимов жөнүндө**

Азимов Худайберди Азимович коомдук башталыштарда Ош шаарынын мэринин кеңешчиси болуп дайындалсын.

*Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов*

10 – 700

**№ 11 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 25-майындагы №155-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаарынын «Ак кызмат» коомдук бирикмесинин 2010-жылдын 14-майындагы катынын негизинде Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын № 8,10,11-беренелерине таянып,

## Буйрук кылам:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарынын мэриясына 2010-жылдын 27-майында «Ак кызмат» коомдук бирикмесинин «Достук жүрүшү» аттуу жөө жүрүш акциясына, шаардагы бардык улуттагы тургундарын ынтымакка, достукка чакыруу, учурдагы тынчсызданууу, чыңалуу факторлорунун таасирин төмөндөтүү демилгесине колдоо көрсөтүү максатында 184 200 (бир жүз сексен төрт миң эки жүз) сом акча каражатын Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунан бөлүп берсин.

***Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов***

**№ 12 ТИРКЕМЕ**

**№147/08-13**
**2010-жылдын 26-апрели**

**Кыргыз Республикасынын**
**Убактылуу өкмөтүнүн**
**Төрайымы Р. ОТУНБАЕВАга**

**Урматтуу Роза Исаковна!**

Ош шаарынын мэриясы Ош шаарында коомдук-саясий туруктуулукту сактоо боюнча бардык күчүн жумшоодо. Ош шаарынын аймагында коомдук тартипти камсыз кылуу максатында шаардын активдүү жарандарынан элдик кошуун уюшулуп, шаардын тургундары жана активдери менен үзгүлтүксүз жолугушуулар өткөрүлүп, жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу элге түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Көрүлгөн чаранын натыйжасында шаарда абал туруктуу, мамлекеттик мүлктү бузуу жана талап-тоноочулук боюнча фактылар Ош шаарында катталбады. Бирок акыркы мезгилдерде жалпыга маалымдоо каражаттарында Ош шаарынын жашоочуларын, айрыкча өзбек улутундагы атуулдарды тынчсыздандырган маселелер талкууланууда.

Маселен, коомдук ишмер Д.Сарыгуловдун 2010-жылдын 18-апрелиндеги Улуттук каналдан сүйлөгөн сөзү «өзбек улутунун өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын коноктору», «Асман» газетасына жарыяланган М.Итибаевдин макаласы.

Улуттар аралык туруктуулукту сактоо жана провокацияга жол койбоо үчүн Ош шаарынын мэриясынын жооптуу кызматкерлери Ош шаарынын ички иштер башчысы, аймактык кеңештин төрагалары, кварталдык комитеттер, аксакалдар соту,

жаштар кеңеши жана аялдар кеңештери менен улуттар аралык чыр-чатактын алдын-алуу жана кылмыштуулукту алдын-алуу боюнча өз ара маселелерди талкуулоодо жогорудагыларды эске алып, көп кылымдар бою боордоштук мамиледе жашап келген кыргыздар менен өзбектердин, улуттар аралык мамиленин келип чыгышына жол койбоо максатында Сизден, Урматтуу Роза Исаковна, Ош шаарынын мэриясы телерадиокомпаниялар аркылуу жана ар кандай жарыяланган макалаларды, басмаларды, коомдук-саясий абалды туруксуздандырууга улуттар аралык мамилеге от чагууга багытталган көрсөтүүлөргө чара көрүүңүздү көптөн-көп суранам.

***Урматтоо менен,***
***Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов***

**№ 13 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын активи менен биргеликте 2010-жылдын 18-майында өткөрүлгөн аппараттык кеңешменин №10 ПРОТОКОЛУ

**Кеңешменин төрагасы:** Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов

**Катышкандар:** Аппараттык кеңешмеге туруктуу катышкан Ош шаарынын мэриясынын бөлүм башчылары, облустук мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органдарынын жетекчилери, Ош шаарынын муниципалдык кызматтарынын, укук коргоо органдарынын жетекчилери, шаардык Кеңештин депутаттары, билим берүү, саламаттыкты сактоо тармактарынын жетекчилери, Жапалак айылдык аймактык башкармалыгынын айыл башчылары, аймактык Кеңештердин, аксакал сотторунун төрагалары, дин өкүлдөрү жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү.

**Жалпысынан тизме менен** 404 адам катышты.

Жыйынды Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов кадрдык өзгөрүүлөрдөн баштады.

*Урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары!*

*Ош шаарынын мэриясынын жүргүзүп жаткан саясатына карама-каршы иш аракеттери жана ашынган улутчулдугу үчүн Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 17-майындагы №120-к буйругунун негизинде Д.Сабиров Ош шаарынын мэринин отун-энергетика комплекси боюнча кеңешчиси кызматынан бошотулду. 2010-жылдын 17-майдагы №121-к буйругунун негизинде Абдугафуров Абдугани коомдук башталыштарда Ош шаарынын мэринин кеңешчиси болуп дайындалды. 2010-жыл-*

*дын 17-майдагы №122-К буйругунун негизинде Азимов Худайберди Азимович коомдук башталыштарда Ош шаарынын мэринин кеңешчиси болуп дайындалды.*

Андан соң күн тартибиндеги маселелерди кароого өттү.

**Күн тартиби:**

1. Шаардын аймагында стабилдүүлүктү сактоо жана учурдагы саясий кырдаал жөнүндө укук коргоо органдарынын жетекчилеринин маалыматы.

**Баяндамачылар:** – Улуттук кооопсуздук комитетинин мамлекеттик башкармасынын Ош шаары жана Ош облусу боюнча башчысынын орун басары Бокоев Канжарбек Нурбаевич;
– Ош шаарынын прокурору Жумабаев Латип Пазылович;
– Ош шаарынын ички иштер башкармалыгынын оперативдүү иштер боюнча орун басары Орозбаев Марат Тургунбаев.

Ош шаарынын мэри, Кеңешменин төрагасы М.Мырзакматов:

*– Урматтуу жыйындын катышуучулары!*

*Учурдагы саясий-коомдук абал баарыбызга белгилүү. Шаарыбыздын стабилдүүлүгү үчүн ар кандай провокацияларга, башаламандыкка жол бербөө максатында улуттар аралык ынтымакты, биримдикти бекемдеп, мыйзамга туура келбеген ар бир иш-аракеттер мыйзам алдында жоопко тартылышы керек.*

*Жалпыга маалымдоо каражаттарынын (ОшТВ, МезонТВ) жетекчилери провокациялык, эки элди бири-бирине кайраштырып, элдин кыжырына тийген көрсөтүүлөрдү токтотуу керек.*

*Укук коргоо органдары дал ушул кырдаалда шаарыбызда стабилдуулукту сактоо максатында жигердүү иштешиңерди талап кылам.*

Шаардагы коомдук кырдаал боюнча Улуттук Коопсуздук комитетинин мамлекеттик башкармасынын Ош шары жана Ош облусу боюнча башчысынын орун басары Бокоев Канжарбек Нурбаевичтин, Ош шаарынын ички иштер башкармалыгынын башчысынын орун басары Орозбаев Марат Тургунбаевдердин маалыматтары угулду.

Жыйындын жүрүшүндө күн тартибинде каралган маселелерди талкуулоонун жыйынтыгы боюнча Ош шаарынын мэри, кеңешменин төрагасы М.Мырзакматов төмөндөгүдөй тапшырмаларды берди:

– **А.Казиевге, А.Маасалиевге:** Ош шаарында коопсуздукту камсыз кылууда шаардык ички иштер башкармалыгынын өзгөчөлөнгөн кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүү боюнча сунуш киргизилсин;

– **А.Байгазаковго, К.Абдыкадыровго:** Учурдагы саясий-коомдук кырдаалда шаардын стабилдүүлүгүн сактоодо чоң салым кошкондугу үчүн шаардык ички иштер башкармалыгына шаардык бюджеттен 500 000 сом акча каражаты кызматтык транспортторго күйүүчү майларды сатып алууга жана кызматчыларды тамак-аш менен камсыз кылуу максатында бөлүнүп берилсин;

– **Б.Аманбаевге, Г.Эркуловага:** Массалык маалымат каражаттарынын маалыматтарын көзөмөлгө алуу максатында атайын коомдук байкоочу уюм түзүү боюнча сунуш киргизилсин.

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов***

**№ 14 ТИРКЕМЕ**

**УТРКнын президенти К. ОТОРБАЕВге,**
**ЭлТРдин директору Ш. АБДРАХМАН уулуна,**
**ОшТВ ТРКнын директору Х.ХУДОЙБЕРДИЕВге,**
**«МезонТВ» массмедиасынын директору Ж.МИРЗАХОДЖАЕВге**

# КАЙРЫЛУУ

Апрель окуяларынан бүгүнкү күнгө чейин шаардын мэринин так башкаруусунун жана укук коргоо органдарынын уюшкандыкта иш алып баруусунун натыйжасында Ош шаарында туруктуу жагдай сакталууда. Бирок бир катар көрсөтүүлөр эфирге чыккандан кийин кыргыз жана өзбек улутундагы жашоочуларынын арасында мамилелердин чыңалуусу пайда болду. Дастан Сарыгуловдун шовинисттик көз караштары Түгөлбай Казаковдун «Улутман» көрсөтүүсүндө угузулушу өзбек улутундагы жашоочулардын арасында кескин терс реакциясын жаратты. Ошол эле убакытта өзбек «лидерлеринин» сүйлөгөн сөздөрү Ош шаарынын жашоочуларынын ушундай эле терс реакциясынын келип чыгышына түрткү болду.

Атап айтканда, Ош шаарынын «Мезон ТВ» жана «Ош ТВ» телерадиокомпаниялары 2011-жылдын 14–15-майында бир нече жолу «комментарийсиз» көрсөтүүлөрдө өзбек жамаатынын айрым радикалдуу «лидерлери» К.Батыров, К.Абдуллаева, И.Абдурасуловдордун сүйлөгөн сөздөрү түз эфирде көрсөтүлгөн. Бул адамдар көтөрүп жаткан саясий талаптарын ачык-айкын билдиришкен жана көздөгөн максаттарына ачык тирешүү жолу менен жетүүгө үндөшкөн. Натыйжада, Ош шаарынын укук коргоо органдарынын маалыматы боюнча, азыркы учурда турмуш-тиричиликке байланышкан улуттар аралык 106 чыр-чатак катталган.

1990-жылдын кайгылуу окуялары боюнча Ош шаарынын жашоочулары турмуш-тиричиликке байланышкан чыр-чатак улуттар аралык тирешүүгө алып келерин, анда жеңгендер жана жеңилгендер, уткандар жана утулгандар болбостугун жакшы билишет.

Ош шаарынын ушул жылдын 18-майындагы активинде шаар тургундарынын көптөгөн кайрылууларынын жана талаптарынын негизинде ушул кайрылууну жолдоо тууралуу чечим кабыл алынды.

Өлкөбүз башынан кечирип жаткан азыркы оор мезгилде улуттар аралык ажырымды жаратууга багытталган телекөрсөтүүлөрдү эфирге чыгаруудан баш тартуу тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттарынын жетекчилерине кайрылууну өзүбүздүн жарандык парзыбыз деп эсептейбиз.

Бул талаптар сөз эркиндигин чектөө, цензураны киийрүү же демократиянын негиздеринен кетенчиктөө катары эмес, бүгүнкү күндөгү кырдаалда Кыргызстанда улуттар аралык биримдикти, саясий туруктуулукту сактоо максатындагы чечим катары кабыл алынат деген үмүттөбүз.

Ош шаарынын мэриясынын байкоочу
кеңешинин мүчөлөрү:

**1. Абугафуров А.А.**
**2. Шабданов С.Ш.**
**3. Азимов Х.А.**

Ош шаардык Кеңешинин 28 депутаты

**№ 15 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 2-июнундагы №170-б БУЙРУГУ

**Байкоочу уюмду түзүү жөнүндө**

Ош шаарынын аймагында акыркы учурда коомдук-саясий кырдаалга байланыштуу жергиликтүү телеберүүлөрдөн белгисиз максатта уюштурулган митингдердин, жыйналыштардын жана кандайдыр бир формалдуу эмес уюмдардын лидерлеринин чыгууларын телекөрсөтүүлөр аркылуу бир канча жолу кайталанып көрсөтүлүп жана элге жайылтылышы көп улуттуу шаар калкынын арасында түшүнбөстүктөрдү жаратып жаткандыгын белгилөө менен, шаардагы коомдук-саясий туруктуулуктуу сактоо максатында Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндөгү» Мыйзамынын 10, 11-беренелерин жетекчиликке алып,

## Буйрук кылам:

1. Ош шаарынын мэриясынын алдында жергиликтүү массалык-маалымат каражаттарынын маалыматтарын көзөмөлгө салуучу атайын байкоочу уюм түзүлсүн;

2. Жергиликтүү массалык-маалымат каражаттарынын маалыматтарын көзөмөлгө салуучу атайын байкоочу уюмдун курамы тиркемеге ылайык бекитилсин (тиркелет);

3. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын вице-мэри Б.Аманбаевге жүктөлсүн.

***Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов***

**№ 16 ТИРКЕМЕ**

## Амир-Темурлуктар көйгөйлөрүн айтышты
### («Ош шамы» гезитинде жарыяланган)

Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов Амир-Темур аймактык кеңешинин жашоочулары менен жолугушту. Акыркы кездеги мамлекеттеги саясий кырдаалды курчутпоо, улуттар аралык араздашууну болтурбоо, ар кандай кодулоочу кадамдардын алдын-алуу жана аларды жоюу жөнүндөгү маселелер жолугушуунун өзөгүн түздү.

Улуттар аралык бөлүнүү сыяктуу кыжырды келтире турган иштерди провокаторлор жасап жатышкандыктары, укук коргоо органдары бул боюнча иликтөө иштерин жүргүзүп жаткандыгы айтылды. «Биз, кыргыз-өзбек калкы көп жылдан бери ынтымакта эриш-аркак жашап келе жатабыз. Чыр-чатакты болтурбоо үчүн мунун алдын алышыбыз керек. Мен Ош шаарынын мэри катары айтып коёюн, провокаторлордун тартипсиз иштерине жол бербейм», – деди мэр М.Мырзакматов.

Жолугушууда Амир-Темур аймактык кеңешинин жашоочулары суу, жол, чегара маселелери, МАИ кызматкерлеринин орой мамилелери, ооруканаларда операциялар үчүн акы алуулар, коррупциянын курчуп бараткандыгы боюнча көйгөйлөрүн ортого салышты. Мэр бул маселелер жеке өзүнүн жана жаңы бийликтин көзөмөлүндө болорун билдирди.

***Ош шаарынын мэриясынын маалымат кызматы***

**№ 17 ТИРКЕМЕ**

## Ош шаарынын мэриясынын Муниципалдык башкармалыгынын маалыматы

**№ 1018/05-6**
**2010-жылдын 19-майы**

Белгилүү болгондой, 14–15-май күндөрү Жалал-Абад шаарында улуттар аралык араздашуу болгон. Ошонун негизинде Ош шаарынын мэринин протоколдук тапшырмасына ылайык, улуттар аралык араздашууну алдын-алуу максатында, биримдикке жана тынчтыкка чакыруу багытындагы жалпы суммасы – 75 480 сомго барабар болгон 50 даана, анын ичинде 43 растяжка, 7 панно ыкчам түрүндө даярдалып, Ош шаарынын борбордук көчөлөрүнө илинген.

***Башкарманын башчысы Т.Салиев***

**№ 18 ТИРКЕМЕ**

**Ош шаарынын мэри**
**М. Мырзакматовго**

## Кызматтык кат

Сиздин оозеки тапшырмаңыз боюнча төмөндөгүлөрдү билдиремин. 2010-жылдын 7-апрелинен 10-июнуна чейинки аралыкта Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынан, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнөн жана Кыргыз Республикасынын министрликтеринен улуттар аралык чыр-чатактын алдын алуу жана жарандардын диний коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Ош шаарынын мэриясына эч кандай кат түшкөн эмес.

***Ош шаарынын мэриясынын***
***аппарат жетекчиси А.Казиев***

**№ 19 ТИРКЕМЕ**

**Ош шаарынын мэри**
**М. Мырзакматовго**

## Кызматтык кат

2010-жылдын 10-июнунан 11-июнуна караган түндөгү окуяларга байланыштуу төмөндөгүлөрдү маалымдаймын.

Сиздин телефон аркылуу чакырууңузга ылайык мен 2010-жылдын 11-июнунда саат 00.15те Ош шаарынын мэриясына келип, Сиздин буйругуңуз менен Автотресттин имаратына жөнөп, Курманжан датка жана Навои көчөлөрүнүн кесилишине саат 00.35те жетип келдим.

Бул мезгилде аталган көчөлөрдүн кесилишинде келтектер, арматуралар, өрүлгөн темир зымдар менен куралданган өзбек улутундагы 600–700 адам топтолгон экен. Ошондой эле ал жерде укук коргоо органдарынын өкүлдөрү, атап айтканда, Ош облустук ИИБнын башчысынын орун басары Зулимов Шакир, Ош шаардык ИИБнын бөлүм башчысы Усманов Расул жүрүшүптүр. Мындан тышкары, №3 аймактык Кеңешинин төрагасы Абдумажитов Давран жана шаардык Кеңештин депутаты Кадыров Абдумуталибдерге жолуктум, алардын сөздөрүнө караганда топтолгондордун арасында башка жактан келгендер, мындайча айтканда, бул аймакта жашабагандар көп экен. Кыжырланган топтун чогулушуна, бул мезгилде өрттөлүп кеткен «24 саат» казиносундагы кыргыз жана өзбек улутундагы жаштардын ортосундагы жаңжалдын себеп болгону аныкталды, ошондой эле бул кезде 2 жеңил машина өрттөлгөн экен.

Үйлөрүнө кайтуу жана тарап кетүү тууралуу менин чакырыктарым топтолгон жаштар тарабынан өтө терс кабыл алынып жатты, тескерисинче, алар болуп өткөн жаңжалды тез арада териштирүүнү талап кылып жатышты. Болгон окуяны

эртең менен мэрияда Сиздин жеке катышууңуз жана топтолгондордун 15–20 өкүлүнүн катышуусу менен териштирүү тууралуу менин сунушум четке кагылды. Тескерисинче, алар Сиздин келишиңизди талап кылып жатышты, бул тууралуу мен Сизге эки жолу телефон аркылуу маалымдаганмын. Ошондой эле мен чогулгандарга Сиздин келишиңиздин мүмкүнчүлүгүнүн жок экендигин айттым.

Ошентип, менин жана укук коргоо органдарынын, шаардык Кеңештин депутаттарынын, аймактык Кеңештин төрагасынын тарап кетүүнүн зарылдыгы жөнүндөгү сунушу четке кагылды. Ал аз келгенсип, Автотресттин арт жагында жайгашкан сауананын имаратын өрттөп жиберишти.

Саат 02.45те Ош шаарынын ИИБнын атайын бөлүктөрү келишип, автоматтык куралдардан ок атыла баштады. Анын натыйжасында, чогулгандар качып, толугу менен тарап кетүүгө мажбур болушту. Мен бул жерден жашынууга аргасыз болдум жана Сиздин телефон аркылуу буйругуңуз менен саат 6.30да мэрияга келдим.

***Ош шаарынын вице-мэри Ш.Сабиров***

**№ 20 ТИРКЕМЕ**

**Ош шаарынын мэри
М.Мырзакматовго**

## Кызматтык кат

Ош шаарындагы коогаландуу окуялар башталган 10-июнь күнү саат 18.40тагы каттам менен Бишкекке учуп кеткем, бирок Ош шаарында болуп жаткан апааттуу окуялар жөнүндө угаарым менен 11-июнда эртең мененки саат 6-00дөгү каттамы менен кайра учуп келдим. Ошол күнү Кулатов кичи шаарчасында топтолуп турган эл менен бирге болдум. Анткени Ош шаардык кеңешинин депутаты катары эле эмес, атуул катары эл менен болуу, түзүлгөн кырдаалды колдон келишинче көзөмөлгө алуу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү парзым деп эсептейм.

12-июнь күнү «Туран» кичирайону, Калинин, Мамыров көчөлөрү чектешкен аймакта топтолгон араздашкан топторду жараштыруу боюнча сүйлөшүүлөргө катыштым, кырдаал турукташканга чейин ошол жерде болдум.

13-июнь күнү шаарда азык-түлүк тартыштыгы сезиле баштады. Мен нан заводун иштетип, элге акысыз нан, ун, макарон таратып, күйүүчү май куюучу жайлардын иштерин жандандырып, өрткө каршы күрөшүү, тез жардам кызматтарынын автоунааларын акысыз күйүүчү май менен камсыз кылдым. Мындан сырткары, 13–14-июнь күндөрү эл аралык гуманитардык жардамдар келе баштаганда, Ленин көчөсү – 170 дарегинде склад уюштуруп, гумжардамды түшүрүү, таркатуу жумуштарын уюштурдум.

15-июнда Ош шаарынын биринчи вице-мэри кызматына дайындалдым. Бул кызмат ээси катары ушул күндөн баштап, шаарда тартип орнотуу, араздашкан элдерге түшүндүрүү иште-

рин жүргүзүү, шаарды кайрадан калыбына келтирүү, шаар аймагын өрттөнгөн, талкаланган имараттардан калган курулуш таштандыларынан, автоунаалардан, баррикадалардан тазалоо иштерин жүргүзүүгө түздөн-түз тиешем бар десем жаңылбайм. Натыйжада, 16-июндан баштап, шаарда жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча транспорт каттамдары жанданып, шаар турмушу аз-аздан өз нугуна түшө баштады. Бул күндөрдө ар күн сайын эки элди жараштыруу максатында жеринде да, арыз-даттануулар менен келген жарандар менен мэрияда болгон жолугушууларга катышып жаттым.

Өлкөбүздө туруктуулук орнотууда эң зор мааниси бар өнөктүк – 27-июнда өткөрүлгөн референдумдун уюштуруу жана өткөрүү комиссиясынын төрагасы катары бул саясий иш-чараны, эң негизгиси, тынч, адилет жана жогорку деңгээлде өткөрүлүшүнө аракеттендим.

Ош шаарында 2010–2011-жылдагы күз-кыш мезгилине даярдык көрүү жумуштары болуп өткөн коогаландуу окуялардын кесепетинен өтө орчундуу маселеге айланып олтурат. Шаардык электр, жылуулук, газ, суу тармактарын жогорку даярдыкта күз-кыш өнөктүгүнө даярдоо зор мааниге ээ. Бул маселеде ар бир күндүн маанилүүлүгүн эске алып, ыкчам аракет менен иш алып баруу зарыл деп эсептеймин.

Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 30-июнундагы №245-6 буйругунун негизинде ушул жылдын июнунда болуп-өткөн окуялардын кесепетинен келтирилген зыянды аныктоо боюнча комиссиянын төрагасы болуп дайындалдым жана бул ишти аягына чыгарып, тиешелүү маалымат Ош жана Жалал-Абад шаарларын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик дирекциясына тапшырылды.

*Ош шаарынын биринчи*
*вице-мэри Т. Сабиров*

11 – 700

**№ 21 ТИРКЕМЕ**

# Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Ош, Өзгөн шаарларына жана Кара-Суу, Араван райондоруна өзгөчө абал киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын убактылуу өкмөтүнүн N65 ДЕКРЕТИ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Ош шаарында жана Кара-Суу районунда жаштар арасында чыккан кагылышууга байланыштуу, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу жана абалды турукташтыруу максатында Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтү 2010-жылдын 7-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын Убактылуу өкмөтүнүн N 1 Декретин жетекчиликке алып, ушул Декретти кабыл алат:

1. 2010-жылдын 11-июнунун 02.00 саатынан тартып, 2010-жылдын 20-июнуна чейин саат 20.00дөн тартып, саат 06.00га чейинки комендanттык сааттын мөөнөтү менен Кыргыз Республикасынын Ош жана Өзгөн шаарларында, Кара-Суу, Араван райондоруна өзгөчө абал киргизилсин.

2. Өзгөчө абал киргизилген убакыт аралыгында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министринин биринчи орун басары Алымбеков Бактыбек Маданбекович Ош облусунун Ош, Өзгөн шаарларынын, ошондой эле Кара-Суу жана Араван райондорунун коменданты болуп дайындалсын.

3. Ош облусунун Ош, Өзгөн шаарларынын, Кара-Суу жана Араван райондорунун коменданты Б.М.Алымбеков Кыргыз Республикасынын «Өзгөчө кырдаалдар жөнүндөгү» Конституциялык мыйзамына ылайык адамдардын өмүрүнө коркунуч келтирген массалык башаламандыктарды токтотуу, алдын-алуу жана жоюу максатындагы иш-чараларды көрсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги, Ички иштер министрлиги, Ички иштер министрлигинин Ички аске-

ри жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кызматы:

– Көргөзүлгөн аймактарда коомдук тартип орнотуу максатында Ош, Өзгөн шаарларынын жана Кара-Суу, Араван райондорунун коменданты Б.М.Алымбековдун жетекчилиги алдында бирдиктүү оперативдүү штаб түзсүн;

– Адамдардын өмүрүнө коркунуч келтирген массалык башаламандыктарды токтотуу, алдын-алуу жана жоюу максатындагы иш-чараларды жүзөгө ашыруу максатында Ош, Өзгөн шаарларынын жана Кара-Суу, Араван райондорунун коменданты Б.М.Алымбековго колдо болгон бардык күч жана каражаттар жагынан ар тараптуу көмөк көрсөтсүн.

5. Бул декрет кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

***Кыргыз Республикасынын***
***Убактылуу Өкмөтүнүн төрайымы Р.Отунбаева***

*Бишкек шаары, 2010-жылдын 11-июну*

**№ 22 ТИРКЕМЕ**

**Ош шаарынын мэри**
**М.Мырзакматовго**

## Кызматтык кат

2010-жылдын 11-июнь түнкү саат 2-00дө Ош шаарында тополоң башталгандыгын уктум. Сааркы саат 8-00дө мэрияга келдим. Мэрияда уюштуруу бөлүмүнүн башчысы И.Бекенов менен биргеликте жетекчилерди мэрияга чакырдык.

Мэрияга келгендерге түшүндүрүү иштерин жүргүздүм.

12-июнь күнү, сааркы саат 8-00 чамасында шаардык социалдык жактан коргоо башкармалыгын имаратына келдим. Кароолдор имаратты таштап үйлөрүнө кетип калышыптыр. Телефон аркылуу аларды таптым, бирок ишке келе албастыктарын айтышты.

Облустук юстиция башкармалыгынын имаратынын кароолдору менен биргеликте кечке имаратта болуп, аларга абал оңдолгонго чейин имаратты кайтарып берүүсүн суранып, кароолдугу үчүн айлык төлөп беремимди билдирдим.

13-июнь күнү саат 8-00 чамасында ишканага келип, мэриянын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы И.Бекенов менен байланышсам гуманитардык жардам берилээрин айтты. Шаардык социалдык жактан коргоо башкармалыгында иштешкен 6 кызматкерди телефон аркылуу таап, мэрияга келүүсүн макулдаштым. 14-июнь күнү саат 9-00дө МЖКУнун жетекчиси Б.Хамдамовдон машина алып горгазга гумжардам алууга бардым. Гумжардам алуу үчүн ал жерде эл өтө көп экен. Гумжардамды кароосуз, үйлөрүндө төшөктө жаткан 167 үй-бүлөгө таркатууну уюштуруп, ошол эле күнү 40 үй-бүлөгө гумжардам берилди.

Түнкү саат 10-00дө мэриянын аппарат жетекчиси Казиев А.К. шаардын мэри мени өзүнө чакырып жаткандыгын айтты.

Түнкү саат 10-30да мэрияга келдим.

15-июнь күнү сааркы саат 7-00дө мэриянын 3-кабаттагы жыйындар залында шаардын активи менен жыйналыш өткөрүлдү. Жыйналышта мени вице-мэр кызматына дайындалгандыгымды мэр М.Ж.Мырзакматов активге тааныштырды. Ошол эле залда гуманитардык жардамдарды таркатуу комиссиясынын төрагалыгына дайындады. Саат 10-00дон баштап, гуманитардык жардамды таркатуу комиссиясын жетектеп иштей баштадым.

16-июнда, сааркы 7-00дө шаардын активи менен мэр Мырзакматов М.Ж. жыйын өткөрдү. Жыйында гумжардамды кантип таркатабыз, канткенде элге толук жеткиребиз деген тапшырманы койду. Ошол эле жыйында Президенттин атайын өкүлү А.М.Рыскулова кеңешмеде гумжардам таркатуу боюнча өзүнүн ой-пикирин, сунуштарын айтты. Республикадан, коңшулаш райондордон келген гумжардамдар комиссиясынын мүчөлөрү, депутаттар менен биргеликте бөлүштүрүлүп аймактык кеңештерге жөнөтүлүп жатты. Жөнөтүлгөн гумжардамды шаардык кеңештин депутаттары өздөрү алып келип жатышты.

Өкмөттүк эмес уюмдардан келген атуулдарды гумжардам кандай таркатылып жаткандыгына мониторинг жүргүзүү үчүн жөнөтүп жаттым.

Гумжардам сакталган кампага куралдуу кароолдорду койдум.

Э.С.Ибраимова өткөргөн видео конференцияга катыштым (КР ӨКМде).

17-июнь күнү Ө.Бабанов баштаган бир топ саясий ишмерлер жардам алып келишти жана алып келген жардамдарды өздөрү жер-жерлерге таркатуу үчүн алып кетишти.

Жогорудагы жардамдардын таркатылуусуна мониторинг жасоо үчүн ЮЗОВ-Ош уюмунан Айжан, Акылай чогуу кетишти.

Россиянын генконсулунун милдетин аткаруучу Буров Юрий Алексеевич менен жолугуштум.

«Дордой» базарынан Молдожанов Мелис жардам алып келди. Жардамды 18.06.2010-жыл күнү өздөрү таркатаарын Бишкектен мага телефон чалып биздин кийлигишпөөбүздү эскертти.

18-июнь күнү аппараттык кеңешмеге катыштым. Саат 15-00дө МЧС министрлигинин имаратында Э.С.Ибраимова өткөргөн видео конференциясында катыштым.

Саат 16-00дө НПОлор менен гумжардам таркатылышы боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Убактылуу өкмөткө (Иманалиева Э.С.) Ысык-Көлгө балдарды эс алдырууга тиешелүү документтер даярдалып жөнөтүлдү. Жалпысынан гуманитардык жардамды кабыл алуу, таркатуу, окуучуларды эс алдыруу, качкындарды жайгаштыруу, бир туугандарын жоготуп издегендерди тамак-аш менен камсыздоо, өкмөттүк эмес, Эл аралык уюмдар менен, билим берүү, жогорку окуу жайлары, саламаттыкты сактоо, ветеринардык уюмдар, СЭС, министрликтерден келген өкүлдөр менен иштеп жатам.

*Ош шаарынын вице-мэри*
*А.Жолдошалиев*

**№ 23 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын активи менен биргеликте 2010-жылдын 13-июнунда өткөрүлгөн аппараттык кеңешменин №12 ПРОТОКОЛУ

**Кеңешменин төрагасы:** Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов

**Катышкандар:** Аппараттык кеңешмеге туруктуу катышкан Ош шаарынын мэриясынын бөлүм башчылары, мекеме-ишканалардын жетекчилери, аймактык кеңештердин төрагалары, массалык маалымат каражаттары.

**Жалпысынан тизме менен** 92 адам катышты.

Жыйында Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов Ош шаарынын аймагында болгон башаламандыктардын кесепетинен азыркы убакта Ош шаары абдан оор акыбалга дуушар болгонун айтып өттү.

Бүгүнкү күндө мекеме-ишканалар, соода-түйүндөрү жана базарлар толугу менен иштебей турат, көпчүлүгү өрттөлүп күйүп кетти. Шаардын элине азык-түлүктөр жетишсиз болуп жатат. Ош шаарынын элине жардам катары келип түшкөн гуманитардык жардамдардын адрестүү тапшырылуусун камсыз кылуу максатында төмөндөгүдөй комиссия түзүлдү:

– Байгазаков А.Т. – Ош шаарынын мэриясынын вице-мэри, комиссиянын төрагасы;

– Сабиров Т.Н. – шаардык Кеңештин депутаты, комиссиянын төрагасынын орун басары болуп дайындалды (макулдашуу менен).

Гуманитардык жардамдарды алып аймактык кеңештерге бөлүштүрүү боюнча топту жетектөө Ош шаарынын мэриясынын коргонуу жана укук коргоо бөлүмүнүн башкы адиси А.Маасалиевге тапшырылды.

Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов шаардын аймагындагы абалды турукташтыруу боюнча эл арасында түшүндүрүү иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлүп жаткандыгын баса белгилеп кетти.

Жыйындын жүрүшүндө Ош шаарынын мэри, кеңешменин төрагасы М. Мырзакматов төмөндөгүдөй тапшырмаларды берди:

**1. А. Ташмаматовго, Т. Салиевге:** Шаардын борбордук көчөлөрүндөгү күйгөн автоунаалардын калдыктарын тез аранын ичинде алып ташталышы камсыз кылынсын;

**2. А. Ташмаматовго, Ж. Маматовго:** Шаардагы таштандылардын өз убагында чыгарылышы камсыздалсын;

**3. А. Ташмаматовго, Д.Кокочоровго, Н.Садыковго, Э.Ысмановго:** Шаардын элинин турмушуна эң керектүү болгон коммуналдык чарба кызматтарынын үзгүлтүксүз иштөөсү камсыздалсын;

**4. Аймактык Кеңештердин төрагаларына:** өздөрүнүн аймактарында элге керектүү болгон азык-түлүктөрдү сатуучу дүкөндөрдү иштетүү боюнча иш алып барышсын;

**5. Б. Хамдамовго:** Нан заводунан бышырылган нандарды аймактык Кеңештерге ташып жеткирүү үчүн 4 лабо машинасын ажыратып берилсин;

**6. Б. Аманбаевге:** Ооруканаларга, балдар үйүнө, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө эң керектүү болгон товарлардын тизмесин бир сааттын ичинде тактап, гуманитардык жардамдарды бөлүштүрүү комиссиясына сунуштасын;

**7. У.Каратаевага:** Шаардын элин таза суу менен камсыз кылуу максатында ар бир эки саатта суунун анализи алынып, текшерилсин;

**8. А. Казиевге:** Ош шаарынын мэриясынын кызматтык автоунааларынын тизмеси такталып, күйүүчү май алуу үчүн Т.Сабировго берилсин;

**9. Т. Сабировго (макулдашуу менен):** Ош шаарынын мэриясынын кызматтык автоунааларын күйүүчү май менен камсыздоо жагы тапшырылсын.

Ош шаарындагы абалды калыбына келтирүү боюнча төмөндөгүдөй сунуштар киргизилди:

– Ош облусу жана Ош шаары боюнча дайындалган коменданттын буйруктарын, алып барган иштери тууралуу маалыматты элге жеткирүү керектиги;

– ар бир аймактык кеңештерде кичи комендатурасын түзүп, жумушчу топтун курамына: аксакалдардан, шаардык Кеңештин депутаттарынан, НПОлордон, дин өкүлдөрүнөн, участкалык милициялардан кошулуусун;

– түзүлгөн жумушчу топ көчөлөрдү кыдырып түшүндүрүү иштерин жүргүзүү керектигин жана алардын алып барган иштерин массалык маалымат каражаттары аркылуу берилүүсүн;

– номери жок жүргөн автоунааларды кармоо керектиги;

– эки элдин аксакалдарын учураштырып, жараштыруу боюнча эки тараптан кошулган элдик кошуундарды түзүп, элди тынчтандыруу боюнча иш алып баруу керектиги сунушталды.

*Ош шаарынын мэри*
*М. Мырзакматов*

**№ 24 ТИРКЕМЕ**

**Ош шаарынын мэри**
**М. Мырзакматовго**

## Кызматтык кат

Шаардагы абалдын тездик менен оорлошкондугуна байланыштуу Сиздин Ош шаарынын мэриясынын жетекчилигин шашылыш түрдө жумушка чакыруу жөнүндөгү оозеки тапшырмаңыздын аткарылышы боюнча төмөндөгүнү билдиремин:

2010-жылдын 11-июнунан 14-июнуна чейин Ош шаарынын вице-мэри Б.Аманбаев иш ордунда болбогон жана анын себеби белгисиз бойдон калган.

Б. Аманбаевдин көрсөтүлгөн мезгилде жумуш ордунда болбогондугу Ош шаарынын мэриясынын профсоюздук комитети тарабынан тастыкталган (тиркелет).

*Ош шаарынын мэриясынын*
*аппарат жетекчиси А. Казиев*

**Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси А. Казиевге**

## Кызматтык кат

Сизге, Ош шаарынын мурдагы вице-мэри Б. Аманбаевдин Ош шаарынын мэриясынын кассасына иштеген убактары үчүн акыркы эсептешүү боюнча кайрылбагандыгын маалымдаймын. Эгерде, Аманбаев Б. А. бул маселе боюнча кайрылса, бухгалтерия тарабынан Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамынын негизинде акыркы эсептешүү жүргүзүлөт.

***Мэриянын башкы эсепчиси В. Китова***

# Акт

**Ош шаарынын мэриясы** **14.06. 2010-жыл**

Биз төмөндө кол коюучулар, Ош шаарынын мэриясынын профкомунун төрагасы К. Ташыбаев, уюштуруу иштери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүнүн башкы адиси, профкомдун мүчөсү Г.Нурматова, уюштуруу иштери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүнүн кадр маселеси боюнча башкы адиси Р. Апиев болуп, бул актыны түзгөнүбүздүн себеби, Ош шаарынын социалдык бөлүгүн тейлеген Ош шаарынын вице-мэри Аманбаев Бактыбек Абдилашимович 2010-жылдын 14-июнь күнү жергиликтүү убакыт боюнча 14:30да жумушка чыкты.

Ошол эле учурда, шаардын аймагында 10-июнда Ош шаарынын аймагында массалык башаламандык башталып кеткендигине байланыштуу Ош шаарынын кызматтарынын жана башкармалыктарынын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздоо жана аны уюштуруу максатында 2010-жылдын 10-июнунан баштап, Ош шаарынын мэри жана анын аппараты тарабынан бардык деңгээлдеги жетекчилерди ыкчам түрдө жумушка чакыруу иштери жүргүзүлдү.

Ошол күндөн баштап, 14-июнга чейин өзүнүн жумушка келбегендигинин себебин Ош шаарынын мэрине (жумуш берүүчүгө) билдирбестен, Аманбаев Бактыбек Абдилашимович жумушка чыккан жок.

Бул акт 2010-жылдын 14-июнунда
жергиликтүү убакыт боюнча саат 15-00дө түзүлдү.

***Ош шаарынын мэриясынын профкомунун төрагасы К. Ташыбаев***
***Уюштуруу иштери жана өз алдынча башкаруу бөлүмүнүн кадр маселеси боюнча башкы адиси Р.Апиев***
***Уюштуруу иштери жана өз алдынча башкаруу бөлүмүнүн башкы адиси, профкомдун мүчөсү Г. Нурматова***

## Акт

**Ош шаарынын мэриясы** **11.06. 2010-жыл**

Биз, төмөндө кол коюучулар, Ош шаарынын мэриясынын профкомунун төрагасы К. Ташыбаев, өз алдынча башкаруу жана уюштуруу иштери бөлүмүнүн башкы адиси, профкомдун мүчөсү, Г. Нурматова, өз алдынча башкаруу жана уюштуруу иштери бөлүмүнүн кадр маселеси боюнча башкы адиси болуп акт түздүк. 2010-жылдын 11-июнь күнү шаардын бардык катмарындагы жетекчилерин мындан башка Ош шаарынын башкармалыктарын жана кызматтарын Ош шаарында башталган башаламандыкка байланыштуу шашылыш түрдө чакырылгандыгына карабастан, Ош шаарынын вице-мэри, Ош шаарынын социалдык бөлүгүн тейлеген Аманбаев Бактыбек Абдилашимович ишке чыкпагандыгынын себебин эскерткенге да жараган жок.

Ош шаарынын мэрине (жумуш берүүчү) келбегендигинин себебин алдын-ала кабарлап (билдирип) койгон эмес.

Бул акт 2010-жылдын 11-июнунда жергиликтүү убакыт боюнча саат 10.00дө түзүлдү.

***Ош шаарынын мэриясынын профкомунун төрагасы К. Ташыбаев***

***Уюштуруу иштери жана өз алдынча башкаруу бөлүмүнүн кадр маселеси боюнча башкы адиси Р.Апиев***

***Уюштуруу иштери жана өз алдынча башкаруу бөлүмүнүн башкы адиси, профкомдун мүчөсү Г. Нурматова***

**Мырза Б. Аманбаевге**

## Эмгектик укуктук мамилени токтотуу жөнүндө кабарлоо

Ош шаарынын мэриясы, Сиз тараптан Ош шаарынын мэриясы менен эмгектик укуктук мамилелерди түзгөн мезгилден баштап, ишке кабыл алуу жөнүндөгү маалыматтарды, ошондой эле эмгектик мамилени токтотуунун негиздерин киргизүү үчүн эмгек китепчеңизди алып келбегендигиңиз тууралуу кабарлайт.

Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 15-июнундагы буйругуна ылайык, Сиз ээлеген административдик муниципалдык кызматтан бошотулгансыз.

Ушуга байланыштуу жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин нормаларына ылайык, Ош шаарындагы коомдук туруксуздук абалын эске алуу менен кыска мөөнөттүн ичинде иш жөнүндө тиешелүү маалыматтарды, иштен бошогондугу тууралуу буйрук менен таанышуу жана иштеген эмгек акыңыз боюнча толук эсептешүү үчүн эмгек китепчеңизди алып келүүңүздү суранам.

*Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов*

**Мырза Т. Камчыбековго**

## Эмгектик укуктук мамилени токтотуу жөнүндө эскертүү

Ош шаарынын мэриясы, Сиз тараптан Ош шаарынын мэриясы менен эмгектик укуктук мамилелерди түзгөн мезгилден баштап, ишке кабыл алуу жөнүндөгү маалыматтарды, ошондой эле эмгектик мамилени токтотуунун негиздерин киргизүү үчүн эмгек китепчеңизди алып келбегендигиңиз тууралуу кабарлайт.

Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 15-июнундагы буйругуна ылайык, Сиз ээлеген административдик муниципалдык кызматтан бошотулгансыз.

Ушуга байланыштуу жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин нормаларына ылайык, Ош шаарындагы коомдук туруксуздук абалын эске алуу менен кыска мөөнөттүн ичинде иш жөнүндө тиешелүү маалыматтарды, иштен бошогондугу тууралуу буйрук менен таанышуу жана иштеген эмгек акыңыз боюнча толук эсептешүү үчүн эмгек китепчеңизди алып келүүңүздү суранам.

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов***

**Кыргыз Республикасынын өткөөл мезгилдеги Президенти Р.Отунбаевага,**
**Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Түштүк аймагы боюнча атайын өкүлү И.Исаковго**

# Сунуш

## Камчыбеков Тимур Калматовичтин Ош шаарынын биринчи вице-мэри кызматынан бошотуу жөнүндө

Ош шаарынын мэриясынын 2010-жылдын 16-мартындагы №01/7-118 чыгыш каты менен Сиздин дарегиңизге Камчыбеков Тимур Калматовичтин Ош шаарынын биринчи вице-мэрлигине дайындоо жөнүндө сунуш жөнөтүлгөндүгүн билдиребиз.

Бул чечим шаардагы абалдын тез арада калыптануусун камсыздоо зарылчылыгынан жана аны дайындоону талап кылган айрым адамдардын коомчулукка каршы аракеттерин болтурбоо максатында мажбурланган.

Ошол эле учурда, бул кадрдык дайындоо Ош шаарынын коомчулугунун жана бейөкмөт уюмдардын абдан терс реакциясын жаратты. Ош шаарынын калкынын нааразылыгынын негизги себеби болуп Камчыбеков Тимурдун психикалык оору менен ооругандыгы жана жасаган иштери үчүн анын үстүнөн кылмыш ишинин козголгондугу саналат.

Бул маселени иликтөө максатында Ош шаарынын мэриясы тарабынан Т.Камчыбековго байланышкан жагдайлардын анык-тыгы жөнүндө тиешелүү мекемелерден маалыматтар алынды. Ош облустук психикалык ден соолук борборунун маалыматы боюнча Камчыбеков Тимур Калматович психиатрдын эсебинде турат жана 2007-жылдын 28-июнунан 20-июлуна чейин олуттуу психиатрдык тукум куучулук оору болуп эсептелген адамдын татаал генезисинин органикалык бузулууларынын психикалык эпизоддорунун коштоосу диагнозу менен стационардык дарылануудан өткөн.

Мындан тышкары, укук коргоо органдарынын маалыматы боюнча Камчыбеков Тимур Калматовичке кылмыш иши козголгон. Т.К.Камчыбековдун жогоруда аталган сапаттары анын муниципалдык кызматтын этикалык нормаларынын принциптерине туура келбейт, өзгөчө жетекчилик кызматта жана анын шаардын калкынын турмуш-тиричилигин камсыз кылууга байланышкан функционалдык милдетин аткарууда туура эмес иш-аракеттерди жүргүзүп коюу мүмкүнчүлүгү тынчсыздандырууну жаратат.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн кадырын кетирүүгө байланышкан иш-аракеттерди болтурбоо максатында, Ош шаарынын биринчи вице-мэри Камчыбеков Тимур Калматовичти ээлеген кызматынан бошотуу тууралуу сунуш киргиземин.

Тиркелет:

1. Камчыбековдун арызы.
2. Ош облустук психикалык ден соолук борборунун маалыматы.
3. №972-228 медициналык картасы.
4. Оорунун тарыхынан көчүрмө.

***Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов***

12 – 700

**№ 25 Тиркеме**

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №242-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин 2010-жылдын 26-июнундагы №108 кайрылуу катынын негизинде Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 10-беренелерине таянып,

## Буйрук кылам:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты жана кылмыштуулукту токтотууда күжүрмөн кызмат өтөгөн Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин кызматкерлерин финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунун эсебинен 340 000 (үч жүз кырк миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов***

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №241-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты токтотууда күжүрмөн кызмат өтөгөн Кыргыз Республикасынын коргоо министрлигинин кызматкерлерине финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 10-беренелерине таянып,

### Буйрук кылам:

1.Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунун эсебинен төмөндөгү Кыргыз Респуликасынын коргоо министрлигинин кызматкерлерине финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

*Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов*

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №239-б Буйругу

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты токтотууда кужурмөн кызмат өтөгөн облустук жана Ош шаары боюнча мамлекеттик башкармалыгынын улуттук коопсуздук кызматынын кызматкерлерин финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 10-беренелерине таянып,

### Буйрук кылам:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты жана кылмыштуулукту токтотууда кужурмөн кызмат өтөгөн облустук жана Ош шаары боюнча мамлекеттик башкармалыгынын улуттук коопсуздук кызматынын кызматкерлерине финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунан 100 000 (бир жүз миң) сом акча каражатын бөлүп берсин.

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов***

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №238-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты токтотууда жана кылмыштуулукка каршы күрөшүп, кызмат өтөп жатып курман болгон Кара-Суу районунун ички иштер бөлүмүнүн башчысы Султанов Адылдын жана анын айдоочусу Шамырзаев Урандын үй-бүлөлөрүнө финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 10-беренелерине таянып,

## Буйрук кылам:

1.Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарынын мэриясына Кара-Суу районунун ички иштер бөлүмүнүн башчысы Султанов Адылдын жана анын айдоочусу Шамырзаев Урандын үй-бүлөлөрүнө финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында ар бир үй-бүлөгө 50 000 (элүү миң) сомдон, жалпы чыгашасы 100 000 (бир жүз миң) сом акча каражатын Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунун эсебинен бөлүп берсин.

*Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов*

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №237-б Буйругу

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаары боюнча финансылык полиция кызматынын башкармалыгын 2010-жылдын 26-июнундагы №21-20-710 катынын негизинде Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 10-беренелерине таянып,

### Буйрук кылам:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты жана кылмыштуулукту токтотууда күжүрмөн кызмат өтөгөн Ош шаары боюнча финансылык полиция мамлекеттик кызматынын башкармалыгынын кызматкерлерин акчалай сыйлоо максатында Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунун эсебинен 100 000 (бир жүз миң) сом акча каражатын бөлүп берсин.

*Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов*

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №236-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты токтотууда күжүрмөн кызмат өтөгөн Ош шаардык ички иштер башкармасынын кызматкерлерине финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 10-беренелерине таянып,

## Буйрук кылам:

Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунун эсебинен Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты жана кылмыштуулукту токтотууда күжүрмөн кызмат өтөгөн Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин кызматкерлерин финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында 300 000 (үч жүз миң) сом акча каражатын кызматкерлерге бөлүп берсин.

*Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов*

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №235-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты токтотууда күжүрмөн кызмат өтөгөн облустук жана Ош шаары боюнча мамлекеттик башкармалыгынын Улуттук Коопсуздук кызматынын кызматкерлерин финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 10-беренелерине таянып,

### Буйрук кылам:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарындагы 2010-жылдын 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларда шаардагы улуттук башаламандыкты жана кылмыштуулукту токтотууда күжүрмөн кызмат өтөгөн Ош шаарынын прокуратурасынын кызматкерлерине финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында Ош шаарынын мэриясынын резервдик фондунан 100 000 (бир жүз миң) сом акча каражатын бөлүп берсин.

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов***

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №232-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаарындагы 10–11-июнунан тартып, болуп жаткан коогалаңдын кесепетинен качып кеткен шаар тургундарына жана аскер жоокерлерине талаа ашын уюштуруу максатында Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 10-беренелерине таянып,

### Буйрук кылам:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарынын республикалык бюджеттен кошумча берилген акча каражаттарынын эсебинен шаардагы болуп өткөн коогалаңдын кесепетинен качкан шаар тургундарына жана аскер жоокерлерине талаа ашын уюштуруу үчүн 1000 000 (бир миллион) сом акча каражатын бөлүп берсин.

*Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов*

## Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №225-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаарындагы 10–11-июнунан тартып, болуп жаткан коогалаңдын кесепетинен качып кеткен шаар тургундарына талаа ашын уюштуруу максатында Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын 8, 10-беренелерине таянып,

### Буйрук кылам:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (К. Абдыкадыров) Ош шаарынын республикалык бюджеттен кошумча берилген акча каражаттарынын эсебинен шаардын качкын тургундарына талаа ашын уюштуруу үчүн 400 000 (төрт жүз миң) сом акча каражатын бөлүп берсин.

*Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов*

**№ 26 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 28-июнундагы №234-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаарында 10–14-июнундагы коогаландын кесепетинен дайын-дарексиз жоголгон шаар тургундарынын балдарын жана кыздарын издөө иштерине көмөк көрсөтүп, финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын №8, 10, 11-беренелерин жетекчиликке алып,

## Буйрук кыламын:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (К.Абдыкадыров) Ош шаарынын мэриясына республикалык бюджеттен кошумча берилген акча каражаттарынын эсебинен Ош шаарындагы 11–14-июнунда болуп өткөн окуяларында дайынсыз жоголгон 21 жарандын тууган-туушкандарынын үй-бүлөсүн издөө иштерине финансылык жактан колдоо көрсөтүү максатында ар бир үй-бүлөгө 10 000 (он миң) сомдон, жалпы чыгашасы 210 000 (эки жүз он миң) сом акча каражатын бөлүп берсин.

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов***

**№ 27 ТИРКЕМЕ**

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун 2010-жылдын 18-июнундагы №201-б БУЙРУГУ

**Акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Ош шаардык мамлекеттик залалсыздандыруу бекетинин администрациясынын 2010-жылдын 17-июнундагы №46 катынын негизинде Кыргыз Республикасынын «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамынын №8, 10, 11-беренелерин жетекчиликке алып,

## Буйрук кылам:

1. Ош шаардык каржы башкармалыгы (Абдыкадыров К.) Ош шаарынын мэриясына Ош шаарынын мамлекеттик залалсыздандыруу бекетинин администрациясына шаардагы ар кандай жугуштуу оору сыркоолор эл арасында таркап кетпөө максатында профилактикалык дезинфекциялоо жумуштарын тез аранын ичинде эффективдүү аткаруу үчүн Республикалык бюджеттин (средства передаваемый) эсебинен 420 000 (төрт жүз жыйырма миң) сом акча каражатын бөлүп берсин.


*Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов*

## № 28 ТИРКЕМЕ

Урматтуу окурман! Эгерде сиз кандайдыр бир айыңкеп угуп, бирок, анын чын-тогрусун биле албай жатсаңыз, анда Ош шаарындагы күч түзүмдөрүнүн биргелешкен ыкчам штабына 2-77-37, 2-55-51, 2-55-62, 2-66-03 телефондору аркылуу чалып, маалымат алсаңыз болот.

# ОШ ШАМЫ

24.07.2010. № 45 (1006) Гезит 1991-жылдын 1-февралынан бери чыгат.



**«...Бул каргашага кыргыз эли да, өзбек эли да себепкер эмес. Бул - четтен туруп, тымызын уюштурулган жана башкарылган акция. Ачыгын айтканда, биздин мамлекетти бузуп-талкалоону каалагандардын аракети»**

Өзбекстан Республикасынын Президенти Ислам Каримовдун коогалаң тууралуу көз карашы.

(2) бетте



**Ош шаарынын мэри М. Мырзакматовдун Өзбекстан Республикасынын Президенти И.Каримовдун Бухара облусунда болгон иш сапарында-гы сүйлөгөн сөзү тууралуу пикирин билдирди.**

(3-бетте)

## Өзбекстан Республикасынын Президенти Ислам Каримов:

# «ОШ КООГАСЫНА КЫРГЫЗДАР ДА, ӨЗБЕКТЕР ДА КҮНӨӨЛҮҮ ЭМЕС»

***2010-жылдын 11–15-июнь күндөрү Кыргызстандын Ош шаары жана Жалал-Абад облусунда болуп өткөн кандуу окуялар бүткүл элди сарсанаага салды. Биз төмөндө Өзбекстандын Президенти Ислам Абдуганиевич Каримовдун 18-июнь күнү Бухара облусуна жасаган иш сапары учурунда Кыргызстандагы коогалаң тууралуу телевидение аркылуу сүйлөгөн ой-пикирин жарыялайбыз.***

«Биздин коңшубуз болгон Кыргызстандын түштүгүндөгү окуялар тууралуу сиздерде маалымат бар. Ошондуктан бул тууралуу кеңири токтолуунун кажети жок.

Ооба, мындай кандуу окуя тууралуу угуу дагы, аны баштан өткөрүү дагы абдан оор трагедия. Өзүн чыныгы инсан деп эсептеген адам эч качан мындай айбанчылык жоруктарга жол бербейт. Мен жакын арада бул кандуу окуянын түбүнө жетип, коогаланга мыйзамдык баа берилет деп терең ишенемин. Бул каргашаны ишке ашыргандарга – уюштуруучусуна да, аткаруучусуна да сөзсүз жаза бар. Жазасыз калат деп күмөн санабаш керек.

Учурда биздин (Өзбекстандын) калкыбызды кыйнаган бир топ суроолор бар: эмне үчүн Кыргызстандын бизге жакын аймактарында, тагыраагы – Ош шаары менен Жалал-Абад облусунда мындай акылга сыйбаган кайгылуу окуялар болуп кет-

ти? Эми бул суроонун жообун, себептерин чечмелеп узак сөз кылууга болот. Эң жаманы, мындай провокацияны, мындай кан төгүүнү күчөтүүнү каалаган күчтөр дагы деле коогалаң ичинде «айланчыктап», жойлоп жүрүшөт. Мындай карасанатайлардын саны оголе көп экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек. Ошон үчүн бүгүнкү күндө биз досубузду да, душманыбызды да так ажыратып, таанып алууга тийишпиз.

Мен буга чейин да айтып келгенмин – биз өз максаттарыбызга жетүүдө өз мүмкүнчүлүгүбүзгө гана таянабыз. Эгерде өзүбүз аракет кылбасак, эч ким четтен келип бизге жардам бербейт. Дүйнө жүзү кандай мамлекет, кандай эл менен эсептешет? Албетте, өзүнүн кадыр-баркын сактаган, өз мээнети менен келечегин кура билген, керек болсо башка өлкөнүн элдерине да жардам берип, үлгүлүү болууга жетишкен элди, улутту жана мамлекетти дүйнө коомчулугу урматтайт жана сыйлайт.

Дагы бир акыйкатты баса белгилегим келет – өз күчүнө жана эртеңине ишенген элдин келечеги кең болот. Маселени бул өңүттөн алып караганда өзбек элинин тамыры терең, тарыхы бийик, келечеги бекем. Биздин башка элдерден айырмабыз – бир ооз ширин сөзгө жаныбызды бергенге даярбыз, айкөл, сабырдуу жана сабырдуулукка ар убак даяр элбиз.

Кыргызстандагы коогаландар тууралуу кеп кылганда жана аларга баа берүүдө так мына ушул асыл сапаттарыбызга таянып, терең жана сергек баа беришибиз керек. Эгерде кимде ким канга-кан деп, өч алууга кадам коё турган болсо, же элди мына ушул багытка үндөсө, мен мындай аракетке карамандай каршымын. Каршы гана болуп тим болбостон, буларды элибиздин душманы деп эсептеймин. Анткени мындай аракет жана чакырык дагы да кан төгүүгө, бейкүнөө элдин жабыркашына алып келет. Ар бир иштин акыбетин ойлонуп иш тутууга тийишпиз.

Өзүңүз айтыңыз, мына ушундай тынч заманды, мына ушундай ажайып баалуулуктарды, мына ушундай бейкут мамлекет-

ти эмнеге алмаштырууга болот? Эмне үчүн биз кимдир бирөөлөрдүн сөзүнө кирип, аракетине кошулуп, мына ушундай тынч жана бейпил жашообузду тоз-тополдоңдуу жашоого алмаштырышыбыз керек?

Менимче, биз өз мээнетибиздин кадырына жетишибиз керек. Билип коюңуз, эгер бир жерде бир ок атылса, бир бомба же снаряд түшсө, тынчтык бузулса, аны токтотуп калуу кыйынга турат. Экинчиден, тынч мамлекеттин бейкуттугу бир заматта бузулуп кетиши мүмкүн. Эми мына ушундай татаал кырдаалда эмне кылуу керек? Жети өлчөп, бир кесишибиз керек. Мен Президент катары баарыңыздарды мына ушуга чакырамын. Анткени мамлекет тагдырына тиешелүү чечимдерди Президент кабыл алат. Бирок мындай өтө назик жана олуттуу маселеде элибиздин, коомчулугубуздун пикирине таянып, чечим кабыл аламын. Ошол эле учурда менин жеке пикирим, биз эч качан өч алууга, чегараны бузуп, уруш чыгарууга барбашыбыз керек. Мен Президент экенмин, мындай керексиз саясатка жол койбоймун.

Бирок Кыргызстан Түштүгүндөгү кайгылуу окуяларды жөнгө салууга кадыр-барктуу эл аралык уюмдардын, кудуреттүү мамлекеттердин дагы деле чечим кабыл ала электиги өкүнүчтүү.

Айрым чет элдик билдирүүлөрдө бул окуялардын түпкү себептерин териштирүүнүн зарылчылыгы жок деген пикирлер да айтылууда. Бул окуяда ким күнөөкөр, эмне үчүн бул жаңжал чыкты деген суроо кемде-кем берилүүдө. Алардын (чет элдик серепчилердин) пикиринде, бул өзбек жана кыргыз улуттарынын ортосундагы карама-каршылык имиш. Мен бул пикирге: эки элдин, эки улуттун ортосундагы кандайдыр бир карама-каршылык деген пикирге караманча каршымын. Дагы бир жолу баса белгилегим келет: бул каргашага кыргыз эли да, ошол жерде жашап жаткан өзбек эли да себепкер эмес. Бул – четтен туруп, тымызын уюштурулган жана башкарылган акция. Ачыгын айтканда, биздин мамлекетти бузуп-талкалоону каалагандардын аракети.

Мындай башаламандыкты уюштуруп, мына ушундан пайда издеген күчтөрдүн бар экендиги бизге белгилүү. Муну уюштурган күчтөрдүн жашыруун аракети четтен туруп эки элди бирибирине карама-каршы кылып, кан төгүүгө алып барып, эң жаманы мындай тоз-тополоңго Өзбекстанды да аралаштыруу болгон.

Эң башкы максат – кандай кылып болсо до Өзбекстанда жашап жаткан өзбектердин кыжырын кайнатып, алардын арнамысына тийүү менен кырдаалды ого бетер курчутуу болгон. Мына ушул жашыруун максаттарды ашкерелөө менен (!) мен дагы бир жолу бардык инсандарды оор басырыктуулукка чакырамын. Кызуу кандуулук менен мындай маселени оң жагына чечүү мүмкүн эмес. Бул өңүттөн алып караганда Өзбекстан эч качан мындай коогалаңга кошулбайт жана Кыргызстан эли менен эч качан урушпайт.

Биз улуу элбиз. Мындай оюндарга, провокаторлорго жообубуз бир гана – биз өзүбүз кыргыздар менен тил табышабыз. Бул башаламандыкты жеңгө салууга өзүбүздүн күчүбүз, акылыбыз жана тажрыйбабыз жетиштүү.

Биз баарыбыз «Бизге тынчтык керек!» деген чакырыкка көнүп калганбыз. А бирок иш жүзүндө бул чакырыктын түпкү маңызына терең маани бербейбиз.

Ар кандай мааракелерде акылман аксакалдарыбыз тынчтыкты жана бакубат келечекти ниет кылып бата тилеп келишет. Мен да учурдан пайдаланып, элибизди, бүткүл калайык калкты мына ушуга чакырамын.

***И.КАРИМОВ,***
***Өзбекстан Республикасынын Президенти***

## Ош шаарынын мэри
## М.Мырзакматов:

# «ИСЛАМ КАРИМОВ БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ТЫНЧТЫКТЫ САКТАП КАЛДЫ»

***Ош шаарынын мэри М. Мырзакматовдун Өзбекстан Республикасынын Президенти Ислам Каримовдун Бухара облусунда болгон иш сапарындагы сүйлөгөн сөзүнө комментарийи***

«Мен июнь айында Кыргызстандын Түштүгүндө болуп өткөн коогаландуу окуяларга Өзбекстан Республикасынын Президенти Каримов Ислам Абдуганиевичтин 18-июнда Өзбек Республикасынын Бухара облусуна болгон иш сапарында сүйлөгөн сөзүнө кайрылып кетким келди.

Ислам Каримов Борбордук Азиядагы эгемендүү мамлекеттин башчысы, дасыккан саясатчы катары Кыргызстандын Ош шаарында жана Жалал-Абад облусунда болуп өткөн окуяларга адилет жана туура баа берди. Ошондой эле бул коогаланды басууда, эки элдин ортосундагы мамилени турукташтырууда жана жалпы эле Борбордук Азияда тынчтыкты сактап калууда өзгөчө чоң орунду ээледи.

Ислам Каримов кыргыз-өзбек элдеринин бул окуяга эч кандай тиешеси, күнөөсү жок экендигин айтып, бул отту тутандырууга үчүнчү күчтөрдүн бар экендигин ашкереледи. Бул чындык айрым «элдик лидермин» дегендердин бетин ачып, сырт-

кы күчтөрдүн чакырыгына азгырылгандардын көр саясатчы экендигин көрсөтүп койду.

Ислам Абдуганиевич акылман жетекчи катары мындай коогалаңдын зыяндары тууралуу бир нече жолу алдын-ала эскертип, мындан кыргыз эли да, өзбек эли да утуларын айтып келди. Борбордук Азия мамлекеттери жана бул мамлекетте жашаган элдер ар кандай сырткы күчтөрдүн таасирине берилбестен, тескерисинче, чогуу каршы турушу керектигин баса белгиледи.

Ислам Абдуганиевич 1990-жылдагы Ош окуяларында да суверендүү өлкөнүн ички иштерине кийлигишпөө тууралуу өз позициясын ачык-айкын айткан болчу. Демек, Өзбекстандын кабыл алган салмактуу чечимдери Ислам Абдуганиевичтин туруктуу жана акылман журт башчылыгын дагы бир жолу далилдеп көрсөттү. Анын бул жолку кадамы жети өлчөп бир кесилген, коомчулукка өз мезгилинде кайрылган терең мазмундуу чакырык болду.

Муну биз коңшу өлкөнүн боордош калкынын жана анын жетекчиси Ислам Абдуганиевичтин Кыргызстан элине жасаган өзгөчө оор күндөрдөгү чоң колдоосу катары кабыл алууга тийишпиз.

Өзбекстан мамлекети гуманизмдин идеяларын бекем сактап, бүткүл дүйнө элдери биримдикте, ынтымакта жашап, оор мезгилде бири-бирине жардамга колун сунуу керектигин далилдеди.

Ислам Абдуганиевичтин тышкы саясаттагы ар тараптан салмактанып ойлонулган таамай-таасын бул кадамы тынчтыкты чыдамсыздык менен күтүп жаткан карапайым эки элдин демине дем кошуп, чыңалууну азайтууга, чатакты тезирээк токтотууга түрткү болду.

Албетте, Ош шаарынын эли тынчтыкта, биримдикте ынтымактуу жашоону каалайт жана коңшу мамлекеттер менен жагымдуу байланышта иш алып барууга дайым даяр.

Акырында айтаарым, мен Өзбекстан Республикасынын Президенти Ислам Абдуганиевичке Ош шаарынын элинин жана жеке өзүмдүн атымдан терең ыраазычылык билдиремин. Анын мамлекет башчысы катары бир эле Өзбекстандын гана эмес, бүткүл Борбордук Азиянын, а балким, дүйнө элдеринин келечегин, тынчтыгын көздөгөн жооптуу кызматына албан-албан ийгиликтерди каалаймын».

*Мелисбек Мырзакматов,*
*Ош шаарынын мэри*

*«Ош шамы» гезити,*
*№ 45, 24-июль, 2010-ж.*

# Улутчул сепаратисттердин бузуку аракеттери

**(Кайрылуулар, билдирүүлөр, интервьюлар)**

# ЧАГЫМЧЫЛАРДЫН ЖЫЙЫРМА ЖЫЛ ИЛГЕРКИ КУТУМУ

## КЫРГЫЗСТАНДЫК АЙРЫМ ӨЗБЕКТЕРДИН 1990-ЖЫЛДЫН 2-МАРТЫНДАГЫ КАЙРЫЛУУСУ

ПРЕДСЕДАТЕЛЮ СОВЕТА НАЦИОНАЛЬНОСТЕЙ
ВЕРХОВНОГО СОВЕТА СССР
тов. НИШАНОВУ Р. Н.

ПЕРВОМУ СЕКРЕТАРЮ ЦЕНТРАЛЬНОГО КОМИТЕТА
КОМПАРТИИ КИРГИЗИИ
тов. МАСАЛИЕВУ А. М.

В РЕДАКЦИЮ ЖУРНАЛА «ИЗВЕСТИЯ ЦК КПСС»
г. Москва

В РЕДАКЦИЮ ГАЗЕТЫ «СОВЕТСКАЯ КИРГИЗИЯ»
г. Фрунзе

От группы членов КПСС, ветеранов ВОВ, труда,
проживающих в г. Джалал-Абаде,
Ошской области Киргизской ССР

### ЗАЯВЛЕНИЕ

Минули времена догматических, ограниченных порою безответственных подходов и суждений к развитию общества, к острым жизненным проблемам Советских народов, к духовному и нравственному состоянию человека.

Свободнее стало дышать, легче думается в нынешних непростых условиях развития гласности, демократии, все без исключения политики, экономисты и ученые сходятся во мнениях, что в послереволюционном периоде и во времена застоя само понятие равенства и равноправия народов и народностей в рамках федерации Союза и внутри Союзных республик достаточно полно разрекламировалось по всем каналам и на всех уровнях, но эти равенства и равноправия оставались лишь призывами, не подкрепленными практическими содержаниями, наяву в жизни людей они, по существу, были источниками многих негативных проявлений в межнациональных отношениях, неравномерного развития экономики, образования, культуры и общественного сознания людей.

Перестроечный период и сам процесс характеризуются резким изменением в лучшую сторону, особенно ощутимые сдвиги связаны с принятием решений сентябрьского (1989 г.). Пленума ЦК КПСС «О национальной политике в современных условиях» и принятием союзными республиками законов о языках. Разумеется, принятием указанных общепартийных документов и государственных актов не исчерпываются все стороны жизни по обеспечению гарантированных Конституцией Союза ССР и союзных республик равенства и равноправия. В некотором отношении все новые проблемы возникают от несовершенства принимаемых мер, в результате не сглаживаются межнациональные неурядицы и разногласия, связанные с реорганизацией систем государственного управления в отдельных регионах внутри союзных республик.

Не является исключением положение дел с равноправием коренной узбекской национальности, населяющей в Ошской области Киргизской ССР.

Коренным населением области фактически являются узбеки, численность которых в области насчитывается в пределах 560 тыс. человек, с присущим этому народу обособленным ук-

ладом жизни, самобытными, уходящими в века традициями, обычаями, культурой и языком.

Если в целом по республике численность узбеков составляет 30% от общего населения республики, то в Ошской области, то есть в зоне компактного проживания, составляет больше 50%. В связи с принятием закона о языках в республике, государственным языком признан - киргизский, а русский язык признан языком межнационального общения, со всеми вытекающими последствиями, то есть все делопроизводство, включая и судопроизводство, переводится на киргизский язык. Следовательно, язык компактно проживающего большинства населения узбеков остался не определенным, ущемленным. Вместе с тем следует отметить, что киргизское население области по сложившейся веками укладе жизни, традициями и обычаями, по диалекту речи и по роду производственной деятельности, по семейно-бытовым переплетениям весьма схожи с узбеками, поэтому киргизы северных районов республики шутливо называют своих южных сородичей-киргизов сартами.

По этой причине во всех 119 школах области, в которых обучение ведется на узбекском языке, свободно обучаются дети и киргизов, не испытывая никаких затруднений в языке. Разумеется, в связи с введением закона о языках, на местах не исключается возможность к попытке перевести все школы области на государственный язык обучения - на киргизский, в том числе и имеющихся 119 узбекских школ. В этом случае нельзя отрицать того бесспорного факта, когда на местах при проведении подобного рода нововведения руководители шарахаются на самые крайности, даже при проведении самых гуманных мероприятий.

В материалах недавно прошедшего Пленума ЦК КП Киргизии, и по отношению к узбекской национальности нашей области, тов. Масалиев А.М., характеризуя национальный состав республики, указал, что из 4258 тыс. населения киргизы сос-

тавляют 2223 тыс., или 52,3%, русские 917, или 21,5% и другие национальности 1113 тыс. или 26,2%. Из этого видно, что население узбекской национальности, хотя и составляет не малый %, в пределах 37%, но оно отнесено к прочим этническим группам населения.

Таким же образом обделены вниманием руководящие кадры из числа узбекской национальности, когда состав руководящих кадров из числа составляет всего 7,3%, тогда русские, примерно при таком же числе населения, составляют 24,5%. На территории области функционируют 3 высших учебных заведения или их филиалы, а также более 20 среднеспециальных учебных, все они с киргизским обучением, нет ни одного факультета или отделения, как в них, так и в учебных заведениях в столице республики по подготовке кадров на узбекском языке обучения или для таковых.

В связи с этим неравенством в подготовке кадров молодежь узбекской национальности по окончании средней школы устремляется на учебу за пределы Киргизской ССР, а молодежь киргизской национальности прибывают в нашу область. Таким образом, происходит естественный отток кадров узбек, и приток кадров - киргиз, от которого и меняется процентное соотношение населения этих национальностей.

Вследствие такой укоренившейся практики в республике не издаются учебники, учебные пособия, литература научных трудов, печатных изданий других профилей на узбекском языке, нет средств массовой информации, издающихся на узбекском языке, нет программ радио-телевизионных вещаний. Вся номенклатура печатных изданий научных, учебных, литературных, периодических (журналов) и другой продукции духовной пищи завозится из-за пределов республики Узбекистана. Единственным печатным изданием является областная газета «Ленин-Йули», а источником массовой информации часовая в неделю радиовещание из области на узбекском языке, вот весь

комплекс идеологического воспитания коренных жителей узбекской национальности нашей области, в том числе и молодого поколения узбеков.

Отсутствие представителей узбекской национальности среди ученых во всех звеньях Академии наук республики, среди деятелей литературы, искусства и архитектуры обѳясняется, прежде всего, указанными выше естественным остатком кадров за пределы республики и совершенно безразличным отношением руководства республики к вопросам подготовки таких кадров на местах их родины и проживания.

Приоритет во внимании к киргизской национальности с ущемлением коренных жителей узбеков обуславливается искусственно создаваемыми условиями в каждом городе и районе области, для примера можно привести г. Джалал-Абад с его 75 тыс. населением.

Среди горожан узбеков 22,3 тыс., или 27,5%, а киргизов 19,5 тыс., или 24,1%, из которых учащиеся средне-специальных учебных заведений, то есть временных жильцов, составляет 10,5 тыс. чел., за счет которых резко меняется процентное соотношение киргизов, соответственно внимание к ним. Такая динамика населения прослеживается и по всем остальным городам и районам области без исключения.

Такими приходящими факторами обусловлены все сферы деятельности органов власти на местах, где коренные жители узбеки чувствуют себя чужеродными этническими группами населения Киргизии.

Такая диспропорция присутствует, и с каждым днем увеличивается в кадровой политике во всех отраслях народного хозяйства, этим обѳясняется то, что нет ни одного первого секретаря ГК и РК Партии из узбеков, единицы из председателей РИК, не говоря об аппаратах, руководимых кадрами из киргизской национальности, которые с введением закона о языке встали на путь открытого притеснения узбеков, без того малочислен-

ных, из таких отраслей: как медицина, народного образования, сферы торговли и быта, и органов местного самоуправления. При всем старании и желании руководителей области и республики неприязненные отношения между киргизами и узбеками в нашем регионе существуют, чего никакими благими заверениями нельзя отрицать, эти отношения не раз всплескивались в виде небольших стычек между студенческой молодежью в гг. Джалал-Абаде, Оше, Узгене в прошлом 1989 году, что свидетельствует о существовании определенного дефицита в равенстве и равноправии народов населения нашей республики, каковы не могут быть решены при существующей ныне системе управлении.

Исторический опыт прошлого показывает, что во время национального размежевания республик Средней Азии в 1924-25 гг. основным критерием служили часто экономические и географические факторы, без учета этнических, социальных, национальных особенностей, без учета уклада жизни, традиции, обычаев и др. особенностей народов этого региона. **По нашему глубокому убеждению, для успешного решения проблем реального равноправия и равенства национальности нужен новый механизм государственного управления в рамках Киргизской ССР в виде автономии Ошского региона в рамках республики.**

**Нам видится организация Ошской автономной республики в рамках Киргизской ССР наиболее разумным решением межнациональных проблем, вместе с тем исправления ошибок прошлого, присущего периоду, когда национальные вопросы решались методами командно-административной системы, руководимой И.В. Сталиным в его бытности наркомом по национальным вопросам.**

В этом отношении практика существования автономии Кара-Калпакской АССР в Узбекистане, Абхазской и Аджарской АССР в составе Грузинской ССР и Нахичеванской АССР в Азербайд-

жанской ССР, показывают жизненность таких государственных формирований в рамках союзных республик. Также государственное устройство будет способствовать наиболее демократическому решению равноправии народностей в нашей республике, для которой имеются все необходимые предпосылки в нашей республике (для которой имеются все необходимые предпосылки во всех областях).

Исходя из приведенных выше соображений, мы считаем возможным возбудить перед Вами вопрос о включении в повестку дня Совета национальности Верховного Совета СССР о формировании Ошской автономной советской социалистической области в составе Киргизской ССР и внесении соответствующих изменений в Конституции Союза ССР и Киргизской ССР. Такое наше мнение находит поддержку населения области, особенно таких крупных городов как Ош, Кызыл-Кия, р-ны Сузак, Базар-Курган, Ленинск, Араван, Ала-Бука, Кара-Суу, Узген и др.

В качестве предварительных условий возможным проведением социологического исследования путем референдума, чтобы не допускать осложнений этого вопроса; через создание неформальных формирований среди населения в районах компактного проживания узбекской национальности, которые ныне стали модными в других районах страны. Мы считаем наиболее разумным постановку данного вопроса сверху, не дожидаясь вспышки, которую нельзя исключить в нынешних условиях.

Надеемся на то, что в настоящее время наше соображение не останется без пристального внимания и должного реагирования с Вашей стороны, с учетом того, что такая организация Государственного устройства Киргизской ССР в Федерации Союза ССР и формировании правового государства в нашей стране.

В чем и расписываемся:

Член КПСС, ветеран труда и ВОВ (К. Ганбаев)

Член КПСС, ветеран труда, инвалид II гр., заслуженный учитель (С. Акбаров)

Член КПСС, ветеран труда и ВОВ. (Ш. Арзыкулов)

Инвалид ВОВ II гр., ветеран труда (А. Абдулазизов)

Член КПСС, ветеран труда и ВОВ (Т. Ахмедов)

Член КПСС, ветеран труда и ВОВ (К. Бадалов)

Член КПСС, ветеран труда и ВОВ (А. Юлдашев)

Член КПСС, ветеран труда (Н. Кадыров)

Член КПСС, ветеран труда и ВОВ (К. Ибрагимов)

Член КПСС, Герой Социалистического Труда, ветеран колхозного пр-ва (С. Алимов)

Член КПСС, ветеран труда (А. Якубжанов)

Член КПСС». Герой Советского Союза, ветеран труда, ВОВ (Р. Азимов)

Член КПСС, Герой Социалистического Труда, ветеран труда (Ф. Тешзбоев)

Член КПСС, ветеран труда (М. Ризакулов)

Член КПСС, ветеран труда и ВОВ (Х. Ганиев)

Член КПСС, ветеран труда и ВОВ (Т. Тургунов)

Член КПСС, ветеран труда (Ибайдуллаев)

Ветеран труда и ВОВ (Убайдуллаев)

Ветеран труда (Сапаров)

Ветеран труда, партии, ВОВ (Х. Кемисяв)

Ветеран труда и партии (А. Касимов)

Ветеран труда (Пазылжанов)

Ветеран труда и ВОВ (А. Файзиев)

Рузи Азимов – Герой Советского Союза...

Тешабаев Файзулла – Герой Социалистического Труда... 2 марта 1990 года. Г. Джалал-Абад, Ошская область. Киргизская ССР. г. Джалал-Абад, ул. Фрунзе, 27

# КАДЫРЖАН БАТЫРОВ: БИЗ БУЛ КҮНДҮ ЖЫЙЫРМА ЖЫЛ КҮТКӨНБҮЗ!

### (Башкы провокатордун ыймандай сыры)

*2010-жылдын 18-майында Би-Би-Си кыргыз кызматынын продюсери Акчолпон Койчиева К.Батыров менен байланышып, өзбек жамааты ыңгайлуу абалдан пайдаланып калууну көздөп жатат деген пикирлерге карата оюн сураган:*

**Кадыржан Батыров:** – Азыр Конституциялык кеңеш жаңы баш мыйзамды талкуулап жатпайбы. Андыктан эл чогулуп, өз ой-пикирин айткан да.

Өзүбүздүн жерде жашап жаткандан кийин, укуктарыбызды кыргыз элиники кандай болсо, бизге да ошондой кылып бергиле, – деп маселе коюлган.

Муну өтө болезненно кабылдап жатышат. Кыргызстанда кыргыздардан башка эл жоктой сезишет да. Ошондуктан ушундай тирешүү пайда болуп жатат.

***Би-Би-Си: – Ал эми сиз өзүңүз: «Ушундай күндү 20 жылдан бери күткөнбүз, баш көтөргүлө» – деп өзбек улутундагыларга кайрылгандыгыңыз чынбы?***

**Кадыржан Батыров:** – Мен муну ачык эле айтам, не только 20 жыл, мен 2007-жылы митинг өткөрүп, ушул маселелерди айткам.

Конституцияны талкуулап, бүт райондорго барып, өзүбүздүн ой-пикирлерди айтып жатам. Бишкекте Конституциялык кеңеш биздин сунуштарды каттады.

***Би-Би-Си: – Өзбек атуулдарынын кандай укуктары чектелген деп эспетейсиз?***

**Кадыржан Батыров:** – Биринчиден гражданство алыш боюнча. Чет өлкөдө жашаган кыргыздар беш-он жылдан кийин кайтып келгенде да жөнөкөйлөшкөн жол менен атуулдук алып жатат.

Ал эми Кыргызстанда туулуп-өскөн башка улуттагылар сырттан кайтып келсе, аларга упрощенный вариант болбойт. Анан Конституцияга жазып коюп жатат, билим алуу кыргыз тилинде, анан эки чет тилде болсун деп. Менин родной языгым бар болсо, эки чет тилдин эмне кереги бар мага?

***Би-Би-Си: – Азыркы учурда кыргыздар Манастын арбагын козгоп, мекенчил сезимдери курчуп турган маалда сиздин «ушундай күндү 20 жылдан бери күткөнбүз» деген сөздөрүңүздү чагым катары кабыл алуу мүмкүн деп ойлобойсузбу?***

**Кадыржан Батыров:** – Эми, мындай да, кыргыз элиндечи. Мындай иштер токтобойт. Чыр-чатак чыкса – ал башка элден чыккан жок.

Кыргыз элинин өзүнөн чыгып жатат. Властка келген адамдар туура, нормально иштеп турган болсо, закон иштеп турган болсо, башка эч нерсе кереги жок эле. Сиз өзүңүз көрөсүз. Мына бул иштерден кийин дагы чыр-чатак чыгат. Бул власть дегенде, должность дегенде... – тартип жок экен да! Тынчтыкты ойлоштун ордуна креслону ойлоп жатышат. Бу Жалал-Абадда эле 4 жолу алмашты бийлик. Ушинтип жатса, биз тамаша кылып турушубуз керекпи?

***Би-Би-Си: – Эми баш көтөргүлө деген экенсиз. Баш көтөргөндө кандай аракеттерге барыш керек?***

**Кадыржан Батыров:** – Өзбек эли 20-жылдан бери үн чыгарбай ишин кылып, налог төлөп, стабилдүүлүктү сактап, мыйзамдуулукту кармап, чыр-чатак чыгарган жери жок. Бул: «Семиздикти кой көтөрөт» – дейт, а өкмөт болсо, өтө коррупцияланган. Бакиев өзү жана анын тууган-жакындары, ага чейин Акаевдин учурунда дагы ушундай болсо, бул эл эмне кылыш керек?

***Би-Би-Си:** – Демек, эмне кылыш керек деп ойлоп жатасыз?*

**Кадыржан Батыров:** – Кыргызстанда жашаган бүт элдер бирдей укуктарга ээ болуш керек.

Кыргыз эл астында кандай жооп беришсе, биз дагы элибиздин астында ошондой жооп беришибиз керек. Эл бири-бирине ишениши керек.

Азыркылар «Кыргыз эли, кыргыз жери» – деп элди бөлүп жатышат. Мени жемелегенге эч кимдин акысы жок. Андай эл аралык норма жок. Мен өз жеримде жашап жатам.

***Би-Би-Си:** – Убактылуу бийлик сиздердин ушундай чакырыктарга эмне деп жооп кылууда?*

**Кадыржан Батыров:** Алар ачык айтып жатат – биз либералдуубуз деп.

***Би-Би-Си радиосунун кыргыз кызматы,***
***2010-жылдын 18-майы***



Оштун бейкапар күндөрү.





Өлкөдө бийлик алмашты. Эл М. Мырзакматовдун кызматта калышын талап кылууда.Ош, 2010 - жыл, 8 - апрель.






К. Бакиевдин үмүтүнүн үзүлүшү. 2010 - жыл, 15 - апрель.



Бийлик талашкандарга арачы түшүү. 2010 - жыл, 13 - май.



Бейпилдиктин урматы үчүн мунасага келүү. 2010 - жыл, май.




Тирешүүдөн тирек издегендер.



Мэр менен жолугушууга келген өзбек жамааты.



«Тополоң башталса азабын эл тартат,
авантюристтер куйругун түйө качат». 2010 - жыл, 3 - май.



Ынтымакка үгүттөө. 2010 - жыл, май.



Карапайым калктын арасында.




Бейпилдиктин жолун диний лидерлер менен чогуу издөө.



Сепаратисттерге акыркы эскертүү. 2010 - жыл, 3 - май.




Сепаратисттердин ишинин жыйынтыгы:
күлү көккө сапырылган шаар.






Качкындардын убактылуу башпаанеги.





Тыптыйпылы чыккан көчө.



Махаллалардан табылган куралдар.






Комендант Курсан Асанов.




Брондолгон «Камаз» машинеси.




Өзөгү өрттөнгөн өзбек жана кыргыз энелер.





«Элден ырк кетсе, Оштун көчөлөрүн танк араларын айтканмын».



Р. Отунбаеванын Ошко келиши. 2010-жыл, 18-июнь



Жаңжалда жакынын жоготкондор менен жолугушуу.






Косово эсибизде, эл аралык кийлигишүүгө жол жок.





Улутубуздун уучу узарса экен...



Айкөл Манас менен Барсбек кагандын айкелин тандоо.



Аксакалдардын алдынан өтүү.



Элдик түлөө.



Аталардын рухуна таазим.






2010-жылы 6-апрелде сөөгү козголгон Тилеке баатырды (XVII кылым) ак кепиндеп, кайра жерге коюу.






Ош АКШнын көңүл чордонунда.
Элчи Т. Гфеллер менен жолугушуу.




Байыркы Оштун кубанычына да, кайгысына да
ортоктош Сулайман тоо.



Шаарда кайра куруунун түмөн түйшүгү.



Коогадан кийин шаардын жолун ондоо.



«Сактасын суук көздөрдөн, садагам Оштой жеримди».



« Ош – Кыргыз мамлекетинин түркүгү! »




Жүрөктөгү идеяны элге жеткизүү...

# КАДЫРЖАН БАТЫРОВ: «БИЗДИ «ЧЫДАГЫЛА» ДЕШКЕН»

**(К.Батыровдун «Азаттык» үналгысынын өзбек редакциясына берген маегинен үзүндү)**

**«Азаттык»:** – *Эми 2-маселе боюнча, мына президент Отунбаева менен мамилеңиздин жакшы болгонун айттыңыз. Президент Отунбаева ошол кезде убактылуу өкмөттүн раиси катары Сизди өкмөткө кызматка сунуш кылганын да айтып жатасыз. Эмне үчүн мындай жылуу мамиле кийин уланып кеткен жок? Сиз менен жакын болсо, эмне үчүн Мамлекеттин баш мыйзамынын гаранты катары, Президент катары сиз жөнүндө өз сөзүн айтпады?*

**К. Батыров:** – Эмне үчүн айтпаган өзүн айтса керек, бирок менин оюмча, сиз акыйкатта да туура айтып жатасыз. Биз революция баштала элек туруп буларды колдой баштаганбыз. Революция болгондон кийин да ар бир окуяда биз буларды колдоп кубаттаганыбызды өздөрү да жакшылап көрүп турду. Андан кийин мени: «Чыгып туруңуз» – деп сураныщты. Макул деп чыгып турдум. Эки жолу бизден делегация барды бул адамдын алдына.

**«Азаттык»:** – *Кимдин алдына?*

**К. Батыров:** –Президенттин алдына. Делегация кичине адамдар эмес эле, 5–6 адамдан турган авторитеттүү делегация ки-

рип учурашып, Отунбаевага айтышты: «Сиз мына Батыровдун канчалык жардам берип жатканын өзүңүз айтып жатасыз. Ошол жерде биздин канчалаган балдарыбыз көз жумду, канчасы жарадар болду. Булардын баары силерди деп болду. Эмнеге эми биздин балдарды куугунтуктайсыңар» дешкенде, ошолордун алдында суранып ачык пикирин айткан: «Мен аял киши болсом да эркектерге караганда убадага бекеммин. Мага ишенгиле! Кадыржанга жеткиргиле! Ага эч нерсе болбойт. Жардам бергенин биз да билебиз. Ага прокуратура өзү да контроль кылып турат. Бул убактылуу, аз гана чыдап турсун» деген. Экинчи жолкусунда да мына ушундай сөз болгон. Жалаллиддин Салахутдиновдон сурасаңар да айтып берет. Бул сөздөрдүн баары президенттин кабинетинде болгон. «Кадыржанга айтып койгула, бир аз чыдап турсун, биз маселелерди чечип алалы, анан биздин катарыбызга келип кошулуп, биргеликте көп иштерди кылабыз» – деген Отунбаева.

*«Азаттык» радиосунун*
*өзбек кызматы,*
*2010-жылдын, 5-октябры*

---

# КОТУР ТАШЫН КОЙНУНА КАТКАН ЧАГЫМЧЫЛАР ЖЫЙЫРМА ЖЫЛДАН КИЙИН ДЕЛЕ ЭЛДИ КАЙРАШТЫРУУДА

**(Бозгундагы «Бирлик» партиясынын билдирүүсү. 2010-жыл, 24-июнь)**

## ЗАЯВЛЕНИЕ ПАРТИИ НАРОДНОЕ ДВИЖЕНИЕ «БИРЛИК» УЗБЕКИСТАНА

Мы глубоко скорбим по поводу кровавых событий на юге Киргизстана и выражаем искреннее соболезнование семьям и близким погибших в те трагические дни.

Сейчас крайне необходимо предпринять такие шаги, которые могли бы гарантировать, что подобные события в Ферганской долине больше не повторятся.

Принимая во внимание то, что

а) беспорядки на юге Киргизстана, превратившиеся, даже по признанию мировой прессы, в беспощадное истребление узбеков киргизскими экстремистами, стали следствием взрыва сложных взаимоотношений между двумя народами, принадлежащих единому тюркскому этносу;

б) никаких значимых подрывных действий, организованных и управляемых извне не было;

в) виновником превращения напряженности между узбеками и киргизами в кровавую бойню на данном этапе является

14 *

Временное правительство, пришедшее к власти в результате государственного переворота. Именно его безответственные руководители расшатали основы государственного строя Киргизстана и для укрепления своей власти пытались использовать узбеков против кыргызов юга, являющихся в большинстве своем пробакиевскими. Роза Отунбаева, Алмазбек Атамбаев и Азимбек Бекназаров – главные виновники гибели тысячи узбеков и кыргызов должны предстать перед судом. Они вполне заслужили высшую меру наказания;

г) с учетом того что границы между Узбекистаном и Киргизистаном были перекроены Москвой по принципам, не имеющим отношения к этническому составу этой части Ферганской долины, последние события не могут рассматриваться как сугубо внутреннее дело Кыргызстана. К тому же, согласно резолюции Истамбульского саммита ОБСЕ (1999 год) нарушения прав человека в одной из стран этой организации не является ее внутренним делом. В Киргизистане же имело место массового нарушения главного права человека – права на жизнь;

д) в долгострочной перспективе кардинальным решением многих проблем нашего региона является создание Центральноазиатского Союза по подобию Европейского Союза. Но, из-за событий в Кыргызстане этот вопрос вряд ли окажется на повестке дня в ближайшее время;

е) супердержавы мира хотят помочь установлению мира в Кыргызстане, думая только о краткосрочной перспективе, забывая о долгосрочной.

Исходя из того, что было бы наивно думать, что после таких кровавых событий обе стороны быстро примирятся и станут жить мирно, Партия Народного Движения «Бирлик» предлагает:

1. Назначенные нелигитимной властью на 27 июня референдум и последующие парламентские выборы, не проводить, так как они также будут нелигитимными.

2. Власть в Кыргызстане передать законному существующему парламенту.

3. Парламенту необходимо выработать новую форму государственного устройства Кыргызстана, которая будет обеспечивать безопасность узбеков. Такой формой является создание на территориях, в которых исторически проживали узбеки Узбекскую автономную республику с правом иметь свои вооруженные силы.

Партия «Бирлик» призывает всех узбеков, вне зависимости от того, где они проживают, включится в акцию по требованию автономии для узбеков, проживающих в Кыргызстане. Одновременно надо убедить мировое сообщество, что именно такое решение приведет к долгострочной стабильности в Кыргызстане и развитию демократии в Центральной Азии. Только тогда на повестку дня встанет вопрос о создании Центральноазиасткого Союза.

А сейчас главное – создание Узбекской автономии в Кыргызстане с целью предотворить третью резню узбеков в Кыргызстане.

---

## ОШ РЕСПУБЛИКАСЫН ТҮЗҮҮНҮ КААЛАГАН ЧАГЫМЧЫЛАРДЫН ТЕЛЕГРАММАСЫ

***КЫРГЫЗТЕЛЕКОМ***
*Ачык*
*Акционердик Коому*
**Ош шаардык**
**телефон тармагы**

***КЫРГЫЗТЕЛЕКОМ***
*Открытое*
*Акционерное Общество*
**Ошская городская**
**телефонная сеть**

**Ош шаарынын мэри**
**М.Ж. Мырзакматовго**

**Урматтуу Мелисбек Жоошбаевич!**

«Кыргызтелеком» ААКнын ООФнын Ош шаардык телефон тармагы Сизге билдирет:

2010-жылдын 9-апрелинде Россия Федерациясынын Краснодар шаарынан орус тилинде телеграмма түшкөн. Ал телеграмманын мазмунунун кыргыз тилиндеги котормосу:

## ТЕЛЕГРАММА

**«Кыргызстан Ош шаары**
**Президенттин штабы**

**Сиздер Ош Республикасын түзүшүңүздөр керек. Ташматов Хамидге кайрылсаңыздар, ал сиздерге жардам берет.»**

Ушул мазмундагы телеграмма 2010-жылдын 10-апрелинде почтальон Адинбаева тарабынан Ош шаардык мэриясына жеткизилип, сакчысына тапшырылган.

Урматтоо менен,

**«Кыргызтелеком» ААКнын**
**ООФнын Ош ШТТнын директору: Маматумаров Ф.Б.**

# Кадыржан Батыровго дипломаттык паспорт берүү тууралуу көрсөтмө

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УБАКТЫЛУУ ӨКМӨТҮНҮН
ТӨРАГАСЫНЫН АППАРАТЫ

АППАРАТ ПРЕДСЕДАТЕЛЯ
ВРЕМЕННОГО ПРАВИТЕЛЬСТВА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

«_9___»_04_____________2010 г.
Исх.№ 15

**Министерство иностранных дел**
**Кыргызской Республики**
**Казакбаеву Р.А.**

**Уважаемый Руслан Айтбаевич !**

В связи с производственной необходимостью прошу Вас выдать дипломатические паспорта Руководителю аппарата Председателя Временного Правительства в лице Байсалова Эдиля Жолдубаевича, Первому заместителю руководителя Председателя Временного Правительства Болотбаеву Асылбек Аскарбековичу и **Президенту Университета Дружбы народов Батырову Кадыржан Алимжановичу.**

**С уважением,**
**Руководитель Аппарата Председателя**
**Временного Правительства** **Э.Байсалов**

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун улут аралык бейпилдикти жана стабилдүүлүктү сактоо боюнча ишмердиги

**(Интервьюлар, кайрылуулар жана жыйналыштарда сүйлөгөн сөздөр)**

# «КЫРГЫЗ МЕНЕН ӨЗБЕКТИ БӨЛГӨНДӨРДҮ СОТУ ЖОК АТЫП ТАШТАШ КЕРЕК!»

**Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун Амир-Темур аймактык Кеңешинин эли менен болгон жолугушуусунда сүйлөгөн сөзү. 2010-жылдын 3-майы**

Урматтуу жыйындын катышуучулары! Мага Привокзальный көчөсүндө болгон окуя жөнүндө көптөгөн суроолор түшүп жатат. Ошондуктан сөздү Привокзальныйда болгон окуядан баштайын. Мас абалындагы айрым өзүн тизгиндей албагандар барып үстөк сурашып, бир аз тополоң болгон. Аларды ошол эле жерде иликтеп, кармашып камашкан.

Урматтуу туугандар, мына 7–8-апрелден бери абалды кыйынчылык менен кармап турабыз. Бишкекти карагылачы, кандай оор күндөргө дуушар болду. Ал жерде өлгөн ким, мүлкүн, дүкөнүн талкалаткан, талаткан ким? Силерге окшогон карапайым калк. Ал эми анын артынан байыган башкалар болуп жатат. Биз Ошто стабилдүүлүктү канчалык кыйынчылык менен сактап турсак, эми тополоң чыгарганга кызыккан күчтөр пайда боло баштады. Кылымдардан бери бирге жашап келгенбиз. 90-жыл али эсибизден кете элек. Мына андан бери 15–20 жыл өттү. Ошол жылы төрөлгөн бала жыйырмага толуп үйлөндү. Андан бери канчалаган кыргыз-өзбек куда-сөөк, дос күттү. Мен маселен өзбекке таяк көтөрүп чыгамынбы, же болбосо мында отурган өзбек аксакал кыргызга таяк көтөрүп барабы? Бул нерсени

ким кылып жатат? Провокаторлор уюштуруп жатышат! Провокатор деген ким? Ал биздин арабызда ушул жерде отурат.

Мен бир провокатор жөнүндө айтып берейин. Мурдагы күнү Давран Сабирович түнкү саат бирде мага телефон чалат. «Мелисбек, Сиз чара көрбөсөңүз болбойт, ХБК жакта беш жүз бала колдоруна таяк алып, Джим көчөсүндө алдынан чыкканды талкалап келе жатышыптыр» – дейт. Даврон Муратович, сизге ким айтты десем: «Ээ, менин кишилерим айтып жатат» – деп жооп берди. Арадан 5 мүнөт өткөндөн кийин кайра мен ага телефон чалып: «Давран Муратович, чынбы же жалганбы, текшериңизчи?» – дедим. «Ээ текшердим, келе жатышат экен!» – деп ишенимдүү жооп берди. СНБны көтөрдүк, мен өзүм баш болуп, милицияны жетекчисин алып, чогуу барып, эч кимди таппадык. Эми караңыздар, ким провокатор? Даврон Муратович, ошол сизге телефон чалган сиздин таанышыңыз провокатор! Футбол ойногону 20 кыргыз бала топтолсо: «Кыргыздар топтолуп жатат» – деп айтышат экен. Ушундай имиштерге ишенбейли, урматтуу туугандар.

Өзүбүздүн балабызды кой дей албасак, анда аларды ким токтотот? Базарда орун талашканды, троллейбуста, маршруткада орун талашканды деле улуттар аралык мамилеге айландыра берсек, анда биз ким болобуз? Андан тышкары, мастардын кылык-жоруктарын дагы ушул нукка буруп жатабыз. Мисалы, Жороев Искендер арак ичип алып, мас абалында 153-маршрутту бул жакка жүрбөгүлө деп тополоң салган. Тойчиев Маман Самудинович чыгып алып: «Өзбектер андай-мындай» – деп сүйлөп, алардын кыжырын келтирген. Ушундай сөздөрдү токтотушубуз керек, анын кимге кереги бар?

Айтып коёюн, тополоңду уюштурган адам млн. долларды алат дагы, ошол күнү Тажикстанга өтүп кетет. Бул жерде кан төгүлүп, ыйлап-боздоп карапайым калк калат.

Айткылачы, ушунча жылдан бери кылымдан кылымга бирге жашап жүргөн кыргыз менен өзбекти ким ажыратат? Эгерде

ошондой ажыратам деген адам болсо, аны ушул жерге алып чыгып атып ташташ керек! Соту жок атып ташташ керек! Имиштин деңгээлинде мэрди уурдап кетиптир деп айтып чыгышты. Сизди уурдап кетиптир деп мага телефон чалбаган тууган-урук калбады. Ушундай курук, жалган сөз да. Привокзальная көчөсүндөгү айдоочудан тышкары кыргыз менен өзбек кайсы жерде мушташты, ким менен ким жакалашты? Эч ким мушташкан жок, эч ким жакалашкан жок.

Кечээ ОшТВ телекөрсөтүүсүнөн чыксам ошол жерде айтып жатышат: «Кыргыз» деп жазып алып, улуттар аралык мамилени көтөрүп жатыптыр. Мен укук коргоо органдарын тейлеген мэриянын башкы адиси А.Маасалиевге тапшырма бердим: «Айтбай Кудайбердиевич, ошол телефон чалган адамды тактап, кармап, мыйзам чегинде чара көрүңүз», – деп. Мына туугандар, провокатор деп ушуну айтат.

Кээ бири имиш-имиш кылып таанышына же досуна телефон чалат, кийин «азилдештим» деп кутулат. Кийинкиси азилди чынга айландырып кудасына, дос-чарына, кошунасына айтат. Жыйынтыгында, дуу-дуу сөз тез эле элдин арасына таркап кетет. Мына, азилдешкендин акыбети кандай болуп жатат. Анан аракка тойгон көчөгө чыгып, оозуна келгенин айта баштайт. Кыргызыбыз кыргыздын, өзбегибиз өзбектин оозун жабышыбыз керек. Бул жерде Даврон Муратович да түн уйкусун качырган, жок жерден ушак айтып дүрбөлөң түшүргөн провокатор таанышын камаш керек!

Мен ошондуктан, кечээ түз эфирге чыкканымда телефон номеримди элге айттым. Милицияга дагы телефон чалбагыла, Улуттук коопсуздук комитетине да телефон чалбагыла, түз эле мага чалгыла. Мен өзүм жалгыз келем. Көрөлүчү ошону ким жасап жатканын.

Айнанайын туугандар, эгерде тополоң чыгып кетсе балта, теше, мылтык, керек болсо ракета да сактап кала албайт бизди. Кыргыз келе жатса балта менен чабабыз деп, же өзбек келе

жатса таяк менен сабайм деп жатышса, бул эмне деген жорук? Алайда эл топтолуп жатат. Анткени алардын балдары, кыздары ушул жерде окушат, же иштешет. Кудай сактасын аны. Алар келебиз десе, эч ким токтото албайт, эч ким жардам бере албай калат. Ошондуктан, провокаторлор менен чогуу күрөшөлү.

Урматтуу аксакалдар, мечитке келгенде да: «Кой балам, бул жакшылыкка алып келбейт» – деп айтыңыздар. Дыйкан дыйканчылыгын кылсын, соодагер соодагерчилигин кылсын, той да болот, тойдун эртеси да болот. Эртең нан жеш керек, эт жеш керек. Кылычын көтөрүп, кыш кирип келет. Анда эмне кылабыз? Ар бирибиз саясатчы болуп көрүнүп, көрүнгөн жерде топтолуп, бекер убакытты өткөзбөстөн, иштешибиз керек.

Айтып коёюн, урматтуу эл, мына силер жөнөкөй элсиңер. Мен галстук тагынып, чиновник болуп турам. Кандай гана иш болбосун, кандай гана тополоң болбосун, бечара эл кыйналат. Ал эми провокатордун үйүндө уну да бар, алтыны да бар. Качып кете турган шарты да бар. Эгерде тополоң чыгып кетсе, самолетко билети да бар. Тополоңдун дал ортосунда мына сиз менен биз калабыз. Ошондуктан карапайым калкка, сиз менен бизге тополоңдун кереги жок.

Мына азыр Ошто канча куралдуу топ жүрөт, бүгүнкү күндө Ош шаарында тополоңдон пайдаланып, Ислам халифатын орнотобуз дегендер бар. Биз оштуктар террор эмне экенин, терроризм эмне экенин билебиз. Кара-Суу көчөсүндө маршруткадан бери жардырып жиберишкенин билесиздер. Ак үйдөгү иштерден кабарыңыздар болсо керек. Ош облустук администрациясын жардырышты. Мына ушуну террорист дейт. Мен кепилдик берем, террористтер мына ушул арабызда да бар. Аларга эмне керек? Тополоң керек.

Кечээги Бишкекте болгон тополоңдо, чоң-чоң дүкөндөрдө бала-чакасы менен келип муздаткыч жүктөгөнү муздаткыч, арак жүктөгөнү арак жүктөп, костюм алганы костюм алып, эки күн ташыныптыр. Мына ушундай адамдар да бар арабызда. Ошондой топтордон этият болушубуз керек.

Кудай буюрса, биз укуктук, Конституциялык жолго түшүп алсак, өлкөбүздүн өсүп-өнүгүүсүнө өзүбүздүн салымыбызды кошушубуз керек. «Качан ушул заман оңолот экен» – деп кечээ бирөө суроо берип жатат. Ар бирибиз балта-тешебизди көтөрүп көчөдө жүрсөк, Өзбекстан чек арасын ачабы? «Сөздү кой, чек араны жап, Кыргызстандын кереги жок» – дейт да, туурабы? Кошуна Россия, Кытай, Казакстан чек араларын жаап жатышат. Аны ачуу бизге байланыштуу. Бизде канчалык тынч болсок, алар менен мамилебиз жакындашат. Элестетип көрөлү, азыр балта, теше, автомат менен чыга турган бир өлкөнү бир өлкө басып ала турган заман эмес. Бириккен Улуттар Уюму деген бар, эл аралык келишимдер деген бар, бастырбайт.

Ал эми «Мафия» боюнча. ГКНБнын башчысы чыгыңыз бул жакка. Урматтуу Эшматов, Сизге 15 күндүк мөөнөт, белгилүү болгон бардык бандитти камайсыз! Арыз берсин, андан кийин териштиребиз дебей бандиттин баарын фамилиясынан бери билесиз, сүрөттөрү да бар. Бул жерде бир жигит Токмокто өзбектердин үйлөрүн өрттөп, өздөрүн өлтүрүп таштады деп айтты. Бул карандай калп. Токмокто эч кандай тополоң болгон жок. Ал жерде өзбектин да, дунгандын да, кыргыздын да чачынын бир тал кылы түшкөн жок. Ошол Токмоктон телефон чалган адам тукуруп кылып жатат, ага ишенип бул жигит ушул жерде элди дүрбөлөңгө салып жатат.

Урматтуу агаин-туугандар! Шаардын өсүп-өнүгүүсү үчүн, шаарды иретке келтирүү үчүн жасалып жаткан иштерде эч ким улутуна бөлүнгөн жок. Кимдин камогун алдырам, кимди мыйзам алдында каматамын, бандиттин улуту болбойт. Бандиттин кыргызы да, өзбеги да, орусу да бар. Мен бул аткарган иштерим үчүн наркы дүйнөдө жаннатка чыгамынбы, эмне кылам аны Алла Таала өзү билет. Мен айткан сөзүмдөн кайтпаймын. Мына бул жигит туура айтат. Ош – биздики. Мен оштук жигитмин. Ошондуктан, Оштун тазалыгы, өнүккөн Ош, билимдүү Оштун эли бизге керек.

Эмне себептен Бишкек шаарына 5 млн. сом бөлүнөт дагы, Ош шаарына 5 сом дагы бөлүнбөйт деген маселени көтөрүп чыккан менмин. Кээ бирөөлөр айтып жатат, айнеги карайтылган машина кимдики деп. Ал машина меники. Ар бир маселе боюнча жооп бер деп менден талап кылып жатасыңар, шаарда тартипти сактоо үчүн мен да этият болушум керек. Ар бир жасаган кадамым үчүн душман ашып жатат.

Урматтуу туугандар, дагы кайталайм, шаарда ар түрдүү дуудуу сөздөр тарап кетти. Ушул жерден азыр жетекчилер менен биргеликте түз эле кыргыздар жашаган тарапка барамын. Алар да айтат, «өзбектер топтолуп жатышыптыр, аларда курал бар экен, эмне себептен карабайсыңар» деп талап коюшат. Алар дагы силерге окшоп кыйкырып турушат.

Урматтуу туугандар, жогоруда айтылган сөздөрдүн бардыгын протоколдоштурабыз. Мен жогорку, азыркы убактылуу бийликке кат жөнөтөмүн. Кыйкыргандан эч нерсе чечилбейт. Кандай гана жумуш болбосун, мыйзам жолунда чечүүбүз керек.

Урматтуу жаштар, улутка карабастан, өлкөбүздүн, шаарыбыздын келечеги, элибиздин бейпил турмушу үчүн бириккиле!

---

## «Эмне силер согушту каалап жатасыңарбы? Андай болсо келгиле: «Жоопкерчиликти мойнубузга алабыз» – деп айткыла!»

**(Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун Ош шаарынын мэриясынын Кеңейтилген аппараттык жыйынында сүйлөгөн сөзү. 2010-жыл, 18-май)**

**Урматтуу жетекчилер, урматтуу шаардын активи!**

Бүгүн Сиздер менен биргеликте шаардагы саясый абал жөнүндө дагы бир жолу сүйлөшүп алалы деп чогулдук.

Шаардын элинен көптөгөн кат, кайрылуулар келип түшүүдө. Шаарда акыбал оорлошуп баратат. Ага ОшТВ, МезонТВ сыяктуу жергиликтүү телекомпаниялардын телекөрсөтүүлөрү аркылуу «коментарийсиз» деп берилип жаткан айрым сепаратисттик маанайдагы саясатчылардын сүйлөгөн сөздөрү чоң түрткү болууда.

ОшТВ, МезонТВ телекомпанияларынын жетекчилери, эмне силер согушту каалап жатасыңарбы? Андай болсо, келгиле, бул трибунага чыгып, элдин алдында: «Биз согушту каалап жатабыз, жоопкерчиликти мойнубузга алабыз» – деп айткыла. Куралдуу көтөрүлүшкө, куралдуу карама-каршылыкка ачык эле чакыруу болуп жатат. Эмне, мурда уктап жаттыңар беле, азыр кыйын болуп калдыңарбы!? Радикал шовинисттерге, улутчулдарга эфирди берип коюп отурасыңар, силерге ким уруксат берди? Силердин телекомпанияңар жеке менчик болсо дагы, шаардын коомчулугу менчигинин түрүнө карабастан көзөмөлдөй алат. «Халил деген ким экен, баралычы» – дешип канчалаган жаштар уюмдары, коомчулук келип кайрылып жатат бизге.

ОшТВ менен МезонТВнын жетекчилигине бүгүн официалдуу түрдө айтып коёюн, элди дүрбөлөңгө салуучу, кайраштыруучу телеберүүлөрдү бүгүндөн баштап токтоткула.

Вице-мэр Аманбаев бүгүндөн баштап коомдук-тескөөчү орган түзүңүз. Ал орган коомдо жүрүп жаткан иштерге анализ жүргүзүп, коомдук абалды байкаштырып, ар кандай терс көрүнүштөрдүн алдын-алуу чаралары көрүлсүн.

Бул жерде мен айтып коёюн, бир эле ОшТВ, МезонТВ эмес, КТРден Түгөлбай Казаковдун, «Улукман» эмес, «Улутман» деген телекөрсөтүүсү кетип жатат. Илгери Гитлер: «Биз немецтер таза кандуубуз, бүткүл дүйнөнү башкарышыбыз керек» дегендей, Түгөлбай Казаков дагы: «Биз кыргыздар кыйынбыз» деген маанидеги телеберүүлөрдү көрсөтүп жатат жана ал башка улуттун өкүлдөрүнүн кыжырын келтирүүдө. КТРдин жетекчилигине ошондой тантырак саясатты токтотуу жөнүндө кат жөнөткүлө.

Ал эми ушул жердеги жергиликтүү ЭлТРдин жетекчилигине айтаарым, сиздердин пультуңуздар ушул жерде Ошто. Жыштыкты ушул жерден аласыңар, тынччылык, стабилдүүлүк үчүн кандай жолго болсо дагы барабыз. Эмне себептен шаардын кызыкчылыгын ойлобойсуңар? Же, Жалал-Абаддагыдай кан төгүлүүнү каалайсыңарбы?

ОшТВ менен МезонТВнын жетекчилигине дагы бир жолу кайрылып жатам, эгерде корксоңор коруктайлы. Бүгүн ушул жерде мен айтып коёюн, аты аталган улутчулдар, ошол бүгүн саясый соодалашуу жакындап калды. Депутаттык креслону талашып жатышат, биздин айрым саясатчыларыбызда дагы күнөө бар. «Кел мобу жакка өт, кел бул жакка өт, биз жооп беребиз» – деп ар бир партия чакырып жатат. Ошондуктан, кээ бирөөлөр башын көтөрүп, ачык улутчул саясат жүргүзүп жатышат.

Урматтуу жетекчилер, урматтуу шаардыктар, мен Ош шаарынын мэри катары айтып коёюн, силер менен биргеликте эч кандай улутчулдарга жол бербейбиз. Мына бүгүндөн баштап, чечкиндүү кадамдар жасалат, коомдук байкоочу кеңеш түзүлөт. Андан тышкары, өзбек улутундагы 7 депутат бар. Мага азыр эле кирип чыгышты, алар дагы жардам беришет.

15 – 700

## «Учурунда өзбек жамаатынын лидерлери койгон талаптар, тилекке каршы, бара-бара улуттук сепаратизмди күчөтүп жибергени белгилүү».

### (Ош шаарынын мэри М. Мырзакматовдун 2010-жылдын июнундагы Кыргызстандын түштүгүндө болгон кандуу окуяны изилдеген Эл аралык бейтарап комиссиянын (ПС) отчетуна карата жообу. 2011-жыл, 11-май)

Чынында былтыркы кандуу коогаландан эң көп жабыр тарткан Ош шаарынын көп улуттуу калкы Эл аралык комиссиядан окуянын себептерин дыкат иликтеп, мындан ары улуттар аралык ынтымакты бекемдөөгө багытталган бейтарап билдирүүнү күткөн эле. Тилекке каршы, отчет үстүртөн даярдалып, улуттар аралык конфликтинин ички себептери жана чыныгы күнөөкөрлөрү так ачылып берилген эмес.

Отчеттун авторлору Фергана өрөөнүнүн, анын ичинде Кыргызстандын түштүгүнүн этникалык жана конфессиялык өзгөчөлүктөрүн, анда жашаган көп улуттуу калктар ортосундагы мамиленин тарыхын жана учурдагы өнүгүшүн жеткиликтүү билбестиги көрүнүп турат. Маселен, отчеттун «Саясый контекст» аттуу бөлүмүнүн 79-пунктунда: «Түштүк Кыргызстандын калкынын көпчүлүгүн абалтан өзбектер түзүп келген» – деп жазылып турат. Мындай калпыс факт Эл аралык комиссиянын ишине карата башка улуттардын ишенимин кетирип, кыжырын келтирет. Муну мен Комиссиянын эч качан чындыкка дал келбеген, улуттар аралык мамиленин курчушуна багытталган жеке бүтүмү деп түшүнөм.

Комиссия кандуу коогаландын чыгышынын бирден бир себеби катары Кыргызстанда жашаган өзбек улутундагылардын жогорку бийлик эшелонунда, сот, прокуратура, милиция, улуттук коопсуздук, армия жана билим берүү системасында аз болгондугу менен байланыштырат. Ошондой эле отчеттун авторлору өзбектер тууралуу маалыматтар Кыргызстандын тарыхый жана маданий булактарында аз камтылган Оштогу музейлерде өзбектердин турмушу чагылдырылбаган деп жыйынтык чыгарат. Комиссиянын пикири боюнча, 2004-жылы «Мамлекеттик тил тууралуу» мыйзам кабыл алынган соң өзбек тили олуттуу кысымга учурап, бул өзбектердин нааразылыгын жараткан. Отчетто кыргыз жана өзбек мектептеринин саны тизмектеп саналып, өзбек мектептеринде кыргыз тил боюнча сааттын көбөйүшү, «Кыргыз Республикасы» деген расмий аталыштын «Республика Кыргызстан» деп аталбашы, «өзбек диаспорасы» деген сөздүн колдонулушу улуттар аралык жаңжалга өбөлгө түздү деп жыйынтык чыгарылган. Жаңжалга тиешеси бар тараптын таламын талашкан мындай бүтүм келечекте улуттар аралык араздашуунун чырагына май тамызышы толук мүмкүн. Эгерде Эл аралык комиссия мүчөлөрү Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет катары өз алдынча этникалык саясат жүргүзүшүн каалашса, анда мага эч качан «улутчул» деген жарлык такмак эмес.

Отчетто мени улутчул катары көрсөтүү менен Эл аралык комиссия көчөдөгү ушактарды да кошо камтый кетиптир. Мисалы, Отчеттун 391-пунктунда «Июнь окуялары мезгилинде мэр айылдык кыргыздарды мобилизациялап, аларга курал таратты деген ар кандай ушак кептер ПСнин (Комиссиянын) көңүлүн бурду, бирок ПСнин колунда буга далил жок» – деп жазылган. Мындай көчө деңгээлиндеги ушактарды отчетко кошуп жазуу, мен тууралуу далилсиз куру сөздөрдү таратуу Эл аралык комиссияга эч качан аброй алып келбейт.

Ошондой эле отчеттун 392-пунктунда «Азырынча ПСде (Комиссияда) мэрдин кыргыз бандиттери менен биргеликтеги

15 *

иш-аракети тууралуу жетиштүү далили жок, бирок анын улутчул риторикасы (маанайдагы сөздөрү) улуттар аралык чыңалуунун азайышына алып келбейт» – деп айтылган. Бул жерде Эл аралык комиссиянын урматтуу мүчөлөрү этикалык норманы такыр эле унутуп калганы көрүнүп турат. Менин шаар башчылык ишмердүүлүгүмдү эч кандай далили жок бандиттер менен байланыштыруу жалгыз гана менин талапкерлеримдин эмес, Ошто жашаган көп улуттуу элдин кыжырын келтирүүдө. Комиссиянын «кыргыз бандиттери» деген сөзү эки улутту кайрадан бири-бирине каршы койгонго барабар. Анткени бандиттердин улуту болбойт! Улуту ким экенине карабай Ош окуясында колу канга боёлгон бандиттер мыйзам алдында жооп берүүгө тийиш! Комиссия «кыргыз бандиттери» деген сөздү колдонуу менен отчетто кайсы тараптын кызыкчылыгын жогору коюп жатканын ачыкка чыгарып койду. Бир улутту бандиттер деп кемсинтүү өтө орой, кечиримсиз ката. Мен мэр катары мыйзам бузгандарды улутуна карап бөлгөнгө жол берген эмесмин жана эч качан жол бербеймин.

Ал эми отчеттун «Сунуштар» бөлүмүнүн Р.23-пунктунда: «Мамлекет Оштогу кылмыштарды иликтөөдө кылмышкерлердин улутуна (этникалык өзгөчөлүктөрүнө) карабай дыкат, бейтарап жана калыс териштирип, эл аралык стандарттарга туура келген акыйкат сот жүргүзүшү керек» – деп жазылган. Бул жерде Комиссия өзү айткан бүтүмгө өзү каршы келүүдө. Анткени отчеттун мага арналган бөлүмүндө Комиссия «кыргыз бандиттери» деген сөздү кеңири колдонуп, ал эми «Сунуштарда» мамлекеттик органдар кылмышкерлерди улутуна карап бөлбөө керектигин билдирген. Отчет менен таанышкан окурмандар Комиссиянын эки жүздүү мындай иш аракетине өз пикирлерин билдирет деп ишенем.

Эл аралык комиссия отчеттогу мага арналган бөлүмдүн 389-пунктунда: «Улутчул саясатчы катары Мырзакматов өз элин сүйөрүн, анын татыктуу жашоосу үчүн колдон келген бардык

нерсени жасоого даяр экендигин ачык айтты» – деп жазган. Мунун эмнеси аларга жакпайт, мен түшүнбөйм. Ооба, комиссия мүчөлөрү менен жолукканда мен бул тууралуу ачык айткам. Андан танбайм. Өз элимди сүйөрүмдү мен эч кимден жашырбайм. Бирок менин өз элимди сүйүүм башка улуттарды душман санoo дегендикке жатпайт. Ошто жашаган бардык улуттар мен үчүн тегиз бирдей! Мен шаардагы ар бир тургундун, улутуна карабай баарынын укугун бирдей коргоого даярмын.

Отчеттун 389-пунктунда ошондой эле: «Июнь окуясынан кийинки интервьюсунда мэр өзбектер Кыргыз Республикасынын эгемендигине коркунуч келтирди, бирок биз аларга татыктуу жооп бердик деген. ІІС менен жолугушууда ал өзбек сепаратизми келтирген коркунуч тууралуу айтып, бирок ага далил келтирген эмес» – деп жазылган. Мен ал позицияман азыр да танбайм: Оштогу кандуу кагылыштын чыгышына Кыргызстандагы өзбек диаспорасынын лидерлеринин сепаратисттик чакырыктары негизги себеп болду. Мамлекетибиздин утурумдук кыйынчылыгынан пайдалангысы келген Кадыржан Батыров, Иномжан Абдурасулов, Карамат Абдуллаева сыяктуу өзбек диаспорасынын лидерлери Ошто, Жалал-Абадда чоң-чоң жыйындарды уюштуруп, өз улутташтарын активдүү болууга козутуп жатышты. Алар өзбек тили, маданияты, бийликке өзбектерди тартуу боюнча маселелерди гана коюшпастан, тар чөйрөдө көп жылдардан бери калыптанып калган улуттар аралык мамилеге доо кетирген кыймыл-аракеттери тууралуу элде жетиштүү маалымат бар. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, аталган улутчул лидерлер Жалал-Абадда өз улутташтарын козутуп кан төгүлүүсүнө чоң өбөлгө түзүп, 7 адам жарадар болуп, 4 адам, анын ичинде өспүрүм наристе көз жумган. Албетте, алардын бул иш-аракеттери Ош шаарындагы кандуу коогалаңдын башталышына түздөн-түз түрткү болгон. Кадыржан Батыровдун: «Биз бул күндү 20 жыл күткөнбүз» деген сөзү баарыбыздын эсибизде. 20 жыл илгери, 1990-жылкы тополоңдун алдын-

да Оштогу өзбектер өз автономиясын куруу тууралуу СССР Жогорку Советине койгон талаптарын Комиссия кантип эле «унутуп» калсын. Убактылуу өкмөттөгү айрым «кожоюндарына» таянып, сепаратизмдин желегин көтөргөн өзбек диаспорасынын лидерлери ордолуу Ош жергесине от коюп жиберишкени бүгүн ашкере болуп отурат. Комиссиянын отчетунда Кадыржан Батыровдун мындай сепаратисттик чакырыктары, тилекке каршы, «унутулуп» калыптыр.

2010-жылдын апрель-май айларында Ош шаардык мэриясы улуттар аралык араздашууну болтурбоо тууралуу конкреттүү пландарды иштеп чыккан. Өткөн жылдын апрель-май айларында биз өзбектер жашаган аймактарда ири жыйындарды өткөрүп, элди улут ынтымагын ыдыраткан сепаратисттерди ээрчибөөгө үндөп жүрдүк. Кооптуу абалды алдын алуу тууралуу Убактылуу өкмөт башчысы Р.Отунбаевага кат менен кайрылып, чукул чара көрүүсүн суранганбыз. Бирок Убактылуу өкмөт өзбек диаспорасынын сепаратист жетекчилерине таянып, жалпы түштүктөгү кыргыздардын кыжырдануусунун пайда болуусуна өбөлгө түздү. Натыйжада Бишкектеги «убактылуу» жетекчилер Ош шаардык мэриясынын сунуштарына ишенбөөчүлүк мамиле жасап, биздин улут аралык араздашууну алдын-алуу тууралуу сунуштарыбыз жоопсуз калды. Бул тууралуу Ош шаардык мэриясынын кеңири отчету даярдалган. Аны менен биз кийинчерээк жалпы окурмандарды тааныштырабыз деген оюбуз бар.

Акыйкат үчүн айта кеткен оң, Эл аралык комиссия отчеттун 103, 104-пункттарында «Убактылуу өкмөт өзбек лидерлерине жардамга кайрылды; Убактылуу өкмөт Кадыржан Батыровго дем берип, аны менен бир канча өкмөт мүчөсү өтө жакын мамиледе болуп, аны талаптар менен чыгууга үндөп жатты» – деп жаңжалдын чыгыш себептерине чыныгы баасын берген.

Белгилеп кетүүчү нерсе, ошол коогалаң күндөрү Ош шаарынын аймагында жайгашкан көптөгөн мамлекеттик жана муниципалдык мекеме-ишканалар кол салууга учурап, өрттөнүп,

таланып-тонолуп кеткендиги жөнүндө Эл аралык комиссиянын отчетунда бир дагы сөз камтылган эмес жана алар тараптан эч кандай иликтөөлөр жүргүзүлбөгөн. Атап кетсек, Р.Абдыкадыров атындагы Улуттук филармония, шаардык МАИнин кеңсеси, МАИнин курулуш монтаждоо эксплуатациялык башкармалыгы, транспорттук инспекциянын Ош шаардык башкармалыгы, муниципалдык суу чарба башкармалыгы, шаардык муниципалдык транспорттук автобаза, жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорт агенттиги, муниципалдык турак жай коммуналдык башкармалык, Ош райондук электр тармактар ишканасы (ОшРЭС), электр энергиясын сатуу ишканасы, жолдор башкармалыгы, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү комбинаты, «Атайын автобаза» муниципалдык мекемеси, жарыктандыруу мекемеси, шаардык газчарба башкармалыгы, Жылуулук камсыздоо мамлекеттик ишкана жана башка ушул сыяктуу калкты тейлөөчү коммуналдык кызматтардын кеңселери жабыркап, жалпысынан 16073094,0 миң сомдук чыгымга дуушар болгон.

Ошондой эле өзбек кварталдарында «КАМАЗ» маркасындагы жүк ташуучу автоунаалар ок өткөрбөөчү темир менен каптالып, кайрадан өзгөртүлүп, атайын ок атуу үчүн даярдалган айнекчелер жасалгандыгы, алардын согушка даярдангандыктарынын ачык белгиси экендиги жалпы журтка маалым болду. Албетте, мындай даярдыктар көп убакытты талап кылаары айтпаса да түшүнүктүү. Тилекке каршы, Эл аралык комиссиянын отчетунда конфликтке алып келген даярдыктардын алдын-ала болгондугу жөнүндө эч кандай тыянак чыгарылган эмес.

Мени өкүнткөн бир жагдай: отчетто Өзбекстандын президенти Ислам Абдуганиевич Каримовдун улуттар аралык жаңжалдын туруктаашуусуна кошкон зор салымы айтылбай калган. И.Каримовдун биздин ички ишибизге кийлигишпеген акылман саясаты, эки мамлекет ортосундагы чек аранын бекем жабылышы жана качкындарга гуманитардык көмөк көрсөтүшү Ошту жана жалпы Борбордук Азияны чоң апааттан сактап кал-

ды. Көп улуттуу ордолуу Оштун калкы анын Кыргызстанга карата жасаган боордоштук мамилесин ар дайым жогору баалайт.

Жалпыбызды өкүнткөн дагы бир нерсе, Эл аралык комиссия отчеттун «Сунуштар» бөлүмүнүн 402, 403, 404, 408, 409-пункттарында Кыргыз Республикасын «Республика Кыргызстан» деп атоону, өзбек тилине муниципалдык жана аймактык деңгээлде атайын статус берүүнү, мамлекеттик радио-телеберүүлөрдөн өзбекче берүүлөрдү уюштурууну, өзбек тилиндеги университет, мектептерди ачууну, коопсуздук күчтөрүнө өзбектерди тартууну өкмөткө сунуштаптыр. Учурунда өзбек диаспорасынын лидерлери койгон бул талаптар, тилекке каршы, бара-бара улуттук сепаратизмди күчөтүп жибергени белгилүү. Дал ушул талаптар 1990-жылы жана былтыр июнда Оштогу каргашага себеп болгон. Бир диаспоранын таламын талашкан бул талаптардын Эл аралык комиссия тарабынан күн тартибине кайрадан коюлушу улуттар аралык ынтымакты эч качан бекемдебейт, тескерисинче, ыдыратат. Биз улут аралык араздашууга алып келген кандуу калабадан туура жыйынтык чыгармайынча ордолуу Ошто түбөлүк тынчтык орното албайбыз.

Мен мурда бир канча ирет белгилегендей, Ош шаары Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түркүгү экени дал ушул жаңжалда ачык билинди. Бул кандуу жаңжалдын чыгышына ордолуу Ошту өз үй, өлөң төшөгүндөй көргөн кыргыз менен өзбек элинин эч бир тиешеси жок. Акылман калкыбыз колу канга боёлгон сепаратисттерге өзүнүн татыктуу баасын берди, аларды саясый аренадан гана эмес, өлкөбүздөн да кууп чыгарды. Өз элинен, өз жеринен качып, бозгунда безип жүргөн ошол сепаратисттер, алардын парда артындагы демөөрчүлөрү сөзсүз түрдө мыйзам алдында жазаланышы керек. Алардын жасаган кылмышын ордолуу Оштун эли эч качан кечирбейт!

Кыргызстанда улуттар аралык кандуу коогаланды экинчи болтурбоо үчүн мен Улуттук биримдиктин концепциясын иштеп чыгууну сунуштайм. Концепция үч негизги суроого жооп бериши керек.

Биринчи суроо – улуттук биримдик деп биз эмнени түшүнөбүз? Бул Кыргызстанда жашаган ар кайсы этникалык жана диний топтордун бирдиктүү коомчулугу. Мисалы, Америкада жүздөгөн этностор жашайт, бирок аларды биз улуту боюнча америкалыктар деп билебиз. Биз да ушул жол менен өнүгүшүбүз керек. Кыргызстанда жашаган бардык этностор өздөрүн Кыргызстандын бирдиктүү элибиз деп түшүнүшү зарыл. Бул турмуш мыйзамы.

Экинчи маанилүү суроо – эмне үчүн биз улуттук биримдикти бекемдешибиз керек? Буга баарыбыз бирдей жооп беребиз – мамлекетибиздин ички коопсуздугун сактоо башкы милдет! Коопсуздук сакталганда гана өлкө алдыга жылат. Өлкө өнүккөндө гана жарандардын турмушу жакшырат.

Үчүнчү суроо – улуттук биримдиктин негизи эмнеде? Кыргызстан калкынын биримдиги бардык этностордун жалпы тарыхында, алар туу туткан баалуулуктарда жана бирдиктүү келечекте.

Биз кандуу окуядан туура жыйынтык чыгарып, этникалык саясатты акыйкат жүргүзгөндө гана жергебизде тынчтык болот. Ошол себептен азыр Улуттук биримдиктин концепциясын иштеп чыгуу мезгили келди. Улуттук биримдикти чындоо кыргыз элинин улуттук аң-сезимине байланыштуу экенин унутпайлы! Улуттук аң-сезим ашкере улутчулдукту эмес, этностор аралык толеранттуулукту жана биримдикти чыңдоого багытталганда гана Кыргызстанда стабилдүүлүк болот. Ошол эле кезде биздин өлкөдө жашаган башка улуттар Кыргыз Республикасынын кызыкчылыгын биринчи планга коюп, ажайып Ала-Тоону өз мекеним деп түшүнгөндө жана түпкү улуттун тегерегине баш кошкондо гана улуттар аралык ынтымак орнойт. Келгиле, баарыбыз «өткөн ишке салабат» деп, коңшу-коңшуга, аркы көчөдө жашагандар берки көчөдөгүлөргө кек сактабай, мамлекеттин бүтүндүгү жана улуттардын биримдиги үчүн күч үрөйлү!

## «Кээ бир күчтөр мени улутчул катары көрсөткүсү келгенин билем»

**Кыргызстандын түштүгүндө болгон кайгылуу окуялардын бир жылдыгынын алдында (2011-жыл, 6-июнь) Ош шаарынын мэри Мелис Мырзакматов Би-Би-Синин бир катар суроолоруна жооп берип, аны кайсы бир күчтөр улутчул, баңгибарон, бандит катары көрсөтүүгө аракет кылганын, бирок шаардык бийликтин кынтыксыз иштери анын баарын төгүндөп жатканын билдирди.**

**Би-Би-Си:** – *Бир жыл мурдакы тополоң окуяларды иликтеген эл аралык комиссиянын тыянагын кыргыз парламенти кабыл албай, четке каккан эле. Сиз кандай көз караште болуп жатасыз?*

**М.Мырзакматов:** – Эл аралык комиссиянын тыянагы бир жактуу жазылып калганга көбүрөөк окшойт. Мен эмне үчүн минтип айтып жатам. Ош жана Жалал-Абад областтарынын калкы улутуна карабай ушундай бир пикирде болуп жатат. Ошондуктан биз да ушул пикирге кошулууга аргасызбыз.

**Би-Би-Си:** – *Эл аралык комиссиянын тыянагында сиз жөнүндө: «Ош шаарынын мэри Мелис Мырзакматовдун улутчулдук сөздөрү этностор аралык оорчулукту басаңдатууга көмөк көрсөтө алган жок» – деп да айтылат.*

**М.Мырзакматов:** – *Кээ бир басылмалар, кээ бир күчтөр мени улутчул катары көрсөткүсү келгенин билем. Бирок ага далил жок. Мен муну азыр да айтам. Кыргызстандын Кон-*

*ституциясынан алып караганда Кыргызстанда жашаган калктар баары бир улутту - кыргыз улутун түзөт. Ошондуктан менин пикирим бурмаланбай баштапкы абалында бериле турган болсо, көпчүлүгү мени колдош керек.*

*Себеби мен улутка бөлүп жарбай, тескерисинче, Ош шаарында жашаган бардык улуттарды улутуна, динине карабай бирдей коргодум. Ошол өңүттөн караганда менин позициям туура болду. Мен шаар башчысы катары биринчи кезекте шаардыктардын баарынын кызыкчылыгын коргодум.*

**Би-Би-Си:** – *Айрым расмий өкүлдөр, анын ичинде сиз дагы бул чатактын келип чыгышынын негизги себеби катары өзбек лидерлеринин жикчилдикке үндөгөн аракеттерин айтып жатасыздар. Бирок ошол эле учурда тергөө материалдарында жикчилдиктин тике фактылары табылбай, өзбектердин өздөрүнүн тилдик жана маданий укуктарын бекемдөөнү гана талап кылганы айтылып жатпайбы?*

**М.Мырзакматов:** – Биз далилдерди көрсөтүп бергенбиз. Кимдир бирөө кызыкса дагы көрсөтүп беребиз. Тилекке каршы, эл аралык комиссиянын ошол далилдерди көргүсү келбегени өкүндүрөт.

**Би-Би-Си:** – *Жаңжалды иликтеген комиссиялар тополоң окуялардын алдын-алуу чараларын көргөн эмес, кан төгүү чыгып кеткенден кийин да аны токтотууга жетиштүү чара көргөн жок деп Убактылуу Өкмөттү күнөөлөп чыгышты. Сиз мындай күнөө коюунун жүйөсүн көрүп турасызбы?*

**Мырзакматов:** – Өзүн өзү сыйлаган бардык мамлекеттерде мыйзам бар. Мыйзам өңүтүнөн алып караганда адам укугун коргоо, жарандардын коопсуздугун коргоо бул түздөн-түз өкмөттүн милдети. Биздин эски Конституцияда дагы, жаңы Конституцияда дагы ушундай жазылган. Ал эми биздин мил-

дет, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органынын башчысы катары айтарым, адамдардын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу. Ар бир бөлүмдүн өзүнө тиешелүү милдеттери бар.

Ошол өңүттөн караганда тикеден-тике Убактылуу Өкмөттү күнөөлөгөндө калпыс болуп калат деп ойлойм. Убактылуу Өкмөт дагы колунан келгендин баарын жасады, бирок колунан көп нерсе келбей калды. Муну Апрель төңкөрүшүнөн кийин бийликтин алсыздыгы десек болот. Ошондон пайдаланып ар кандай экстремисттик, сепаратисттик күчтөр баш көтөрүп, ар кандай талаптар менен чыгышы, болгондо да, баса белгилеп айтайын, куралдуу чыгышы кырдаалдын башкаруудан чыгып башаламандыкка өтүшүнө алып келди.

**Би-Би-Си:** – *Кыргыздар менен өзбектердин бүгүнкү күндөгү мамилесин кандай деп мүнөздөйсүз?*

**М.Мырзакматов:** – *Көп кылымдардан бери коюн-колтук алышып бирге жашаган кыргыз менен өзбек улутунун уруша турган эч бир себеби жок. Бүгүнкү күндө Ошто карым-катнаш жакшырып, соода-сатык мамилелери жолуна түшүп, тереңдеп баратканы буга далил. Атайын кызматтардын маалыматына таянсак, сырткы күчтөр же үчүнчү күчтөр дейбизби, төртүнчү күчтөр дейбизби, алардын кийлигишүүсү болбосо, бир тууган эки эл өзүнүн тынчтыгын сактап кала алат.*

*Жаңжалдын тез басылышы буга далил. Болгону төрт күндө жаңжал басылды. Демек, мурун эки улут идеологиялык жактан касташкан эмес, кас мамиледе болгон эмес. Эгер мурунтан мамиле курч болуп, бири-бирине кек сактап, бирин-биринен өч алуу аракеттери болгондо жаңжалдын тамыры терең кетмек, аны басуу оңойго турмак эмес.*

**Би-Би-Си:** – *Бул чатактын келип чыгышында мыйзамсыз баңги ташыган кылмыштуу топтордун дагы таасири болду*

*деген маалыматтар чыкты. Шаардагы абалды көзөмөлдөгөн адам катары айтсаңыз, ошол кылмыштуу топтордун кийлигишүүсүнө жетиштүү бөгөт коюлдубу?*

**М.Мырзакматов:** – Жалпы шаарга көзөмөл кайсыл тараптан деген суроону койсоңуз жакшы болот эле. Мына бизде өзүн өзү башкаруу жөнүндө мыйзам иштеп жатат. Ушул өңүттөн караганда мен адамдардын коопсуздугуна жооп бербейм. Ага тийиштүү органдар бар. Биз тек гана аларга кабарлайбыз, багыт берип салым кошобуз.

**Би-Би-Си:** – *Азыр Ош шаары кайра курулууда. Айрым пикирлерге караганда шаарды заманбап модель менен кайра куруп чыгуу керек, анын ичинде өзүнчө айыл-айыл болгон аралчалар болбош керек деп айтып атышат. Ошол эле учурда улуттардын маданий өзгөчөлүгүн сактап калган махаллаларды да калтыруу керек деген да пикирлер бар. Бул маселеде сиздин көз карашыңыз кандай?*

**М.Мырзакматов:** – Мен башынан эле июнь окуясына чейин ушундай идеянын тарапкери болуп жүргөмүн. Калкты жасалма жол менен бөлбөш керек, сен өзбексиң, сен кыргызсың, сен тажиксиң деп. Бул адам укугун бузганга жатат. Биз улутуна, жынысына карабай калктын баарына бирге жашоого, карым-катнаш түзүүгө шарт түзүп беришибиз керек.

Мен монокварталдарды азайтып, аралаш кварталдарды куруу боюнча сунушумду айтып келатам. Далил катары айтып кетейин, июнь окуяларында калк аралаш жашаган кварталдарда эч кандай кан төгүү болгон жок. Себеби жарандар бири-бирин коргоп, сырттан келген коркунучка бирге каршы турушту.

Ал эми монокварталдарда бир топ карама-каршылыктар болду деп жаңылбай айта алам. Ошондуктан шаардык бийликтин позициясы мындан ары аралаш кварталдарды түзүү, чогуу жашоо, мамлекет берген жеңилдиктерден чогуу пайдаланды.

**Би-Би-Си:** – *Былтыркы окуялардан кийин: «Мен улутчулмун, кыргыз патриотумун» – деп айткан сөздөрүңүздү интернет сайттар жазып чыкты эле. Сиз саясатчы катары ушул сөздөрүңүзгө өкүнбөйсүзбү?*

**М.Мырзакматов:** – Билесизби, менин оозумдан айтылган ушундай сөз жөнүндө бир да факт жок. Менин элди бириктирүү максатында жакшы ниетте айткан сөзүмдү кесип кыркып, бурмалап, кайсы бир күчтөр мени улутчул, бандит, наркобарон кылып көрсөтүүгө аракет жасашты. Эмне деген гана жалаа жабуулар болду. «Национализм» французчадан которгондо өз элиңди сүйүү дегенди билдирет. Мен шаарымдагы калкты улутуна карабастан бардыгын бирдей сүйө турган болсом, бул жерде эмне күнөө бар?

Биздин Конституцияда жазылган, Кыргызстанда жашаган бардык улуттар бир элди – Кыргызстандын элин түзөт деп жазылган. Ушул нуктан алып караганда менин урааным – мекенчилдик, мамлекетти сүйүүчүлүк, улутуна карабастан, кыйынчылыкка карабастан биригүүгө болгон аракет. Мен ал материалдарды интернетке кимдер даярдаганын билемин.

Менден интервью алып, жартысын кесип, жартысын чыгарып, мени улутчул катары көрсөткөнгө аракет кылышты. Мени Караджичке теңешти, наркобарон дешти. Бирок Оштун эли, жалпы түштүк эли улутуна карабастан, Мырзакматовдун апрель окуяларынан кийин июнь окуяларынын алдын алууда жана анын кесепеттерин жоюуда жасаган иштерин, аракетин билишет жана унутпайт.

**Би-Би-Си:** – *Тополоң окуялар чыгып кеткенде сиз өзүңүз үчүн, үй-бүлөңүз үчүн кабатыр болдуңузбу?*

**М.Мырзакматов:** – Сөзсүз түрдө. Эмне деген гана күнөө жабуулар болду. Бүт күнөөнү, бүт канды, бүт көз жашты мага

аңтара салуу аракеттери күч болду. Ош шаарынын жетекчилигинин жасаган аракетинин тазалыгынан, түздүгүнөн, тактап айтканда, кынтыксыз иш-аракетинин негизинде алардын бири дагы далилденген жок. Мындан ары дагы далилденбейт.

***Би-Би-Синин кыргыз кызматы,***
***2011-жылдын, 6-июну***

## «Бүгүнкү күндө Оштун эли коогаландын чыгышына кимдер күнөөлүү экендигин так билишет»

### (Ош шаарынын мэри Мелис Мырзакматовдун Азаттык үналгысынын «Ыңгайсыз суроолор» программасына берген маеги, 2011-жыл, 2-июнь)

**Азаттык:** – ***Программабызды баштаардан мурда атайын тартылган видеотасма бар болчу, ошону көрүп, анан сөз баштасак? Видеотасмада көрсөтүлөт.***

**М.Мырзакматов:** – Урматтуу оштуктар, мени Бишкекте токой чарбасына барасың, госматрезервге барасың, элчи болосуң деп үч күндөн бери кармашты. А мен макулдугумду бербей, эл мененмин деп келдим. Ошондуктан урматтуу калкым, урматтуу туугандарым, Кудай буюрса Ош биздики, биз баарыбыз чогуубуз!

**Азаттык:** – ***Бул өткөн жылдагы июнь каргашасынан кийин август айында тартылган кадрлар. Өзүңүз азыр ошол кадрлардан көргөндөй, Сиз ошол убакта эл баатырына айлангансыз. Айтсаңыз, мунун сыры эмнеде? Мисал үчүн ошол убакта сөзсүз эл баатырына айланыш үчүн кризистик абал болушу керек беле?***

**М.Мырзакматов:** – Элдин башына эң кыйын, оор кырдаалдар туш келгенде мен элим менен бирге болдум. Элимди таштабадым, ага кызмат кылдым. Элдин мени колдогону ошол себептен болсо керек.

**Азаттык:** – ***Азыр мына ошол окуялардан бери бир жыл өттү. Дагы эле ошондой бүркүтсүзбү, дагы эле ошондой элиңизге баатырсызбы?***

**М.Мырзакматов:** – Эми билесиздерби, кимдир бирөөлөр Мырзакматовдун ролун Кыргызстандагы бүгүнкү оор акыбалга такап, ошол каргашалуу апрель, июнь окуяларында ордун төмөндөтүп, башкача нукта белгилеп келет. Бирок элдин жүрөгүн алдоо кыйын. Мен ойлойм, бүгүнкү күнгө чейин эл менен болдум, келечекте дагы эл менен болом, эл мени менен болот.

**Азаттык:** – ***Анан былтыр, бийликтегилер сизди кызматтан ала албай койгон деп айтылып жүрөт. Азимбек Бекназаров да Сизди жумуштан бошотуу тууралуу Президенттин жарлыгын жарыялаганы келип, бирок элдин сүрүнөн айта албай койгон деген сыяктуу сөздөр таркалган. Анан айтсаңыз, азыр негизи эле Президент, спикер жана өкмөт башчысы менен мамилеңиз кандай?***

**М.Мырзакматов:** – Билесизби, бүгүнкү күндө биз ушул тынчтыкты сактап, өлкөбүздө стабилдүүлүктү орнотуш үчүн бардыгыбыз бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, мамлекеттин бүтүндүүлүгүн, биримдүүлүгүн гана ойлонушубуз керек. Ушундай шартта сөзсүз түрдө биз чогуу-чаран иш жүргүзүп жатабыз. Ал эми кээ бир саясий көз караштарыбыз кайчы келиши мүмкүн.

**Азаттык:** – ***Сиз өзүңүздүн айткан сөзүңүздө: «Былтыркы техникалык өкмөт бир дагы жолу эмне болуп жатасыңар деп ал-жайыбызды сурап, кайрылып койгон жок» – деп айттыңыз эле. Ошого байланыштуу мамилеңиз кандай деп бул суроону узатып жатам. Конкреттүү жооп берсеңиз?***

**М.Мырзакматов:** – Билесиздерби, кээде ушундай болуп калат. Жок жерден, же кээ бир саясатчылардын баягы интрига-

сынан, туура эмес түшүнүгүнөн, же кадр саясатынан гана келишпестиктер болот. Мен ойлойм, негизги принцип – Кыргызстан, Кыргызстандын келечеги болууга тийиш. Аны ойлойм деген инсандар биргеликте кадам ташташ керек. Мен жогоруда айткандай, кээ бир пикир келишпестиктер бар, жок эмес.

Маселен саясый көз караштан, Ош шаарынын өнүгүүсү, Кыргыз Республикасынын Конституциясы боюнча. Негизи эле, улуттук саясат боюнча пикир келишпестиктер, кайчы пикирлер бар. Эми ошол ортодон жакшы пикирди, жакшы идеяны сууруп чыгып, аны алга карай өнүктүрүш, мен ойлойм, жалпыбыздын милдетибиз деп. Эми бардыгына эле: «Макул, болуптур, жарайт...» дей берсек, мурдагы бийликтерден айырмабыз эмне? Биздин эл ошондуктан чындык болсун, ачыктык болсун, элдин күчү, элдин бийлиги болсун деп талап койгондуктан, ошол эки төңкөрүш болуп отурбайбы? Бирок ошону дагы жаап-жашыргысы келгендер бар. Мен андай болбойт деп ойлоймун.

**Видеотасмада М.Мырзакматовдун сүйлөгөнү көрсөтүлөт:** Урматтуу туугандар, биз кечээки июнь окуяларында ачык түрдө сепаратизм менен күрөштүк. Ошту бөлүп-жарып кетем дегендер менен күрөштүк. Мына ошондуктан, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түркүгү, ордосу ушул Ош шаары болуш керек. Ошто бир кесе лагманга сатылбагандар иштеш керек. «Той атасы» атка конбогондор иштеши керек.

**Азаттык:** – ***Мына сиз видеотасмада көрсөтүлгөндөй, Ошту баса белгилеп, Ош шаары биздики деп айтып келдиңиз. Буга чейинки видеотасмада дагы, азыр дагы кайра-кайра айтып жатасыз. Айтсаңыз, бул сөздүн аркасында эмне бар. «Ош – биздики» деген сөз эмнени түшүндүрөт?***

**М.Мырзакматов:** – Эми билесизби, ар кандай ушак тараганда ар ким өзүнүн деңгээлине жараша түшүнөт эмеспи. Мен айтып жатам. Ош биздики, Ош ошол эле Отунбаеваныкы, Атам-

баевдики,Ташиевдики. Айзаданыкы деп айтып жатам. Мен Ошту Каддафиники, же болбосо Обаманыкы деп айткан жокмун. Ош – бул оштуктардыкы, Ош – бул кыргызстандыктардыкы деп айтып жатам.

**Азаттык: –** ***Сиз айтып жатасыз, былтыр биз Ошту сепаратисттерден коргодук деп. Анда июнь окуяларын иликтеген эл аралык комиссиянын төрагасы Киммо Кильюнен сепаратизмдин белгисин көрө алган жокмун деп айтып жатат го, буга кандай дейсиз?***

**М.Мырзакматов:** – Улуттук комиссия дагы, эл аралык комиссиянын мүчөлөрү дагы Оштогу июнь окуяларына чейинки жана окуя мезгилиндеги кырдаалды эч качан өз көзү менен көргөн эмес. Ошондуктан комиссиянын жыйынтыгы бир жактуу чыгып жатат. Эми мына парламенттик комисиянын жыйынтыгын көрөбүз. Алар ошол сепаратизмди, куралдуу сепаратизмди көргүсү келбей жатышат. Ар башка мамлекеттин жараны ошол өзүнүн мамлекетинин көз карашы менен карайт. Болгон окуяларды так чагылдырбагандыгынын себеби ошондон болуп жатат. Биз ким менен күрөштүк, окуянын күңгөй-тескейин мен билем, ошол жердеги эл билет.

**Азаттык: –** ***Кыргызстан эл аралык коомчулуктун мүчөсү экендигин билесиз да. Анан ошол эле эл аралык уюмдар бул жыйынтык адилеттүү деп таанышпадыбы?***

**М.Мырзакматов:** – Эми билесизби, адилеттүү деп тааныган менен кыргыз өкмөтү өзүнүн баасын берди, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши дагы алардын жыйынтыгын четке какты. Эл аралык коомчулуктун мүчөсүбүз деп эле өзүнүн туура эмес чыгарган корутундусун дүйнөлүк коомчулукка таңуулай берсе, биздин көз карандысыз мамлекет экендигибиз кайда калат? Биздин өзүбүздүн ой-пикирибиз болуш керек. Аны дүйнөлүк коомчулук билиши керек. Ошондуктан, эгерде эл

аралык комиссия окуяны бир тараптуу карабастан объективдүү жыйынтык чыгарганда, аларга дүйнөлүк коомчулук мындан ары бир топ ишеним менен карап калмак. Оштун эли дагы кыргыз-өзбегине карабастан бул комиссиянын жыйынтыгын жактырбай, туура эмес деп жаткандыгы ошондон.

**Азаттык:** – ***Дагы эле ушул суроого кайрылсам, Кыргызстан дүйнөлүк коомдун мүчөсү деп жатпайсызбы, анын эл аралык деңгээлдеги эрежелери жана милдеттенмелери бар эмеспи. Кыргызстанга ал эрежелерди жана милдеттенмелерди аткарыш керек болот. Ушул жагдайдан алып караганда Сиздин оюңуз кандай?***

**М.Мырзакматов:** – Кыргыз Республикасы суверендүү мамлекет катары «Кыргыз Республикасы» же «Республика Кыргызстан» деп атоо жөнүндө дүйнөлүк коомчулуктун алдында милдеттенме алган эмеспиз. Эч кандай декларацияга да кол койгон эмеспиз. Бул Кыргызстандын ички иши деп ойлойм. Ошондуктан, эл аралык комиссия дагы кайсы бир сунушту берерден мурда эл аралык нормаларга таянып, анан берсе туура болмок.

**Азаттык:** – ***Айтсаңыз, азыр Ошто абал кандай болуп жатат? Анткени дагы эле элдин бири-бирине болгон ишеничи жакшы болбой, кечинде эшикте кенен-кесир басып жүрө алышпайт деп айтылып жатат. Ушул маалыматтарды тастыктап берсеңиз?***

**М.Мырзакматов:** – Эми ал туура. Бирок былтыркы ушул мезгилге салыштырмалуу жагдай бир топ жакшы десек жаңылышпайбыз. Эми шейит кеткендерден сырткары элдин психологиялык жактан алган жаракаты терең. Ал беш-он жыл аралыгында айыкпайт. Жаратты дарылоо үчүн бир топ убакыт керек. Ошондуктан бул мезгилдин жыйынтыгы болушу мүмкүн. Элдер бүгүн эле достошуп, коюн-колтук кармашып кетти де-

генден алысмын. Бирок ошого карабай тынчтыкты, ынтымактуулукту сактап калуу жана андан ары өнүктүрүү боюнча Ош шаарынын мэриясы колдон келген аракеттерди көрүп жатабыз.

**Азаттык:** – ***Сизге Азаттыктын улут аралык мамиле боюнча аналитиги Брюс Панер суроо жолдогон эле, ошол суроолорду көрүп, андан кийин жооп берсеңиз?***

**Брюс Панер:** – ***Мелис мырза, былтыр мага берген интервьюңузда июнь окуяларынын бирден бир себеби өзбектер менен кыргыздар бир айылда, бир имаратта чогуу жашашпагандыгы, эгер алар чогуу жашашса маселе чечилет дедиңиз эле. Жакында эле «фергана ру» сайтында бир макала жарыяланды. Анда кыргыздар менен өзбектер дагы эле болсо башка-башка жашап жаткандыгы айтылууда. Демек, жаңы имараттарда же жалаң кыргыздар, же жалаң өзбектер жашап жаткандыгы туурабы?***

**М.Мырзакматов:** – Бул кечээ же бүгүн чыга калган маселе эмес. Ал маселени чечүү үчүн миллиарддаган акчалар керек. Маселен, учурда жаңы кварталды жерге муктаж жарандарга бөлүп берип жатабыз. Ошол жерде биз мүмкүн болушунча кыргыз, тажик, татар, орус, өзбек ж.б. улуттун өкүлдөрүнө аралаштырып бөлүп берүүгө аракеттенип жатабыз. Жаңжалга чейин мурдатан эле менин көз карашым ушундай болуп келген. Өткөн июнь окуяларында менин ошол көз карашым тастыкталды. Маселен, шаардын аймагындагы №1 «Туран» аймактык Кеңеши аралаш жашаган квартал болгондуктан, эч кандай жаңжал болгон жок. Себеби ал аймакта ар улуттун өкүлдөрү чогуу жашап, чогуу камыр-жумур болуп, бири-бирин жакшы түшүнгөндүктөн, эч кандай башаламандыкка жол берилген жок. Ал эми монокварталдар болгон аймактарда карама-каршылык көбүрөөк болду. Азыркы мезгилде бир гана 75 батирлүү көп кабаттуу үй салынды. Ал үйдү колдон келишинче аралашты-

рып бөлүштүрүүгө аракет жасадык. Калган үйлөр бүгүнкү күндө калыбына келтирилип жатат.

Белгилеп кетейин, бүгүнкү күндө Оштун эли, кыргыз болобу, же өзбек болобу кооголаңдын чыгышына кимдер күнөөлүү экендигин, алардын кандай максатты көздөгөндүгүн, кимдер колдоп тургандыгын так билишет.

**Брюс Панер:** – ***Сиз июнь окуяларынан кийинки кыргыздар менен өзбектердин жарашуусунун 3 учурун айта аласызбы?***

**М.Мырзакматов:** Брюс Панер мырзанын үч деп чек коюп жатканы туура эмес. Жараштыруу боюнча андай учурлар миңдеп саналат. Маселен, бүгүнкү күндө эки башка улуттун өкүлүнөн аралаш үй-бүлө кургандардын саны он жетиге жетти.

**Азаттык:** – ***Бул сыйлык берүү аракеттеринен кийинби?***

**М.Мырзакматов:** – Жок. Бүгүнкү күндө сыйлык деле анчалык кызыктырбашы мүмкүн. Бирок бул кадамыбызды дагы кандайдыр бир деңгээлде улуттар аралык мамилени жөнгө салууда таасири сөзсүз түрдө болот деген ниетте жасап жатабыз. Карым-катышты жакшыртуу, өз ара мамилени тереңдетүү боюнча ушул сыяктуу чечимдерди ар кандай кварталдарда, калктуу конуштарда кабыл алып жатабыз. Учурда соода-сатык иштери да тереңдеп, мурункудай жолго коюла баштады. Андан тышкары, тойлордо, өлүм-житимдерде эки элдин каттоосу тереңдей баштады. Ушунун баары биздин жасаган аракеттерибиздин акыбетинин кайтышы десек жаңылышпайбыз.

Ушул жерде, «эмне себептен бул жаңжал болгону 4 күнгө гана созулду? Эмне себептен ушунчалык тез басылды?» деген суроо туулушу мүмкүн. Эки эл идеологиялык жактан даяр эмес болгон. Жаңжалдын оту тутанганда алар түшүнбөстүктөн ошол кадамдарга барышты. Бирок эки элдин ортосундагы жаңжал бир гана Кыргызстанда эмес, Борбор Азиядагы тынчтыкты

бузарын тез эле түшүнүштү. Ошондуктан, араздашуудан кан төгүүнүн көп болгондугуна карабастан, карапайым эл тез эле өздөрүн тарта алды.

**Азаттык:** – ***Ушул эле суроону улай кетсем, Сиз буга чейинки маектериңизде өзбек тектүү жарандар балдарын кыргызча окутууга, кыргызча тарбиялоого өздөрү демилге көтөрүп жатышат деп айттыңыз эле. Чын эле алар өздөрү каалап ушундай демилге көтөрүп жатышабы? Анткени бул Мелисбек Мырзакматовдун көз жазгырма иши деп айтылууда.***

**М.Мырзакматов:** – Ошол эле кара күчтөр дагы эле болсо эки элдин ортосуна устун катары жатып алып, эки жакка бөлүп, бул Мырзакматовдун көз карашы, бул Айзаданын көз карашы дегендей, дал келген бир көз караштарды да бөлүп жатпайбы. Бирок бүгүнкү күндө шаардык бийликке бир топ арыздар келип түшүүдө. Бир гана ушул Кыргызстандагы өзбектер гана өз эне тилинде жазып, сүйлөп жатышат. Албетте, окуу куралдары жок, жетишсиз. Ал эми ошол эле Өзбекстанда латын алфавитинде окушат. Эгерде бул жердеги бүтүрүүчү барып, Өзбекстанда окуюн десе, алардын альфавитин түшүнбөйт. Себеби эки башка формада окуп жатышат.

**Азаттык:** – ***Анда эмне үчүн коогалаң болгуча ошондой демилгелер болгон эмес?***

**М.Мырзакматов:** – Болуп келген. Бул маселе коогалаңдан кийин көбүрөөк көтөрүлүп жатат. Тилекке каршы, бул маселеде кооптонуу менен, кимдир бирөөнүн көз карашы болуп калбасын деп бийликке саясий эрктүүлүк жетишпей жатат. Бирок, бүгүнкү күндө кыргыз эли менен өзбек эли камыр-жумур болуп кыргызча окуп, кыргыз алфавитке өтүүгө идеологиялык жактан даяр.

**Азаттык:** – ***Айтсаңыз, Ош шаардык бийлик тепкичтеринде мисалы сот, прокуратура, милицияда өзбек тектүү***

***жарандар аз деген дооматтар көп айтылып келет. Учурда жергиликтүү бийликте, милиция кызматтарынын арасында өзбектер канчоо деп айта аласыз?***

**М.Мырзакматов:** – Жергиликтүү муниципалитетте ар кандай улуттун өкүлдөрүнөн бөлүм башчылар, менин орун басарларым бар. Ар кандай кызматтардын жетекчилери бар. Негизинен, Ошто буга чейин дагы эч качан улут бөлүнгөн эмес. Атайлап кесип, бөлүп жарып жатышпайбы. Маселен, ошондой аракеттер кээ бир эл аралык уюмдардын, кээ бир биздин саясатчылардын иш-аракеттеринен даана көрүнүп турат. Эми бул аракеттер атайлап жасалбаса да, көзгө көрүнбөсө да байкалып турат.

**Азаттык:** – ***Брюс Панердин 3 суроосу бар болчу. Ага кезек берсек.*** **Брюс Панер:** – ***Сиз өзбекстандын президенти Ислам Каримовдун айткандарын такай кайталап, аны досум деп дагы айтып жүрөсүз? Сиз аны менен акыркы жолу качан сүйлөштүңүз? Ушул эле суроого улай, сиз буга чейинки видеотасмада дагы аны кандайдыр бир деңгээлде жактагандай сүйлөдүңүз да. Канчалык деңгээлде аны жакындан билесиз?***

**М.Мырзакматов:** – Бул жактагандыкка жатпайт. Болгон окуялардан гана калыс тыянак чыгардым. Мисалы, ошол сепаратисттер дейбизби, үчүнчү күчтөр дейбизби, Ошто коогалаң башталганда Өзбекстанды провакацияга тартууга аракеттер жасалды: «Мына өзбектерди кыргыздар кууп жатат. Эми өзбекстан жардамга келет, эки мамлекеттин ортосунда согуш болот» дегенге чейин жетишти. Бирок ошол Ислам Абдуганиевич Каримовдун даанышман саясатынын негизинде чек аралар бекилип, провакациялык күчтөргө бөгөт коюлуп, Борбордук Азиядагы тынчтык сакталып калды. Бул – ачуу чындык. Биз аны моюнга алышыбыз керек.

**Азаттык:** – ***Акыркы жолу качан жолуккансыз деп сурап жатат. Так жооп берип койсоңуз?***

**М.Мырзакматов:** – *Жолуккан эмесмин ал кишиге.*

**Азаттык:** – ***Ошто кетип калган өзбек бизнесмендеринин ишканаларынын азыр ээлери кимдер? Анткени айрым ушак-айыңдарга караганда Мелис Мырзакматовдун адамдары алып койгон деген кептер бар?***

**М.Мырзакматов:** – Эмне себептен силер өзбек бизнесмендеринин кетип калгандыгын эле айтып жатасыңар. Билесиздерби, бул жерден канчалаган кыргыз бизнесмендер дагы көп кетишти. Бизнесте дагы улутуна карабайт, алар киреше табыштын жолун ойлошот. Ошондуктан, ал сөздөр өзүңүз айткандай ушак-айың жалган сөздөр. Мен көчө ушагын таштагыла дегим келет. Негизинен, кыргыз жарандары кетип калды. Эмне, алардын ишканаларын дагы Мырзакматов басып алдыбы, же аларды да Мырзакматов кетирдиби? Мен кечээ өкмөттүн жыйынында айттым, бүгүн да айтамын, бүгүнкү күндө күч органдары уурулук боюнча дагы иш козгошкон жок. Өрттөгөндөрдүн бирөөнү дагы тутуп камашкан жок. Ал эми Өкмөт тарабынан уурдалып, каракчылыктан жабыр таркандарга жардам берүү боюнча токтом чыгарып жатышат. Ошондуктан, бул сөздөрдү айтканда абайлап айтыш керек. Дагы бир жолу айтып коёюн, тергөө органдары, атайын кызматтар тарабынан атайлап өрт койгон бир да адамды же болбосо талап-тоногондорду тутуп камашкан жок. Бул эмнени билгизет. Демек, бул жерде ошол эле өрт ар кандай себептерден келип чыккандыгы, архитектуралык-пландоо иштеринин талаптарынын сакталбагандыгынан өрчүп кетти. Ошондуктан башкы дирекциянын куруп жаткан курулуштарына биздин кайчы пикирлерибиз бар. Анткени акча каражат сарпталып жатат. Биздин аларды жаңыдан курбайлыбы деген маселелерди көтөрүп жатканыбыз бекеринен эмес. Демек, бул жер-

де дагы айрым имиштер эки элдин таарынышына алып келүүдө. Ошондуктан мен массалык маалымат каражаттарына кайрылып кетер элем, Ош окуясы тууралуу, жалпы эле түштүктөгү коогалаң тууралуу маселелерди терең иликтеп, анығына жетип туруп, анан көтөрсөңүздөр жакшы болмок.

**Азаттык: –** ***Сиз коогаланда көп бизнесмендер кетип калды, ошол эле убакта соода-сатык мамилелери калыбына келип калды деп жатасыз, эмне алар кайтып келип жатышабы?***

**М.Мырзакматов:** – Эми соода-сатык дегенде кеңири түшүнүш керек. Майда-чүйдө товар менен жеке соода жүргүзгөндөр бар, өндүрүш тармагы бар, чоң, орто жана кичи бизнес деген бар. Менин айтайым дегеним, көчө соодасы кадимкидей жүрүп жатат. Чакан жана орто бизнес тармагынын көпчүлүгү азыр жабык. Биз Ош шаарынын мэриясы ошол өндүрүш ишканаларын жана чоң соода түйүндөрүнүн иштерин жандандыруу боюнча болгон аракетти жасап жатабыз.

**Азаттык: – Өзүңүз айтып кеттиңиз, азыр да эл арасында былтыркы окуялар кайталанышы мүмкүн деген бүдөмүк ой бар деп. Укук коргоо органдары да күчөтүлгөн режимде иштеп жатышыптыр. Чын эле азыр кооптонуута негиз барбы?**

**М.Мырзакматов:** – Ошол эле июнь окуяларынын алдында да укук коргоо органдары күчөтүлгөн тартипте иштешкен, бирок окуя болуп кетти. Андан кийинки бир топ мисалдарды келтирсек болот. Ошондуктан, менин көз карашым боюнча бул жерде элдин душманы ким экендигин элге таанытыш керек. Ошол провокатор ким экендигин, анын максаты, багыты кандай экендигин тааныткaнда гана биз жалпы коомчулуктун жардамы менен тынчтыкты сактап кала алабыз. Мына өзүңүздөр көрдүңүздөр, тополоң, коогалаң болсо эч кандай танка, эч кандай күч органы, эч кандай генерал сактап кала албайт экен.

**Азаттык:** – ***Сиздин өзүңүздө ошондой кооптонуу барбы?***

**М.Мырзакматов:** – Түштүктөгү кырдаал дайыма ушундай болуп келген. Кайсы жериң ооруса жаның ошол жерде деп айтылат. Бүгүнкү күндө Түштүк ооруп турат. Жаныбыз ошол жерде болуп жаткандыр. Эми Ош шаары көптөгөн бир терс көрүнүштөрдүн, терс агымдардын кесилишинде болууда, илгери Улуу Жибек жолунун кесилишинде болгон. Бүгүнкү күндө эл аралык терроризмдин, ошол эле экстремизмдин, наркожолдордун кесилиши болууда. Мен алардын баары дал ушул Ош аймагынан кесилишет деп эсептеймин. Ошондуктан, Ош шаарындагы абалга этияттык менен дайыма өзгөчө бир сергек мамиле жасап туруу зарыл. Биз эч качан өзүбүздү бош коё бербешибиз керек. Дайыма бардык нерсеге даяр туруп, жети өлчөп, бир кесип, андан кийин ишеничтүү кадам ташташыбыз керек.

**Азаттык:** – ***Күч түзүмдөрү азыр абалды күчтүү кайтарып жатышыптыр, бул көрүнүш элге ишеним алып келеби, же кайра кооптондурабы? Анткени катуу кайтарыла баштады, коогалаң чыгып кетеби деген кооптонуулар болушу мүмкүн да.***

**М.Мырзакматов:** – Андай иш-чаралар алдын-ала даярдалып, калктын арасында идеологиялык түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, андан кийин иш жүзүнө ашырылат. Ошол эле күчөтүлгөн режим болобу, окуулар болобу, биз алдын-ала жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу элге жеткирип, аларды даярдап: – Коркпогула биз ушундай машыгууларды, даярдыктарды өткөрүп жатабыз, – деп, андан кийин гана ал иш-чаралар өткөрүлөт.

**Азаттык:** – ***Акыркы суроом. Ош бийлиги улуттук биримдиктин долбоорун сунуштап жатат да. Анан айтсаңыз, биримдик болгондо, аны кандай элестетүү керек?***

**М.Мырзакматов:** – Биз улуттар аралык мамилени чыңдоо, ынтымактык, биримдик жөнүндө идеяларды көтөрүп жатабыз. Ош шаарында патриоттук ырлардын мыкты аткаруучулары-

нын конкурсун, Ош шаарынын гимнин, желегин алмаштыруу боюнча конкурстарды жарыяладык. Маселен, мен «Ош биздики» десем тескери түшүнүп жатышат. Кайсы бир күчтөр Мырзакматовду элге каршы коюп, бандит, наркобарон көрсөткүсү келип жатат. Билесизби, качан гана эл бирдиктүү болгондо гана бир идеянын аркасынан, ошол идеяны көтөргөн адамдын аркасынан ээрчийт. Аны көрө албагандар ким дебесин, ага эл ишенбей калат. Кыргызстандагы ар бир жаран Кыргызстанды өз үйүндөй көрүп калган мезгилде гана биз тынчтыкты түбөлүк сактап, өнүктүрүп кете алабыз.

**Азаттык:** – ***Кайсы бир күчтөр деп эки-үч жолу кайталап айтып калдыңыз. Буга чейинки берген маегиңизде дагы эки элдин ортосундагы ажырымды пайда кылуучу күчтөр бар деп айткансыз. Мисалы, үчүнчү, экинчи күчтөр деп. Алар кимдер, алар мурунку бийликпи?***

**М.Мырзакматов:** – Мисалы, Кадыржан Батыров, Иномжан Абдурасулов, Карамат Абдуллаева. Алардын интервьюларын угуп жатасыздар. Ошондой эле кара күчтөр деп убагында табакташ болушкан Убактылуу Өкмөттүн кээ бир мүчөлөрүн айтсак болот. Алар Кыргызстандагы тынчтыкка кызыкдар эместигин, кандын төгүлүшүнө кандайдыр бир деңгээлде себепкер экендиктерин көрсөтүп коюшту. Бул Мелис Мырзакматовдун сөзү эмес, ошол жогоруда айтылган К.Абдуллаева, И.Абдурасулов, К.Батыров сыяктуулардын интервьюсунда берилип жатпайбы. Андан сырткы күчтөр дагы болушу мүмкүн.

**Азаттык:** – ***Сырткы күчтөр деп кимди айта аласыз?***

**М.Мырзакматов:** – Мага ушул суроону көп беришет. Алардын бири чет элдик журналисттер. Бул сөз көп айтылат, эч ким чечпейт. Эмне үчүн бүгүнкү күнгө чейин чечмеленбейт? Мисалы, Нью-Йорктогу башняны ким жарды? Сырткы күчтөр жасады, самолет сүздү, андай болду-мындай болду деп айтылат. Ошонун сыңарындай эле Борбордук Азияда, анын ичинде Ошто тынчтыктын болушун каалабаган күчтөр болушу мүмкүн.

## «ТҮБӨЛҮК ТУР ОРДОЛУУ ОШУМ!»

### (Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун «Ош шаарынын күнүнө» карата сүйлөгөн куттуктоо сөзү, 2010-жылдын 5-октябры)

**Касиеттүү Ош шаарынын кадырман калкы!**

Бүгүн ажайып Ала-Тоо жергесинде өзгөчө майрам. Орто Азия аймагынын эң байыркы шаарларынын бири болгон ордолуу Ошубуз 3010 жылдык байманалуу тарыхын белгилеп отурат. ***Баарыңыздарды мына ушул маанилүү майрам менен чын жүрөгүмдөн куттуктайм!***

Үч миң жылдык бай тарыхы бар касиеттүү Ош шаарыбыз өз башынан жүрөк толкуткан кубанычтуу да, көңүл чөгөргөн кайгылуу да катаал күндөрдү өткөрүп келгени белгилүү. Бирок акыркы жыйырма жыл ичинде эки ирет болуп өткөн кандуу калабалар баарыбыздын башыбызга түшкөн оор кайгы болду. Айрыкча быйыл июнь айындагы коогалаңдуу окуялар жүздөгөн жарандарыбыздын өмүрүн кыйып кеткени белгилүү. Көптөгөн мекендештерибиз жакындарынан айрылды, үй мүлкүнөн ажырады. Мен учурдан пайдаланып жакын туугандарынан айрылган бардык тургундарыбызга терең кайгыруу менен көңүл айтам. Ылайым шейит кеткен мекендештерибиздин топурагы торко, жаткан жери жайлуу болсун! Мындан ары жергебизде тынчтык болуп, Жараткандан суранарыбыз мындай оор апаатты ордолуу Оштун башына экинчи салбасын!

Мен мурда бир канча ирет белгилегендей, Ош шаары Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн түркүгү экени дал ушул жаңжалда ачык көрүндү. Июнда сепаратисттик маанайдагы кээ бир саясый авантюристтер мамлекетибиздин бүтүндүгүнө, улуттук тилибизге, ыйык маданиятыбызга жана кол тийгис чек арабызга чоң коркунуч туудурганы сиздерге жакшы белгилүү. Бирок бул кандуу жаңжалдын чыгышына ордолуу Ошту өз үй, өлөң төшөгүндөй көргөн оштуктардын эч тиешеси жок. Кандуу калабаны бейиштин төрүндөй биздин ажайып Ата Журтубузга көз арткан саясый популисттер, бийлик талашкан авантюристтер жана сырткы кара күчтөрдүн жетегинде калган журтбузарлар башташты. Кыргызстандын тагдыры кыйын кезеңге кабылганда, ордолуу Ош шаарыбыздын эли байыркы көсөмдүгүн дагы бир ирет көргөзүп, элибиздин эгемендигин жана мамлекетибиздин бүтүндүгүн сактап калды. **Акылман калкыбыз колу канга боёлгон сепаратисттерге өзүнүн татыктуу жообун берди, аларды саясый аренадан гана эмес, өлкөбүздөн да кууп чыгарды.**

Биз улут аралык араздашууга алып келген кандуу калабадан туура жыйынтык чыгарганыбыз оң. Эң оболу, байыркы шаарды мекендеген элибиз «өткөн ишке салабат» деп, келечекке ишенимдүү кадам шилтегени оң. Коңшу коңшуга, аркы көчөдө жашагандар берки көчөдөгүлөргө кек сактабашы керек. Ансыз биз ордолуу Ошто түбөлүк тынчтык орното албайбыз.

Мен Ош шаарынын жетекчиси катары кандуу окуяны териштирген мамлекеттик комиссия кылмыштардын катардагы аткаруучуларын гана эмес, анын чыныгы уюштуруучуларын жана өлкө ичиндеги колдоочуларын да так аныктайт деп ишенем. **Өз элинен, өз жеринен качып, бозгунда безип жүргөн ошол сепаратисттер, алардын парда артындагы демөөрчүлөрү сөзсүз түрдө мыйзам алдында жазаланышы керек.** Алардын жасаган кылмышын ордолуу Оштун эли эч качан кечирбейт! Анткени алар сүйүктүү шаарыбызга бүлүк салды, оштуктардын бейпил жашоо-

сун бузду, бир топ тарыхый имараттарды уратты жана улуттар аралык ынтымак-ырашкерликти бузууга чоң аракет жасашты.

***Кадырлуу калкым!***

Ошол оопаттуу мезгилде Ош шаарындагы кандуу калабаны токтотуу, коомдук-саясый абалды стабилдештирүү жана улуттар аралык ынтымакты бекемдөө багытындагы биздин иш-аракетти колдоп, жакындан жардам берген бардык патриот жарандарга терең ыраазычылык билдирем. **Аны менен катар Ош шаарын сактоо боюнча менин атуулдук позициямды бекем колдоп бергениңиздер үчүн сиздерге, жалпы журтубузга терең ыраазымын.** Байыркы бабаларыбыз: «Чептен эрдин күчү бек» – деп айткандай, эчендеген эр азамат уул-кыздарыбыздын ополтоодой аракети аркасында ордолуу Ош калаабызда тынчтык орноду. Эми биз шаарыбыздагы тынчтыкты, улуттар аралык ынтымак-ырашкерликти жана мамлекетибиздин бүтүндүгүн көздүн карегиндей сактоого милдеттүүбүз! Андыктан ордолуу Ош шаарынын күнүнө арналган бүгүнкү салтанат элибизди ынтымакка чакырган улуу иш чарага айланышын каалайт элем.

Мамлекетибиздин алдында калаабызды кайра калыбына келтирүү, ураган үйлөрдү жаңыдан тургузуу жана жабыркаган маданий-социалдык объектилерди оңдоо милдети турат. Бул мамлекеттик масштабдагы ири иш чара болуп саналат. Андыктан шаар башчысы катары мен бул иштин ийгиликтүү ишке ашышына тилектешмин.

***Урматтуу оштук агайын-туугандар!***

Мен Ош шаарынын мэри катары жумушка келген алгачкы күндөн тартып шаардын, жарандардын келечеги үчүн ак кызмат өтөөгө бекем белсенип, бүт күч аракетимди, алган билим, эмгек тажрыйбамды сүйүктүү шаарыбызды өнүктүрүүгө жумшап келе жатканыма терең сыймыктанам. Шаардагы интеллигенциянын, окумуштуулардын, адистердин, жалпы элдин ой-пикирлерин эске алуу менен, көптөгөн жылдар бою чечилбей

келген шаардын башкы планын иштеп чыгууга кириштик. Анын каражат маселеси чечилди. Ал планга ыйык Сулайман тоону, Ак-Буура дарыясынын корук зоналарын сактоо, «Кыргыз көчү» аталган шаарыбыздын Чыгыш дарбазасынын курулушун куруу, Барсбек баатырдын эстелигин орнотуу, борбордук көчөлөрдөгү транспорттук агымдарды жеңилдетүү максатында Ак-Буура дарыясы аркылуу эстакадалык көпүрөнү, жаңы жолдорду куруу сыяктуу иш чаралар киргизилген. Бул багытта атайын демилге көтөрүп, Ош шаарынын 2010 – 2025-жылдарга чейинки өнүгүү концепциясын иштеп чыктык.

Өткөн мезгилде бир топ курулуштарды курууга жетиштик. Атап айтсам, ыйык Сулайман тоонун алдындагы түстүү фонтандын курулушу, Масалиев проспектисиндеги «Каныкейдин» монументин реконструкциялоо жана айланасын көрктөндүрүү, Зайнабидинов, Кара-Суу көчөлөрүн тазалап, тартипке келтирүү, Алимжанов атындагы көчөнү куруп, Заднепровский, Өскөналиев атындагы көчөлөрдү капиталдык оңдоодон өткөрүү сыяктуу бир топ жумуштар аткарылды. Учурда узундугу 3 километрге барабар болгон «Набережный» көчөсүнүн курулушу аяктоо алдында турат.

Калкты таза суу менен камсыз кылуу максатында суу резервуарларын куруп, суу тундуруп берүүчү дренаждын курулуштары бүтөөр алдында турат. Ош облустук мамлекеттик администрациясы жайгашкан имараттын оң канаты капиталдык ремонттон өткөрүлүп, Ош шаарынын мэриясы жана депутаттардын Ош шаардык кеңеши жаңы конушка көчүрүлдү.

Былтыр ыйык Сулайман тоо ЮНЕСКОнун «Бүткүл дүйнөлүк табигый жана маданий мурастардын тизмесине» киргендиги жалпыңыздарга белгилүү. Ошондуктан, ыйык тообузду көздүн карегиндей, Ак-Буурабызды айдын жарыгындай сактоого милдеттүүбүз.

Бул аткарылган жумуштар алгачкы гана кадамдар. Буюрса мындан ары да Сиздердин колдооңуздар менен, урматтуу ме-

кендештер, сүйүктүү шаарыбызды өнүктүрүү багытындагы иштерибизди турмушка ашыра бермекчимин.

***Кадырлуу мекендештер!***

Беш күндөн кийин Кыргызстанда парламенттик шайлоо болот. Мен Ош шаарынын мэри катары мамлекеттик административдик рычагдын иштешине эч качан жол бербейм. Кайсы бир партияга «өзгөчө шарт» түзүп берген мамлекеттик кызматкерлерди катуу жазалайбыз. Анткени өлкө биримдигин таза шайлоодо утуп чыккан саясый партиялар гана сактап каларынан үмүтүбүз зор. Таза таймашта жеңишке жеткен саясый күчтөр гана расмий өкмөт курап, мамлекетти башкарышы керек. Элибиз мындан ары көз будамайлап, шайлоочулардын эркин басынтып бийликке келген узурпаторго чыдабайт. Ошол үчүн таза шайлоо болорунан чоң үмүтүбүз бар.

***Урматтуу туугандар!***

Дагы бир жолу майрамыңыздар менен куттуктайм! Сиздерге бекем ден соолук, бакубат турмуш, ишиңиздерге ийгилик каалайм. Сиздер турганда, урматтуу оштуктар, ордолуу Ошубуз ар дайым Кыргыз мамлекетинин түбөлүк түркүгү болуп кала бермекчи. Мен өмүрүмдүн аягына чейин касиеттүү Ош шаарым үчүн каруумду казык, билегимди токмок кылып кызмат кылууга даярмын!

Бүт өмүрүм сага арналат, Ош шаарым!

Түбөлүк тур, ордолуу Ошум!

## «Кыргыз мамлекетин бөлүп-жарып, элибизди чөгөлөтүүнү каалаган саясый экстремисттердин арам аракети ишке ашкан жок»

(Ош шаарынын мэри
Мелисбек Мырзакматовдун Ош калкын
2011 - Жаңы жылы менен куттуктоосу)

**Урматтуу ордолуу Ош шаарынын кадырман калкы!**
**Ардактуу агайын туугандар!**

2010-Жолборс жылынын аякташына саналуу гана мүнөттөр калды. Бейпил турмуштан үмүт арттырган жаңы 2011-жыл кирип келе жатат.

Мына ушундай жыл тогошкон мезгилде өткөн жылдын ийгилиги менен кемчилигин дагы бир ирет көз алдыбыздан кечирип, келечек тагдырыбыз үчүн жаркын жашоо тилешибиз эзелтен калган салт экен.

Атына заты төп келип, жолборстой күркүрөгөн быйылкы жыл айкөл Манас атабыз түндүгүн көтөрүп, түркүгүн тургузган кыргыз журтуна жүрөк сүйүнткөн ийгиликтер менен кошо көңүл чөгөргөн кайгылуу окуяларды да алып келди жана биз үчүн чоң сыноо болду.

Өзгөчө быйыл июнда ордолуу Ош шаарында болуп өткөн улуттар аралык араздашуу кан төгүүлөр менен коштолгону баарыбыздын сай-сөөгүбүздү сыздатты. Көптөгөн оштуктар кара

кийип, жер чапчып мөгдөп калды. Жүрөктө так калтырган бул окуя өзүбүздүн арабызда жүрүп, мамлекеттин байлыгынан, бийлигинен каалашынча пайдаланып, ар кандай мыйзам бузуу жолдор менен топтогон байлыгына чиренип, көзүн май басып калган, өздөрүн жогорку деңгээлдеги саясатчымын деп маашыркаган, сырткы көралбастардын жетегинде калган журт бузар улутчул сепаратисттердин туура эмес жүргүзгөн иш-аракеттеринен болду жана аларды эч качан тарых кечирбейт.

Кыргызстандын тагдыры кыйын кезеңге кабылган оор кырдаалда ордолуу Ош шаарыбыздын эли байыркы көсөмдүгүн дагы бир жолу көрсөтүп, элибиздин эгемендигин жана бүтүндүгүн сактап калдык.

Кыргыз мамлекетин бөлүп-жарып, элибизди чөгөлөтөбүз деген саясый экстремисттердин арам аракети ишке ашкан жок. Ордолуу Ош шаарынын көп улуттуу калкы улутчул-сепаратисттерге тиешелүү жообун татыктуу берди. Азыр кандуу окуялардын уюштуруучулары эл безерлери болуп, өз элинен качып жүрүшөт.

Мен Жаңы жыл алдында жакындарынан айрылган оштук агайын-тууганларымды дагы бир жолу кайрат кылууга чакырамын. Белди бекем бууп, өткөн ишке салабат деп, Жаңы жылда жаңы турмушка багыт алганыбыз оң. Эски таарынычтар, ич ара араздашуулар эски жыл менен кошо кетсин!

Учурда шаардык бийлик кандуу капсалаңдын кесепеттеринен тез арада арылуу үчүн колдон келгендин баарын жасоодобуз. Биз бир да жараныбызды тагдырдын жана табияттын катаал сыноосуна кароосуз калтырбайбыз.

Урматтуу мекендештер, быйылкы жылда өлкөбүздүн саясый турмушунда бир топ окуялар болуп өттү. Атап айтканда, референдумдун натыйжасында мамлекеттик жана коомдук түзүлүштө ири өзгөрүштөр жүрүүдө. 10-октябрдагы парламенттик шайлоодо беш саясый партия жеңишке жетишип, өкмөттүн курамы түзүлдү. Жаңы өкмөттүн алдында эбегейсиз чоң жооп-

керчилик турат жана алар мамлекеттин кызыкчылыгын жеке кызыкчылыктан жогору коюп, эл үчүн иштеп берүүгө тийиш.

Жаңы жылда шаар башчысы катары калаадагы бардык прогрессивдүү күчтөрдү ордолуу Ошту өнүктүрүүгө, анын потенциалын арттырууга биргеликте аракет кылууга чакырам.

Кыргызстандын «Түштүк борборунун» экономикасын жогорулатуу, анын өндүрүшүн көтөрүү жана оштуктардын коопсуздугун камсыздоо шаар бийлигинин башкы максаты. Дал ушул коопсуздук маселесинен улам, быйылкы Жаңы жылды ашыкча шаан-шөкөтсүз тосуп алуу чечимин кабыл алдык. Коомубуздун коопсуздугун сактоо максатында кабыл алынган бул иш-чараларды сиздер туура кабыл аласыздар деп терең ишенемин.

Кадырман мекендештерим, кутман калкым!

2011-жыл – коен жылы, токчулуктун, молчулуктун, ийгиликтердин жылы болсун!

Жаңы жылда кыргыз элинин түндүгү түрүлүп, кырманы данга, өрүшү малга толуп, бейпилдик өкүм сүрүп, элибиздин асыл ой-максаттарга умтулган тарыхтагы сапары байсалдуу болсун!

Кыргызстандын желеги сыймыктуу желбиреп, дүйнөлүк мейкиндикте ийгилигибиз мол болсун!

Жаңы жыл элибизге жаңы жакшылыктарды алып келсин!

Баарыңыздардын үйүңүздөрдө бейпилдик, тынчтык өкүм сүрүп, иштериңиздерде албан ийгиликтер жаралсын!

Сиздерге бекем ден-соолук, үй-бүлөлүк бакыт-таалай каалайм.

Жаңы жылыңыздар менен!

## «Кудайдын буйругу экен, ушундай чечүүчү мезгилде сепаратисттер менен күрөшүү менин бешенеме жазылыптыр»

(Ош шаарынын мэри Мелисбек Мырзакматовдун июнь коогаланын иликтеген депутаттык комиссиянын корутундусун талкууга алган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйынында сүйлөгөн сөзү. 2011-жыл, 2-июнь)

**Урматтуу төрага!**

**Урматтуу депутаттар!**

Мага ушул бийик трибунадан сөз сүйлөгөнгө мүмкүнчүлүк бергениңиздер үчүн сиздерге терең ыраазычылык билдирем.

Июнь коогалаңы боюнча 4-5 комиссия өзүнүн ишин жүргүздү. Бирок ошол комиссиялардын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү окуяны жеринен көрбөй-билбей туруп, бир жактуу тыянак чыгарып жаткандыгына күбө болдуңуздар. Ошондуктан, мурдагы сүйлөгөн депутаттар туура айтты, менин айланамда ар кандай табышмактуу суроолор пайда болуп жатат. Жергиликтүү бийликтин ишмердүүлүгүнө кандайдыр бир күмөн саноолор болуп жатат. Ошондуктан, урматтуу төрага, менде дагы видеотасма бар эле. Биринчи ошол тасманы көрүп, андан кийин сиздердин суроолоруңуздарга жооп берсем.

Урматтуу депутаттар, сиздер ар кандай булактардан топтолгон фильмдерди, тасмаларды көрүп жатасыздар. Мен су-

нуштаган тасма - документалдуу тасма. Сиздерден сураныч, ушуну көрсөңүздөр. Дүйнөлүк коомчулукка дагы «жергиликтүү бийлик иштебеди, же аракет жасаган жок» деген ушак-айың кептер тарап кетти. Ошондой бүдөмүк ойлорго чекит коюу үчүн тасманы коюуга уруксат берсеңиздер. Анда Ош шаарынын мэриясынын июнь коогалаңына чейинки жасаган иштери так чагылдырылган.

Урматтуу депуттар, кээ бирөөлөрдө облустук, шаардык бийлик кол куушуруп отурган деген ой пайда болуп жаткандыр. Биз 7-апрелден баштап шаардын, аймактын тынчтыгы үчүн болгон кадамыбызды, күч-аракетибизди жумшап, стабилдүүлүктү 7-апрелден 10-июнга чейин кармап кала алдык. Бул жерде облустун губернатору Сооронбай Жээнбеков дагы отурат, ал киши аны тастыктай алат. «Ош шаарынын мэри менен Ош облусунун губернатору жөн эле отурган» деп кээ бир жылуу кабинеттен чыкпаган жетекчилер ойлоп жатат. Мына бул видеотасмалар биздин иш аракетке күбө.

Ошол убакта кырдаал абдан курчуп, биз барган аймактарга эч ким бара албайт болчу. Мына көрдүңүздөр, ачык провокацияга үндөгөн чакырыктар болуп жатты. Болгон аракетибизди жасап, колубуздан келишинче түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, абалды кармап турдук.

Урматтуу депутаттар, «Бакиев качкандан кийин олку-солку болуп жатып, кийин Мырзакматов коркконунан ушул бийликке моюн сунуп калды» деген менин дарегиме ар түрдүү пикирлер айтылып кетти. Мына сиздерге таркатылып берилген документтер турат. Кээ бир бийликтерден айрымаланып, Мырзакматов 7-апрелде бул жерде төңкөрүш болсо, 8-апрелде кырдаалды турукташтыруу, улут аралык мамилени жөнгө салуу боюнча биринчи буйругун чыгарып отурат. Тиркеме Сиздердин колуңуздарда, карасаңыздар болот.

Кудайдын буйругу экен, кудайдын сыноосу экен, ушундай кыйын кырдаалда, ушундай чечүүчү мезгилде биз жетекчи-

ликке келип калган экенбиз. Кайсыл гана жаран болбосун, кайсыл гана жетекчи болбосун, Кыргыз мамлекетинин бөлүнүп кетишин, ал жердеги жарандарынын канынын төгүлүшүн каалабайт. Мен азыр төраганын уруксаты менен июнь коогалаңынын алдын алуу, кийин ошол чыгып кеткен тополоңдун кесептерин жоюу боюнча Ош шаарынын мэриясынын аткарган бардык иш-аракетин документтештирип, сиздердин колуңуздарга таркатып бердим.

Урматтуу депутаттар, мындай Ош шаарынын мэриясы кабыл алгандай документ чанда гана мекемеде кездешет. Биз конкреттүү чараларды көрүп, конкреттүү кадамдарга бардык. Тилекке каршы, мен Ош шаарынын мэри катары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун гана башчысы экенмин. Колубуздан келгенче түшүндүрүү, уюштуруу иштерин жүргүздүк. Документтер таркатылып берилген. Ошол документтерди анализдеп көргүлө. Ош шаарынын мэринин иш аракетинен күмөн санагандар болсо, мен үчүн ыңгайсыз суроолор болсо да жооп берүүгө даярмын.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат.

# ДИНИЙ РАДИКАЛИЗМГЕ КАРШЫ КҮРӨШ

## Ош шаарынын укук коргоо органдарынын Координациялык кеңешмесинин ПРОТОКОЛУ

Ош шаары 14-декабрь, 2010-ж.

Ош шаарынын укук коргоо органдарынын Координациялык кеңешмесинин отурумуна кеңешменин төрагасы - шаардын мэри М.Ж.Мырзакматов төрагалык кылды.

**Күн тартиби:**

**Диний экстремизмдин, терроризимдин таралышын жана улутчул сепаратизмди алдын алуунун чаралары жөнүндө.**

Баяндамачылар: Улуттук коопсуздук кызматынын Ош облусттук жана Ош шаары боюнча башкармалыгынын төрагасынын орун басары А. Дунаев, Ош шаардык Ички иштер башкармалыгынын башчысы П.Асанов, Ош шаарынын казысы Ш. Маматов, Ош шаарынын прокурору Л.Жумабаев.

М.Мырзакматов:

*«Урматтуу жыйындын катышуучулары, каралып жаткан маселе орчундуу. Акыркы күндөрү шаардын аймагында коомдук-саясый жана диний кырдаал өтө курчуп баратат. Кур-*

*ман айт күнүнөн кийин диний экстремизимге байланышкан терс көрүнүштөр байкалууда. Элдин ичинде ар кандай ушак айың сөздөрдүн таралышына шаардын көпчүлүк имамдарынын аракетсиздиги себеп болууда. Алар шаардын ичине кирип келип, тымызын орун алган террористтик уюмдардын өкүлдөрүнүн жасап жаткан активтүү ишмердүүлүгүнө өздөрүнүн «жок» деген жообун бере албай жатат. Шаардын тургундарынын 90 % шаардык казыят, улуттук коопсуздук жана башка тийиштүү органдар эмне үчүн каргашалуу июнь окуяларынан кийин ар бир адамдын, коопсуз жашоого болгон укугун коргобой, тескерисинче, шаарда күн сайын десе болот, ар кандай террористтик жана эсктремисттик кылмыштарга байланышкан окуяларга жол берип жатышат деген жүйөлүү наараазычылыктарын айтышууда. Мен бул жөнүндө кечээ эле 2010-жылдын 13-декабрында өзбек улутундагы шаар тургундарынын жүздөгөн өкүлдөрү менен кеңейтилген форматта өткөрүлгөн жыйынында да айттым. Өзбек туугандар толугу менен мени түшүнүү менен колдоп жатат. Ушундай кырдаалда мен ойлоймун, дин кызматкерлерине ролу чоң. Бул багытта шаардын казысы Ш. Маматов керектүү иштерди алып барбай, тескерисинче, тигиндей же мындай болот экен дегендердин арасында өзү жүрөт. Турсунай Бабажановна, тез арада Кыргызстандын Муфтийинин атына биз казыга ишеним көрсөтпөгөндүгүбүз жөнүндө сунуш даярдаңыздар, токтомго да ушул пикирибизди кошуңуздар.*

*Негизинен алганда, Ош шаарындагы көпчүлүк мечиттердин имамдарынын түшүнүктөрү тайкы. Ар кандай ушак сөздөрдүн эл арасында таралышына көмөктөшүп жаткан имамдардын ишмердигине иликтөө жүргүзүп, 2010-жылдын 25-декабрында тийиштүү чара көрүү жагы сунушталсын.*

*Ош шаардык ички иштер башкармалыгы жана Улуттук коопсуздук кызматынын Ош облусттук жана Ош шаары бо-*

*юнча башкармалыгынын иштеринде жакшы жыйынтык болбой жатат. Биз сиздерге колдоо гана көрсөтүп жатабыз, эл үчүн кызмат кылалы.*

*Сиздерге таратылып берилген чечимдин долбоору менен тааныштыңыздарбы? Кимде кандай сунуш бар? Жокпу, анда айтылган сын-сунуштар менен негизинен токтомду кабыл алалык, добуш бериңиздер. Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

*Ушуну менен күн тартибиндеги маселе каралып бүттү, Координациялык кеңешмени жабык деп жарыялаймын».*

***Координациялык кеңешменин жооптуу катчысы Т.Айтматова***

# ОШ ШААРЫНЫН УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШМЕСИНИН ТОКТОМУ

Ош шаары, 2010-жылдын 14-декабры

Диний экстремизмдин, терроризимдин таралышын жана улутчул сепаратизмдин күчөшүн алдын алуунун чаралары жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Улуттук Коопсуздук кызматынын Ош областы жана Ош шаары боюнча башкармасынын жетекчисинин орун басары А. Дунаевдин, Ош шаардык ички иштер башкармасынын начальниги П. Асановдун, Ош шаарынын казысы Ш. Маматовдун жана башкалардын маалыматтарын угуп чыгып, Ош шаарынын укук коргоо органдарынын Координациялык кеңешмеси төмөндөгүлөрдү белгилейт.

Акыркы күндөрү шаардын аймагында коомдук - саясый жана диний кырдаал өтө курчуп кетип, Курман айт күнүнөн кийин диний экстремизимге байланышкан терс көрүнүштөр жанданууда. Элдин ичинде ар кандай ушак-айың сөздөрдүн таралышына шаардын көпчүлүк имамдары түздөн-түз себепчи болуп жатат. Алар шаардын ичине кирип келип, тымызын иш жүргүзгөн террористтик уюмдардын өкүлдөрүнүн жасап жаткан активдүү ишмердүлүүгүнө өздөрүнүн аракетсиздиги менен көмөк көрсөтүп жатышкандыгы анык болуп турат. Шаардын тургундарынын 90% мындай ушактардан чоочулап, шаардык

казыят, улуттук коопсуздук жана башка тийишүү органдар эмне иш менен алектенишет, каргашалуу июнь окуяларынан кийин алар эмне үчүн ар бир адамдын тынч, коопсуз жашоосуна болгон укугун коргобой, тескерисинче, ар кандай террористтик жана эсктремисттик кылмыштарга байланышкан окуяларга жол берип жатышат» деген жүйөлүү наразычылыктарын айтышууда. Бул жөнүндө 2010-жылдын 13-декабрында Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов өзбек улутундагы шаар тургундарынын жүздөгөн өкүлдөрү менен кеңейтилген форматта өткөрүлгөн жыйында да кеңири токтолду.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Улуттук Коопсуздук кызматынын Ош областы жана Ош шаары боюнча башкармасынын ишмердүүлүгү да толук кандуу иштебей жаткандыгын турмуш айгинелеп жатат. Бул орган ички иштер, билим берүү башкармалыктары жана башка тийиштүү мамлекеттик, муниципалдык структуралар менен, ошондой эле дин уюмдары менен биргеликте диний экстремизмдин жана терроризимди таралышынын алдын алуунун чараларын жүргүзбөй жатышкандыгын өтө тынчсыздануу менен белгилөө зарыл.

**Жогоркулардын негизинде Ош шаарынын укук коргоо органдарынын координациялык Кеңешмеси ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Улуттук Коопсуздук Кызматынын Ош области жана Ош шаары боюнча башкармасынын жетекчисинин орун басары А. Дунаевдин, Ош шаардык ички иштер башкармасынын башчысы П. Асановдун маалыматтары эске алынсын. Ош шаарынын казысы Ш. Маматовдун маалыматы жана ишмердүүлүгү канааттандырарлык эмес деп белгиленсин.

2. Ош шаарынын прокуроруна (Л. Жумабаев) ушул Кеңешмеде кырдаалды турукташтыруу, калктар аралык ынтымакты сактоо жана чыңдоо жана конфликттерге, карама-каршылыктарга жол бербөө максатында айтылган сунуштар боюнча бардык мамлекеттик муниципалдык органдардын, укук коргоо, фискалдык жана күч структуралардын, алардын ичинде өзгөчө милиция жана МАИ кызматчыларынын Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 10-августундагы №1 «Министрликтердин административдик ведомстволордун, областтык райондук мамлекеттик администрациялардын, шаар мэриясынын күчөтүлгөн режимде иштөөсү жөнүндө» Директивасын аткаруу боюнча эл менен иштөөдө мыйзамдулуктуу, укуктук жана моралдык маданияттуулугун бекем сактоо боюнча көзөмөлдү такай жүргүзүү тапшырылсын.

3. Ош шаарынын Ички иштер башкармасынын башчысына (П.Асанов) аймактык Кеңештердин төрагалары менен шаар аймагында паспорттук-визалык режимин текшерүү иштерин өткөрүп, ар бир жарандын туруктуу жашап жаткандыгы жөнүндөгү каттоосун кылдаттык менен кароону 2010-жылдын 20-декабрына чейин камсыз кылуу жагы тапшырылсын.

4. Ош шаарынын мэриясынын алдындагы дин иштери боюнча координациялык Кеңешине (Т.Н. Сабиров), КР Улуттук Коопсуздук Кызматынын Ош областы жана Ош шаары боюнча башкармасы (А.Дунаев), Ош шаардык Ички иштер, Билим берүү, Адилет башкармалыктары (П.Асанов, А. Балтабаев, Р. Мусаев) аймактык Кеңештердин жетекчилери жана жергиликтүү маалымат каражаттары менен биргеликте мындан ары калктын арасында даректүү түшүндүрүү иштерин колго такай алууну, айрыкча диний-экстремисттик агымдардын жана террористтик жана башка терс көрүнүштөрдү алдын алууга,

улутчул сепаратисттердин ишмердүүлүгүнө бөгөт коюуга багытталган атайын эл менен жолугушууларды, газета жана радио, телевидиние аркылуу түшүндүрүү иштерин уюштуруу тапшырылсын жана аткарылган иштер боюнча ар экинчи айдын 20сына карата маалымат берип туруу жагы тапшырылсын.

5. Шаардык казыяттын жетекчиси Ш.Маматов ээлеген кызматына мындан ары татыксыз экендиги жөнүндө Кыргыз Республикасынын Муфтиятына тийиштүү сунушту 2010-жылдын 15-декабрына чейин даярдоо Ош шаарынын 1-вице-мэри, Ош шаарынын мэриясынын алдындагы дин иштери боюнча координациялык Кеңешине (Т. Сабировго) тапшырылсын.

6. Ош шаарынын казыятынын жаңыдан дайындалган жетекчисине бардык мечиттердин имамдарынын тайкы түшүнүктөрүн, ар кандай ушак сөздөр эл арасында таркатылуусуна көмөктөшүп жаткандыктарына байланышту иликтөө жүргүзүп, 2010-жылдын 25-декабрында тийиштүү чара көрүү жагы сунушталсын.

*Ош шаарынын укук коргоо органдарынын*
*координациялык Кеңешинин төрагасы,*
*Ош шаарынын мэри М.Мырзакматов*

# Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун ишмердигине коомчулуктун берген баасы

# ЛИДЕР, В КОТОРОГО ПОВЕРИЛИ МЫ!

## Заявление национально-культурных центров и объединений Ошского отделения Ассамблеи народа Кыргызстана (3 ноября 2011 года)

Национально-культурные центры и объединения Ошского отделения Ассамблеи народа Кыргызстана заявляют о крайней озабоченности в связи с тем, что после трагических событий, произошедших на юге страны, отдельные зарубежные, местные печатные и интернет-издания занялись целенаправленным распространением лживой и необоснованной информации в отношении мэра города Ош Мелисбека Мырзакматова, порочащую его честь, достоинство и деловую репутацию.

Хуже того, данные СМИ прикрываются именем представителей различных национальностей, проживающих в городе Ош.

Мы, представители национальных культурных центров и объединений города Ош, категорически не согласны с содержанием статей и информаций, публикуемых этими СМИ, так как были свидетелями и непосредственными участниками большой работы по предотвращению и недопущению конфликтов, проводимой Мелисбеком Мырзакматовым.

Во время трагических событий М. Мырзакматов показал себя волевым руководителем, решительные действия которого были направлены на локализацию конфликта, стабилизацию ситуации и примирению сторон. Под его руководством была организована своевременная эвакуация граждан, обеспечение

продовольствием население города и питанием вынужденных переселенцев, медикаментами учреждений здравоохранения.

Особо необходимо отметить действия Мелисбека Мырзакматова в работе по ликвидации последствий конфликта, в ходе которой в кратчайшие сроки была восстановлена работа всех служб, обеспечивающих жизнедеятельность города. Организована четкая работа по приему и равномерному распределению получаемой гуманитарной помощи. Проведена большая работа по возвращению вынужденных переселенцев на места их постоянного проживания.

Время показало, жители региона объективно оценили происшедшие события и понимают, что зачинщиками массовых беспорядков являются не местные власти, а отдельные амбициозные, сепаратистски настроенные лидеры, которые уже находятся в международном розыске.

Конфликт принес только горе. Пострадали тысячи ни в чем не повинных женщин и детей. Разрушены жилья, которые возводились в несколько поколений. Граждане юга страны, независимо от национальностей, хотят мира и стабильности, безопасности своих родных и близких.

Национально-культурные центры и объединения Ошского отделения Ассамблеи народа Кыргызстана считают, что целенаправленная черная пиар-кампания по дискредитации мэра города Ош М. Мырзакматова организована теми же силами, которые спровоцировали июньский конфликт.

В условиях сложившейся напряженной обстановки в республике, когда возможны осложнения общественно-политической ситуации, Мелисбек Мырзакматов является одним из немногих лидеров, имеющих заслуженное доверие среди многонационального населения региона, способного реально отстаивать интересы граждан.

Призываем представителей средств массовой информации объективно освещать прошедшие события, не играть чувствами

людей, переживших трагедию. Считаем, что все публикуемые негативные материалы в отношении мэра города Ош необоснованны и могут стать одной из причин нарушения спокойствия и стабильности, установившихся в южной столице.

***А.Сапарбаев, председатель Ошского отделения Ассамблеи народа Кыргызстана;***

***Р.Ходжаев, председатель узбекского национального центра города Ош;***

***Р. Ахмерова, председатель татаро-башкирского национально-культурного центра «Илькаим»;***

***Х.Алиназаров, председатель общественного объединения граждан таджикской национальности «Дусти».***

# ВРЕМЯ СОБИРАТЬ КАМНИ

## Обращение общественности города Ош к мировому сообществу в связи с годовщиной трагических событий (18 мая 2011 года)

Мы, общественность города Ош, в преддверии годовщины трагических событий, произошедших на юге республики в июне 2010 года, обращаемся ко всему мировому сообществу.

Многонациональный народ города Ош волею судьбы стал свидетелем кровавого конфликта между двумя братскими народами, главным детонатором которого были отдельные амбициозные лидеры, такие как **Кадыржан Батыров, Иномжон Абдурасулов, Халил Худайбердиев** и другие, которые, при поддержке внешних деструктивных сил, пользуясь сложной общественно-политической ситуацией в стране, пытались реализовать свои, давно вынашиваемые **сепаратистские идеи.**

Так называемые «лидеры», преследуя свои корыстные цели, подстрекали к защите якобы «ущемленных прав и свобод простых граждан узбекской национальности». Эти подстрекательства привели к противостоянию двух братских народов, с многочисленными безвинными жертвами. При этом сами лидеры скрытно покинули страну.

Со временем, трезвая оценка и анализ событий показал, что каких-либо принципиальных разногласий между кыргызами и узбеками не было. Свидетельством тому является то, что в крат-

чайшие сроки прошел процесс примирения, укрепления доверия, установилась стабильность. Пришло осмысление о бессмысленности межнациональной вражды.

В настоящее время общественностью города Ош, при поддержке местной власти, проводится большая работа по укреплению межнационального согласия и недопущению впредь подобных конфликтов.

Однако, налаживание мирной жизни в городе Ош не всем по душе. Внешние деструктивные и сепаратистские силы не оставляют своих реваншистских попыток вновь дестабилизировать ситуацию в нашей стране, выбрав путь информационной диверсии. В этих целях ими изданы книги националистического содержания с видеоматериалами, такие как «Философия жесткости. Час Шакала» и «Геноцид продолжается. Шакалы еще не ушли», призывающие к межнациональной розни. Данные книги с видеоматериалами, изданные в Финляндии, распространяют на территории стран СНГ, а также через интернет пространства мировому сообществу. Мы категорически осуждаем авторов и спонсоров данных изданий!

Отрицательную реакцию среди граждан города Ош вызвал отчет Международной независимой комиссии по исследованию трагических событий на юге Кыргызстана, во главе с Киммо Кильюненом. Вызывает недоумение несбалансированная подача международной комиссией информации о пострадавших и совершивших преступления, представителей обеих этнических групп. При этом в отношении одной из групп допускаются некорректные определения. К сожалению, отчет Международной независимой комиссии по исследованию трагических событий на юге Кыргызстана не стал фактором консолидации и стабильности в нашем обществе. Напротив он может способствовать недовольству различных сторон.

Наш многонациональный народ города Ош стремиться к скорейшему завершению процесса примирения и единения,

однако внешние деструктивные и сепаратистские силы активно препятствуют данным процессам.

В связи с этим общественность города Ош обращается ко всему мировому сообществу с просьбой не способствовать темным силам в их попытках дестабилизации обстановки в стране, направленных на подрыв целостности и суверенитета Кыргызской Республики.

Также обращаемся к Президенту и Жогорку Кенешу Кыргызской Республики с просьбой рассмотреть вопрос об амнистии и помиловании граждан, совершивших незначительные нарушения в прошлогодних июньских событиях. Данные действия будут способствовать национальному примирению, достижению гражданского мира и согласия между двумя братскими народами.

Нам всем нужен мир и стабильность, благополучие наших семей!

***А.Сапарбаев, председатель Ошского областного отделения ассамблеи народов Кыргызстана;***

***М.Алыкулов, персональный пенсионер, заслуженный работник транспорта СНГ;***

***Х.Азимов, персональный пенсионер, заслуженный работник транспорта Кыргызской Республики;***

***А.Алимжанов, персональный пенсионер, заслуженный учитель Кыргызской Республики;***

***Ж.Адаев, пенсионер, участник ВОВ;***

***П.Сабиров, заместитель председателя Ошского областного отделения ассамблеи народов Кыргызстана;***

***Р.Ходжаев, президент Ошского городского узбекского национального центра;***

***Р.Ахмерова, президент татаро-башкирского национально-культурного центра «Илкаим»;***

***К.Караев, президент турецкого национально-культурного центра;***

*Е.Бреславский, председатель правления общественного объединения этнических россиян «Содружество»;*

*А.Шегай, председатель правления общественного объединения корейцев «Чинсон»;*

*Л.Девальт, председатель правления комитета немцев;*

*К.Калыбеков, председатель правления общественного объединения «Ата тюрк»;*

*Д.Ишанов, председатель молодежного комитета ТС «Амир-Тимур»;*

*М.Ахунов, директор школы № 1 им.Федченко;*

*Р.Содиков, председатель суда аксакалов ТС №1 «Туран»;*

*Р.Каримова, председатель АО «Сымбат»;*

*А.Иминов, депутат Ошского городского кенеша;*

*Ш.Атазов, депутат Ошского городского совета депутатов, член общественно-молодежной организации «Ак Кызмат кыймылы»;*

*С.Камалов, руководитель международного центра исламского сотрудничества в КР;*

*А.Марипов, заместитель казы мусульман города Ош;*

*В. Реймген (отец Виктор), настоятель церкви Архангела Михаила в городе Ош, протоиерей;*

*Ш.Эгембердиев, проректор Ошского государственного социального университета;*

*Т.Азимов, жительница города Ош, мать героиня;*

*М.Исмаилов, житель ТС №8 г.Ош;*

*М.Кудайбердиева, руководитель ФЦСМ «Жагалмай-1».*

# ТРЕБУЕМ ПРИВЛЕЧЬ К ОТВЕТСТВЕННОСТИ СЕПАРАТИСТОВ К.БАТЫРОВА И И.АБДУРАСУЛОВА

## Обращение узбеков г. Ош ко всем гражданам узбекской национальности Кыргызской Республики (13 декабря 2010 года)

Мы, жители города Ош узбекской национальности, обращаемся ко всем гражданам узбекской национальности республики и всему многонациональному народу Кыргызстана со следующим обращением.

Известные трагические события, произошедшие на юге республики в 2010 году, неизлечимой болью отозвались в сердцах всех жителей республики независимо от наций, кому не безразлична судьба Кыргызстана.

С прискорбием следует отметить, что отдельные амбициозно настроенные лидеры, при поддержке внешних деструктивных сил, пользуясь сложной общественно-политической ситуацией в стране, после апрельской смены власти, активизировали свою сепаратистскую деятельность и вовлекли в неё простых граждан узбекской национальности, что привело к конфликту между двумя братскими народами.

Причастие внешних сил к разжиганию конфликта в южном регионе Кыргызстана отмечает и один из признанных лидеров Центральной Азии, Президент Узбекистана Ислам Абдуганиевич Каримов.

Больно осознавать то, что конфликт унес жизнь многочисленных безвинных жертв - как кыргызов, так и узбеков, пострадали многие люди, лишились крова. Мы приносим свои искренние соболезнования родным и близким всех погибших граждан.

Мудрость народов, действенная народная дипломатия позволила в кратчайшие сроки погасить конфликт двух наций, совместно проживающих бок о бок тысячелетиями, ускорить их сближение, примирение, укреплению доверия и приступить к совместной ликвидации его последствий.

К сожалению, деструктивные силы не оставляют своих попыток вновь дестабилизировать ситуацию в Кыргызстане. Свидетельством тому являются недавние события: взрыв в городе Бишкек, задержание в городе Ош членов террористических организаций, провокационные надписи в городе Каракол.

Также участились публикации различных информаций, размещенные на отдельных интернет-сайтах, наносящие реальную угрозу единству и налаживаемой стабильности общественно-политической ситуации, как на юге, так и в целом по республике, играя на чувствах и особенностях национального менталитета.

Мы, представители узбекской национальности города Ош, вместе с братским кыргызским народом, преодолев все трудности прошедших трагических событий, призываем всех узбеков Кыргызстана, сплотившись со всем многонациональным народом нашей республики, не допустить попыток деструктивных сил подорвать целостность и суверенитет страны.

Мы осуждаем сепаратистские идеи Кадыржана Батырова, Иномжона Абдурасулова и их приспешников, принесшие непоправимый урон межнациональному согласию двух народов, и требуем привлечь их к ответственности.

Призывам всех граждан узбекской национальности республики не дать возможности распространения идей сепаратизма, пресекать все попытки дестабилизации обстановки в Кыргызстане, являющегося нашей Родиной.

Выражаем уверенность, что народ Кыргызстана всецело поддержит наши стремления к единению и согласию в стране.

## БЛАГОДАРСТВЕННОЕ ПИСЬМО

**Мэру г.Ош**
**М.МЫРЗАКМАТОВУ**

**Уважаемый Мелисбек Жоошбаевич,**

В эти тяжелые и горькие для братского Кыргызстана дни сотрудники Генерального консульства России в г. Ош вместе с проживающими в городе Ош российскими гражданами и соотечественниками глубоко переживают за происходящие в республике события. Мы, россияне, искренне сочувствуем родным и близким погибших в Бишкеке.

Россию и Кыргызстан, наши братские народы, объединяют многовековая дружба, сотрудничество и взаимная помощь. Наши предки вместе боролись с внешними врагами и агрессорами, наши деды и отцы вместе строили общее государство - СССР. В годы независимого суверенного развития Российская Федерация и Кыргызская Республика продолжают тесное взаимодействие, являются стратегическими партнерами и союзниками во всех областях межгосударственного сотрудничества.

Вы, уважаемый коллега, конечно, знаете русскую поговорку: «Настоящие друзья познаются в беде». Наш общий писатель и великий гуманист Чынгыз Айтматов завещал россиянам и кыргызам всегда быть вместе - и в горести, и в радости. После трагических событий в Бишкеке и отвечая на обращение Временного правительства Кыргызстана Правительство России приняло решение об оказании срочной гуманитарной и финансовой

помощи братскому кыргызскому народу. Уже на этой неделе в Кыргызстан из России поступит грант в размере 20 млн.долларов США на социальные выплаты и льготный кредит на 30 млн.долларов Кроме того, для проведения в республике посевной кампании Россия готова предоставить 25 тыс. тонн ГСМ и 1,5 тыс. тонн семян.

Уважаемый Мелисбек Жоошбаевич, в эти сложные для всего кыргызского общества дни мы, проживающие здесь россияне, воочию наблюдаем и высоко оцениваем Ваши смелые и решительные действия по защите горожан и их имущество, Ваши усилия по сохранению и поддержанию мира, стабильности и межнационального согласия в южном регионе.

Желаю Вам и Вашим коллегам удачи во всех добрых делах на благо города и Кыргызстана.

***Генеральный консул***
***Российской Федерации в городе Ош***
***М. К. ЗИГАНШИН***

# ЭР ЭМГЕГИН ЭЛ БААЛАЙТ

## Депутаттардын Кара-Суу райондук кеңешинин кезектеги X сессиясынын токтому

Кара-Суу шаары 17-сентябрь, 2010-ж.

**Кара-Суу районунун тургуну**
**М.Мырзакматовго наам ыйгаруу**
**боюнча сунуш берүү жөнүндө**

2010-жылдын июнь айында болуп өткөн Ош окуясында Кара-Суу районунун тургуну, Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун стабилдүүлүктү сактоодо, улуттар аралык ынтымактыкты бекемдөөдө аткарган алгылыктуу иштерин Кара-Суу райондук кеңешинин депутаттарынын демилгесин эске алып, депутаттардын Кара-Суу райондук кеңеши

**токтом кылат:**

1. Кара-Суу районунун тургуну, Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовго Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Эл Баатыры» наамын ыйгаруу сунуш кылынсын.

2. Бул токтомду бекитип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Президентинен жана Өкмөтүнөн суралсын.

***Депутаттардын Кара-Суу райондук***
***Кеңешинин төрагасы*** ***Б. Каратаев***

# ДЕПУТАТТАРДЫН ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ XXIV СЕССИЯСЫ №189 ТОКТОМ

Ош шаары 30-июль, 2010-ж.

**Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүү жөнүндө**

Көптөгөн жарандардын өмүрүнө коркунуч туудурган 2010-жылдын июнь айындагы коогаланда өз өмүрүн тобокелге салып, күнү-түнү болгон күчүн жана мүмкүнчүлүгүн жумшап, кыргыз жана өзбек элдеринин ортосундагы чыр-чатакты кыска мөөнөттө токтотууга, Ош шаарында тынчтыкты жана элдер ортосундагы ынтымакты орнотууга эбегейсиз эмгек жумшагандыгын, ошондой эле оор жоготууга учураган шаарды калыбына келтирүүгө, жакындарынан айрылган жарандарды ар тараптуу колдоонуу камсыздоо үчүн кошкон зор салымын эске алып жана сессиянын жүрүшүндө айтылган депутаттардын сунуштарынын негизинде, депутаттардын Ош шаардык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Ош шаарынын мэри Мырзакматов Мелисбек Жоошбаевич жогорку даражадагы мамлекеттик сыйлыкка – Кыргыз Республикасынын Баатырына көрсөтүлсүн.

2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Президентинин кароосуна жөнөтүлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө депутаттардын Ош шаардык Кеңешинин мыйзамдуулук, укук-тартип, мандат, регламент жана дин маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына (Т.Жоробеков) жүктөлсүн.

*Депутаттардын Ош шаардык*
*Кеңешинин төрагасынын орун басары* *С.Аматова*

# ТАЗА АДАМГА КИР ЖУКПАЙТ!

## Ош шаарынын интеллигенция жамаатынын Кыргыз Республикасынын өткөөл мезгилинин Президенти Р.Отунбаевага Кайрылуусу (28-июнь, 2010-жыл)

**Урматтуу Роза Исаковна!**

Биз, Ош шаарынын интеллигенция жамааты куттуу шаарыбыздагы каргашалуу окуяларды кабыргабыз кайышып кабыл алуудабыз. Миңдеген мекендештерибиз жакын тууганынан айрылып, кан жутуп, азаптуу күндөрдү баштан кечирип жаткан маалда айрым тар түшүнүктөгү саясатчы сөрөйлөр ыплас аракеттерин дагы деле токтотпой жатышат. Азалуу элдин башын айландырып, атак-даңкка оңой жеткиси келген мындай провокаторлорду мыйзам чегинде тартипке салууну суранабыз.

Ош шаарына вице-мэр болуп келип, бирок ишин жөндөп кете албагандыгы үчүн ээлеген кызматынан четтетилген Тимур Камчыбеков менен Бакыт Аманбаевдер акылга сыйбаган, чындыкка төп келбеген маалыматтарды таратып, ич күйдүлүгүн маалымат каражаттары аркылуу чыгарууда. Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун канчалык деңгээлде эл башчы экендигин биз жакшы билебиз. Анын жигердүү аракети астында шаарыбыз апрель окуясынан кийин эки ай тыптынч турду. Жалгыздык кылдыбы, же өздөн чыккан жаттар көбөйүп кеттиби, айтор, туура 64 күндөн кийин деструктивдүү күчтөрдүн арам ойлору ишке ашып кетти.

Кызматтан кеткен эргулдар шаар мэри М.Мырзакматовду Ош окуясына айыптуу көрсөтүүгө аракеттенип жатышат. Куру дооматтын да, саясий ыпластыктын да чеги болуш керек. Кыргыз-өзбек элдеринин ортосунда жаңжал чыгып кетпесин деп күн-түн дебей мээнет кылып, элдин мүдөө-талаптарын бардык кызыкчылыгынан бийик коюп, мамлекеттин бүтүндүгү үчүн бардык чараларды көрүп жаткан Мелисбек Мырзакматовду Оштун эли, айрыкча интеллигенциясы колдоп-кубаттайт. Жана аны «жаңжалдын курмандыгы кылууга аракеттенген» интриган саясатчылардын тузагына салып бербейт.

Азыркы күндө биз кимдин ким экенин, дээринде канчалык билими, акыл парасаты, атуулдук сезими бар экенин билип эле турабыз. Колунан коко тыйын келбеген эргулдардын шаар башчысына «багыштап» казып жаткан «ору» өзүнө гана насип кылсын деп Кудайдан тилейбиз.

Урматтуу Роза Исаковна!

Биз Сизден эң ириде өлкө башчысы катары суранаарыбыз, шаардагы чыңалган психологиялык абалды ого бетер курчутуп жаткан шаардын мурдагы вице-мэрлери Т.Камчыбеков менен Б.Аманбаевдерди мыйзам чегинде тартипке салып бериңиз. Өмүрүнүн ар бир саатын чексиз сар-санаа менен өткөрүп жаткан оштуктарга мындай провокаторлордун кереги жок.

# СУУ ИЧКЕН КУДУГУҢА ТҮКҮРБӨ

## Экс-вице мэр Б.Аманбаевге «Ак кызмат» бириккен жаштар кыймылынын ачык каты (17-июнь, 2010-жыл)

**Урматтуу Бакыт мырза!**

Сөз башында баса белгилеп айтаарыбыз, биз Сизден мындай жорукту, мындай ыплас саясатты эч качан күткөн эмеспиз.

Өзүңүзгө белгилүү, биздин демилге менен уюштурулган иш-чараларда өлкөнүн келечеги жана бүтүндүгү тууралуу жалындуу ойлор, реалдуу мүмкүнчүлүктөр ташка тамга баскандай таасын белгиленген болчу. Ал жерде (жыйындарда жана тынчтык митингинде) өз көмөчүнө күл тарткан, элдин ыйык ишенимине доо кетирген улутчул жана өзүмчүл саясатчылар катуу сынга алынып, жаштардын наалатына кабылган эле. Ал иш-чараларга сиз да келип катышып, бизге мына ошол өзүмчүл саясатчылардын айыбын ашкерелеп, узун сабак лекция окуп тургансыз. Тилекке каршы, сиз да өзүңүз сүрөттөгөн ошол өзүмчүл, кызмат үчүн ичкен ашын жерге койгон амалпоз, айткан сөзүнө жасаган иши төп келбеген эки жүздүү көрпенделердин бири окшойсуз.

Сиздин мэрияда иштегениңизге эки ай да боло элек болчу. Аз убакыттын ичинде кызматка (амалга) ушунчалык берилип кеткениңизге таң калып жатабыз. Керек болсо экс-ажолор Акаев менен Бакиевдин бийлик деп жүрүп башына топтогон азаптуу

тагдырынан сабак албаган экенсиз. «Кызмат колдун кири» – деп эчен ирет кайталагандан көрө тагдырга тобо кылуу сизге көбүрөөк абийир алып келээр эле. Элдин башына кайгылуу күн түшүп турган маалда, саясый шоу жасаганга кантип дитиңиз барып жатат. Бул аракетиңиз бери дегенде уят, ары дегенде абийирсиздик деп эсептейбиз.

Сиз сын таккан Ош шаарынын мэри Мелисбек Мырзакматовдун канчалык деңгээлде инсан жана саясатчы экендигин элдин баары жакшы билет. Анын ар бир айткан сөзү, кабыл алган чечими жана турмушка ашырган иштери эч кандай саясый шоусу жок эле шаардыктардын купулуна толуп, алкоосуна арзып келе жатат.

М.Мырзакматовду биз назары ток, байлыгы өзүнө жетиштүү жетекчи деп билебиз жана сиздин «гумжардам сатылууда» деген жалган жалааңызга эч качан ишенбейбиз.

Урматтуу Бакыт мырза!

Биз сизден элдин башына кара түн келип турган маалда мындай ыплас кадамдардан баш тартууну талап кылабыз.

Кудай сизге сабыр-канаат берсин!

---

# ЭЙ, УБАКТЫЛУУ ӨКМӨТ, ӨЗ УУЛУҢДУ КОРДОБО, УЛУТЧУЛ СЕПАРАТИСТТЕРДИ КОЛДОБО!

**Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрүнө ачык кат (22-июнь, 2010-жыл)**

**Урматтуу Убактылуу өкмөттүн жетекчилери!**

Биз, Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын тургундары – кыргыз интеллигенциясынын аял-өкүлдөрү, мамлекетибиздин бүгүнкүсүнө да, келечегине да кайдыгер эместигибизден, кыргыз элинин башына түшкөн оор күндөрдө туура эмес жүргүзүлүп жаткан кадр жана идеологиялык саясаттарга, бир жактуу жалган маалыматтарга өтө тынчсызданып, төмөнкүлөрдү билдирип коюуну чечтик:

1) Ошто Бабур атындагы өзбек драмалык театры, «Ош ТВ», «Мезон ТВ» телеканалдары иштеп, «Ош садоси» газетасы чыгып турат. Кыргыз-өзбек университети (колледждери менен), ОшМУда өзбек гуманитардык факультети, Жалал-Абадда «Элдердин достугу университети» (чындыгында, эл достугубу?!) 50дөн ашык адистик боюнча адистерди даярдап жатышат. Шаардагы, областтагы өзбек тилдүү орто мектептерди эсепке албаганда, таза өзбек тилдүү мекеме, уюм, ишкана, завод, фабрика жок экендиги маалым го! Анда бул ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү кайда барып иштешет же Өзбекстан үчүн кадр даярдап жатабызбы? Ушул окуу жайларды ачуунун кандай зарылдыгы бар эле. Ушул иштер улут саясатынын кыргыз

титулдук улуту үчүн туура эмес, ал тургай каршы жүргүзүлгөндүгүн айгинелейт.

2) Менчиктештирүүнүн натыйжасында «майлуу-сүттүү» обьекттердин дээрлик көпчүлүгү өзбек туугандарга тийген, себеби алар «шапкесин» бергенге эпчил. А бул болсо биздин назары ач, тойбогон чиновниктерге эң эле керек.

3) Бизнес, соода-сатык тармагын тим эле коёлу, күч органдарында (өзгөчө милицияда), саламаттыкты сактоо мекемелеринде өзбек улутундагылар басымдуу, себеби негизинен пара аркылуу орношушат. Мындай иш-аракеттер кеминде 20 жылды камтыйт, өзгөчө Акаевдин учурунда гүлдөп өнүккөн.

4) Өзбек улутундагы депутаттар, академиктер, генералдар, окумуштуулар, деги эле өзбек улутундагы бардык адис-кадрлар Кыргызстан жана кыргыз эли үчүн кызмат кылбагандыгын турмуш, Ош окуялары бизге дагы бир жолу тастыктады.

5) Ош шаарынын борбордук көчөлөрүндөгү (Зайнабетдинов, Масалиев атындагы көчөлөрү ж.б.), борбордук базардагы көпүрөлөр мыйзамсыз негизде курулган, эч кандай архитектуралык эрежелердин талабына жооп бербеген, чүпүрөк-чапырактар менен тосулуп, тамак-аш, соода түйүндөрүнө толуп, Ош шаары «түштүк борбор» деген статуска түк жарашпаган өтө булганч, көрксүз жайга, «трущёбкаларга» айланган эле. Орто кылымды эске салган ушул көрүнүштөрдү оңдоого, тартипке салууга баш-оту менен киришкен Мелис Мырзакматовго өзбектер түп жабыла каршы чыгууда, анткени ошол соода түйүндөрүнүн көпчүлүгү өзбектерге тиешелүү. Өзбек миллионерлери тарабынан катуу каршылыкка, ар кандай жамандаган провокацияларга, нааразычылыктарга дуушар болгондугуна карабастан М. Мырзакматов, саясий эрктүүлүгүн көрсөтүп, алар чемодан толгон акчасын көтөрүп кирип, үйрөнгөн адатын жасаса да, мурдагы кыргыз жетекчилеринен айырмаланып, сатылган жок, тескерисинче, алардын сунушун четке кагып, кыргыздардын жана шаар тургундарынын кызыкчылыгы үчүн

жан үрөп иштеп жатат. Демек, Ошко Мелис Мырзакматов сыяктуу кыргыз үчүн күйгөн, патриот мэр керек. Жетекчиге керектүү бардык сапаттар Мырзакматовдо жетиштүү.

6) Ош областтык Кыргызстан аялдар конгрессин 20 жылга жакын убакыттан бери Караматкан Абдуллаева башкарып келе жатат. Бул жумуштун өтөсүнө чыга турган кыргыз аял жокпу? Толуп жатат. Бирок Замира Акбагышева да башка жетекчилер сыяктуу эле өзбек тууганлардан белек-бечкектерди, Оштон ысык тандыр самсаларды, жер-жемиштерди самолеттон алып турганды жактырат тура, ошондуктан көптөгөн наразычылык кайрылууларга карабай, Караматканды колдоп келди. Кыргызстан аялдары конгрессинин Ош областтык бөлүмүнүн президиумунда кыргыз аялдары 20%ды да түзбөйт. Караматкан Абдуллаеванын «улуттук ишмердиги» жөнүндө том жазса болот, акыркы аракетин гана белгилеп коёлу: анын үйүнөн «Ошту басып алуунун картасы» табылган деген маалыматка ишенүүгө Абдуллаеванын Ташкентке, андан ары Түркияга качып кеткени түрткү болуп турат.

7) Караматкан Абдуллаеванын эң жакын соратниктери Алишер Сабиров, Гүлхарпаша Сабирова, Оминахан Мамасаидова жана башкалар чогуу бизнес гана жүргүзүшпөстөн, автономия түзүү, өзбек тилине расмий тил статусун алуу ж.б. улутчулдук маселелерин чечүүнүн үстүндө биргелешип иштеп келишкен.

8) Расмий жыйындарда мамлекеттик кызматкерлер кыргыз тилинде сүйлөбөгөндүктөн, өзбек чиновниктери да өз тилинде сүйлөп, өзбек тилине расмий статус берүүнү талап кылышууда.

9) Жогорудагыдай кыргыз элине кыянаттык мамилеси байкалгандар Убактылуу өкмөттүн коюн-колтугуна кирип алып, өздөрүнүн улутчулдук мүдөөлөрүн көздөп жатышкандыктарын эскертүү менен, алардын бал тилине алданбай, акчасына сатылбай, Мелис Мырзакматов сыяктуу патриот, чанда жаралган

уулдарыбыздын кызматтык, атуулдук милдеттерин аткарууга тоскоол болбооңуздарды талап кылабыз. Жеке амбицияңарды, эсеп-кысабыңарды жалпы кыргыз элинин кызыкчылыгы үчүн артка таштап, Мелис Мырзакматовду ордунан козгобогула. Анткени ал 20 жылдан бери бир да мэр жасабаган иштерди 1-1,5 жылдын ичинде жасап койду. Ошто жашап, иштеп жаткан кыргыздар Ош шаарына ким мэр болуп иштөөгө тийиш деген маселени чечкенге акылуу! Акаевдин кадры болобу же Бакиевдин кадры болобу, саясатка булганбастан элге кызмат кылып жаткандыгы бизге ишеним туудурат.

Биздин бул үнүбүзгө маани бербесеңиздер, радикалдуу ар-кандай кадамдарга барууга, Мелис Мырзакматовду өзүбүз кор-гоого мажбур боло тургандыгыбызды билдиребиз.

***1. Абдимиталипова Гүлзар – окутуучу;***
***2. Абдраимова Зарипа – окутуучу;***
***3. Абдувасиева Зырана – окутуучу;***
***4. Абдуллаева Майрам – доцент;***
***5. Абдыкарова Жамийла – мугалим;***
***6. Адылбекова Бекзада – окутуучу;***
***7. Ажыкулова Токтобү - окутуучу;***
***8. Айдарова Жаныл – ишкер;***
***9. Аймолдоева Марапат – мугалим;***
***10. Айтибекова Гулбара – врач;***
***11. Айтиева Шарипа – окутуучу;***
***12. Айткулова Канагат – окутуучу;***
***13. Акматова Танабар – доцент;***
***14. Акматова Назира – окутуучу.***

Бардыгы болуп 200 адам кол койгон.

# КАНДУУ КАЛАБАНЫН ХРОНОЛОГИЯСЫ

**(2010-жыл, май-июнь)**

# ХРОНОЛОГИЯ ОШСКОЙ ТРАГЕДИИ
## на основании оперативных данных УВД г.Ош

**01.05.2010** года в 11.30 часов по улице Маджирим-Тал на территории чайханы «Сузак» собрались лица узбекской национальности в количестве около 300 человек. Благодаря, вновь проведенной разъяснительной работы сотрудниками милиции и квартальными комитетами все собравшиеся разошлись.

В 21.00 часов в 500 метрах от границы города Ош на территории Карасуйского района города Ош возле чайханы «Мырзалим» собралось около 500 граждан узбекской национальности. Причиной сбора явилось то, что двоих граждан узбекской национальности избили четверо молодых парней кыргызской национальности, которые после драки сбежали на автомашине «BMW» без номерных знаков, скрывшиеся в направлении Узгенского района.

После чего, все граждане, находившиеся в чайхане и жители этого района собрались возле чайханы, выражая свое недовольство в адрес криминальных элементов, которые безбоязненно разъезжают на автомашинах без опознавательных знаков, занимаются вымогательством, при этом избивая граждан узбекской национальности.

На место происшествия прибыло руководство УВД Ошской области и УВД г. Ош, которые провели разъяснительную работу, заверив граждан, что милицией будут приняты меры по поимке вышеуказанной автомашины и неизвестных лиц. А также на территории Ошской области и города Ош будут проведены рейды по задержанию автомашин, разъезжающих без

государственных номерных знаков, с тонированными стеклами.

В связи с последними событиями, происходящими на территории Карасуйского района Ошской области руководство обоих Управлений внутренних дел настоятельно призывали граждан соблюдать спокойствие, в случае каких-либо происшествий обращаться в милицию, а не пытаться решать проблему самостоятельно. После долгой и тщательной разъяснительной работы, проведенной сотрудниками милиции, собравшиеся разошлись по домам.

В 22.30 часов некоторые горожане узбекской национальности стали собираться группами в разных районах города:

– в МКР Амир-Тимур, возле школы им. Федченко, в количестве 100-120 человек;

– возле почтового отделения МКР Амир-Тимур, в количестве 100 человек:

– в МКР Туран, возле магазина «Рано», в количестве 80-100 человек;

– по улице Демократической возле городской бани, в количестве 50-60 человек;

– в районе Шахит-Тепа, в количестве 100 человек.

Прибывшим сотрудникам милиции они пояснили, что им позвонили и сообщили, что, якобы возле чайханы «Мырзалим» кыргызы избивают узбеков и со стороны села Мады Карасуйского района им в поддержку едет большая группа кыргызов. Сотрудниками милиции была проведена разъяснительная работа во всех вышеуказанных местах сбора горожан, которые впоследствии разошлись по домам, оставив дежурных на своих улицах.

Информация о том, что в селе Мады собираются лица кыргызской национальности подтвердилась. Действительно, в приграничном с городом Ош, селе Фуркат собралась молодежь кыргызской национальности, в количестве 50-60 человек. На место сбора выезжали сотрудники ОВД Карасуйского района, ЦА УВД Ошской области и УВД г. Ош.

В целях сохранения стабильности при выезде из города выставлено 10 блок постов, по городу задействовано 8 мобильных постов по пять человек, из числа сотрудников СОБР, ОБДД и оперативных служб.

**5 мая 2010 года** с 14.20 до 16.20 часов на территории средней школы им. М. Сабирова, расположенной в селе Кызыл-Кыштак Карасуйского района Ошской области состоялось собрание, на котором принимали участие около 500 граждан узбекской национальности. Встречу проводили председатель узбекского национального культурного центра Кыргызской Республики Салахутдинов Жалаллидин, лидеры политической партии «Родина» Батыров Кадыржан, Абдурасулов Иномжон, председатель конгресса женщин г.Ош Абдуллаева Карамат, а также глава с/о Кызыл-Кыштак Алимов Кабылжан.

Собрание открыл Салахутдинов Ж.., объявивший, что целью данной встречи является объединение узбекской нации и решение накопивщихся проблем.

После выступил прибывший из Жалалабатской области Батыров К., который рассказав о событиях, произошедших в Жалалабадской области, отметил, что узбекскому народу необходимо объединиться и принять активное участие на таких политических процессах, как принятие новой Конституции, парламентские и президентские выборы. Также он сказал, что по их инициативе в состав рабочей группы включены 2 представителя узбекской национальности, которые будут принимать меры по внесению в Конституцию статей в пользу узбекской нации. Он сказал, что по его инициативе внесено предложение о том, что в местах компактного проживания представителей узбекской национальности поднять статус узбекского языка до уровня государственного, то есть все документации государственных учреждений должны вестись на узбекском языке наряду с кыргызским. Кроме того, предложено установить квоту для представителей других национальностей, кроме титуль-

ной, работающих в государственных структурах, в том числе правоохранительных органах. Также предлагается ввести в учебную программу средних школ обязательное обучение узбекского языка как одного из иностранных. Еще одним предложением было издание проекта Конституции на узбекском языке для изучения и доступности. В своем выступлении он призвал организовать митинг с участием до 50 тысяч человек и выдвинуть руководству страны все требования. Он сказал, что при организации митинга должно быть максимальное количество участников, однако нарушений правопорядка нельзя допустить. Батыров К. сказал, что пришло время узбекскому народу поднять головы и отстаивать свои права и интересы. Как один из лидеров партии «Родина», он заявил, что их партия будет заниматься всеми этими вопросами.

Абдурасулов И. в своем выступлении сказал, что различные руководители отговаривают представителей узбекской национальности организовывать митинги и различные акции, однако пришло время выйти на улицы и показать всей республике значимость узбекской нации, но не нарушая закона.

После Абдурасулова И. выступил один из присутствующих на митинге Шамсутдинов Давран, который призвал гостей принять меры по организации работы узбекского национального культурного центра, решение вопроса со зданием УНКЦ, обучение и поддержке узбекской молодежи.

Абдуллаева Караматхан также заверила собравшихся, что партия «Родина» будет принимать все меры по защите интересов представителей узбекской национальности.

На собрании выступали еще несколько граждан из числа собравшихся.

На собрании был избран состав штабов партии «Родина» по г.Ош и Ошской области. Во время избрания представителей партии «Родина» в состав избирательных комиссий из-за расхождения мнений собравшихся, собрание закончилось и собравшиеся разошлись.

**16.05.2010г.** в 10.30 часов в микрорайоне «Южный» в здании средней школы имени Федченко собрались жители узбекской национальности в количестве около 100 человек, которые собрались опасаясь различных слухов об осложнении межнациональных отношений. В результате разъяснительных работ, проведенных руководством УВД г.Ош, собравшиеся разошлись.

В 16.30 часов в УВД г.Ош поступило сообщение о том, что по ул. Раззакова напротив общежития №9 происходит групповая драка между кыргызами и узбеками.

Незамедлительно был организован выезд следственно-оперативных групп УВД г.Ош и Сулайман-тооского ОМ во главе с руководством УВД г.Ош.

На месте происшествия наблюдалось противостояние двух противоборствующих сторон в количестве по 70-80 человек, с одной стороны представители кыргызской национальности, с другой – узбекской.

Сотрудниками УВД г.Ош были приняты незамедлительные меры по недопущению столкновения двух сторон. Лица, послужившие причиной скопления народа, сразу же были задержаны и доставлены в УВД г.Ош для разбирательства. В результате проведенных профилактических работ собравшиеся люди разошлись и конфликт был исчерпан.

В ходе первичной проверки было установлено, что в 16.30 часов гр-н Матназаров Сталбек Абдыкаримович, 1984 г.р., прож. в г.Ош, ул.Раззакова, на своей автомашине марки «Мерседес Е-200» госномером O70-02T подъехал к вулканизации, расположенной по ул.Раззакова г.Ош и попросил работающего там Вахабжанова Бахтияра Боходировича, 1990 г.р. прож. в г.Ош по ул. Раззакова, накачать баллоны его автомашины азотом. Однако Вахабжанов Б. по ошибке накачал баллоны простым воздухом, а не азотом, из-за чего между ними произошла стычка. Стали собираться проходящие мимо граждане, обе стороны стали вызывать по телефону своих знакомых, в результате чего

образовались две толпы из представителей узбекской и кыргызской национальностей.

В результате оперативного реагирования на поступающие сигналы о происшествиях сотрудниками УВД г.Ош удалось предотвратить групповое столкновение межнационального характера.

По вышеуказанному факту собран материал, зарегистрирован в КУЗСП №437 от 16.05.2010 г.

Кроме того, получена оперативная информация о том, что якобы несколько человек прибыли в г.Ош из Жалалабатской области на автомашине «Фольксваген-Гольф» темно-синего цвета и занимаются провокациями с целью разжигания межнациональной вражды между кыргызами и узбеками. Личный состав УВД г.Ош поднят по «тревоге», личный состав ориентирован и озадачен на проведение необходимых мероприятий по задержанию вышеуказанной автомашины.

В результате проведенных мероприятий было установлено, что примерно в 19.00 часов по ул. Мира г.Ош возле вещевого рынка около 20-25 парней узбекской национальности разбили вышеуказанную автомашину железными прутьями. Установлен и опрошен очевидец данного происшествия Халимжанов Хамидхажи, 1948 г.р. прож. в г.Ош по ул. Ошской, который пояснил, что 16.05.2010 года примерно в 19.00 часов он видел как молодые парни узбекской национальности железными прутьями разбивали автомашину «Фольксваген-Гольф» госномером Z45-99Z, в которой находились два узбека и два кыргыза. Также он пояснил, что у парней находящихся в машине был один пистолет и арматура.

На основании полученных сведений была установлена вышеуказанная автомашина и ее владелец доставлен в УВД г.Ош.

Им оказался Камилов Илхом Махамадалиевич, 9.04.1985 г.р., прож. в г.Ош, ул.Абдыкадырова. При опросе Камилов И. пояснил, что 16.05.2010 года, примерно в 19.00 часов он на своей

автомашине марки «Фольксваген-Гольф» госномером Z45-99Z занимаясь частным извозом ехал возле вещевого рынка г. Ош вместе со своим знакомым по имени Умид и клиентом кыргызской национальности, которого он не знает. В это время к его машине подбежали около 50 молодых парней узбекской национальности и с криками «в машине кыргызы», стали бить по автомашине железными прутьями. Только после того когда водитель стал кричать, что узбек, они остановились и Камилов И. смог уехать. Выехав оттуда, Камилов И. высадил клиента в районе Дома Быта и приехал домой.

Автомашина Камилова И. доставлена в УВД г.Ош, при ее осмотре отмечены повреждения на кузове, а также выбиты все стекла. Огнестрельного оружия и других запрещенных предметов не обнаружено.

В целях сохранения стабильности ситуации в сфере межнациональных отношений начальник УВД г.Ош Асанов К.С. 16.05.2010 года в 20.00 часов провел встречу с председателем узбекского национального культурного центра по республике Салахитдиновым Ж. и бывшим депутатом ЖК КР Абдурасуловым И., в которой были обсуждены совместные мероприятия по урегулированию ситуации, а именно проведение разъяснительных работ руководством УНКЦ среди лидеров узбекской диаспоры Жалалабатской области, недопущение выступлений через СМИ отдельных лидеров узбекской диаспоры, затрагивающих межнациональные отношения.

После данной встречи начальником УВД г.Ош Асановым К.С. проведены беседы с руководителями «ОшТВ» и «МезонТВ» в целях ограничения трансляции выступлений лидеров узбекской диаспоры Жалалабатской области.

В ночь с 17 на 18 мая 2010 года в Ошскую городскую больницу с телесными повреждениями поступили 2 граждана кыргызской национальности, которые при поступлении в больницу сказали, что их сбила неизвестная автомашина по дороге Ош-Ноокат.

– Дыйканов Кабылбек Зулпукарович, 1980 г.р. прож. в г.Ош, ул.Узгенская, КУЗСП Сулайман-Тооского ОМ УВД г.Ош № 1133

– Бизаев Зоорбек Женишбекович, 1980 г.р. прож. в г.Ош, ул.Субаналиева КУЗСП Ак-Бууринского ОМ УВД г.Ош № 813.

Однако, после того как мать Бизаева З. Касымова Тургунай Осмоновна, 1959 г.р. сообщила сотрудникам милиции о том, что ночью примерно в 01.00 часов по ул.Курманжан-Датка г.Ош, его сына избили железными прутьями неизвестные лица, проведена повторная беседа с вышеуказанными пострадавшими.

В результате, Дыйканов К. написал заявление о том, что ночью примерно в 01.00 часов по ул.Курманжан-Датка г.Ош, его избили железными прутьями 3-4 неизвестных лица, а Бизаев З. написал заявление о том, что примерно в 24.00 часов ночи 3-4 неизвестных лиц избили его железными прутьями возле «Эко-банка» по ул.Ленина г.Ош. Оба потерпевших не смогли определить узбекской или кыргызской национальности были избившие их лица.

Заявление Дыйканова К. зарегистрировано в КУЗСП Сулайман-Тооского ОМ УВД г.Ош №1133, а заявление Бизаева З. в КУЗСП Ак-Бууринского ОМ УВД г.Ош №813 от 18.05.2010 года.

**18 мая 2010 года** примерно в 14.00 часов в УВД г.Ош поступило сообщение о том, что по ул.Привокзальная г.Ош происходит драка между представителями кыргызской и узбекской национальностей.

Незамедлительно организован выезд на место происшествия следственно-оперативных групп УВД г.Ош и Сулайман-тооского ОМ во главе с руководством УВД г.Ош.

На месте происшествия наблюдалось скопление 30-40 граждан узбекской национальности и около 10 кыргызов, которые разошлись после проведенных разъяснительных работ.

В ходе проверки выяснилось, что драка произошла из-за обычного спора между соседями.

Так, примерно в 13.00 часов гр-н Бекибаев Аскад Калдарбекович, 1987 г.р. прож. в г.Ош ул.ДЭУ, наняв около 10 человек, разбирал здание по ул.Привокзальная г.Ош. В это время к ним подошли проживающие рядом женщины во главе с Жороевой Камилой, 1970 г.р., прож. в г.Ош, ул.Привокзальная и стали требовать перекрыть шифером стену на границе их участков и между ними возник спор. Поспорив некоторое время, женщины ушли. Спустя 10-15 минут к разбирающим здание людям подошли около 15 молодых парней узбекской национальности и избили Бекибаева А., в результате чего образовалось скопление людей.

По данному факту собран материал, заявление Бекибаева А. зарегистрировано в КУЗСП №445 от 18.05.2010 года.

18.00 часов в здании ОсОО «Крастекс», который принадлежит председателю УНКЦ по республике Салахитдинову Ж., по инициативе начальника УВД г.Ош Асанова К.С. проведено собрание с участием лидеров узбекской диаспоры г.Ош и Ошской области в целях проведения совместных разъяснительно-профилактических мероприятий среди населения узбекской национальности по недопущению осложнения ситуации в сфере межнациональных отношений.

На собрании принимали участие 15 лидеров узбекской диаспоры, в том числе председатель узбекского национального культурного центра по республике Салахитдинов Ж., председатель УНКЦ по г.Ош Ходжаев Р., бывший депутат ЖК КР, один из лидеров партии «Родина» Абдурасулов И., бывший мэр г.Узген Абакджанов М. и другие.

На собрании были обсуждены имеющиеся проблемы в сфере межнациональных отношений и пути их решения. В частности, было принято решение что 19.05.2010 года в г.Ош собрать лидеров узбекской диаспоры со всех районов юга республики для обсуждения вопросов урегулирования межнациональных отношений. Кроме того, они решили организовать выступление

лидеров узбекской диаспоры через телевидение, в котором они должны выразить критику в адрес одного из лидеров узбекской диаспоры Жалалабатской области Батырова Кадыржана и призвать узбекский народ к миру и согласию, а также не поддаваться на различные провокации.

В 21. 50 часов гражданин Зарипов Дамир, 1991 г.р., прож. по адресу: г.Ош, ул. Атабаева, около Ошского городского суда, сел в маршрутное такси № 125 и доехал до мкр. «Геологогородок». При выходе из маршрутного такси Зарипов Д. оплатил за проезд 5 сомов, но контролер потребовал с него 10, мотивируя это тем, что в ночное время проезд стоит дороже. После словесной перепалки, контролер и водитель маршрутного такси избили Зарипова Д.

После этого, Зарипов Д. вызвал нескольких своих друзей русской и кыргызской национальностей и на автомашине марки «Мерседес-Бенц», поехали в мкр. «Туран» к школе им. Х. Абдуллаева для того, чтобы поговорить с избившими Зарипова Д. лицами.

После того, как Зарипов Д. и его друзья разобрались с водителем и контролером маршрутного такси, они уехали. По дороге, Зарипову Д. по мобильному телефону сообщил знакомый, что ему необходимо вернуться. По возвращении в мкр. «Туран», Зарипов Д. и его друзья увидели около 100 собравшихся молодых людей узбекской национальности, которые впоследствии избили и Зарипова Д., и его друзей, в связи с этим, им пришлось бросить свою автомашину и бежать. После случившегося, в мкр. «Туран» начали распространяться слухи о том, что в одном из районов города собирается группа лиц кыргызской национальности, которая намерена приехать в данный микрорайон, в результате чего количество собравшихся жителей в мкр. «Туран» достигло около 300 человек. Однако, после проведенной разъяснительной беседы сотрудниками милиции, собравшиеся разошлись. Оставленная Зариповым Д. и его друзья-

ми автомашина марки «Мерседес-Бенц», на эвакуаторе была доставлена на автостоянку ОБДД УВД г.Ош.

Зарипов Д. с заявлением обратился в УВД г.Ош и материал был зарегистрирован в КУЗСП № 820 от 18.05.2010г.

**19 мая 2010 года в 14.00 часов** по ул.Масалиева г.Ош, возле кафе «Дархан», собрались молодые парни кыргызской национальности в количестве около 150 человек. Они собирались выйти на центральную площадь и выразить недовольство по поводу того, что граждане узбекской национальности очень часто поднимают национальный вопрос. Собравшиеся граждане недовольны резкими выступлениями одного из лидеров узбекской диаспоры Жалалабатской области Кадыржана Батырова через средства массовой информации, а также раздражены тем, что граждане узбекской национальности при малейших ссорах бытового характера начинают поднимать национальный вопрос и собирать большое количество людей.

На протяжении 30 минут сотрудниками УВД г.Ош во главе с начальником УВД Асановым К.С. с собравшимися проводились разъяснительно-профилактические беседы, после чего они разошлись.

В 16. 30 часов начальник УВД г.Ош полковник милиции Асанов К.С. в кафе «Однажды», расположенном по ул. Ленина города Ош организовал собрание с тренерами различных национальностей всех спортивных клубов города, где были обсуждено проведение совместных разъяснительных мероприятий среди населения на предмет недопущения межнациональных конфликтов. На собрании также участвовал начальник УГСНБ по г.Ош и Ошской области А. Эшматов.

В целях сохранения стабильности ситуации в сфере межнациональных отношений, Асанов К.С. провел беседу с председателем Узбекского национального культурного центра Кыргызской Республики Салахитдиновым Ж., который был предуп-

режден о персональной ответственности за любой проводимый митинг или попытку собраться с представителями узбекской национальности.

**20 мая 2010 года в 13.00 часов** в мкр. «Туран» города Ош собралось около 50 жителей указанного микрорайона узбекской национальности, которые остановили проезжающую мимо автомашину марки «Дэу-Матиз» г/н А 0500 А с затонированными стеклами, думая, что внутри находятся лица кыргызской национальности.

Указанной автомашиной управлял ученик 8-класса средней школы им. Ломоносова – Ханбабаев Манас Ибрагимович 1995 г.р., по национальности - узбек, прож. по адресу: г.Ош, ул. Низами, которая оформлена на имя его старшего брата Ханбабаева Бобура Ибрагимовича 1991 г.р. Также в указанной автомашине находился его друг, ученик 8-класса средней школы им. Ломоносова – Эсенкулов Эрлан Султанбекович 1995 г.р., по национальности – кыргыз, прож. по адресу: г.Ош, ул. Горького.

Собравшиеся жители мкр. «Туран», приняв Ханбабаева М. за кыргыза, нанесли ему телесные повреждения.

Со слов потерпевших, до приезда сотрудников милиции, собравшиеся граждане узбекской национальности открыли багажник автомашины Ханбабаева М. и положили туда камни и металлические прутья, сняв на видеокамеру, а после вызвали милицию.

После того, как на место происшествия приехали сотрудники УВД г.Ош во главе с руководством, потерпевшие указали на одного из активных зачинщиков драки, угрожающего им ножом – Касимова Баходыра Исраиловича, 1989 г.р., прож. по адресу: мкр. «Туран», ул. Крылова.

После проведенной приехавшими сотрудниками милиции разъяснительной беседы, все собравшиеся разошлись, а Касимов Б. был доставлен в УВД г.Ош для разбирательства.

Материал по данному факту был зарегистрирован в КУЗСП Ак-Бууринского УВД г.Ош № 831 от 20.05.2010г., по которому в настоящее время осуществляется проверка.

**21 мая 2010 го да** в 17.00 часов руководством УВД г.Ош в актовом зале проведено собрание с участием председателей ОПЦ, квартальных комитетов, территориальных советов, судов аксакалов, женских советов, молодежных и спортивных организаций города Ош, а также нескольких депутатов городского Кенеша. Целью проведения собрания явилось обсуждение проблем в сфере межнациональных отношений и путей их решения.

На собрании начальник УВД г.Ош полковник милиции Асанов К.С. поблагодарив присутствующих за оказанное содействие, объявил, что на сегодняшний день обстановка стабилизировалась, все государственные органы работают в обычном режиме, управлением внутренних дел города Ош принимаются все необходимые меры по охране общественного порядка и недопущению конфликтов на межнациональной почве. Также он отметил, что по нескольким произошедшим инцидентам возбуждены уголовные дела и проводятся необходимые следственно-оперативные мероприятия. Он заверил собравшихся, что по каждому уголовному делу будут привлечены к ответственности виновные лица и то, что есть время для примирения представителей обеих национальностей, а также урегулированию конфликта.

Кроме того, он потребовал от представителей территориальных советов и квартальных комитетов запретить проверки проезжающих автомашин граждан дружинами, созданными территориальными советами города Ош из числа местных жителей, особенно в микрорайонах «Туран», «Шейит-Дөбө», на ул. 8 марта и др. местах, в которых проживают представители узбекской национальности. Асанов К.С. сказал, что с сегодняшнего дня представители подобных дружин должны нести дежурство только совместно с участковыми инспекторами милиции и активно

помогать им. Присутствующие на собрании поддержали предложение начальника УВД г.Ош, посчитав его обоснованным и целесообразным.

В 20.00 часов на основании полученной оперативной информации о том, что на двух автомашинах БМВ неизвестные лица везут несколько автоматов, сотрудниками УВД г.Ош возле здания городского ОБДД УВД г.Ош были задержаны 2 автомашины марки БМВ-520 черного цвета госномером О25-25I и БМВ-520 черного цвета Z00-88Z, в одной из которых находился бывший депутат ЖК КР, один из лидеров партии «Родина» Абдурасулов Иномжон. Автомашины вместе с пассажирами были доставлены в УВД г.Ош для осмотра. При осмотре автомашины марки БМВ госномером О25-25I был обнаружен газовый пистолет марки ТКО 0505 с тремя патронами, во второй автомашине был обнаружен газовый пистолет марки ММР-471 с 6 патронами и охотничий нож. При осмотре автомашин были обнаружены разрешительные документы на вышеуказанное газовое оружие.

В 20.30 часов возле здания УВД г.Ош начали собираться граждане узбекской национальности, количество которых к 21.30 часам достигло 400-500 человек. Примерно в это же время по ул.Привокзальная собрались граждане узбекской национальности в количестве около 200 человек, которые заявили, что разойдутся только после того как отпустят Абдурасулова И.

Увидев собравшихся по ул.Привокзальная граждан узбекской национальности, возле ресторана «Ак-Шумкар» по ул.Масалиева г.Ош собрались около 100 человек кыргызской национальности. Сотрудниками УВД г.Ош были предприняты необходимые меры по недопущению столкновения двух сторон.

После осмотра автомашин и оформления необходимых материалов, Абдурасулов И. в 20.45 часов был отпущен, после чего возле гостиницы «Интурист» с ним провел беседу мэр г.Ош Мырзакматов М. После беседы с мэром Абдурасулов И. подо-

шел к зданию УВД г.Ош, после чего в 21.30 часов собравшиеся разошлись. Толпа, собравшаяся по ул.Привокзальная, разошлась в 22.10 часов.

В результате проведенных сотрудниками УВД г.Ош разъяснительно-профилактических мероприятий собравшиеся возле ресторана «Ак-Шумкар» кыргызы разошлись в 22.30 часов.

В 23.00 часов по прямому эфиру телеканала «МезонТВ» выступил начальник УВД г.Ош Асанов К.С., который в своем выступлении охарактеризовал ситуацию в г.Ош стабильной, призвал граждан не поддаваться панике и различным провокациям, а также озвучил телефоны доверия УВД г.Ош.

В 23.30 часов по ул.Котовская г.Ош молодые парни узбекской национальности на автомашине БВМ черного цвета остановили проезжавшую автомашину марки «Мерседес», в которой находились 4 парней кыргызской национальности. Остановив автомашину, они стали ее обыскивать и нашли у одного из пассажиров газовый пистолет, из-за чего между ними произошла драка и собралась группа жителей узбекской национальности в количестве около 200 человек, которые камнями разбили автомашину и стали избивать находящихся в ней людей. Сотрудникам УВД г.Ош, прибывшим на место происшествия, удалось вывести из толпы парней кыргызской национальности. После профилактических работ, проведенных сотрудниками УВД г.Ош, толпа разошлась. Пострадавший Дыйканбаев Нурсултан Курманбекович, 1990 г.р. прож. в м-не «Туран» ул.Жаштык, обратился с заявлением в УВД г.Ош.

Примерно в 23.40 на конечной №22 маршрутного такси недалеко от вышеуказанного места происшествия группа парней узбекской национальности в количестве 10-15 человек избили гр-на Уларова Мирбека Абдумиталиповича, 1990 г.р. прож. в с.Жапалак с.Татар, который обратился с заявлением в УВД г.Ош.

**27 мая 2010 года** по инициативе общественного объединения «Ак-кызмат» с согласия мэрии города Ош в 10.00 часов на цен-

тральной площади города с целью проведения акции «Достук жүрүшү» собрались около 400 человек, в основном молодежь.

Перед собравшимися выступили заместитель губернатора Ошской области Тезекбаев К. и мэр г.Ош Мырзакматов М., которые поддержали инициативу проведения данной акции и призвали жителей города к миру и согласию.

Собравшие граждане развернули транспаранты следующего содержания:

– «Улутчулдукка жол жок»;
– «Биздин максат - достук жана ынтымак»;
– «Жаштыгыбыз, жигерибиз эл үчүн»;
– «Ош шаарынын жаштары билимдүү жана сабырдуу»;
– «Куттуу шаардын кутун сактайбыз»;
– «Максатыбыз саясат эмес, ак кызмат»;
– «Мекенди сүйүү – ыймандан».

Согласно ранее представленной программе проведения акции, в 11.00 часов собравшиеся с транспарантами пешком прошли по ул.Ленина до Ошского государственного университета, оттуда по ул.Курманжан Датки вернулись на центральную площадь.

В парке им.Токтогула возле центральной площади инициаторы пешего марша зарезали корову, мясо которой решили раздать нуждающимся семьям, инвалидам и в детские дома.

В 12.00 часов собравшиеся разошлись.

Во время проведения данной акции сотрудниками УВД г.Ош была полностью обеспечена безопасность дорожного движения и общественный порядок.

**9 июня 2010 года** примерно в 23.00 часов в УВД г.Ош поступило сообщение о том, что возле чайханы «Фархад», расположенной по ул.Мамырова происходит драка межнационального характера.

При выезде на место происшествия следственно-оперативной группы, группы быстрого реагирования и мобильной груп-

пы «Беркут» УВД г.Ош во главе с руководством УВД, возле чайханы «Фархад» наблюдалось скопление граждан узбекской национальности в количестве около 250 человек. Причиной данного собрания явился получивший телесные повреждения Каримов Омаржан, 1961 г.р. прож. в г.Ош, пер.Толойкон, который находился в нетрезвом состоянии и не мог рассказать об обстоятельствах происшествия, а граждане узбекской национальности собрались из-за того, что якобы Каримова О. избили несколько представителей кыргызской национальности. Толпа вела себя очень агрессивно, количество собравшихся достигло 350 человек, которые поднимали национальный вопрос.

Каримов О. обратившись в городскую больницу за медицинской помощью, отказался от госпитализации и от подачи заявления. Данный факт рапортом дежурного Ак-Бууринского ОМ УВД г.Ош подполковника милиции Султанбаева К. зарегистрирован в ЖУИ №364 от 10.06.2010 года.

В результате проведенных разъяснительных мероприятий, примерно в 00.20 часов, почти все собравшиеся разошлись.

Однако примерно в 00.40 часов в УВД г.Ош поступил сигнал о том, что возле чайханы «Фархад» обратно собрались граждане узбекской национальности. По прибытии на место происшествия выяснилось, что двое парней кыргызской национальности нанесли телесные повреждения ножом двоим узбекам и кто-то увез кыргызов в неизвестном направлении. Количество собравшихся узбеков достигало около 500 человек, они вели себя агрессивно и требовали найти виновных лиц и привлечь к ответственности. После этого стало известно, что представители молодежного движения «Биримдик.kg» Алимжанов Фархад и Жээнбеков Данияр в целях недопущения избиения задержанного толпой кыргыза, увезли его подальше от толпы и передали сотрудникам УВД г.Ош.

Собранный материал по данному факту зарегистрирован в КУЗСП УВД г.Ош №532 от 10.06.2010 года и возбуждено уго-

ловное дело №41-10-175 по ст.234 ч.2 УК КР. Задержанный Абдулла уулу Элдияр, 1991 г.р. урож. с.Кок-бел Ноокатского района дал следующие показания. Примерно в 00.30 часов он вместе со своим знакомым по имени Бакыт вышли из бильярдного зала, расположенного недалеко от чайханы «Фархад» и увидели собравшуюся толпу. Они подождали пока толпа разойдётся, после чего пошли домой пешком в сторону кирпичного завода. В это время к ним подошли 5-6 молодых парней узбекской национальности и напали на них с криками «кыргызы». Абдулла уулу Э. испугавшись, в целях самообороны вытащил из кармана нож, который постоянно носил при себе и несколько раз ударил ножом нападавших.

Только после того, как заместитель начальника УВД г.Ош Орозбаев М. убедил собравшихся представителей узбекской национальности в том, что виновный задержан и в его отношении будут приняты все необходимые меры в соответствии с законом, в 02.30 часов толпа разошлась.

**10 июня 2010 года примерно в 19.30 часов** в УВД г.Ош поступило сообщение о том, что возле кафе «Аль-Мансур», расположенном по ул.Масалиева г.Ош происходит драка межнационального характера.

Немедленно был организован выезд на место происшествия следственно-оперативных групп УВД г.Ош и Сулайман-тооского ОМ, группы быстрого реагирования и мобильной группы «Беркут» УВД г.Ош во главе с руководством УВД.

На месте образовались две толпы из граждан узбекской и кыргызской национальности в количестве по 500 человек в каждой. Прибывшими на место происшествия сотрудниками УВД г.Ош были предприняты все необходимые меры по недопущению столкновения двух сторон и проведены разъяснительные работы.

Причиной скопления людей явилась ссора между таксистом-водителем автомашины «Хундай-Акцент» госномером Z12-

60А и пассажиром Жолдошевым Бакытом Раимжановичем, 1975 г.р. прож. в с.Ак-Таш Карасуйского района. При первичном опросе Жолдошева Б., который получив телесные повреждения, находился на месте происшествия, было установлено, что примерно в 18.30 часов Жолдошев Б. возле городского суда по ул.Масалиева г.Ош сел в вышеуказанную автомашину под управлением мужчины узбекской национальности и ехал в г.Карасуу. По дороге голосовала беременная женщина, однако водитель ее не взял. Жолдошев Б. сделал замечание водителю, на что последний отреагировал агрессивно и между ними завязалась ссора. Водитель остановил машину возле кафе «Аль-Мансур», они вышли из машины и стали выяснять отношения. В это время к ним подошли несколько молодых парней узбекской национальности и заступившись за таксиста, избили Жолдошева Б. Увидев драку на улице, стала собираться толпа из числа представителей обеих национальностей. Таксист и парни, избившие Жолдошева Б. сбежали с места происшествия, оставив вышеуказанную автомашину с ключом в замке зажигания.

В результате разъяснительных работ, проведенных сотрудниками УВД г.Ош, в 20.30 часов собравшаяся толпа разошлась.

Жолдошев Б. обратился с заявлением в УВД г.Ош. Автомашина «Хундай-Акцент» госномером Z12-60А доставлена в Сулайман-тооский ОМ УВД г.Ош.

**11 июня 2010 года примерно в 00.20 часов** в УВД г.Ош поступило сообщение о том, что толпа людей узбекской национальности собралась возле гостиницы «Алай» г.Ош.

Немедленно был организован выезд на место происшествия следственно-оперативных групп УВД г.Ош и Сулайман-тооского ОМ, группы быстрого реагирования и мобильной группы «Беркут» УВД г.Ош во главе с руководством УВД. Личный состав УВД г.Ош был поднят по «тревоге», всем сотрудникам выдано табельное оружие. Предварительно стычка произошла из-за спора между кыргызами и узбеками, возникшего в кази-

но «Кристалл», расположенном по ул.Навои г.Ош, недалеко от гостиницы «Алай».

По прибытии на место происшествия наблюдалось скопление людей в количестве около 2 тысяч человек узбекской национальности, которые вели себя агрессивно и нападали на здание гостиницы «Алай». Сотрудниками УВД г.Ош были предприняты попытки остановить разъяренную толпу, однако, собравшиеся граждане стали избивать сотрудников милиции.

Здание гостиницы «Алай», а также общежития Ошского государственного университета были разбиты и сожжены людьми узбекской национальности, которые также закидали камнями окна близлежащих этажных домов и других зданий, коммерческих магазинов и других торговых точек с криками «кыргыздар качкыла, өзбектер калгыла».

В это время граждане узбекской национальности стали собираться по ул.Абдыкадырова, Мамырова, Навои, в микрорайонах «Туран», «Амир-Темур», «Шейит-дөбө» и стали нападать на проезжающие автомашины и избивать пассажиров кыргызской национальности. Кроме того узбеками было разгромлено здание ОБДД УВД г.Ош.

Необходимо отметить, что около 00.30 часов с района «Шейит-Дөбө» и мкр. «Амир-Темур» неизвестными лицами были выпущены 2 красные ракеты, а также в мечетях по громкоговорителю была прочитана молитва и прозвучал призыв к началу войны.

Граждане кыргызской национальности стали собираться на центральной площади г.Ош, в территориальном совете «Манас-Ата», микрорайоне «Кулатов», а также в районах Фуркат и Юго-Восток.

Примерно в 01.30 часов толпа граждан кыргызской национальности несмотря на попытки сотрудников милиции их остановить двинулась в сторону гостиницы «Алай» по ул.Ленина, а толпа, собравшаяся в районе Манас-Ата двинулась по направле-

нию в центр города, громя кафе и рестораны, расположенные по ул.Масалиева г.Ош.

Все силы УВД г.Ош были брошены на разгон толпы и на пресечение массовых беспорядков. Из-за того, что толпа узбеков, которые громили здание гостиницы «Алай» и общежития ОшГУ, достигала 10 тысяч человек, сотрудниками милиции было применено огнестрельное оружие и толпа была разогнана.

Примерно в 05.00 возле общежития ОшГУ по ул.Курманжан датка обнаружен труп мужчины кыргызской национальности, личность которого не установлена и труп Азимова Музафара Кахрамановича, 1983 г. р., обнаруженный по ул.Ленинградская г.Ош.

По состоянию на 06.00 часов кроме вышеуказанных зданий разгромлены и сожжены здание филармонии, драматического театра имени Бабура, автозаправка по ул.Навои возле общежития ОшГУ, кафе «Атабек» по ул. Ленина, магазин «Мухаррам-1» по ул.Курманжан Датка, а также оружейный магазин «Марко Поло», откуда заранее было вывезено оружие. Также были разбиты и сожжены служебная автомашина начальника ОУР Сулайман-тоского ОМ УВД г.Ош и личная автомашина сотрудника УВД г.Ош. Количество сожженных автомашин граждан уточняется.

В 6.30 часов граждане узбекской национальности собрались возле Фрунзенского рынка по ул.Курманжан-Датка и стали избивать кыргызов.

В 7.30 часов возле ул. Жийдалик собрались две толпы обеих национальностей и стали закидывать друг друга камнями.

После описанных выше случаев, ситуация в городе стала неконтролируемой и в разных районах города начались массовые беспорядки, сопровождающиеся применением огнестрельного оружия. В этой связи большинство погибших пришлось на 10-12 июня 2010 года.

Личным составом предприняты все меры по урегулированию ситуации и недопущению массовых столкновений.

Однако из-за того, что конфликты возникали одновременно в нескольких местах и количество собравшихся составляло несколько тысяч человек, избежать жертв не удалось. Наличие огнестрельного оружия было у обеих сторон, это еще более усложняло работу правоохранительных органов.

При исполнении служебных обязанностей во время массовых беспорядков погибли двое сотрудников милиции, 5 сотрудников получили огнестрельные ранения, несколько десятков сотрудников получили телесные повреждения различной степени.

Сотрудники УВД г.Ош, несмотря на возникающие опасности для жизни ситуации, неоднократно противостояли толпе из нескольких тысяч человек. К примеру, 13.06.2010 года сотрудники УВД и военнослужащие МО, рискуя жизнью, вернули 2 БТР, которые были отобраны 12 июня 2010 года многотысячной толпой.

# СТАТИСТИЧЕСКИЕ ДАННЫЕ ПО СОБЫТИЯМ В ГОРОДЕ ОШ (На основе данных УВД г.Ош)

Всего возбуждено **3327** уголовных дел, в период с 04.05.2011 г. зарегистрировано **407** преступлений (из них **324** краж, **78** поджогов, **4** УПТВЗ, **1** скотокрадство), по ним возбуждено **8** уголовных дел, отказано в возбуждении по **2** фактам, приобщены к материалам уголовных дел – **397**);

На территории города обнаружено – 183 трупов, из них:

Опознаны – 173 трупа.

Женщин – 18 трупов (национальность: кыргызы 4, узбеки 13; другие национальности 1).

Мужчин - 155 трупа (национальность: кыргызы 30, узбеки 120, уйгур 1, русский 1, таджик 1, цыган 1, пакистанец 1).

Не опознаны – 10 трупов.

Женщин – 1 труп.

Мужчин – 9 трупов.

183 трупов обнаружены с признаками насильственной смерти, из них обнаружено с огнестрельными ранениями – 85, ножевые ранения – 9, с термическими ожогами – 21, утопленные – 3, и иные ранения – 68.

Всего возбуждено 181 уголовных дел.

Из числа возбужденных 181 уголовных дел:

по ст. 97 УК КР возбуждено - 173 уголовных дела;

по ст. 104 ч.2 УК КР - 3 уголовных дела;

по ст. 340 УК КР - 3 уголовных дела;

по ст. 123 и 125 УК КР - 2 уголовных дела.

Всего зарегистрировано БВП (без вести пропавший) – 75, по которым возбуждены 56 уголовных дел: по ст.97 УК КР – 42 уголовных дел, по ст.123 УК КР – 14 уголовных дел, по территориальности переданы 15 материалов в УВД Ошской области, установлено 46 без вести пропавших. Из них живыми установлены 20 БВП (13 – мужского пола, 7 – женского пола, все кыргызской национальности), 26 безвестно отсутствующих граждан установлены среди неопознанных трупов. Остаток без вести пропавших граждан по г.Ош составляет 10 человек.

| Обнаружено трупов (неопознанные) - 10 | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 27.12.2010г. 41-10-1058 ст. 97 ч.2 п.9 УК КР | Неизвестный мужчина, муж, 45-50л. | | 14.06. 2010г. канал Окбурасой Узбекистан | ОЧМТ. Перелом свода и основания черепа | №273 05.07.10г. Балбеков И. | Похоронное бюро г. Ош |
| 2. | 01.11.2010г. 141-10-991 ст. 97 ч.2 п.9 УК КР | Неизвестный мужчина муж, 25-30л. | | 12.06.10г. вск.13.06.10г | Открытая черепно-мозговая травма | №177 22.06.10г. Мамадыев Б. | Похоронное бюро г. Ош |
| 3. | 27.12.2010г. 41-10-1062 ст. 97 ч.2 п.9 УК КР | Неизвестная женщина, жен, 20-30 л. | | 24.06. 2010г. канал Окбурасой Узбекистан | Рубленые раны шеи с повреждением сосудов | №265 05.07.10г. Балбеков И. | Похоронное бюро г. Ош |
| 4. | 22.06.2010г. 4-10-328 ст. 97 ч.2 п.9 УК КР | Неизвестный мужчина, муж, 55-60л. | | 22.06.10г. г.Ош, в столовой по ул.Навои вск.23.06.10г | Шок-кровопотеря. Множественные колото-резаные ранения спины и верхних конечностей. | №241 02.07.10г. Мамаджанов Б. | Похоронное бюро г. Ош |
| 5. | 03.07.2010г. 41-10-460 ст. 97 ч.2 п.10 УК КР | Неизвестный мужчина, муж, 30-35л. | | 25.06.10г. вск.25.06.10г | Ножевое ранение шеи с повреждением глотки, гортани, сонной артерии. | №245 02.07.10г. Насиров К. | Похоронное бюро г. Ош |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6. | 17.06.2010г.<br>41-10-219<br>ст. 97 ч.2 п.10 УК КР | Костные останки | | 16.06.10г. г.Ош, Центр рынок эксп.17.06.10 | Костные останки | №143<br>Исаков С. | |
| 7. | 01.11.2010г.<br>41-10-992<br>ст. 97 ч.2 п.9 УК КР | Неизвестный мужчина<br>муж, | | | Колото-резанные раны в области головы и ожог по всему телу | **заключение не готово** | |
| 8. | 14.06.2010г.<br>41-10-199<br>ст. 97 ч.2 п.9 УК КР | Неизвестный мужчина муж, 40-45л. | | 12.06.10г. вск.12.06.10г | ОЧМТ | №129<br>21.06.10г.<br>Мамадыев Б. | Похоронное. бюро г. Ош |
| 1. | 15.06.2010г.<br>41-10-202<br>ст. 97 ч.2 п.9 УК КР | Неизвестный мужчина муж, 55-50л. | | 14.06.10г. вск.14.06.10г | Проникающие колото-резаные ранения грудной клетки | **заключение не готово** (предварительно №204 Аширбаев К.) | Похоронное бюро г. Ош |
| 2. | 14.06.2010г.<br>141-10-188<br>ст. 97 ч.2 п.9 УК КР | Неизвестный мужчина<br>муж., 25-30л. | | 12.06.2010г. ул. Мажирим-Тал г.Ош | Множественные раны головы | **заключение не готово** | |
| | | | **Без вести пропавшие лица (10)** | | | | |
| 1. | 141-10-249 | Азимбаев Жамгырчы Садыкович | 1961 г.р. | | | | |
| 2. | 141-10-245 | Ормонов Омурбек Валижанович | 1988 г.р. | | | | |
| 3. | 141-10-327 | Кочкоров Акжол Камчыбекович | 1990 г.р. | | | | |
| 4. | 41-10-406 | Халтураев Даврон Саидмахмудович | 1964 г.р. | | | | |
| 5. | 41-10-443 | Исманов Авазбек Мамашевич | 1961 г.р. | | | | |
| 6. | 41-10-491 | Абдукааров Мамажакып Кудайбердиевич | 1968 г.р. | | | | |
| 7. | 41-10-645 | Исламбаев Мирзохиджон Дилшодович | 1993 г.р. | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8. | 41-10-391 | Арзибаев Мирбек | 1983 г.р. | | | | | |
| 9. | 152-10-234 | Разаков Майрамбек Матишович | 1975 г.р. | | | | | |
| 10. | 41-11-106 | Мырзакаримов Станбек Мырзалиевич | 1971 г.р. | | | | | |

## 1. В составе МСГ по СО УВД г.Ош возбуждено:

| № п/п | Ст.УК КР | ВУД | Принято | Передано | Напр.в суд | Прекращено | Ст. 221 ч.1 п.1 УПК КР | Ст. 221 ч.1 п.3 УПК КР | Соединено | Остаток |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 97 | 164 | 35 | 15 | 7 | 10 | 2 | 146 | 6 | 13 |
| 2 | 104 | 7 | | 1 | 1 | | | 6 | | |
| 3 | 105 | | 2 | | | | | 2 | | |
| 3 | 123 | 14 | 2 | 6 | | | | 8 | 2 | |
| 4 | 129 | 2 | | 2 | | | | | | |
| 5 | 164 | 1551 | 5 | 1 | 25 | 1 | 2 | 1513 | 9 | 5 |
| 7 | 167 | 21 | | | | | | 20 | | 1 |
| 8 | 168 | 16 | | 1 | 1 | | | 13 | | 1 |
| 9 | 172 | 265 | 7 | | 9 | 1 | | 253 | 7 | 2 |
| 10 | 174 | 99 | 978 | | 4 | | | 1044 | 18 | 11 |
| 11 | 233 | 8 | | | 6 | | 1 | 1 | | |
| 12 | 234 | 14 | 3 | | | | | 17 | | |
| 13 | 241 | 15 | | | 9 | | 1 | 5 | | |
| 14 | 245 | 1 | | | | | | 1 | | |
| 15 | 247 | 1 | | 1 | | | | 1 | | |
| 16 | 299 | 1 | | | | | | 1 | | |
| 17 | 340 | 4 | | 4 | | | | | | |
| 18 | 341 | 9 | | 8 | 1 | | | | | |
| 19 | 346 | 1 | | 1 | | | | | | |
| ИТОГО: | | 2193 | 1032 | 40 | 63 | 12 | 6 | 3031 | 42 | 33 |

2. Приостановлено производство 3 037 уголовных дел (по п.1. ч.1 ст. 221 УПК КР – 6 дел, по п.3 ч.1 ст. 221 УК КР - 3 031).

3. Раскрыто с 04.05.2011 г. преступлений всего -**18** (ст. 97 -1, ст.28-97 -1, ст. 164 – 5, ст. 168-1, 174 -2, ст. 172 – 4, ст. 233 УК КР – 3, ст. 241 -3), объявлены в розыск – 14, задержан РД – 5, установлены БП – 7, опознаны НТ – 4.

4. По оружию:

- В ходе операции «Арсенал» 04.06.2011г. принятыми мерами убеждения был добровольно сдан гр. Бакыевым Илимбеком 1977 г.р. прож. г. Ош, ул. Абдыкадырова патронов 5,45 мм. 161 штук. (КУП 444 от 04.06.2011 г.)
- В ходе операции «Арсенал» 31.05.2011г. принятыми мерами убеждения был гр. Каримов Эркин 1982 г.р. прож. г. Ош, ул. Ошская добровольно сдан АКС-5,45 мм. С стертыми номерами, 2 магазин и 60 патронов 5,45 мм. (КУП 430 от 31.05.2011 г.)
- 17.06.2011г. во время обыска по уд 41-10-581 у гр. Абдуллаева Наби Мамаджановича 1961 г.р. прож. г. Ош, ул. Энгельса, было обнаружено и изъято 23 шт гильзы 16 мм., 4 шт. гранаты кустарного производства, 2 ед. холодного оружия (сабли). (КУП 476 от 17.06.2011 г.)

**5. Всего в суд направлено 63 уголовных дела** *( из них по ст.97 УК КР – 7 уголовных дел, по ст. 104 УК КР – 1 уголовное дело, по ст. 164 УК КР – 25 уголовных дела, по ст.168 УК КР – 1 уголовное дело, по ст. 172 УК КР -9 уголовных дел, по ст. 174 УК КР – 4, по ст. 233 УК КР – 6 уголовных дел, по ст. 241 УК КР – 9 уголовных дел, по ст. 341 УК КР – 1 уголовное дело).*

# ИНФОРМАЦИЯ
# о проводимой мэрией г.Ош работе по стабилизации обстановки и упреждению в дальнейшем дестабилизации и нарушения общественного порядка

В связи со сложившейся на территории республики общественно-политической ситуации в апреле-мае 2010 года мэрией города Ош были приняты самые неотложные меры по недопущению в городе отдельных дестабилизационных факторов, обеспечению общественной безопасности и правопорядка.

Согласно специально принятого распоряжения мэрии г.Ош от 8 апреля 2010 г. за №88-б, были организованы круглосуточные дежурства руководителей, аварийных служб жизнеобеспечивающих муниципальных структур, по охране стратегических объектов, зданий, аккредитованных иностранных субъектов, представительств международных организаций, а также усилен контроль по обеспечению паспортно-визового режима, усилением должного взаимодействия органов милиции и территориальных советов по охране правопорядка на местах, недопущению срыва учебного процесса в городских школах, высших и средне-специальных заведениях и других учреждениях образования.

Усилена разъяснительная работа с населением через средства массовой информации и периодической печати. За счет урегулирование организации прямого эфира местных телеканалов транслировались обращения мэра г.Ош Мырзакматова М.Ж., политических деятелей и почетных граждан, которыми даны

ответы на многочисленные поступающие вопросы и требования различных слоев общественности.

По инициативе мэрии с привлечением местных телекомпаний: ОшТВ, ЭлТР, Мезон-ТВ систематически организовывались выступления перед горожанами наиболее авторитетных представителей общественности города, из числа аксакалов, женщин и молодежи различных национальностей. При этом следует отметить, что руководители вышеуказанных структур персонально предупреждены о невозможности допуска к эфиру некомпетентных лиц, муссирующих межэтнические вопросы и разжигающие конфликт интересов на политической основе.

Кроме того, по городу были вывешены и установлены свыше 26 лозунгов и билбордов с призывами граждан не поддаваться на провокации и прийти к межнациональному согласию, миру и обеспечению общественного правопорядка.

Несмотря на это, из-за отсутствия должного контроля со стороны соответствующих контролирующих органов, некоторые должностные лица, как руководители ОшТВ и Мезон-ТВ (Худайбердиев Х., Мирзаходжаев Ж.) не придали должного внимания сделанным предостережениям, допуская халатность или проявляя иные интересы неоднократно допустили недопустимые факты выхода в прямой эфир «без комментариев» демонстрацию массовых митингов, организованных активистами узбекской диаспоры, проходивших под руководством Кадырова Батыржана и других лиц, в городах Джалал-Абад и Ош с требованиями к властям о принятии мер по внесению в Конституцию КР соответствующих статей в пользу узбекской нации: придания государственного статуса узбекскому языку в местах компактного проживания представителей узбекской национальности и создания узбекской автономной области. Что не могло не задеть честь и достоинство кыргызской части населения, в т.ч. жителей города Ош, а самое главное – не могло не способствовать активным действиям сепаратистско настроенных горожан

узбекской национальности повсеместно в разных частях города (например, в р-не чайханы «Фархад», в мкр-не Амир-Темур, возле школы им. Федченко, в мкр-не Туран возле магазина «Рано», по улице Демократической возле городской бани, в районе Шейит-Дөбө, по ул.Привокзальная и т.д.).

По всем вышеотмеченным фактам и событиям мэрией г.Ош в адрес Аппарата Временного Правительства КР систематически направлялись письменные информации о состоянии общественно-политической ситуации в городе Ош.

Несмотря на принимаемые меры, в ночь на 11 июня 2010 года примерно в 00.20 часов в УВД г.Ош поступило сообщение о том, что толпа людей узбекской национальности собралась возле гостиницы «Алай».

Немедленно был организован выезд на место происшествия следственно-оперативных групп УВД г.Ош и Сулайман-Тooского отделения милиции, группы быстрого реагирования и мобильной группы «Беркут» УВД г.Ош во главе с руководством УВД, личный состав УВД г.Ош был поднят по «тревоге» с выдачей всем сотрудникам табельного оружия. В ходе выяснения причин установлено, что стычка произошла из-за спора между кыргызами и узбеками, возникшего в казино «Кристалл», расположенного по ул. Навои г.Ош, недалеко от гостиницы «Алай».

В связи с этим мэр г.Ош Мырзакматов М.Ж. дал указание своему заместителю – вице-мэру г.Ош Сабирову Ш.М. срочно выехать на место происшествия, где группа депутатов городского Кенеша узбекской национальности проводили разъяснительные работы. У гостиницы «Алай» скопились люди в количестве около 2 тысяч человек узбекской национальности, которые вели себя агрессивно и нападали на здание гостиницы. Сотрудниками УВД города Ош были предприняты попытки остановить разъяренную толпу, однако собравшиеся граждане стали избивать сотрудников милиции и никак не отреагировали на попытку остановить их.

Около 00.30 часов из района Шейит-Дөбө и мкр. Амир-Темур (где компактно проживают горожане узбекской национальности) неизвестными лицами были выпущены 2 красные ракеты, а также в мечетях по громкоговорителю была прочитана молитва и прозвучал призыв к началу войны. Следует отметить, что все домовладения горожан узбекской национальности в местах компактного проживания были помечены надписями «SOS».

Мэрией города Ош были приняты незамедлительные и конкретные меры организационного характера, направленные на урегулирование межнационального конфликта и возвращение к нормальной жизнедеятельности города.

В эту же ночь на 11 июня мэр г.Ош Мырзакматов М.Ж. обратился к жителям города через телевидение Мезон-ТВ с призывом к спокойствию, миру, не поддаваться провокациям, направленным на дестабилизацию общественно-политической ситуации и не допускать нарушения общественного порядка.

С первых дней массовых беспорядков мэр г.Ош Мырзакматов М.Ж. лично возглавил работу по координации действий силовых структур и правоохранительных органов по обеспечению стабилизации ситуации. Он организовал совместно с комендантом города Ош Асановым К.С. встречу с заместителем министра внутренних дел Кыргызской Республики Турганбаевым М., командующим внутренними войсками МВД КР Арбаевым С.А., командующим ЮГВ Икрамовым И., с которыми совместно посетили горячие точки города: в ночь с 10 на 11 июня 2010 г. в районе гостиницы «Алай», затем с 11 июня – в районе мкр.Манас-Ата, а затем в районе мкр.Ак-Тилек (Черемушки). Также встретился и обсудил ситуацию с членами Временного Правительства КР Текебаевым О.Ч., Бекназаровым А.А. и Чотоновым Д.

Днем 11 июня 2010 года сотрудниками мэрии г.Ош совместно с ректорами ВУЗов, ССУзов и Южной Группировкой Войск эвакуированы более 1500 студентов из опасных участков под

прикрытием бронетехники и временно были размещены в Доме политпросвещения, затем часть студентов была направлена в ЮГВ, а другая часть в учебные корпуса ОшГУ в мкр. Курманжан-Датка (Юго-Восток). Путем организации переговоров с лидерами обеих национальностей организована эвакуация граждан из опасных участков, всего вывезены в безопасные места 1254 граждан. Кроме того, были обеспечены автобусы для вывоза в безопасные места и доставки в аэропорт более 3500 иностранных граждан и более 1500 граждан КР.

12 июня 2010 г. всем эвакуированным жителям и студентам мэрией г.Ош была организована раздача первой гуманитарной помощи, предоставленной магазином «Народный».

Руководство города, не останавливаясь на достигнутых и предпринятых мерах по обеспечению в городе нормальной жизнедеятельности, в частности бесперебойного обеспечения города чистой питьевой водой, электроэнергией и телефонной связью, возобновлению работы полностью парализованного общественного транспорта, в настоящее время продолжает соответствующую работу по должному поддержанию в городе необходимого жизнеобеспечения населения.

В целях обеспечения безопасности была прекращена подача газа от ГРС «Ош» с 24.00 часов 10.06.2010 г. По согласованию с ОАО «Кыргызгаз» возобновлена подача газа с 05.07.2010 г. в частные жилые дома, где была обеспечена явка газопотребителей. По состоянию на 26.07.2010 г. осуществлен пуск газа свыше 50 тысяч потребителям частного сектора и многоэтажных жилых домов, что составляет 85,8% от общего числа абонентов.

Принимая во внимание то, что в разрешении вопросов скорейшего нормального обустройства прежней спокойной жизни города, его чистота и благоустройство играют не последнюю роль, с первых дней для очистки города от мусора после пожаров, погромов, поджогов привлечено 14 ед. техники, 109 рабо-

чих Ошского комбината благоустройства и зеленого хозяйства, а также 20 водителей, 26 грузчиков, 20 мусоровозов МП «Спецавтобаза». Вывезено с территории города более 25 тыс. куб. мусора, при этом следует отметить, что убрано и доставлено в специально обустроенное место 116 сожженных автомашин.

Для организации очистки города, приобретения спецтехники и восстановления работы пострадавших зданий и спецтехники коммунальных служб города мэрией города Ош выделены коммунальным службам денежные средства в сумме 14 млн. 923,1 тыс.сомов за счет средств, поступивших из республиканского бюджета.

Наряду с проведением очистки города завершен ремонт городских дорог (ямочный) согласно утвержденному титульному списку объектов подлежащих текущему ремонту, на что было выделено 1 млн. 506,9 тыс.сомов за счет средств, поступивших из республиканского бюджета.

С 19 июня 2010 г. по сегодняшний день в обычном рабочем режиме функционирует пассажирский транспорт. Для восстановления разгромленных и сожженных троллейбусов (5 ед.) и автобусов (20 ед.) Ошского городского муниципального автотранспортного предприятия, приобретения ГСМ, автозапчастей и других расходов мэрией г.Ош выделено в сумме 3,0 млн.сомов.

В связи со сложившейся ситуацией в городе в точках общественного питания выявлены остатки испорченных мясных продуктов, требующих вывоза и уничтожения, а также дезинфекции помещений и прилегающих территорий мэрией г.Ош совместно с центром государственного санитарно-эпидемиологического надзора во избежание вспышек инфекционных болезней немедленно было начато проведение дезинфекционных мероприятий.

Имелись факты распространения слухов неизвестными лицами, приведших к панике среди населения города об отравле-

нии питьевой воды ядохимикатами, которые при проверке не подтвердились. Тем не менее эти слухи не могли не приниматься во внимание и впоследствии был организован отбор проб питьевой воды каждые 2 часа.

Обработаны дезинфицирующими средствами холодильные камеры морга, где хранились трупы и судебно-медицинской экспертизы, расположенные при территориальной городской больнице и Ошской областной клинической больнице, на что было выделено мэрией 5 млн. 720,0 тыс. сомов. Также для изготовления спецупаковок на захоронение неопознанных трупов были выделены 25 тыс.сомов.

За время трагических событий в городскую больницу обратились 253 пострадавших, из них 149 госпитализированы в отделения городской больницы, 104 пострадавшим была оказана амбулаторная медицинская помощь. Переведены в другие лечебные учреждения 4 пострадавших (1 – в г. Бишкек, 3 – в областную больницу), из других лечебных учреждений переведены 3 пострадавших. Всем обратившимся оказана первая медицинская помощь, в т.ч. неотложная (первичные хирургические обработки ран).

Из 149 госпитализированных 54 пострадавшим произведены сложные операции на внутренних органах грудной клетки, брюшной полости, головном мозге и позвоночнике, сосудах и конечностях. Некоторым пострадавшим произведены повторные этапные операции.

В настоящее время из 149 пострадавших (список пострадавших, поступивших в ТГБ г. Ош с 11.06.10г. по 28.07.10г прилагается), выписаны 146, находятся еще в отделениях - 3, им предстоят повторные оперативные вмешательства.

Систематически уточнялся список умерших, а также пострадавших, поступивших из Андижанской области РУ.

Кроме того, мэрией города Ош было определено временное место проживание для беженцев и внутренне-перемешенных

лиц, эвакуированных из опасных участков более 1254 гражданам. Были установлены временные палатки для пострадавших жителей: 1) в районе «Кирпичный», где проживали 79 семей, вывезенных из приграничного села Кызыл-Кыштак (участок бывшей молочно-товарной фермы); 2) в летнем детском оздоровительном лагере «Жаштык», где находились свыше 150 переселенцев. Здесь проживали, в основном, люди с ограниченными физическими возможностями и семьи, у которых сожжены жилые дома; 3) возле автобазы «Сулайман-Тоо» для эвакуированных пострадавших. Для пострадавших 702 семьям в количестве 4038 человек предоставлены 831 палаток, также им оказана медицинская и гуманитарная помощь.

В целях предотвращения распространения инфекционных заболеваний среди временно проживающих в лагерях проводились профилактические и противоэпидемические мероприятия, были обеспечены дезинфицирующими средствами, организована встреча с ними, проведена беседа по соблюдению правил личной гигиены и профилактике острых кишечных, капельных и других инфекционных заболеваний.

Следует отметить, что в настоящее время в связи со стабилизацией общественно-политической ситуации в городе все беженцы возвратились в места постоянного жительства, кроме 42 семей (76 чел.) с ограниченными физическими возможностями, у которых сожжены жилые дома и временно эвакуированных пострадавших граждан в летний детский оздоровительный лагерь «Жаштык».

Тенденция развития миграционных процессов на 01.07.2010 года следующая. По данным органов статистики число выехавших всего составило 1720 человек, из них выехавших за пределы страны 886 человек, в то время как прибыло 432 человека. В итоге миграционный отток составил 1281 человек.

Ситуация с внутренней миграцией выглядит следующим образом. Так, на 01.07.2010 года в город прибыло 395 человек,

в то время как 886 человек мигрировало внутри республики в другие районы и города, отток составил 491 человек.

На сегодня многие жители города выезжают за пределы страны по различным причинам, опасаясь безопасности своей жизни и в поисках работы. С 25 июня по сегодняшний день только через Ошский аэропорт выехали в города Москва, Екатеринбург, Красноярск, Новосибирск Российской Федерации около 20,0 тыс. человек.

На сегодня около 2238 человек числятся как перемещенные лица, из-за создавшейся угрозы безопасности жизни. В пионерском лагере «Жаштык» размещены 42 семей из 76 человек.

В целях упорядочения внутренних миграционных процессов и в соответствии с Указом Президента КР от 20.07.2010 г. УП № 50 «Об образовании межведомственной комиссии по стабилизации ситуации в городе Ош, Ошской и Джалал-Абадской областях» в Управлении труда, занятости и миграции города Ош созданы мобильные группы по регистрации вынужденных мигрантов, покинувших место своих жительств и переместившихся в другую местность в пределах города Ош, в силу обстоятельств, представляющих угрозу их жизни, здоровью и безопасности в результате массовых беспорядков и трагических событий, произошедших в городе Ош.

Мэрией города Ош в целях решения вопроса выдачи документов удостоверяющих личности жителей потерявших свои документы в период массовых беспорядков была проведена разъяснительная работа с квартальными комитетами по выдаче справок удостоверяющих граждан, проживающих на данной территории. По состоянию на 26 июля 2010 г. выдано 556 временных удостоверений личности (ВУЛ) жителям г. Ош на бесплатной основе, из них потерявшим при пожаре – 292, по утере документов – 264.

Особое внимание с первого дня массовых беспорядков уделялось и уделяется вопросам воспитания и образования детей.

По состоянию на 27 июля 2010 года для отдыха детей в здравницах Ыссык-Кульской области отправлено 633 детей.

Кроме того, организован летний отдых в пансионате Ыссык-Кульской области село Сары-ой для 60 воспитанников семейных детских домов «Лотос», «Алтын уя» и дома-интерната «Боорукердик».

В профилактории им.Мамакеева с 1 июля отдохнули 62 детей – 1 поток на 10 дней. С 12 июля 2010 г. отправлено 86 детей – 2 поток на 10 дней. Обеспечена охрана лагеря из числа сотрудников УВД города Ош.

В детском оздоровительном центре «Жаштык» с 17 июля открыт 1-й поток лагеря для 185 детей. Решен вопрос финансирования и путевки розданы бесплатно через управление образования города Ош. 1-й поток заканчивается 29 июля 2010 г.

При финансовой поддержке международной организации ЮНИСЕФ и при сотрудничестве с местными неправительственными организациями в городе Ош организованы детские игровые площадки.

В школах и детских садах города завершаются ремонтные работы, проводимые за счет средств, поступивших из республиканского бюджета.

В целях обеспечения общественного правопорядка была организована работа народных дружин из числа самых активных добровольцев - жителей города, встречи с активом и жителями города, а также разъяснительные работы среди населения через местные средства массовой информации. Большую помощь в этом плане городу оказало телевидение ЭлТР, с экранов которого в период с 12 июня по настоящее время к населению города неустанно обращаются наряду с комендантом и его заместителями, видные общественные деятели, авторитетные старейшины, представители органов государственной власти и местного самоуправления, руководители наиболее авторитетных женских и молодежных формирований города. В самые первые

и критические дни руководство мэрии г.Ош, ответственные сотрудники мэрии совместно с представителями комендатуры провели активную разъяснительную работу среди узбекской части населения в мкр. Амир-Темур, Туран, Достук (по ул.Ферганская, в р-не Дома интерната «Боорукердик»), Сулайман-Тоо (р-н Шейит-Дөбө») и в районе Фуркат. Активную позицию в вопросах разъяснительной и примирительной работы среди населения также заняла городская газета «Ош шамы», специальный номер которой был посвящен выступлению Президента Республики Узбекистан Каримова И.А. во время его рабочего визита в Бухарскую область, где он осудил вторжение на юг Кыргызстана провокационных третьих сил, разыгравших межэтнический конфликт между кыргызами и узбеками.

С учетом этой положительной тенденции мэрией города Ош для обеспечения бесперебойной работы в этом плане общественному телевидению ЭлТР выделено 50 тыс.сомов, и редакции городской газеты «Ош шамы» 500 тыс.сомов.

В рамках акции «Неделя примирения» по предложению жителей и общественности города Ош состоялись 30 встреч с местным населением, главной целью которых являлась достижение межнационального согласия и примирения.

Следует отметить, что и сегодня продолжается проведение разъяснительной работы среди жителей города, особенно среди молодежи по сохранению стабильности и правопорядка, примирению конфликтующих сторон, недопущению массовых столкновений межнационального характера, а также предупреждению и пресечению преступлений и правонарушений.

В городе Ош прошла молодежная кампания «Посеем мир в Оше», в которой приняли участие более 100 молодых волонтеров различных национальностей из г.Ош и Бишкека. В течение четырех дней молодые люди провели очистительные и восстановительные работы на аллее Алымбек Датка, на территории Ошского драматического национального театра и на аллее Юби-

лейная, где произведена посадка более 10,0 тыс. цветов, оформлены стены бассейна «Большая рыбка» в стиле граффити с призывом к миру. Данная кампания инициирована и реализована молодежью города Ош в целях сплочения интернациональной молодежи и оздоровления их отношений после июньских событий в Оше.

В целях правильного востребования в создавшейся ситуации потенциала религиозных организаций, мэрия города Ош в тесном контакте работает как с православной церковью, так и мусульманскими имамами, муфтиятом по проведению разъяснительной работы на предмет примирения. Особенно активно с учетом менталитета узбекской части населения, его тяги к авторитетным лидерам, в т.ч. из религиозных деятелей, в последнее время участились встречи мэра города Ош с населением с участием вновь назначенного городского казы Маматова Ш. и его заместителя Ташходжаева Анасхана (по национальности узбека), на которых он лично выступает перед населением каждого территориального совета с разъяснением нынешней политики Президента Кыргызской Республики Отунбаевой Р.И.

Следует особо отметить то, что с учетом создавшейся в первые дни массовых беспорядков продовольственной недостаточности в городе, начиная с жизненно важных продуктов как хлеб, масло, соль и т.д., а также потребности пострадавших от поджогов и мародерства населения в товарах первой необходимости в виде матрацев и одеял, во избежание впредь гуманитарной катастрофы, распоряжением мэрии г.Ош от 12 июня 2010 года № 192-Б создана комиссия для обеспечения приема и распределения гуманитарной помощи, поступающей в город Ош. В состав комиссии вошли руководители учреждений, организаций и депутаты городского Кенеша в количестве 13 человек, соответствующее положение о порядке работы этой комиссии утверждено постановлением городского Кенеша от 20 июня 2010 года №181, поступление и

распределение гумпомощи строго рассматривается данной комиссией.

В город Ош гуманитарная помощь начала поступать с 13 июня 2010 года. При приеме и доставке гумпомощи из аэропорта до назначения обеспечивается специальная охрана из работников мэрии, МЧС и правоохранительных органов. Для приема гумпомощи организован специальный склад, для погрузки и разгрузки выделены разнорабочие, которые обеспечены охраной и для их содержания мэрией города Ош выделено 810 тыс.800 сомов.

С 13 июня по 27 июля 2010 года в распоряжение мэрии г.Ош поступило 210 шт. палаток, из них: из России 25 шт., из Пакистана 125 шт., из Индии 50 шт. и из Китая 10 шт. Кроме того, поступило 4555 штук одеял, из них из России - 3255 шт.

За вышеуказанный период всего поступило 1847,8 тонн гуманитарной помощи, из них продукты питания: 1755,8 тонн, уголь 30 тонн, медикаменты 15,1 и другие 77,1 тонн.

Международными и неправительственными организациями оказана гумпомощи всего 1511,9 тонн. Из них муки 1344,1 тонн, масло 121,9 тонн, печенье 45,8 тонн, сахара 29,3 тонн и рис 160,7 тонн, палаток 383 шт., ПХТ -тент 1401 шт., кухонный набор - 401 шт., одеял- 4204 шт., и матрацы - 120 шт.

Временным Правительством КР были выделены городу Ош за счет республиканского бюджета (средства передаваемые) в сумме 35 млн. 888 тыс. 300 сомов для организации питания беженцев и военнослужащих, а также восстановительной работы коммунальным службам города.

На сегодняшний день указанные средства полностью распределены по назначению согласно постановлений Ошского городского Кенеша депутатов и распоряжений мэрии города Ош. Необходимо подчеркнуть, что для функционирования развернутой на центральной городской площади полевой кухни для силовых структур были выделены из вышеуказанных средств 2 млн.400 тыс.сомов.

В период с 11 по 26 июня т.г. для организации бесперебойной работы хлебзаводов и хлебопекарных цехов в целях обеспечения населения и бюджетных учреждений свежим хлебом мэрией г.Ош доставлено муки, поступающей из фонда госматрезерва и по линии гуманитарной помощи всего 35,5 тонн и выделено на производство хлеба 1 млн.22 тыс. 500 сомов (выпечено всего 73087 шт. свежего хлеба), который по заявкам своевременно доставлялось до жителей территориальных советов. При этом следует отметить, что со стороны неизвестных лиц были неоднократные попытки поджога хлебзавода в целях воспрепятствованию его работы в обеспечении хлебом населения города.

В соответствии с распоряжением мэрии города Ош от 30.06.2010 года № 245-б созданной комиссией проведено обследование пострадавших жилых домов и объектов на территории г. Ош. Всего пострадали 632 домов, 120 объектов торговли и оказания услуг населению, 9 государственных и муниципальных объектов (школы, офисы и др.), объекты инфраструктуры (газоснабжение, транспортного обеспечения и др.) с общей стоимостью 1328658,9 тыс.сомов. Распоряжением мэрии города Ош от 15.07. 2010 г. №274-б Ошскому городскому управлению по землеустройству и регистрации прав на недвижимое имущество выделены денежные средства в сумме 350,0 тыс. сомов для восстановления архивных документов и справок. Документы обследованных объектов уточняются через Ошский городской госрегистр и по результатам будут приняты меры по восстановлению утерянных документов.

Вместе с тем необходимо отметить, что в самом начале массовых беспорядков в городе Ош из-за отсутствия необходимой координации взаимодействия городских властей и всех силовых структур со стороны Временного Правительства КР и присутствия многочисленных журналистов, в т.ч. иностранных, не аккредитованных в установленном порядке, в городе Ош

была проиграна информационная война. Зарубежные средства массовой информации с подачи отдельных неправительственных организаций передавали через Интернет информацию о том, что якобы, в городе Ош допущен геноцид в отношении узбекской части населения, к сожалению, такая подача информации продолжается за последнее время и авторитетными международными организациями, что явно не способствует проводимой в городе большой и положительной для самого населения примирительной работы. А с учетом того, что погибли граждане обеих национальностей и считаются пропавшими без вести 35 человек кыргызской национальности и по их поиску и обнаружению недостигнуто каких-либо результатов – состояние морально-психологического климата оставляет желать лучшего.

Среди кыргызской части населения города и общественности многие не согласны с утверждением о присутствии геноцида в отношении узбекских сограждан. Мэрией города Ош организована необходимая работа по запросам родственников погибших и пропавших без вести, по организации для них социальной, медицинской и гуманитарной помощи. Так, представителю каждой семьи, члены которой пропали без вести выделено по 10,0 тыс.сомов для передвижения в связи с их заботами по розыску родных, организовано горячее двухразовое питание (в обед и ужин), общая сумма выделенных средств составляет 275,0 тыс.сомов. По настоянию этих граждан в сквере возле здания мэрии г.Ош разбит временный палаточный городок из 3 юрт и 4 палаток, обустроен штаб (для созданного ими общественного объединения «Ош шейиттери»). Кроме того, их представители ежедневно в составе поисковой группы из числа сотрудников силовых структур принимают участие в так называемых операциях по зачистке отдельных кварталов города, в которых систематически обнаруживаются захоронения уже неузнаваемых трупов погибших во время беспорядков лиц, на ДНК-исследование которых сегодня требуется значительная сумма финансо-

вых средств. Ввиду того, что в республике нет лабораторий для проведения ДНК-исследований по проведению идентификации личности и что это исследование возможно лишь в городе Москва или Алматы и на это требуется достаточно длительное время, - как вопросы объективности и беспристрастности следственных органов и других силовых структур, так и сохранения среди родственников погибших и пропавших без вести чувства терпимости и достижения от них стремления к примирению остается на сегодня злободневной проблемой, с учетом того, что права которых и права погибших их родственников до сих пор не защищены государством.

Созданная под руководством вице-премьер-министра КР Абдуллаевой У.А. межведомственная комиссия по выяснению причин массовых беспорядков, имевших место 10-11 июня 2010 г. начала свою работу в тесном и согласованном с органами местного самоуправления города Ош взаимодействии, способствующего объективному и отвечающему интересам всех горожан южной столицы и требованиям справедливого расследования истинных причин этих беспорядков. Необходимо при этом отметить роль и место силовых структур Кыргызстана, способных, как показала горькая практика, профессионально и добросовестно справляться с возложенными на ними функциями по защите безопасности государства, граждан и общественного правопорядка.

В связи с этим мэр города Ош Мырзакматов М.Ж. 29 июня 2010 г. выразил благодарность комендантам города Ош и Ошской области, руководителям и сотрудникам областного и городского УГСНБ, УВД, внутренних войск, городской службы финансовой полиции, прокуратуры за проявленные профессионализм и оперативность в обеспечении общественной безопасности в период Ошских событий и отличившимся руководителям и сотрудникам вручил денежные премии на общую сумму 1 млн. 370 тыс.сомов. Также мэр города вручил по 50 тыс. сомов семь-

ям погибших при исполнении служебных обязанностей во время массовых беспорядков в селе Нариман начальника Карасуйского РОВД Султанова А.К. и его водителя Шамурзаева У.Ж.

На основании вышеизложенного мэрия города Ош вносит следующие предложения во избежание впредь конфликтных ситуаций и массовых беспорядков:

1. В целях сохранения в дальнейшем целостности государства и стабильности не допускать различные выступления через телерадиокомпании и опубликования статей в печатных изданиях и пресекать провокации, направленные на дестабилизацию общественно-политической ситуации и разжигание межнациональной розни.

2. Принять самые безотлагательные меры по привлечению к уголовной ответственности зачинщиков массовых беспорядков во главе с Батыровым К., Абдрасулова И., Абдуллаевой К., Сабирова Д., руководителей телекомпаний ОшТВ, Мезон-ТВ и др., откровенно призывавших в течение мая месяца 2010-г. граждан узбекской национальности к массовым беспорядкам и создания узбекской автономной области и т.д.

3. Поручить Национальной комиссии по изучению причин трагических июньских событий, произошедших в городе Ош провести всестороннее и объективное изучение причин, последствий и выработке рекомендаций по трагическим Ошским событиям, произошедшим в июне 2010 года.

4. Учитывая напряженную ситуацию, связанную с июньскими событиями и в целях недопущения дестабилизации, связанных с проведением парламентских выборов в октябре 2010 года и возможными недовольствами отдельных партий по их результатам необходимо создать равные условия всем политическим партиям при выборных процессах.

22 – 700

# КАНДУУ КАЛАБАГА КҮБӨЛӨРДҮН КӨРСӨТМӨСҮ



**Таалайбек кызы Нурдана, ОшМУнун физика-техника факультетинин 4-курсунун студентти, №1 жатакананын жашоочусу:**

«2010-жылдын 10-июну. Бул күнү мен сессияга кызуу даярданып жатканмын. Биз жашаган №1 жатакананын бардык студенттери эч нерседен кабарсыз алдыдагы жайкы сессияга даярданып жатышкан. Ошол күнү кечки саат 23-24кө жакын кыздар менен эшикте олтурганбыз. «Алай» меймканасы тараптан алгач 15-20 адамдардан турган топ ызычуу салып өтүп кетишкен. 20 минутадан кийин алардын саны көбөйүп, жатакананын жанында айланчыктап, №2 жатакананын терезелерин талкалай башташты. Жатакананын студенттери ызы-чуу болуп, кыздар ыйлап, балдар эшикке карай чуркай баштады. Ошол күнү мөөнөттө турган вахтер эже бардык студенттерди жатакананын чатырына чыгарып жатты. Бул убакта биз көчөдөн өзбек улутундагы адамдардын кыйкырышып, сөгүшүп жолдон өткөн машиналарды токтотуп, талкалашып жатканын көрүп турдук. Биз эч нерсени түшүнө алган жокпуз, эркек балдар колуна тийген темир, жыгачтар менен эшиктин оозунда туруп, биз жатакананын чатырында 4 саатка жакын убакыт отурууга аргасыз болдук. Эшиктеги үндөрдөн,

атылган октордон, күйүп жаткан машиналарды көрүп, кыздардын эси ооп, ызы-чуу болуп, ыйлап жатышты. Ал убакта сырттагы тополоң салып жаткан топтун кирип келишине, биздин алардан оңой тирүү кутулаарыбыздан үмүтүбүз жок калган эле. Эптеп таң атырсак, жардам келип калаар деп Кудайдан сурап жаттык.

Саат 4 чамасында жатакананын студ.кеңешинин башчысы баарыбызды 1 кабатка түшүрүп, баарыбызды топтоду. Андан кийин №3 жатакананын студенттерин чогултуп, мэриянын имаратына алып барабыз деп айтышты. Жардам келгенине кубанычыбыздан ыйлап жаттык. Ошол учурда 900гө жакын студент Курманжан Датка көчөсүнө, бизге жардамга келген аскер кызматкерлери менен биргеликте чыктык. Жолдо ар бир кыргыз улутундагы адамдар иштеткен мекемелер күйүп, өзбектердики ордунда турганын байкадык. Бизди жолдо алып келе жатканда кокусунан өзбек топтору бизге кол салышып, бактардын арасынан таш менен уруп жатышты.

Көптөгөн кыйынчылыктар менен биз мэриянын чоң залына жетип бардык. Ал жерде бизди ректорубуз, агайларыбыз, Ош шаарынын мэри тосуп алып, окуя боюнча түшүндүрүп жатышты. Ошол учурда Ош шаарынын мэри чыгып, бардык студенттерге колунан келишинче жардам берип, окуянын мындан аркы өрчүшүнө жол бербей тургандыгын, бардык иштерди көзөмөлгө ала тургандыгын айтты. Ошол учурда ал сөздөр бизге ушунчалык керек болчу, биз жардамга жана жакшы сөздөргө муктаж болчубуз. Саат 6 чамасында атайын уюштурулган автобустар менен студенттерди Ош шаарынын аскер бөлүмүнө алып барды. Ал жерден ар бир студент бара турган жагына бөлүштүрүлүп жөнөтүлүп жатты».



**Нурзат Шералиева, ОшМунун профкомунун иш алып баруучусу:**

«2010-жылдын 10-июнь күнү. Бул күндү эстесем, азыр да денеми калтырак басып кетет. Ошол кезде мен Ош мамлекеттик университетинин №3-жатаканасында жашачумун. Күндөгүдөй эле бөлмөдөгү кыздар менен эч нерседен бейкапар, ЭлТР телеканалынан «Билерман ордо» программасын көрүп олтурганбыз. Жатакана өзбек туугандар отурукташкан көчө жакта жайгашкандыктан, көчөдөн өзбек тилинде сөгүнгөн, кыйкырык салышып, ызы-чуу чыгарган үндөрдөн улам, балдар өзүнчө мушташып жаткан го деп маани деле бербей олтурганбыз. Саат 23төр аралыгы. Бирок, ызы-чуу күчөй берди. Биз коркконубуздан эч нерсеге түшүнбөй эле, шок акыбалда, вахтер эжебиздин жанына барып олтурдук. Аңгыча көздөрүн алайткан студенттер да биринчи кабатка вахтага чогулуп калышты. Жатакананын айнек терезелерин тепкилеген өзбек балдарынан чочулап, баарыбыз жогорку кабаттарга чыктык, эркек балдар эшик жакты кайтарып калышты.

Баягы ызы-чуу «Кара Алма» кафесинин жанында күчөгөндөн күчөп жатты. Терезеден баарыбыз кафе жакты карап, жакшылыктан үмүт үзбөй, тополоңдун токтошун күтүп жаттык. Тескерисинче, колдоруна арматура, жоон таяктарды көтөргөн өзбек улутундагы балдар түшүнүксүз эле кыйкырык салышып, ары-бери жүгүрүп жүрүштү. Акыры ошол тополоң мылтык үнүнүн тарсылдашына чейин келип жетти. Бөлмөдөн ызылдап чуркап чыгып, кантсе да терезеси жок деп, коридордо бирибизди-бирибиз сооротуп, жаратканга тобо кылып жаттык. «Тарс-тарс» деп мылтыктын үнү тынбай, жаныбызды сууруп алчудай сезилип, согуш деген ушубу дегенчелик ар кимибиз ар ойдо, көзүбүздүн жашын көлдөтүп ыйлап, ар кимге телефон чалып, жардам сурап жаттык. Бизден кабар алганы комендантыбыз Кылыч агай келип, бизди сооротуп жатты. «Качан жатаканага кирип келет,

биз эми эмне болобуз?» – деген чочулоо менен баарыбыз имараттын чатырына балдарыбыздын жана агайларыбыздын жардамы менен чыгып кеттик. «Эч кимиңер добушуңарды чыгарбагыла, алар бизди көрүп калат, телефонуңу өчүр» деп шыбырашып, ыйласак да оозубузду бекитип ыйлап олтурдук. Оо кудай! Бул не деген шумдук! Мылтык үнү тарсылдай берди. Бир кезде асмандан мөндүр жаагандай эле туптуура эки мүнөтчө ок атылды. Чатырга тийген октун тарсылдагынан анча-мынча адам коркконунан тиги дүйнөгө кетип калчудай, «эми өлүп калат экенбиз да» – деген ой мээмден чыкпай койду.

Бир маалда «Тез түшкүлө, оперативдик топтор келип тынчытышты, биз бул жерден тез чыгып кетели, жатакананын арт жагындагы АЗС жакта өрт болуп жатат. Жарылып кетиши мүмкүн. Баарыбыз азыр шаардык мэрияга барабыз» – деген агайыбыздын маалыматынан чуру-чуу сыртты көздөй атып чыктык. Сыртка чыксак, коңшу жайгашкан №1-2 жатаканалардын студенттери да чыгып баратышыптыр. 900гө чукул студенттер Курманжан датка көчөсү менен бараттык. Чочуп-үркүп денебизди калтырак басып, чоң жол менен бара жаттык. Жолмо-жол өрттөнгөн имараттар, машиналар. «Коркконго кош көрүнөт» болуп, тарсылдаган үн чыкса үркүп калабыз, бири-бирибизди түрткүлөп. Ошентип шаардык мэриянын чоң залына келип, кайра ал жерден бизди автобус менен аскердик бөлүккө алып барып, кыскасы, колдон келген жардамдарын берип жатышты. Шаардын мэринин жардамы менен ал жерден студенттерди региондор боюнча бөлүп, айылдарына жөнөтүштү».

## ЭЛ БАШЫ ЭМНЕ ДЕЙТ, ОЙ-ТОБО

### Р.Отунбаева: «Тоодон жинденген жаштар түшүп... тынч элге ок ата башташты»

**30-июнь, 2010-жыл**

**«Акипресс» сайты, «Баракелде» – Кыргызстандын өткөөл мезгилинин президенти Роза Отунбаева «Эль Паис» испан гезитине берген маегинде белгилегендей, Оштогу тополоң күтүүсүздөн тез башталып кетти.**

«Эми мени мурдатан мындай иштин алдын алыш керек болчу деп жемелеп жатышат. Кантип? Баары 10-июнда чагылгандай тез башталды. Тополоң башталганда, катышуучуларын арачалоого мүмкүн болду, бирок түн ортосунда мага телефон чалып ойготушту, жарым сааттан кийин эле биз өкмөт жыйынын өткөрүп жаттык. Түштүккө коргоо министри Исмаил Исаков жөнөтүлгөн, түнү бою ал жерге аскерлерди жана спецназды жиберип жаттык. **Эртең менен болсо тоодон жинденген жаштар түшө баштады. Алар өкмөт мүчөлөрүн: «Өзбектерди коргоп жатасыңар» – деп тик учагын ташбараңга алышты. Ошто адамдар массалары аскер техникасын басып алып, тынч элге ок ата баштышты», – деп айтып берди Р.Отунбаева.**

«Биз өрттөнүп, канга чөмүлүп жатканда, жардам сурагандан тажаган жокмун, ошол эле убакта интернет-форумдарда улутчулдук гүлдөп, жаштар: «Өз күчүбүз менен баарын жөнгө салабыз, эмнеге жардам сурайсың» – деп мени басынтып жатты. Кечинде 12-июнда мен Медведев менен байланыша алдым. Кан төгүү азая баштаганда, ОДКБ 14-июнда жыйналды жана эмдигиче анын бир да чечими ишке ашырыла элек. ОДКБ тик учак, танктар, атайын техника, жаш чыгаруучу газ жана резина октору убада кылышкан. Ошто мунун бири да жок. Бишкекте бар болчу, бирок Бакиев анын баарын бизге каршы колдонуп короткон», – деди Р. Отунбаева испаниялык гезитке.

# КАНДУУ КООГАЛАҢДЫН ОШ ШААРЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

# «...ЖАМАНДЫН КЕСЕПЕТИ»

## 2010–жылдын июнь айында болгон улуттар аралык жаңжалда келтирилген зыян боюнча Ош шаардык мэриясынын маалыматы

Чынында былтыркы кандуу коогалаңдан эң көп жабыр тарткан Ош шаарынын көп улуттуу калкы болду. Ошондой эле мамлекеттик, муниципалдык, кичи жана орто бизнес чөйрөсү, жеке менчик обьектилер, турак жайлар, жана элибиз орду толгус материалдык жана моралдык чыгымдарга кабылды.

Белгилеп кетүүчү нерсе, ошол коогалаң күндөрү Ош шаарынын аймагында жайгашкан көптөгөн мамлекеттик жана мекеме-ишканалар кол салууга учурап, өрттөнүп, таланып-тонолуп кеткендиги баарыбызга маалым.

Атап кетсек, Р.Абдыкадыров атындагы Улуттук филармония, шаардык МАИнин кеңсеси, МАИнин курулуш монтаждоо эксплуатациялык башкармалыгы, транспорттук инспекциясынын Ош шаардык башкармалыгы, шаардык муниципалдык транспорттук автобаза, жүргүнчүлөрдү ташуу транспорт агенттиги, муниципалдык суу чарба башкармалыгы, муниципалдык турак-жай коммуналдык башкармалык, Ош электр тармактар ишканасы, электр энергиясын сатуу ишканасы, жолдор башкармалыгы, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү комбинаты, «Атайын автобаза» муниципалдык мекемеси, жарыктандыруу мекемеси, шаардык газчарба башкармалыгы, Жылуулук камсыздоо мамлекеттик ишкана жана башка ушул сыяктуу калк-

ты тейлөөчү коммуналдык кызматтардын кеңселери, имараттары, өндүрүш, материалдык базалары, техникасы, шаймандары жабыркап, жалпысынан 1,61 млрд. сомдук чыгымга дуушар болгон.

2010-жылдын июнь айында болгон окуяларга байланыштуу жабыр тарткан жарандарга жана мекемелерге мамлекеттик жардам көрсөтүү максатында Ош шаарынын мэриясынын атайын кабыл алынган буйругунун негизинде ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн.

Ушул түзүлгөн комиссиянын жыйынтыгы көрсөткөндөй коогаландуу окуялардын кесепетинен Ош шаары боюнча жалпысы 1168 коммерциялык, 9 мамлекеттик, муниципалдык, 15 инфрастуктура, коммуникация жана 10 ар түрдү башка обьектилер жабыр тарткан.

Жалпы жабыр тарткан субьекттердин саны 2,1 минди түзүп, келтирилген зыян 2,1 млрд.сомду түздү.

Жабыр тарткан ишкердиктерге келтирилген зыянды аныктоо үчүн атайын жумушчу топ түзүлгөн. Документтерди тапшыруу үчүн газета, телевидение, интернет, уюлдук телефондорго СМС жөнөтүү аркылуу бир нече жарыялар берилген.

Иштин жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2011-жылдын 18-февралынын № 57 токтомунун негизинде июнь айындагы каргашалуу окуялардан жабыр тарткан ишкерлердин саны Ош шаары боюнча 1238 субьект түзүп, келтирилген зыяндын көлөмү 1344,6 млн. сомду түздү.

Экинчи этабында 190 ишкер тарткан зыяндын көлөмү 307,4 млн. сомду түзүп, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2011-жылдын 21-июнунун № 333 токтомунун негизинде тизмеси бекитилген.

Бардыгы болуп 1428 ишкер, 1652,0 млн. сом зыян аныкталды.

1428 ишкерлердин ичинен 148 – юридикалык, 1280 – физикалык субьект, ошондой эле, 1148 - соода, 54 - кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө, 21 – өнөр-жай, 10 – курулуш жана башка тармактарында иш менен камсыз болгону аныкталган.

Ал эми жабыр тарткан жарандардын көпчүлүк арыздарын жана кайрылууларын эске алып, бүгүнкү күндө 2250дөн ашык түрдүү коомдук бирикмелердин, мэриянын өнөр-жай жана ишкердүүлүктү өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан кабыл алынган тиешелүү документтерди толуктоо жана аныктоо жүргүзүлүүдө. Тизмеге Ош шаары менен бирге Ош облусунун жабыр тарткан атуулдары дагы киргизилген.

Бүгүнкү күндө 1428 ишкер гана жогорудагы аталган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун негизинде бекитилген реестрлерге киргизилип, 50 миңден 200 миң сомго чейин компенсация жана жеңилдетилген кредит алууга укуктуу. Бирок, шаар боюнча 2010-жылдын июнунда болгон окуяга чейин 7 миңден ашык жаран ишкердүлүк менен алектенип, анын ичинен 4,5 миң ишкер патент системасында туруктуу иштеп турганын эске алсак, бул өтө аздык кылат.


Шаардагы жайгашкан банктар, микрокредиттик мекеме-уюмдардын өткөн коогаланда жабыр тарткан ишкер-заемщиктер тууралу берилген маалыматы боюнча, 803,1 млн. сомдук кредит алган 6448 ишкер-заемщик жабыр тарткан.

Ал эми түз келтирилген зыяндан тышкары көпчүлүк тармактарда терс көрсөткүчтөр байкалууда.

Шаардык экономиканын оорчундуу бутактары болгон тышкы жана экономикалык саясаты начарлап, күтүлүүчү инвестициялардын келишине бөгөт койду.

2010-жылдын 5 айында экономика тармагында бир топ жетишкендиктер болгон. Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмдүн индекси 213 % ге чейин өскөн, жылдын жыйынтыгы боюнча болсо 2009-жылга салыштырмалуу 87 % ке чейин азайган.

| Өнөр жай продукциясынын көлөмү, млн.сом | | | | Физикалык көлөмүнүн индекси, % | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь-май | | январь-декабрь | | январь-май | | январь-декабрь | |
| 2009-жыл | 2010-жыл | 2009-жыл | 2010-жыл | 2009-жыл | 2010-жыл | 2009-жыл | 2010-жыл |
| 628,3 | 897,8 | 1 627,3 | 1 802,6 | 84,0 | **213,2** | 100,3 | **87,6** |




Шаар боюнча негизги 37 өнөр жай ишканаларынын ичинен өткөн отчеттук мезгилине карата 22 ишкана өсүү темпин камсыз кыла албады.

9 ири өнөр жай ишканалары тонолуп жана күйүп талкаланган, аларга келтирилген зыян 63 млн. сомго жеткен.

22 туруктуу иштеп жаткан ишканаларда өндүрүш токтогон, атап айтсак, «Текстильщик», «Ак-каз», «Кыргызжиптекс», «Инотекс», «Корпорация Саламат», түрк жана кытай биргелешип ээлик кылган бир топ курулуш материалдарын өндүрүүчү ишканаларды айтсак болот.

Июнь окуясынан кийин шаардагы кырдаалга байланыштуу соода түйүндөрү, Борбордук жана Жайма базарлары толугу менен токтоп калган. 4,5 минден ашык сатуучулар иш орундарынан айрылган.

2010-жылдын жыйынтыгы менен соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди оңдоонун жүгүртүү көлөмү 12,9 млрд.сомду түздү, ал 2009-жылга салыштырмалуу азайып, 77,3 % түзгөн.

2011-жылдын 5 айында бул көрсөткүч 5,8 млрд.сомго жетип, физикалык көлөмүнүн индекси 72,5 % ашпаган.

Чекене товардын көлөмү 9,7 млрд.сомду түзүп, ал эми 2009-жылга салыштырмалуу 26,8 % азайган.

2011-жылдын 5 айдын ичинде чекене товардын көлөмү 4,3 млрд.сомду түзүп, физикалык көлөмүнүн индекси 25,9 % азайган.

Керектөө бааларынын индекси 23,0 % өскөн.

2010-жылдын январь айына салыштырмалуу жылдын аягына чейин буудай, ун, нан, кумшекер, семичке, пахта майы, кой, уй эти, бензин, солярканын орточо баалары 38 – 77 пайызга кескин кымбаттаган.

2011-жылдын 5 айында керектөө бааларынын индекси 2010-жылдын ушул мезгили менен салыштырмалуу 124,6 % түзүп, ал эми 2010-жылдын декабрь айы менен салыштырмалуу 107,0 % түзгөн.




Расмий түрдө жумушсуздук статусун 2030 адам алган (2009ж. 1412 адам), бул 2010-жылга салыштырмалуу 177,1% га көп, анын ичинен 746 же 36,7% ын аялдар түздү, себеби Ош окуясына байланыштуу жумушчу орундар көп жоготулган.

2011-жылдын 1-июнуна карата мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарында катталган жумушсуз калктын саны 7,8 миңди түзүп, 2010-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 121,0% түзөт.

Сырткы миграциянын көрсөткүчтөрү боюнча (2011-жылдын 4 айдын ичинде) 1,8 миң адам сыртка чыгып кеткен. Кыргыз

Республикасы боюнча (10 миң калкка эсептегенде) эң чоң көрсөткүч.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн 2011-жылга жоготуулары 450 млн.сомду түздү.

2010-жылда 2009-жылга салыштырмалуу июнь коогалаңдуу окуясынын кесепетинен жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 78 % аткарылган.

Ошону менен бирге, ишкердүүлүктү өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн Убактылуу өкмөттүн Декретинин негизинде 2012-жылдын акырына чейин айрым салыктар боюнча жеңилдиктер каралган.

2011-жылга биринчи кезектеги төлөмдөрдү толугу менен камсыз кылууга 330 млн сом, өнүктүрүү тармагына 275 млн сом, шаардын коммуналдык чарбасын тейлөөгө 70 млн. сомов, тышкы карыздарды жоюуга 20 млн. сомдон кем эмес акча каражат талап кылынат.

Шаар куруу маселелери социалдык маселелер менен тыгыз байланышкан. Акыркы жылдарда турак-жай таңкыстыгы жана саламаттыкты сактоо, билим берүү, бала бакчалардын жетишсиздигинен, шаар тургундарынын арасында социалдык абалды чыңалтууга алып келди. Акыркы жылдары өлкөбүздө күч алып жаткан тышкы жана ички миграциянын кесепеттери, мындан сырткары шаарга туташ жайгашкан райондордун айыл-кыштактары шаардын инфраструктурасына оор жүк болуп, шаардын бюджетине чоң таасирин тийгизип жатат.

Жогоруда аталган социалдык маселелерди шаардын азыркы бюджети жана ээлеп турган жер аянты толугу менен чечүүгө мүмкүнчүлүк бербейт.

Өткөн жылдын июнь айындагы окуялар шаарды газ, жылуулук, электр энергиясы менен камсыздого, суу берүү, байланыш, транспорт чарбаларына олуттуу зыян келтирди.

2010-жылы 12 ай ичинде автомобиль унаасы аркылуу 905,9 миң тонна жүк ташылып, 2009-жылдын тийиштүү мезгилине карата (2009ж.-1241,3 мин тонна) 73,0% түздү, бул 27,0%га же 335,4 тоннага аз.

Ош шаарында болгон негизги транспорт байланышы – бул автоунаа транспорт аркылуу байланыш. Өзгөчө шаардын муниципалдык автоунаа тармагы олуттуу зыян тартып, автоунаа каттамдары бир топ кыскарган.

Июнь айындагы коогаланда газ чарбасы эң оор зыянга учурап, 38 млн. сомдон ашуун газ түтүктөрү өрттөлүп, жараксыз абалга келди. Жабыркаган газ түтүктөрүн жана газотехникалык жабдууларды калыбына келтирүү жана кайрадан оңдоого 36 млн. сом талап кылынат.

Бүгүнкү күнгө электроэнергия, суу, табигый газ, жылуулукка болгон дебитордук карыздын көлөмү 453 млн. сомдон ашып, анын ичинен элдин карызы 235 млн. сомду түзөт. Азыркы учурда элдин жашоо шартын эске алсак, бул карыздардын өндүрүлүшү өтө оор көйгөйлөрдөн болуп саналат. Ошол эле учурда, коммуналдык чарбалар акча каражатынын тартыштыгына, бюджеттин жетишсиздигине байланыштуу зор кыйынчылыктарга кабылууда.

Эң негизги маселе шаардын инфраструктурасын, кичи жана орто бизнести, базалуу өнөр-жайды калыбына келтирүү жана өнүктүрүү болуп эсептелет. Салык базасын максималдуу кеңейтүү, инвестицияларды тартуу, жабыр тарткан субьекттерге жана жеке ишкерлерге ыңгайлуу шарттарды түзүү, жаңы жумуш орундарын уюштуруу болуп саналат.

## Ош шаарынын аймагында 2010-жылдын июнь окуяларында жабыр тарткан жарандар, турак-үйлөр, мекеме-ишканалар, коммерциялык обьектилер боюнча Ош шаардык мэриясынын маалыматы

(2011-жылдын 8-июлуна карата)

**Турак-жай маселеси боюнча.**

Июнь окуялары басандап, шаарда тынч турмуш орной баштагандан тартып, турак-жай маселеси абдан курч маселелердин бири болуп калды. Көптөгөн адамдар турак-жайларынан айрылып, көчөдө калды жана көпчүлүгү жардам сурап, Ош шаарынын мэриясына кайрылып жатты. Мындай оор абалдан чыгуу үчүн мэрия биринчи күндөрдөн баштап, чечкиндүү кадамдарды жасады, убактылуу жайларга болсо да кайрылгандарды жайгаштырып, алардын эсебин алып турду. Бул жумуштар ушул күндөрдө да улантылууда жана азыркы мезгилде турак-жай алууга муктаж, каттоодо турган жарандардын жалпы саны 3287 адамды түздү.

Алардын ичинен, коогаланда шейит кеткен жарандардын 287 жакын туугандары катталып, 47 жаран турак-жай менен камсыз болду.

Коогаланда дайынсыз жоголгон 30 жарандын жакын туугандары катталып, анын ичинен 23 жаран турак-жай менен камсыздалды.

Турак-жайы күйгөн 51 жаран, ок тийип жаракат алган жана денесинен жабыркаган 234 жаран, үй-жайлары тонолуп, кооп-

туу болгондугу үчүн үйлөрүнө бара албай жүргөн, турак-жайын алмаштырууга же тапшырып турак-жай алууга муктаж 33 үй-бүлө, ушундай эле себеп менен убактылуу «Жаштык» лагеринде жашап жаткан 49 үй-бүлө, жалпы жабыр тарткан 614 үй-бүлө учурда турак-жайга муктаж.

Мындан тышкары:

– ички иштер жана укук коргоо кызматкерлери – 165;

– медицина тармагында иштеген кызматкерлер – 165;

– I топтогу 110 майып, II топтогу 266 майып, III топтогу 63 майып, бардыгы 439 жаран;

– билим берүү жана маданият тармагындагы 280 жаран;

– мамлекеттик, муниципалдык 87 кызматкер;

– үч эм балалуу 3 үй-бүлө;

– 57 көп балалуу энелер, 89 жалгыз бой энелер, 25 жалгыз бой аялдар;

– эч жерде иштебеген турак-жайга муктаж 1100 жаран;

– юридика тармагында иштеген 69 жаран;

– Ооган согушунун 8 катышуучусу;

– кызмат учурунда каза болгондор жана Ош окуясындагы кагылышууда капысынан каза болгон жарандардын жакындары 23 адам каттоодо турат.

**Турак-жайларды кайрадан калыбына келтирүү иштери боюнча.**

Ош шаары боюнча толук өрттөлүп кеткен 718 жеке менчик турак-үйлөрдүн ичинен калыбына келтирүү иштеринин I фазасында жалпы 629 жеке менчик турак-жай калыбына келтирилди (DRC, AKTED, ICRC эл аралык ишкана-уюмдардын колдоосу менен).

**Көп кабаттуу турак-үйлөрдү куруу боюнча.**

Азыркы мезгилде Ош шаарында жалпы 1272 квартиралуу 19 көп кабаттуу турак-үй курулуп жатат. Анын ичинен, Разза-

ков көчөсүндөгү 5 кабат 75 квартиралуу, Абдыкадыров көчөсүндөгү 4 кабат 24 квартиралуу, Касымбеков көчөсүндөгү 5 кабат 40 квартиралуу, Абдыкадыров көчөсүндөгү 4 кабат эки 32 квартиралуу турак-үйлөр курулуп бүтүп, Ош шаарынын мэриясынын 2011-жылдын 24-январдагы №16-р буйругу менен түзүлгөн жумушчу комиссиясы тарабынан иликтенип, учурда комиссия тарабынан белгиленген кемчиликтерди жоюу жумуштары жүргүзүлүп жатат.

# Түштүктөгү кооголоңдун чыгыш себебин изилдеген Улуттук, Эл аралык жана Парламенттик комиссиялардын тыянактарынан үзүндүлөр

# УЛУТТУК КОМИССИЯ

## Республиканын түштүгүндө 2010-жылдын июнь айында болуп өткөн каргашалуу окуялардын себептерин, кесепеттерин ар тараптуу иликтөө жана сунуштарды иштеп чыгуу боюнча Улуттук комиссиянын корутундусунан үзүндүлөр*

### I. Кагылышуунун тарыхый-маданий жана саясый тамырлары

2009-жылдагы калк каттоого көз салсак, республиканын туруктуу жашаган калкынын саны төмөнкүдөй: кыргыздар – 71%, өзбектер – 14,3%, орустар – 7,8%, башкалар – 6,9%.

Түштүк аймак боюнча көрсөткүчтөр: Ош облусунда кыргыздар 68,6 %, өзбектер – 28 %; Ош ш.: кыргыздар – 47,9 %, өзбектер – 44,2 %; Жалал-Абад облусу: кыргыздар – 71,8%, өзбектер – 24,8%.

Республикада азыркы учурда окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн 133 жалпы билим берүүчү мектептер иштейт. Эгемендик жылдарында Ош кыргыз-өзбек университети жана Жалал-Абад шаарында А.Батыров атындагы Эл достугу менчик университети ачылган. Азыр Ош мамлекеттик университетинин алдында өзбек тили жана адабияты институту иштейт. Өзбек улутундагы студенттер жалпы республикалык жана жергиликтүү жогорку окуу жайларында окуп жатышат.

Ош шаарында 90-жылдан бери республикадагы эң эски Бабур атындагы академиялык музыкалык-драмалык театры иштеп келе жатат. өзбек тилинде облустук жана райондук гезиттер чыгарылып, менчик телерадиостудиялар иш алып барууда.

* Керектүү үзүндүлөр гана алынды.

Өзбек коомчулугунун ондогон өкүлдөрү илимдин кандидаты, доктору деген илимий даражаларга ээ, анын экөө Кыргызстан Илимдер академиясынын академиги деген жогорку илимий даражаны алышкан.

Өзбектер түштүк облустарындагы саламаттык сактоо чөйрөсүндө да дээрлик көп эмгектенет: Ош облусундагы дарыгерлердин саны – 22%, Ош шаарында – 16%, Жалал-Абад облусунда – 22% түзөт. Өзбек интеллигенциясынын мыкты өкүлдөрү Кыргызстандын жогорку мамлекеттик сыйлыктарына, наамдарына татыктуу болгон.

Ошол эле учурда өзбек калкынын экономикалык активдүүлүгү жана иш менен камсыз болуу деңгээли бир кыйла жогору. 2009-жылкы эл каттоонун маалыматтары боюнча кыргыздар боюнча көрсөткүчтөр (экономикалык активдүүлүк жана жумуштуулук) 64,6% жана 58,3%, ал эми өзбектерде – 62,7% жана 57,1%ды түзөт. Кыргызстандын түштүк облустарында бул көрсөткүчтөр кыргыздарда дагы, өзбектерде дагы мындан да өйдө. Өзбектер айрыкча курулуш, соода, мейманкана жана ресторан бизнеси, транспорт жана байланыш тармактарында, айыл чарбасында көбүрөөк иштегендиги байкалат...

А.Акаев улуттук азчылыктын лидерлерин жана алардын маданий борборлорун шайлоо жана референдум учурларында өзүнүн саясый максатына пайдаланып келген. Ал аларды өзүнүн атаандаштары менен болгон саясый күрөштөрдө пайдаланган учурлар болгон. Мисалы, 2005-жылы парламенттик шайлоо учурунда Жалал-Абаддагы өзбек коомчулугунун лидери К.Батыровду К.Бакиевге каршы коюп, кыргыз-өзбек улуттук мамилелеринде тирешүүнү жараткан.

**II. 2010-жылдагы июнь каргашасы: келип чыгышы, себептери жана кесепеттери**

**II. Апрель жана май каргашасына түрткү болгон окуялар: саясый жана этникалык тирешүүлөр**

... Бакиевчилердин жана Жалал-Абад өзбек коомчулугунун лидери К.Батыровдун жактоочуларынын жана «Ата-Мекен» партиясынын мүчөлөрүнүн колдоосу менен губернатор Б.Асановдун тарапкерлеринин ортосунда кагылышууда 2 адам өлүп, 65 адам жаракат алган, ошондой эле ири суммадагы мүлктөр талкаланган.

Ошол эле күнү К.Батыров ок атуучу курал, таяк, темирлерди көтөргөн 500гө жакын адамы менен К.Бакиевдин туугандарына тиешелүү үйлөрдү өрттөп, күбөлөрдүн айтуусу боюнча Кыргызстандын желегин да өрттөшкөн, бул кыргыз калкынын кыжырын кайнатып, каршы аракеттерге алып келген. 2010-жылдын 12-15-майларында А.Батыров атындагы университеттин аянтында өзбек жамаатынын митингдери өткөрүлүп турган. Аларды мүчөлөрүнүн көпчүлүгү этникалык өзбектерден турган «Родина» партиясынын лидери Кадыржан Батыров уюштурган. К.Батыровдун жана кээ бир өзбек улутундагы адамдардын саясый талап коюп сүйлөгөн сөздөрү 2010-жылдын 15-майында «Ош-ТВ» жана «Мезон-ТВ» телеканалдары аркылуу бир нече ирет кайталанып көрсөтүлүп турду, бул кыргыздардын коомдук нааразычылыгын туудурган.

Өзбектердин мындай аракеттерине нааразы болгон кыргыздар, облустун ар кайсы аймагынан агылып келип, 2000ге жакын адам Жалал-Абаддын четине чогулуп, К.Батыровду кылмыш жоопкерчилигине тартуу талабы менен митинг өткөрүшкөн. Андан кийин митингдин катышуучулары К.Батыров өз тарапкерлери менен турган А.Батыров атындагы Эл достугу университети тарапка жүрүш жасашкан. Массалык башаламандыктардын жана кагылышуулардын натыйжасында 2 адам өлүп, 70ке жакын адам октон жарадар болушкан. Ошентип отуруп саясый тирештерден жаралган учкун улут аралык кагылышуу өртүнө айланып кеткен.

К.Батыров 2005-жылы республика парламентинин депутаты болуу менен таасирлүү фигуралардын бирине айланган. Ал Жогорку Кеңеште жалаң өзбектерден турган депутаттык фракция түзүп, өзбек тилинин статусу жөнүндө маселени көтөрүп, өзбек электоратын козутуп турган. Кийинчерээк ал фракция «Ватан» саясый партиясына айланган.

2008-жылы К.Батыров өзбек улуттук-маданий борборунун вице-президенти кызматына жол-жобону бузуп шайланган. Добуш берүү учурунда кворум болгон эмес, анткени Кара-Суу районунун өзбек диаспорасынын өкүлдөрү жана Ош облусунун жана Ош шаарынын жергиликтүү бийлик өэлери чогулуштан кетип калышкан. Бул тууралуу даттануу өз убагында Кыргызстан элдер ассамблеясы тарабынан каралган эмес.

2010-жылдын 7-апрелинен кийин түзүлгөн башаламан абалдан пайдалануу менен К.Батыров улуттук ураанга жамынып, өзбек жамаатынын кызыкчылыгын коргоочу «баатыр» болуп чыга келген. Ушундай максаты менен ал республика түштүгүнүн өзбек калкы жыш жашаган бардык райондорун кыдырып, ал жактагы өкүлдөрдү өзүнүн университетинин жанына чакырып, үгүт митингин өткөрүп турган. Өзүнүн сөздөрүндө К.Батыров өзбек элин кыргыздарга каршы тукуруп, кайраштырган. Ал «бул учурду өзбектер 20 жыл бою күтүшкөн» – деп 1990-жылды эске салган чагымчылык сөздөрдү айткан. Ага идеялаштары, Жогорку Кеңештин экс-депутаттары И.Абдрасулов, Ж.Салахутдинов жана Ош шаарынын аялдар коомчулугунун президенти К.Абдуллаева активдүү жардам беришкен.

**II.2. Ош шаарында кандуу кагылыштын башталышы**

...7-апрелден кийинки республикадагы коомдук-саясий кырдаалга байланыштуу Ош шаарында жана анын тегерек четинде улут аралык мамилелер дароо курчуп кеткен.

Ош шаарында өткөн июнь коогалаңынын алдында өзбек диаспорасынын көптөгөн чогулуштары болгон, анын демилгечилери жогоруда көрсөтүлгөн улуттук-маданый борборлордун жогорудагы лидерлери болгон (К.Батыров, И.Абдрасулов, Ж.Салахутдинов, К.Абдуллаева). Атап айтканда, 2010-жылдын апрель айынын аягынан 10-июнга чейин укук коргоо органдарынын маалыматтары боюнча Ошто жана анын айланасында 25тен ашык чогулуш болуп, аларга 100дөн 500-600гө чейин адам катышып, жогоруда белгилегендей, улут аралык мамилелерди талкуулап турган. И.Абдрасуловдун айтуусу боюнча ошону менен бирге эле өзбек калкы жашаган квартал жана кичирайондордогу коопсуздукту камсыздоо үчүн штабдар жана атайын кошуундар түзүлө баштаган. Кыргыз менен өзбек жаштарынын ортосунда атайын карама-каршылыктар жана мушташуулар болуп турган.

Ош шаарындагы кандуу кагылыштын башталышы 2010-жылдын 10-июнунда «Алай» мейманканасынын жанында «24 саат» оюн жайында болжол менен саат 23төн 20 мүнөт өткөндө кыргыз, өзбек жаштарынын ортосунда болгон кезектеги жаңжалынан чыккан. Ал

жерге өзбек улутундагы караламан адамдар (маалыматтарга караганда 500дөн 2 миңге чейин) топтоло баштаган. Күбөлөрдүн айтуусунда, кагылышууга катышуучуларынын арасында кара жип машинасын минген чоочун адамдар да болуп, ок атышкан.

Алар ээ-жаа бербей, «Алай» мейманканасын өрттөп, ОшМУ жатаканасынын имаратына, жакын турган көп кабат үйлөрдүн, соода түйүндөрүнүн терезелерине, ары-бери өткөн машиналарга таш ыргытып, андагы кыргыз улутундагы жүргүнчүлөрдү ур-тепкиге алышкан.

Ушул эле убакта шаардын ар кайсы тарабында өзбек улутундагы адамдар чогула башташкан. 11-июнга караган түнү саат 00.30да салюттар атылып, 4 мечиттин мунараларынан үн кошмо менен азан айтылган. Бул чакырыктардан кийин шаардын ар кайсы бөлүктөрүндө жана жакын жерлердеги айыл-кыштактарда массалык башаламандыктар башталып кеткен.

Болжол менен 23.00дө Ош шаарынын ооруканасына башы-көзү жарылган кыргыз улутундагы адам келип түшкөн. Анын айтуусу боюнча, ал кызын Москвага окууга жөнөтүү үчүн аэропортко узатып бараткан. Кара-Суу районунун Нурдар (Сталин) айылында өзбек улутундагы жаш жигиттерден таяк жеген. 02.30тар чамасында Ош облустук ооруканасына Ноокат районунун тургундары, кыргыз улутундагы эки адам жаракат менен келип түшкөн. Алар 23.30дар чамасында сабалып, жапа чегишкен. Алар да Москвага студент балдарын узатканы баратып, Нурдар айылынан таяк жешкен.

Жол ушул Нурдар айылы аркылуу өткөндүктөн Бишкектен жабырлануучуларга жардам бергени аэропортко учуп келген алгачкы топтогу 27 дарыгер шаарга өтө алган эмес, ушундай эле абалга бардык авиажүргүнчүлөр туш болушкан.

Улуттук комиссия трагедиялуу окуялар болгон жерлерге барып, андагы иликтенген материалдардын, аудио жана видеожазуулардын, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүнүн, жеке жолугушуулардын жана аңгемелешүүлөрдүн негизинде июнь окуялары алдын ала даярдалган деп ишенимдүү айта алат.

Бул өзбек улутундагы жарандар көп жашаган квартал жана кичирайондордо эл аралык стандарттагы кырсыкты билдирген «SOS», «Uzbek zone», «Kyrgyz zone» деген жазуулар атайын боек менен даана жана бир өңчөй жазылганынан да айгинеленет.

Бул факты боюнча өзбек улутундагы жарандар, 1989-жылы туулган У.А.Ахмаджанов, 1987-жылы туулган И.Я.Хусаинов кармалышкан. Алар жана башка суралган күбөлөр бул жазуулар К.Батыров, И.Абдрасулов айткан Өзбекстандан келе турган жардамдар же куралчан экстремисттер кайсы аймакта кыргыздар, ал эми кайсынысында өзбектер жашаганын ажыратып билүүсү үчүн жасалганын айтышкан.

Буга дагы бир далил катары экстремисттер согушка бир нече «КамАЗ» автомашинасын темир-тезек менен соттоп, ок ата турган тешикчелерди калтырып жабдыганын айтсак болот.

Кийинки факты дагы олуттуу. 2010-жылдын 15-апрелинде жана 8-июнунда «www.Fergana.ru» сайтында «Ош кыргыны (1990) – Кыргыз ССР аймагындагы кыргыз жана өзбектердин ортосундагы улут аралык кагылышуу» деген макала пайда болгон. Аны өзбек жаштарынын улуттук сезимин кызытуу үчүн бир нече ирет жарыялашкан. Ага карата реакция дароо болуп, жаштар жооп жазып, чогулуп, 1990-жылдагы Ош окуясын талкуулай баштапкан.

Ошондой эле өзбектердин арасында кыргыздарга каршы жек көрүү сезиминин чыңалышына кыргыз криминалдык авторитеттеринин рэкетчилиги жана рейдерчилиги чоң роль ойногон, буга 2010-жылдын 29-апрелиндеги Ош темир жол станциясында болуп өткөн окуя жана кээ бир кыргыз тилдүү ЖМКларда өзбек калкына карата саясый жактан калпыс пикирлер айтылганы мисал болот. Алар: М.Итибаевдин 2010-жылдын 4-мартта «Асман kg» гезитиндеги макаласы жана 18-апрелдеги КТР каналында Д.Сарыгуловдун катышуусундагы телеберүү. Булар тууралуу Ош шаар мэриясы атайын Убактылуу өкмөткө кайрылган.

2010-жылдын 11-июнунан кийин Ошто улут аралык жаңжал башталгандыгы жөнүндө кабар ар кандай каналдар, көпчүлүгү мобилдик телефондор менен тоолуу аймактардагы кыргыз калкына жетип, жаштар Ош шаарын көздөй жулуна жөнөй баштапкан. Каны кызыган калктын бөлүгү Коргоо министрлигинин, Чек ара кызматынын аскер бөлүгүндөгү жана Ички иштер органдарындагы куралдарды басып кирип, талап-тоноп кетишкен. Мындай окуялар Ош облусунун Алай, Чоң-Алай, Араван, Кара-Кулжа, Кара-Суу райондорунда, Жалал-Абад облусунун Токтогул, Чаткал, Ала-Бука, Ноокен жана Базар-Коргон райондорунда, Ош жана Жалал-Абад шаарларында болгон.

Кандуу кагылыштан кийин басылып алынган куралдар жана ок-дарылар, ошондой эле 4 аскер техникасы кайтарылып берилген. Кайтарылып берилбеген куралдар да бар. Расмий булактардан туура маалыматтын берилбегенинен ушак-айыңдар өзгөчө ролду ойногон. Мисалы, 2010-жылдын 11-июнунда өзбек жаштары Ош университетинин жатаканасындагы кыргыз кыздарын зордуктаган деген кеп тараган, бирок бул кийин иш жүзүндө тастыкталган жок.

Ошентип, Ош жана Жалал-Абад шаарларында, Ош жана Жалал-Абад облустарында бир нече күнгө созулуп, кан төгүүлөр менен коштолгон масштабдуу кагылыш болду. Бул окуя илгертеден бирге жашап келген кыргыздарга да, өзбектерге да айтып бүткүс азап, арылбас кайгы-мунду алып келди.

**III. Бийлик органдарынын жана өкмөттүк күчтөрдүн ишмердиги**

... Жергиликтүү бийликтер мүмкүнчүлүгүнө жараша өз ыйгарым укуктарынын чегинде иш алып барганга аракет кылышты.

2010-жылдын 10-июнунан 11-июнуна караган түнү Ош облустук мамлекеттик администрациясы жана Ош шаардык мэриясы жергиликтүү жана чет элдик студенттердин коопсуздугун коргоо боюнча чараларды көргөн. Андан тышкары, кагылыш аймагында калган жарандарды улутуна карабай чыгарып жатышты...

... Убактылуу өкмөттүн кадрдык дайындоолорунун баардыгы эле терең ойлонулган эмес. Маселен, Ички иштер министрлигинин системасынан мурун эле алыстап калган Б. Шерниязовду министрликке дайындоо милиция кызматкерлеринин гана эмес, коомчулуктун да терс пикирлерин жаратты. Буга карабастан жана саламаттыгына байланыштуу 23-майда эле кызматтан кетүүгө өз арызын берген бул киши аталган орунда 2010-жылдын 7-июлуна чейин кала берген. Ошондой эле Ош облусунун Ички иштер башкармалыгына А. Капаровду, курч кырдаалдарда ар кандай иштин көзүн жакшы билген К. Асановдун ордуна Б. Нышановду Ош шаарынын Ички иштер башкармалыгынын жетекчилигине дайындоо да жаңылыштык болгон. Кийинчерээк июнь окуяларынын тушунда аларды тез арада алмаштырууга туура келип, К. Асановду Ош шаарына алып келүүгө аргасыз болушкан.

Мамлекеттик саясатты жүргүзүүдө Убактылуу өкмөттүн жетекчилери менен мүчөлөрүнүн, Ош жана Жалал-Абад облустарынын, Ош шаарынын жетекчилеринин өз ара мамилелеринде биримдик болгон эмес. Маселен, Убактылуу өкмөттүн күч бирикмесин А. Бекназаров жетектеген. Буга удаалаш эле 23-апрелде экономика боюнча тармактардын куратору болуп турган биринчи вице-премьер А. Атамбаевдин жетекчилигинде коопсуздук жана укуктук тартипти камсыздоо комиссиясы түзүлгөн. А. Атамбаевдин айтуусу боюнча өлкөнүн түндүгүндө бейпилдикти камсыздоого аракеттенген комиссия толук кандуу укуктары болбогон соң узакка иштей алган эмес. 13-майда болсо Түштүк аймактарына Убактылуу өкмөттүн өзгөчө жана кеңири укуктуу атайын өкүлү катары коргоо министри И. Исаков дайындалган. Антсе да, Ош шаарынын мэри М. Мырзакматов менен мамилени жөнгө салуу И. Исаковдун да, Убактылуу өкмөттүн да колунан келбегендиги Кыргызстанда гана эмес, анын чегинен сырт жерлерде да коомчулуктун таңдануусун жаратты...

... 12-июндун кечинде Республиканын Улуттук Коопсуздук кызматынын такталбаган маалыматтарынын негизинде Өзбекстандын чек арасы тарабынан айтылуу М. Худайбердиевдин куралдуу согушчандарынын отряды жергиликтүү өзбек калкына жардамга келе жаткандыгы тууралуу имиш тараганда армиянын, атайын кызматтардын, укук коргоо органдарынын жетекчилеринин алсыздыгы айкын байкалып, алдастап калышкан. Эл Ош шаарынын жана Ош облустук ички иштер органдарынын гана көзөмөлүндө калып, ызы-чуу башталып, дүрбөлөңгө түшүп калышкан.

... К. Батыровдун Убактылуу өкмөттүн айрым бир жетекчилери жана мүчөлөрү менен болгон өз ара мамилеси тууралуу маселе да ар кандай пикирлерди жараткан. Аталган кырдаалга тактоолорду киргизүү үчүн Улуттук комиссиянын мүчөлөрү И. Исаков, Ө. Текебаев, А. Бекназаров, А. Атамбаев жана Убактылуу өкмөттүн жетекчиси, Кыргыз Республикасынын Президенти Р.И. Отунбаева менен жолугушушкан. Аталгандардын бардыгы К. Батыров менен болгон телефон байланыштары же жеке жолугуу фактылары саясый жана улуттар аралык маселелердин кеңири форматтагы жана жеке тартиптеги маектери тибине сыйдырылгандыгын тастыкташты. Алардын айтымдарында, К. Батыровду мамлекеттик кызматка көтөрүү боюнча эч кандай убада болгон эмес.

**IV. Депутаттардын, бейөкмөт уюмдардын, саясый партиялардын ишмердүүлүктөрү**

... Түштүктөгү кырдаалды турукташтырууда алгылыктуу ролду улуттук коомчулуктардын кадырлуу аксакалдары, жергиликтүү жана Жогорку Кеңештин мурунку жана кийинки депутаттары, бейөкмөт уюмдардын жана саясый партиялардын айрым бир жетекчилери да ойношту. Тынчтыкты орнотуу аракеттерин көрүүдө Ош, Жалал-Абаддын шаардык кеңешинин депутаттары А. Шакиров, Э. Мурзабеков, Э. Арапбаевдер каза табышты.

**VIII. Жыйынтыктар**

...7. Элдик революция негизинде 7-апрель күнү К.Бакиевди тактан кулаткандан кийин бийликтеги кадрдык башаламандыктар, ошондой эле, ар түрдүү деңгээлдеги эски бийликтин жактоочулары менен жаңы кыргыз элитасынын ортосундагы күрөш экстремисттик маанайдагы өзбек коомчулугунун лидерлери тарабынан бийликке келүү жана диаспоранын саясый кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу шарт катары кабыл алынды. Жалал-Абад менен Ош облустарында Жогорку Кеңештин экс-депутаттары: К.Батыров, И.Абдрасулов, Ж.Салахутдиновдор мындай багытта 300-500дөн 5 миңге чейин өзбек улутундагы адамдардан турган көптөгөн митингдерди өткөрүп, активдүү аракеттерди көрүшкөн. Жалал-Абад менен Ош шаарындагы мындай кыймыл-аракеттер акырындап алдын-ала уюшкандыгы жана массалыгы менен Ош облусундагы, ошондой эле, К.Бакиевдин жактоочуларынын, кылмыш дүйнөсүнүн, баңги бизнесинин, диний экстремизм менен сырткы кийлигишүү күчтөрүнүн баскынчылык жана кийлигишүү ниеттери улуттар аралык кагылышууга алып келген. Өздөрүнүн кызыкчылыгы менен ой-максаттарын ишке ашыруу үчүн, алардын баардыгына Кыргызстандагы башаламандык зарыл болгон.

Бул жаңжалдын кесепеттери өтө оор болду. Ал 426 адамдын өмүрүн алып кетти, 1930 жарандын ден-соолугуна залал келтирилди, анын ичинен 925и ок атуудан жабыркагандар, жалпысынан 4 млрд.сомго жакын материалдык чыгым тартып, калктын башка жактарга агылышын шарттап, Кыргызстандын эл аралык абройуна доо кетирди. Мындай ал-акыбал терең ойлонууну, ачуу чындык-

тан сабак алууну, мамлекетибизде туруктуулук болуш үчүн бардык күчтөрдү тең карап, дүйнөлүк тилектештикте жакшы атыбызды кайтарып келүүнү талап кылат.

Болуп өткөн трагедияда Убактылуу өкмөттүн, анын күч блокторун башкарып турган жетекчилер А.Бекназаров, И.Исаков, Б.Шерниязов, К.Дүйшебаевдин улуттар аралык кагылышуулар болгон түштүктөгү эки облустун, шаарлардын, райондордун акимдери, мэрлери, губернаторлорунун да күнөөлөрү жок эмес. Алар алдын ала маалыматтары бар болгонуна карабастан, окуянын башталышы менен күчөшүн токтотуу үчүн зарыл чараларды колдонушкан эмес...

Ноокат окуяларында соттолгондорду кылдат тактап-талдабастан бошотуу Убактылуу өкмөттүн олуттуу кемчилиги болгон, ал диний экстремисттик топтордун позицияларын күчөтүп, бекемдеген. Кыргызстандагы бийликтин алсыздыгын сезген диний жана террористтик уюмдардын мүчөлөрү, реваншка умтулган топтор, өз кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн мамлекетке жашыруун кайтып келүүгө жана иштерин жандандырууга мүмкүнчүлүк алышкан.

**IX. СУНУШТАР:**

1. КР Президенти, Өкмөтү, Жогорку Кеңеши - июнь окуяларында күч структураларын жетектеген Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү: А.Бекназаров, И.Исаков, Б.Шерниязов, К.Дүйшөбаевдердин, мурунку Башкы прокурор Б.Ибраев, Ош, Жалал-Абад облустарынын губернаторлору, Ош, Жалал-Абад, Майлы-Суу шаарларынын мэрлери, Базар-Коргон, Сузак, Кара-Суу, Ала-Бука, Араван райондорунун акимдери өз убагында улуттар аралык кагылышууга жол бергендиги жана өз убагында алдын албагандыгы үчүн алардын саясий жоопкерчилик ченемин карасын.

6. КР Президенти 2010-жылы болуп өткөн улуттар аралык кандуу жаңжалды жөнгө салууда жана Фергана өрөөнүндө ири масштабдагы аймактык согуштун алдын алууга кошкон жеке чоң салымы үчүн Өзбекстандын Президенти И.Каримовду сыйлоону карап көрсүн.

***Улуттук комиссиянын төрагасы*** ***А. ЭРКЕБАЕВ***
***10.01.2011.***

## МЕЖДУНАРОДНАЯ НЕЗАВИСИМАЯ КОМИССИЯ

KIC KYRGYZSTAN INQUIRY COMMISSION

# Из отчета международной независимой комиссии по исследованию событий на юге Кыргызстана в июне 2010 года*

**(май 2011 года)**

### Исторические предпосылки и политический контекст

58. Политический вакуум на юге Кыргызстана оставляет в Бакиевском сознании три пути: борьбу за власть между сторонниками Временного Правительства, сторонниками изгнанного Президента Бакиева и представителями узбекского сообщества. **Временное Правительство искало поддержки на юге у узбекского населения. Бывший член парламента, состоятельный бизнесмен и основатель Университета Дружбы Народов Кадыржан Батыров был наиболее видным в группе последних. Как узбекский политик, он обращался к своему электорату, узбекскому меньшинству.** 15 мая Батыров произнес речь, убеждая узбеков к участию в политическом процессе. Вне зависимости от его намерений, речь внесла вклад в слияние политики с национальностью. Послание было намерено неверно истолковано некоторыми лидерами кыргызского сообщества как призыв к автономии и означало, что узбеки должны объединиться против них.

* Керектүү үзүндүлөр гана алынды.

61. Временное Правительство мобилизовало своих сторонников, в частности партию Ата-Мекен и сторонников из Джалал-Абада, Сузака и Базар-Коргона. **Батыров сказал ИКК, что он поддерживал регулярный контакт с членами Временного Правительства.** Батыров вместе с другими лидерами сообщества и мусульманским духовенством начали мобилизацию узбеков из Джалал-Абадской и Ошской областей.

64. После призывов разрушить штаб Бакиева, толпа в 1000 человек, как кыргызов, так и узбеков направились в родную деревню Бакиева Тейит. ИКК получила противоречивую информацию о точной роли Батырова. В то время как некоторая информация указывала, что **Батыров руководил походом в Тейит и отдавал команды к мародерству и сжиганию домов**, он это отрицал. Несмотря на присутствие милиции, специальных сил и высокопоставленных чиновников от безопасности, включая главу Областного Управления Внутренних Дел Сталбека Бакирова и Заместителя Министра внутренних дел Суюна Омурзакова, три дома, принадлежащих Бакиевым, были подожжены. Согласно Батырову и другим узбекским свидетелям, известные преступники находились там и дом Бакиева уже горел, когда они прибыли. Более поздние свидетельства предполагают, что национальный флаг Кыргызстана был сожжен и растоптан, но у ИКК нет доказательств об этом.

65. Батыров рассказал ИКК, что представители местного и центрального правительства выразили свою благодарность за его поддержку. Однако, среди кыргызов в Джалал-Абаде и окружающих деревнях, появились слухи о том, что сожжение домов Бакиевых было осуществлено узбеками только по указанию Батырова. Такие слухи имели потенциал дать начало мобилизации кыргызов, как силу против узбеков.

**Б Политический контекст**
**Контекстные причины**
√ ***Политические игроки***

*Клан Бакиева*

102. По мере того, как влияние семьи Бакиева снижалось, возникло новое поколение южных кыргызских политиков. Среди них

были Камчыбек Ташиев и Ахматбек Кельдибеков, ныне лидеры радикально националистической партии *«Ата-Журт»*; Адахан Мадумаров – лидер другой националистической партии – *«Бутун Кыргызстан»*, и мэр Оша, **Мелис Мырзакматов.** Эти новые политики активно оппонировали Временному Правительству.

*Временное Правительство*

103. Временное Правительство не смогло оценить ситуацию на юге Кыргызстана, а также не обладало эффективным политическим контролем над регионом. Столкнувшись с попыткой сторонников Бакиева захватить власть в мае, **Временное Правительство прибегло к обращению к лидерам узбеков за помощью.** Их собственные ресурсы доказали свою неадекватность. Местные кыргызы интерпретировали поведение узбеков как угрозу государственности. Публичные заявления Временного Правительства создали страх, что кыргызы будут коллективно рассматриваться как сторонники Бакиева, и что Временное Правительство сделает узбеков основой своей власти на юге.

104. **... Временное Правительство воодушевляло Батырова, с которым несколько членов Правительства имели близкие связи, выйти с требованиями.**

105. Временное Правительство не имело представления об эффекте, который произвела его вовлеченность с узбекскими лидерами на южных кыргызов. Вместо этого, оно в первую очередь рассматривало узбеков как дополнительный источник в их борьбе за власть с оппонентами и, следовательно, как козел отпущения для политических проблем после сожжения домов Бакиевых. Это разозлило узбеков, не смогло успокоить местных кыргызов и оставило уважение к центральной власти на самой нижней точке в Джалал-Абаде.

*Узбекские лидеры*

106. Даже если некоторые кыргызские политики были готовы пойти на уступки, они не были готовы принять узбеков как равных.

В течение нескольких последующих дней после апрельской «революции», начались *курултаи* узбеков, спонсируемые Батыровым и другими лидерами УНКЦ. В ответ на приглашение Временного Прави-

тельства сформулировать требования, *курултаи* рассмотрели вопросы, включающие переименовние государства в «Республику Кыргызстан», признание узбекского региональным языком в местах компактного проживания узбеков, повышение представительства во власти и правоохранительных органах, таких как милиция, налоговая инспекция и прокуратура, и устранение ограничений на использование узбекского языка. Несмотря на слухи о противоположном, требование об автономии не было сформулировано во время *курултаев*.

109. Батырову удалось вдохновить узбекское сообщество, особенно узбекскую молодежь, что они должны принимать активное участие в политике Кыргызстана и что они должны самоорганизоваться, чтобы гарантировать общественный порядок и безопасность, учитывая неэффективность сил безопасности в мае. Это послание было интерпретировано как имеющее этнический подтекст. Батыров невольно создал разделение в обществе, проведя линию между «нами» и «ними». Если под «нами» Батыров имел ввиду сторонников Временного Правительства, а под «ними» - их политических оппонентов среди Бакиевых и их окружения, общество южных кыргызов услышало «кыргызы» и «узбеки» за этими терминами.

110. По-видимому два конкретных события разозлили кыргызов: пожар в Тейите, приписанный только узбекам и выставленный как символический акт агрессии против кыргызской государственности, и транслирование речей Батырова узбекскими телевизионными каналами. Даже если большинство людей не видели ни того, ни другого, слухи сделали свое дело в описании речей как призывов к автономии, слова, которые никогда не произносились Батыровым.

## 111. ЮРИДИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ АКТОВ НАСИЛИЯ ПО МЕЖДУНАРОДНОМУ ПРАВУ

### Преступления против человечности

266. В свете вышеописанных обнаруженных фактов ИКК полагает, что если бы свидетельства о вышеуказанных деяниях, совершенных при нападениях на *махалли*, подтвердились с достаточной степенью вероятности в компетентном суде, суд бы пришел к заключению, что они представляют собой преступления против чело-

вечности. **Поэтому ИКК полагает, что эти деяния следует квалифицировать как преступления против человечности.**

## IV. ОТВЕТСТВЕННОСТЬ

### Временное правительство и Президент переходного периода

367. Действия Временного правительства и Президента переходного периода следует рассматривать сквозь призму конституционных рамок, как с юридической, так и с политической точки зрения. ИКК считает, что Временное правительство либо не заметило, либо недооценило ухудшение межэтнических отношений на юге Кыргызстана.

368. Сразу же после событий члены Временного правительства сделали публичные заявления о том, что эти события явились для них полной неожиданностью и у них была ограниченная информация о ситуации на юге Кыргызстана до 10 июня 2010 г. Они заявляли, что к ним поступала только информация о спорадических криминальных разборках. Эти утверждения члены Временного правительства повторили ИКК.

369. Аргументы, выдвинутые Президентом переходного периода Отунбаевой, о том, что вспышка насилия приобрела такой размах, что Временному правительству трудно было его сдержать, не освобождает правительство от его основной ответственности – ответственности за защиту населения.

370. ИКК отмечает, что 23 апреля Временное правительство создало Комиссию по поддержанию безопасности, закона и порядка. При этом оно недвусмысленно сослалось не только на напряженную ситуацию в Ошской и Джалал-Абадской областях, но и на возможность гражданской войны. Атамбаев был назначен председателем, в Комиссию также входили Министр обороны Исаков и заместитель Министра внутренних дел Алымбеков. До сих пор неясно, состоялось ли когда-либо собрание Комиссии. Комиссия не посещала Южный Кыргызстан ни до, ни после событий. **Она не поддерживала связи с Мэром города Оша Мырзакматовым.** По-видимому, Комиссия направляла свои усилия против сторонников Бакиева и призрака его возвращения к власти.

**371. Однако Мырзакматов не преминул проинформировать Комиссию о том, что он связывался с Временным правительством конкретно по поводу ухудшения ситуации с безопасностью на юге страны.** В конце апреля он писал Президенту переходного периода, выражая свою озабоченность по поводу растущего межэтнического напряжения на юге.

**Мэр города Оша**

385. Как в дополненной Конституции 1993 г., так и в Конституции 2010 г., города Бишкек и Ош имеют статус, приравненный к области. Ош управлялся согласно Ошскому акту 2003 г., согласно которому, в частности, мэр назначался Городским советом (*Кенешем*) из числа кандидатов, предложенных Президентом Кыргызстана. Мэр отвечает за координацию действий государственных исполнительных структур в городе Ош. Согласно Ошскому Акту 2003 г., Акту местного правительства 2008 г. и Положению о городе Ош, Исполнительный комитет Администрации мэра должен разрабатывать и реализовывать Генеральный План города.

386. Мелис Мырзакматов является мэром города с января 2009 г. и играл там ключевую роль до, во время и после июньских событий 2010 г. Он был освобожден от своих законных обязанностей по координации действий во время событий в силу Декларации о ЧП в связи с назначением временной власти. Несмотря на это, он играл очень активную роль в решающий период, включая руководство брифингом делегации Временного правительства и губернатора утром 11 июня.

387. Многие считают, что влияние М.Мырзакматова выходит за рамки его формальных полномочий. То, что он смог воспротивиться стремлениям Президента снять его с должности в августе 2010 г., усилило его влияние. 19 августа его цитировали в «Коммерсанте», где он сказал, что «приказы Временного правительства не имеют законной силы на юге».

388. Точки зрения по поводу его роли в межэтнических отношениях существенно различаются. Он сам и его сторонники счита-

ют его миротворцем, тогда как его критики представляют его сеятелем распрей, предлагающим националистическое решение проблем.

389. Будучи самозванным политиком националистического толка, Мырзакматов публично заявлял о своей любви к «моему народу» и готовности сделать все возможные меры в борьбе за его благосостояние. В интервью после июньских событий он заявлял, что «узбеки посягнули на суверенитет Кыргызской Республики, но мы дали им отпор». На встрече с ИКК он заявил об опасности узбекского сепаратизма, движущей силой которого является исламский фундаментализм в узбекском сообществе. Каких-либо доказательств существования таких планов представлено не было, но мэр дал понять, что считает угрозу вполне реальной и требующей сильной реакции с его стороны.

390. До ИКК дошли слухи о том, что неизвестные узбекские элементы пытаются распространять в южном Кыргызстане радикально-фундаменталистские толкования Ислама, в том числе близкие идеям Аль-Каиды. Каких-либо доказательств, подтверждающих наличие такой религиозной конкуренции, предъявлено не было, и ИКК не может согласиться с этим мнением. Тем не менее, такие утверждения могут стать самосбывающимся пророчеством, если не будет предпринято соответствующих шагов для исправления причин, приведших к июньским событиям 2010 г. ИКК также призывает исламских религиозных лидеров южного Кыргызстана страны избегать раскола уммы по этническому признаку и обеспечивать полноценные консультации с членами соответствующей уммы при назначении имамов.

391. В ответ на вопрос ИКК о проблемах преступности, наркотрафика и коррупции в Оше, Мырзакматов утверждал, что такие проблемы исходят не из Оша, а из Бишкека. Внимание ИКК привлекли различные утверждения об участии мэра в мобилизации сельских кыргызов и в раздаче оружия во время июньских событий, но ИКК не имеет никаких доказательств этого участия. Он также и пользуется большим влиянием в силовых структурах г. Оша.

392. Пока ИКК не имеет достаточных доказательств, чтобы утверждать о прямом участии мэра в действиях кыргызских бандитов, но ясно, что его националистическая риторика не способствует уменьшению межэтнического напряжения, озабоченность которым он декларирует.

## V. РЕКОМЕНДАЦИИ

А. Рекомендации по предупреждению конфликта и примирению

*О строительстве плюралистичного государства*

402. **Р. 2: Государству следует вернуть название «Республика Кыргызстан» как лучше соответствующее гражданской основе национального строительства, чем название «Кыргызская Республика».**

*О языке, культуре и образовании*

**Р. 5: Узбекскому языку следует предоставить в южном Кыргызстане специальный статус на муниципальном и региональном уровнях, включая доступность официальных бланков, объявлений, образования, культурных возможностей и юридических услуг.**

404.

**Р. 7: Кыргызско-узбекский университет дружбы народов должен быть отстроен заново и получить лицензию на преподавание.**

*Об управлении*

406.

**Р. 14: Аппаратам Мэра и Губернатора Оша следует с помощью Управления Верховного комиссара ОБСЕ по делам национальных меньшинств учредить у себя пост советника по межэтническим отношениям.**

*Об общественной безопасности*

409.

**Р. 18: Силам безопасности следует выполнять свои функции сообразно закону, не позволяя этническим и другим посторонним факторам влиять на их действия.**

Р. 19: Правительству следует:

– обеспечить, чтобы состав сил безопасности отражал этническое многообразие общества;

– проводить политику региональной ротации состава сил безопасности;

Р. 20: Правительству следует:

– сотрудничать с Полицейской консультативной группой ОБСЕ в Кыргызстане, штаб-квартира которой находится в Оше, для повышения профессионализма сил безопасности и повышения доверия населения к этим силам;

– наращивать сотрудничество со специализированными международными и региональными организациями, борющимся с наркотрафиком.

410. Р. 21: Правительству следует организовать результативную кампанию по разоружению, чтобы обеспечить сдачу оружия, незаконно хранимого в Кыргызстане. Кампания должна включать в себя применение уголовных санкций, связанных с нелегальным хранением оружия.

Р. 22: Закон о хранении оружия от 4 августа 2001 г. должен быть проведен в жизнь.

Б Рекомендации по ответственности

411. Р. 23: Государству следует провести тщательное, независимое и беспристрастное расследование преступлений независимо от этничности преступников, обеспечив при этом соответствие судебных преследований международным стандартам справедливого суда.

Р. 24: Прокуратуре и суду следует добиться, чтобы суд получил и рассмотрел все относящиеся к делу доказательства и чтобы приговоры основывались на признаниях обвиняемых только тогда, когда может быть доказано честное и беспристрастное соблюдение надлежащей процедуры.

Р. 25: При проведении расследований и судебных преследований, связанных с июньскими событиями 2010 г., Правительству следует рассмотреть возможность обратиться к международной помо-

**щи. Эта помощь может включать подготовку следователей, прокуроров, адвокатов и судей.**

412. Некоторые работники сил безопасности принимали прямое или косвенное участие в актах насилия, некоторые отдавали свое оружие и другое снаряжение гражданским лицам без сопротивления или с минимальным сопротивлением.

**Р. 26: Правительству следует:**

**- предпринять незамедлительное расследование действий сил безопасности во время этих событий, включая потери военного и полицейского снаряжения и оружия;**

**- наказать в судебном порядке или, в соответствующих случаях, в дисциплинарном порядке лиц, замеченных в совершении преступлений против воинской или полицейской дисциплины как действием, так и бездействием в течение этих событий.**

413. **Р. 27: Правительству следует включить в Уголовный кодекс Кыргызстана преступления против человечности.**

**Р. 28: Кыргызстану следует или ратифицировать Римский статут, или признать юрисдикцию Международного уголовного суда в качестве государства-неучастника.**

414. **Р. 29: Правительству следует признать, что насилие против женщин представляет собой серьезное преступление, создать подход, обеспечивающий лучший учет гендерного фактора при реакции правоохранительных органов, и обеспечить судебное наказание для лиц, совершивших сексуальные насилия и насилия на гендерной почве в южном Кыргызстане.**

**Р. 30: Правительству следует обеспечить финансовую и другие формы помощи жертвам насилия на гендерной почве, включая гарантию доступа к адекватной медицинской и психологической помощи.**

*О нарушениях прав человека и справедливом суде*

415. **Р. 31: Правительству следует:**

**- незамедлительно остановить все произвольные аресты, пытки в местах заключения и другие нарушения прав, гарантируемые законом;**

- незамедлительно публично осудить случаи применения пыток и другого плохого обращения и гарантировать быстрое, беспристрастное и всестороннее расследование подобных жалоб и судебное преследование любого представителя власти, подозреваемого в нарушении закона;

– присоединиться к Европейской конвенции по предупреждению пыток и бесчеловечного или унижающего достоинство обращения или наказания;

– гарантировать, что никакие показания, полученные с применением пыток или другого плохого обращения, не будут рассматриваться как доказательства в судебном процессе;

– гарантировать, что все люди, лишенные свободы, будут незамедлительно проинформированы о причине их содержания под стражей и любых выдвинутых против них обвинениях, а также иметь быстрый и регулярный доступ к помощи выбранного ими юриста, и гарантировать таким юристам возможность осуществлять свои функции, не подвергаясь запугиванию, угрозам или нападениям.

Г Рекомендации о международном наблюдении за дальнейшим процессом

417. Р. 37: Правительству следует обратиться к Управлению Верховного комиссара ООН по правам человека, имеющему представительство в Кыргызстане, с просьбой дать оценку достигнутого прогресса в претворении в жизнь рекомендаций данного доклада, а также остающихся трудностей. Процесс оценки должен начаться через шесть месяцев после окончательной публикации данного доклада; в нем могут участвовать также Верховный комиссар ОБСЕ по национальным меньшинствам и другие релевантные организации.

*Май 2011 года.*

# ПАРЛАМЕНТТИК КОМИССИЯ

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН УБАКТЫЛУУ ПАРЛАМЕНТТИК КОМИССИЯСЫНЫН МААЛЫМАТЫ ТУУРАЛУУ ТОКТОМУНАН*

**(Июнь 2011-жыл)**

2010-жылдын апрель-июнунда республикада болуп өткөн кайгылуу окуяларга алып келген жагдайлар менен шарттарды иликтөө жана изилдөө жана аларга саясый баа берүү боюнча убактылуу депутаттык комиссиянын маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши

## Токтом кылат:

2. 2010-жылдын июнунда болуп өткөн улуттар ортосундагы чырчатактар учурунда эл аралык укуктун жобосуна ылайык Кыргыз Республикасындагы геноцид, согуш кылмышы, адамгерчиликке (адамзатка) каршы кылмыш фактылары болбогондугу белгиленсин.

3. 2010-жылдын апрель-июнундагы кайгылуу окуялардын жагдайларын иликтөө жана изилдөө боюнча убактылуу депутаттык комиссиянын отчетун кароонун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын мурдагы Президенти К.С.Бакиев, мурдагы Премьер-министри Д.Т.үсөнов, Кыргыз Республикасынын мурдагы өкмөт мүчөлөрү, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик күзөт кызматынын мурдагы төрагасы Ж.С.Бакиев, ЦАРИИнин жетекчиси М.К.Бакиев, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук

* Керектүү үзүндүлөр гана алынды.

коопсуздук кызматынын төрагасынын кеңешчиси М.С.Бакиев, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жана Секретариатынын жетекчилери К.Т.Жороев жана О.А.Малеваная элдерди жакырчылыкка жана мамлекеттин начарлашына алып келген жана оор кесепеттерге кабылткан, 2010-жылдын 6-7-апрелиндеги жана май-июнундагы кайгылуу окуялардын себептеринин бири болгон элге каршы сырткы жана ички саясаттары үчүн саясий жоопкерчилик тартышат.

4. Кыргыз Республикасынын Убактылуу өкмөтүнүн мүчөлөрү улуттар ортосундагы кагылышууну болтурбай коё алышпагандыктары үчүн саясий жоопкерчилик тартышат.

5. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы Кыргыз Республикасынын мурдагы Президенти К.С.Бакиевдин, мурдагы Премьер-министри Д.Т.Үсөновдун, коомдук коопсуздукту жана укук тартибин камсыз кылууга жооптуу болушкан Кыргыз Республикасынын өкмөт мүчөлөрүнүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик күзөт кызматынын төрагасы Ж.С.Бакиевдин, ЦАРИИнин жетекчиси М.К.Бакиевдин, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын кеңешчиси М.С.Бакиевдин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жана Секретариатынын жетекчилери К.Т.Жороевдин жана О.А.Малеванаянын аракеттерине кызматтык ыйгарым укуктарын ашыра пайдалангандыктарынын, түздөн-түз кызматтык милдеттерин аткаруудан өзүн-өзү четтеткендиктеринин жана 2010-жылдын май-июнундагы кайгылуу окуялардын себептеринин бири болгон, 2010-жылдын 6-7-апрелиндеги жалпы улуттук каршылык көрсөтүүгө алып келген аракетсиздигинин фактылары боюнча укуктук баа берсин.

6. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына 2010-жылдын июнундагы окуялар учурунда улуттар ортосундагы кагылышууну болтурбай коё алышпагандыктары үчүн Кыргыз Республикасынын Убактылуу өкмөтүнүн мүчөлөрүнүн аракеттерине укуктук баа берүү тапшырылсын.

7. Белгиленген мезгилде улуттук жана сепаратисттик аракеттерге катыштыгы бар адамдар катары, Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад облустарында 2010-жылдын май-июнундагы кайгылуу окуялардын негизги уюштуруучулары жана күнөөкөрлөрү К.Ба-

тыров, И.Абдурасулов, Ж.Салахудинов, К.Абдуллаева, О.Караматов, М.Абакджанов, Х.Худайбердиев, Ж.Мирзаходжаев, У.Абдусаламов, А.Акбаров болушкан деп эсептелинсин.

9. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы төмөндөгү кызмат адамдарынын 2010-жылдын апрель-июнь окуяларынын мезгилиндеги иштерине укуктук баа берсин:

... - С.Бакировдун (Жалал–Абад областынын Ички иштер башкармалыгынын начальниги), ошондой эле Жалал-Абад, Майлуу-Суу шаарларынын, Базар-Коргон, Сузак, Кара-Суу, Араван, Ала-Бука, Аламүдүн райондорунун шаардык, райондук мамлекеттик администрацияларынын, Чүй, Талас областтарынын мамлекеттик администрацияларынын жетекчилери, Чүй, Талас, Ош, Жалал-Абад областтарынын прокуратураларынын жетекчилеринин, ички иштер башкармалыгынын жана Мамлекеттик улуттук коопсуздук кызматынын башкармалыгынын начальниктеринин, Ош областынын мамлекеттик администрациясынын жетекчилеринин жана Ош шаарынын мэринин. **Мында Ош шаарынын мэри М.Ж.Мырзакматовдун жана Ош областынын губернатору С.Ш.Жээнбековдун оң аракеттери эске алынсын** (М.Суталиновго жана М.Конгантиевге карата кылмыш иштери бар).

11. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы:

Тергөөдөн качып жүрүшкөн К.Батыровду, К.Абдуллаеваны, И.Абдурасуловду, Ж.Салахудиновду, О.Караматовду, М.Абакджановду, Х.Худайбердиевди, Ж.Мирзаходжаевди, У.Абдусаламовду, А.Акбаровду издөө, кармоо жана республикага алып келүү боюнча баарын камтыган иштиктүү чараларды кабыл алсын.

– 2010-жылдын апрель-июнундагы окуялар мезгилинде Кыргыз Республикасында автономия түзүү боюнча чараларды мыйзамдаштырууга багытталган А.Сабировдун аракеттерин карасын жана юридикалык баа берсин.

22. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Тышкы иштер министрлиги, Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитети жана Ички иштер министрлиги козголгон кылмыш иштеринин чектеринде «Час шакала» китебинин (2 том) жана видеодисктеринин авторлорун, чыгаруучуларын жана таратуучуларын аныктоо жана ким экенин билүү боюнча чараларды көрсүн.

24. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

– Кыргыз Республикасынын мектептеринде окутулуучу окуу сабактарынын тизмегин иштеп чыксын. Окуу китептерининин тизмесин жана алардын мазмунун иштеп чыксын жана бекитсин. Министрлик Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых институту менен биргеликте Кыргыз Республикасынын мектептеринде окутулуучу Кыргызстандын тарыхы окуу китебин кайра иштеп чыксын;

– Кыргыз Республикасынын мектептеринде кыргыз тилин окутуу боюнча сааттардын санын көбөйтүү жагын карасын.

# МАЗМУНУ

Алгы сөз ордуна же жүрөктөгү чындыгым.........................................5

**Кандуу калаба тууралуу карандай чындык**
Борбор Азияны селт эттирген каран түн.........................................18
Сепаратисттер ири алды мамлекеттик мекемелерди бутага алышты...26
2010-жылдын 7-апрели:
Кыргызстандын биримдиги устаранын мизинде...................48
Чагымчылардын Түштүк Кыргызстан Демократиялык
Республикасын түзүү аракети.........................................56
Ордолуу Оштун башына келүү.........................................59
Коога алдындагы кадрдык башаламандыктар...........................62
Кандуу калабадагы ушак. Бетпардасы сыйрылган генералдар.
Кылымга тете мүнөттөр.........................................66
Кандуу коогага Бакиевдин катышы барбы?...................................73
Испаниялык «Эль паис» гезитинин тоодон жинденген жаштардын
түшкөнү тууралуу жазганы.........................................75
Талашка түшкөн мэрлик так.........................................77
Ислам Каримов жана Роза Отунбаева: кимдин сөзү өтүмдүү?..........81
Шаарды кайра куруудагы «бармак басты, көз кыстылар»..............89
Ноокат окуясы менен Ош коогасынын байланышы........................91
Ата-тегим тууралуу азыноолак кеп.........................................93
Улуттук биримдиктин жолун издеп.........................................97

**Ош коогасы тууралуу документтер жана фактылар**
Кыргыз-өзбек улуттар аралык жаңжалды жөнгө салуу боюнча
Ош шаарынын мэриясы тарабынан жүргүзүлгөн
иштер жөнүндө маалымат.........................................106
**Тиркемелер**.........................................126
Өзбекстан Республикасынын Президенти *И. Каримов*:
«Ош коогасына кыргыздар да, өзбектер да күнөөлүү эмес».....190

Ош шаарынын мэри *М.Мырзакматов:* «Ислам Каримов Борбордук Азиядагы тынчтыкты сактап калды»............194

**Улутчул сепаратисттердин бузуку аракеттери**
Чагымчылардын жыйырма жыл илгерки кутуму....................196
Кадыржан Батыров: Биз бул күнду жыйырма жыл күткөнбүз!.....206
Кадыржан Батыров: «Бизди «чыдагыла» дешкен»......................209
Котур ташын койнуна каткан чагымчылар жыйырма жылдан кийин деле элди кайраштырууда.......................................211
Ош республикасын түзүүнү каалаган чагымчылардын телеграммасы...........................................................214
Кадыржан Батыровго дипломаттык паспорт берүү тууралуу көрсөтмө.......................................................216

**Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун улут аралык бейпилдикти жана стабилдүүлүктү сактоо боюнча ишмердиги**
«Кыргыз менен өзбекти бөлгөндөрду соту жок атып ташташ керек!.........................................218
«Эмне силер согушту каалап жатасыңарбы? Андай болсо келгиле: «Жоопкерчиликти мойнубузга алабыз» – деп айткыла!».........224
«Учурунда өзбек жамаатынын лидерлери койгон талаптар, тилекке каршы, бара-бара улуттук сепаратизмди күчөтүп жибергени белгилүү».........................................226
«Кээ бир күчтөр мени улутчул катары көрсөткүсү келгенин билем»............................................234
«Бүгүнкү күндө Оштун эли коогаландын чыгышына кимдер күнөөлүү экендигин так билишет»..........................240
«Түбөлүк тур ордолуу Ошум!»...............................................253
«Кыргыз мамлекетин бөлүп-жарып, элибизди чөгөлөтүүнү каалагансаясый экстремисттердин арам аракети ишке ашкан жок».......................................................258
«Кудайдын буйругу экен, ушундай чечүүчү мезгилде сепаратисттер менен күрөшүү менин бешенеме жазылыптыр»..........................................261
Диний радикализмге каршы күрөш.......................................264
Ош шаарынын укук коргоо органдарынын координациялык Кеңешмесинин ТОКТОМУ...........................................267

**Ош шаарынын мэри М.Мырзакматовдун ишмердигине коомчулуктун берген баасы**
Лидер, в которого поверили мы!.....272
Время собирать камни.....275
Требуем привлечь к ответственности сепаратистов К.Батырова и И.Абдурасулова.....279
Благодарственное письмо.....281
Эр эмгегин эл баалайт.....283
Таза адамга кир жукпайт!.....285
Суу ичкен кудугуңа түкүрбө.....287
Эй, Убактылуу Өкмөт, өз уулуңду кордобо, улутчул сепаратисттерди колдобо!.....289

**Кандуу калабанын хронологиясы**
Хронология Ошской трагедии на основании оперативных данных УВД г.Ош.....294
Статистические данные по событиям в городе Ош.....316
Информация о проводимой мэрией г.Ош работе по стабилизации обстановки и упреждению в дальнейшем дестабилизации и нарушения общественного порядка.....321
Кандуу калабага күбөлөрдүн көрсөтмөсү.....339
Эл башы эмне дейт, ой-тобо.....342

**Кандуу коогаландын Ош шаарынын социалдык-экономикалык турмушуна тийгизген таасири**
«...Жамандын кесепети».....344
Ош шаарынын аймагында 2010-жылдын июнь окуяларында жабыр тарткан жарандар, турак үйлөр, мекеме-ишканалар, коммерциялык объектилер боюнча Ош шаардык мэриясынын маалыматы.....352

**Түштүктөгү коогаландын чыгыш себебин изилдеген Улуттук, Эл аралык жана Парламенттик комиссиялардын тыянактарынан үзүндүлөр**
Улуттук комиссия.....356
Международная независимая комиссия.....366
Парламенттик комиссия.....377